# НИКЕНИН ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ

Джон жана Лиза
БИВЕРЛЕР

**Кымбаттуу досум!**

Сен ушул китепти алганың үчүн абдан кубанычтабыз! Сен Кудайдын кубанычысың, Анын жүрөгүндөгү жыргалысың. Ал сени билүүгө ушунчалык суусап турат жана сенин да Аны билишиңди ушунчалык каалайт. Сен Аны менен болгон мамиледе өсүп - өнүгөсүң. Өзүнүн жүрөгүн айланадагы адамдарга көргөзүү үчүн Ал сени өнөктөш кылып алгысы келет. Элчи Пабыл Корунттуктарга жазган катында айткандай, биз – Машайактын элчилерибиз, биз аркылуу Ал дүйнөгө кайрыла турган өкүлдөрбүз жана кабарчыларбыз.

Нике – бул Кудайдын табиятын көргөзүүнүн эң бир ишендирерлик ыкмасы. Нике – бул Машайак менен Анын Асмандагы Атасынын, Жыйындын ортосундагы ыйык мамилени сүрөттөө. Ар бир союз (бирдик, биримдик) андагы көптөгөн кыйынчылыктардын, жарааттардын жана каталыктардын болгондугуна карабай, көптөгөн адамдардын пайдасына сүйүүнү, кубанычты, тынчтыкты жайылтуучу потенциалга ээ.

Ушул нерсени сени менен жана башка бүткүл дүйнөдөгү бардык кызматчылар менен бөлүшүүнү Кудай биздин жүрөгүбүзгө салды. Бул окутуу бардык адамдар үчүн – бойдоктор, аялы жоктор, күйөөсү барлар жана күйөөсү жоктор үчүн эң бир актуалдуу. Ошондой эле, жубайлардын мамилесиндеги бардык мезгил үчүн ылайыктуу. Суранабыз, мына ушуну жана биздин сүйүүбүз менен колдообуздун баарын кабыл ал. Анан аны өзүң билген бардык адамдар менен бөлүш. Биз ишенебиз, бул китеп сенин жана сен кызмат кылып жаткан адамдардын кыялындагыдай, Кудай баталагандай сүйүү таржымалын жазышыңарга жардам бере алат.

Биздин никеде да өзүнчө сыноолор жана кыйынчылыктар болгон. Бирок, биз Кудай канчалык ишенимдүү экендигин көрүп жатабыз. Ал биздин никебизди жашообуздун ар кайсы жагын кеңейтүү үчүн колдонду. Сенин жашооңдо да ошону кылгысы келет! Сен ушул китеп беттерин окуп жатканыңда өзүңдүн керемет таржымалдарың үчүн кубаттоо жана шыктануу алышың үчүн сыйынабыз.

Биз ушул китеп сага жана силер кызмат кылып жаткан адамдарга кантип таасир кылып жаткандыгы тууралуу уккубуз келет.

Силердин Машайактагы

Джон жана Лиза Биверлериңер.





JohnBevere@ymail.com
LisaBevere@ymail.com

Messenger International
MessengerInternational.org

# НИКЕНИН ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ

Джон жана Лиза
**БИВЕРЛЕР**

Story of Marriage by John & Lisa Bevere, Kyrgyz
© 2016 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as Story of Marriage
Additional resources in Kyrgyz by John & Lisa Bevere are available
for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the authors: JohnBevere@ymail.com, LisaBevere@ymail.com

“Никенин тарыхы жөнүндө”, Кыргыз тилинде, Джон жана Лиза Биверлер.
© 2016 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Басылманын түп нускасы англис тилинде Story of Marriage
Кыргыз тилиндеги кошумча каражаттарды бул сайттан бекер жүктөп
алууга болот: www.CloudLibrary.org
Авторлор менен бул дарек боюнча байланышууга болот:
JohnBevere@ymail.com, LisaBevere@ymail.com

# Ыраазычылык

*Биздин балдарыбызга жана алардын жубайларына, биздин неберелерибизге: биздин никенин тарыхы тууралуу жазуубуздун көптөгөн себептери – силерсиңер. Биз силердин кантип өсүп-чоңоюп келе жатканыңарды жана бири-бириңерди чындап сүйөрүңөрдү карап туруп кубанабыз.*

*Брейви Эддисонго: “Сенин кошкон салымыңды түбөлүктүүлүктө гана ченеп-билүүгө болот. Биз муну сенсиз жасай алмак эмеспиз”,- деген сөздү айтуу, демек, эч нерсе айтпагандык болуп калат. Адамдардын жашоосуна таасир этүүгө жөндөмдүү болушу үчүн, биздин сөздөрүбүздү библиялык акылмандуулуктар менен байланыштыруудагы сенин чыдамкайлыгың үчүн ырахмат.*

*Кымбаттуу жана акылман Джейлин, ушул никенин тарыхын эң сонун кылып токууда сенин укмуштуудай тырышчаактыгың, сергектигиң жана жылдыздуулугуң эң сонун жардам берди. Ылайым сенин ушул талаага сепкендериң өзүңө кайра жүз эселеп кайрылып келсин. Винсент жана Алисон, сыйынууну уюштуруудагы силердин бизге көрсөткөн бардык жардамыңар үчүн ырахмат. Силердин иштериңер ушул китепти байытты жана кеңейтти.*

*“Messenger International” уюмунун команда мүчөлөрү жана өнөктөштөр, силер дайыма биздин жаныбызда болгонуңар үчүн ырахмат. Биз Кудайдан Ыйса Машайактын даңктуу жакшы кабары, чындыгы дүйнөнүн бардык элине жетишинде, биз менен бирге саякатка чыккан силерден өткөн ишенимдүү жана берилген досторду сурай алмак эмеспиз.*

*Баарынан мурда Сага ыраазымын, Кудай Ата. Сенин түбөлүктүү сүйүүң үчүн, биздин Падышабыз – Ыйса Машайак үчүн, Өзүнүн кымбат баалуу өмүрүн бергендиги үчүн. Сага ыраазыбыз Ыйык Рух, Сенин таң каларлык күчүң, сооротууң, окутууң жана жакындан баарлашууң үчүн. Бизди эч качан калтырбаганың жана таштабаганың үчүн Сага ырахмат.*

# Мазмуну

Ушул интерактивдүү китеп жөнүндө........................................7

Киришүү ........................................................................................9

1. Алгачкы план ..........................................................................11

2. Баштаардан мурда, аягы тууралуу ойлогула ......................51

3. Палубаны тазалоо ..................................................................95

4. Туруу жана куруу керек ......................................................145

5. Интимдик жакындык ..........................................................185

6. Башынан баштагыла ............................................................229

Тиркеме. Кантип куткарылууга болот ...................................271

# Ушул интерактивдүү китеп жөнүндө

Башка китептер сыяктуу эле, бул китепти да башынан аягына чейин бүт баарын окуп чыгууга болот. Ошентсе да, биз силерди жеке тажрыйба үчүн дагы кошумча интерактивдүү материалдарды изилдеп чыгууга чакырабыз.

Бул китептин ар бир бөлүмү күн сайын окуу үчүн беш бөлүккө бөлүнгөн. Бөлүктүн аягында темага ылайык келген сыйынуу да бар. Силер күн сайын бир бөлүктөн окуп чыгып, сыйынсаңар болот, же болбосо окуудагы өз планыңарды тандап алсаңар да болот. Ал эми, топтордун (группалардын) катышуучуларына болсо бир жумада бир бөлүмдү окуп чыгууну сунуштаар элек.

Эгерде силер бул китепти *"Messenger International"* кызматынын "Никенин тарыхы жөнүндө" материалынын бир бөлүгү катары окуп жатсаңар, анда алгач бир видео материалды көрүп же бир аудио материалды угуп, анан китептеги бир бөлүмдү окуп, ошондон кийин гана жыйынтыктоочу сыйынуу менен сыйынууңарды сунуш кылаар элек. Күн сайын окууда талкуулоо үчүн бөлүмдүн аягында суроолор жазылып коюлган.

Ырахаттангыла!

# Киришүү

Силер: "Эмнеге нике тууралуу дагы бир китеп?" деп сурайттырсыңар. Биз да ошол эле суроону бергенбиз.

Биздин бул китепти жазышыбыздын үч себеби бар. Биринчиден, биз Кудайдын жетекчилигин сездик. Экинчиден, бул тууралуу бизден балдарыбыз жана коллегаларыбыз сураныштты. Үчүнчүдөн, бул тууралуу силердин көпчүлүгүңөр сурандыңар.

Дүйнөдө нике тууралуу эң сонун китептердин жазылганына бекем ишенебиз, алардын кээ бирлери биздин өзүбүз үчүн да көптөгөн пайда алып келди. Бирок, биз карап чыгып, чоң пробелди (жазылбаган, ачык, бош жер) көрдүк. Бул китептердин көпчүлүгү кандайдыр бир деңгээлде жубайлардын бирөөсүнүн гана көз карашы менен жазылган. Анткен менен, улуу нике – бул чыныгы өнөктөштүктүн жемиши, ошондуктан биздин экөөбүздүн авторлош болушубуздун маанилүү экендигине ишенебиз.

Ар бир таржымалдын өзүнчө орду бар экендигине ишенебиз, ошол эле учурда биздикинин дагы. Бул жерде биз экөөбүз тең – эрки күчтүү адамдар экендигибизди белгилеп кетүүбүз керек. Биздин үйлөнгөнүбүзгө отуз жылдан ашты, бул аралыкта албетте көптөгөн кыйынчылыктарды баштан өткөрдүк. Биздин өзгөчө тажрыйбабыз бизге өзгөчө келечек берерин түшүндүк.

Мындан тышкары, биз эркектер менен аялдардын никеси бул аларды чектей турган бир форма эмес экендигин көрүүлөрүн каалады. Биз ар бир адамдын өз никесин курууда алардын жекече талаптары менен Кудайдын максатын айкалыштырууда, баарынан жакшы болгон өзүнүн жеке чыгармачылык лицензиясы бар деп эсептейбиз. Бул китеп силердин өзүңөрдүн өзгөчө таржымалыңарды жазууда жана бир нерселерди табууда силерге жардам берет деген ойдобуз.

# Бул китеп кимдер үчүн?

Бул китеп никеге тургусу келип жаткандар үчүн, никедегилер үчүн жана ким никени жакшы түшүнгүсү келип жатса, ошолор үчүн. Азыр биздин айланабызда ушунчалык көптөгөн ажырашуулар, жаңжалдар болуп жаткан учурда жашап жаткандыгыбызга байланыштуу, кээ бирөөлөр өз тарыхын баштоодон да чоочулашат. Бирок силердин көрүп тургандарыңар, силерди келечекте эмне күтүп турганын аныктабашы керек.

Бөлүмдөрдүн арасында тузакка түшүп калгандай, алардын жан-дүйнөсүнө жакпагандай абалда болгон адамдар да бар. Биз силердин нике китебиңердин жабылып калышын каалабайбыз, биз силерге баракты ачууңарга жардам бергибиз келет.

Тегерегибизде сүйүү таржымалдары эч качан бүтпөйт деп ойлогондор бар. Качан алар күтүүсүз ажырашууга же бирөөсүнүн жок болушуна дуушар болгондо жашоосунун ал барагы айрылып калат. Силердин тарыхыңар али бүткөн жок.

Бул китепте никенин бардык аспектилери каралып чыгылбайт. Бул жаатта бүтүндөй бир трактатты жазып чыгууга болот, бирок ошондо да биз бардык жоопту ала албайбыз. Анын үстүнө, биз өз тарыхыбызды анын ар кандай сылтыган учурлары менен кошо жазууну чечкенбиз. Анткени, биз ал аксак жактарды түзөй алдык, оңдой алдык. Ошондуктан, биздин тажрыйба силерге да жардам берет деп ишенебиз.

Акыр-аягында, Ыйса мурдагыдай эле, нике – бул сөз кылууга татый турган тарых деп эсептейт. Бул - Ал бизди кандай сүйгөндүгүнүн образы. Силер үйлөнгөнсүңөрбү же жокпу, күйөөгө чыккансыңарбы же жокпу, жашсыңарбы же улгайгансыңарбы, ага карабастан, биздин китептин беттери силердеги ишенимди, үмүттү жана сүйүүнү ойготсун деп сыйынабыз. Биз силерден кайрадан кыялданууга кадам таштоону суранабыз.



1-БӨЛҮМ

# Агачкы план

*Андан кийин Теңир топурактан көрүнүшү жакшы, жегенге жарактуу ар кандай мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды. Бактын ортосуна өмүр дарагын жана жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарак өстүрүп чыгарды*

— Башталыш 2:9

## 1-күн

Бир убакта бак жаралып, анан анын ортосуна эки дарак отургузулган. Силер баамдап тургандай, бул адаттагыдан тышкары бак болгон – эч качан чирибей турган жана солубай турган бак. Эдем аркылуу анда болгон бардык тирүүлүктү туптунук, таза суу менен суугарган эки дарыя агып өткөн.

Бул бакта кандай гана сонун, керемет дарактар өскөндүгүн элестетип көрсөңөр болот. Алардын ар биринин жакшы топуракта тамырлап турганы жана шаркыраган, таптаза, иче турган суулар менен суугарылганы, күндүн эң таза нурларын сиңиргени, эң бир таза жашоонун символу болгон. Бакта көптөгөн дарактар болгон. Бирок Ыйык Жазууда эки гана дарак тууралуу – өмүр дарагы жана жакшылык менен жамандыкты таанып биле турган дарак тууралуу гана айтылат. Эки дарак тең эң сонун болгон бирдей шартта, чирүүгө жана картаюуга жол берилбеген шартта өсүп жатышты. Ал жерде болгон шартты-абалды

биздин күнөөгө толгон жер эч качан кайталай албайт. Анын үстүнө бир дарак өмүр берсе, бирөөсү өлүмгө алып келген.

Силер албетте бул аңгемени уккан болушуңар керек, анткени ар бир үй-бүлөнүн тарыхы Эдем багындагы эки дарактан башталат. Биздин үй-бүлө көп жагынан өмүр дарагына окшоп кетет. Ар кандай жаратылыш шартында, алар ар кандай ылдамдык менен өсүшөт. Алар үчүн эң жакшы мезгил жетилген куралтын тамырына бекемделгенде келет. Үй-бүлө тарыхында абдан мол түшүм берген жылдар болот, түшүм бербей калган жылдар болот, абдан тез өскөн кездер болот, жай өскөн кездер болот. Ар бир нике өзүнүн жеке климатынын таасири астында ар кандай мезгилге, алай-дүлөй түшкөн шамалга учуроосу аркылуу, жашоонун өзгөрүп турган шамалынан бизди коргоп турат. Бул китептин сырткы бетиндеги иллюстрация өмүр дарагына көз салууга мүмкүнчүлүк берет. Бул жерде биз көрүп турган шакекчелердин коллекциясы чындыгында алып караганда, анын саякатынын издерин алып жүрүүчү өмүр дарагынын тарыхы.

Көпчүлүгүбүз эле мектепте окуп жүргөндө дендрология сабагын (дарактар классындагы өсүмдүктөр тууралуу илим) окуганбыз (Биз ботаника сабагынан окуганбыз. *Кыргыздар үчүн түшүндүрмө*). Анан ошол шакекчелери аркылуу, бул дарак канча жашта экендигин болжолдуу түрдө билчүбүз. Биз дендрологдор болбосок да (жакшынакай дарактарды сүйгөндүктөн), дарактардын шакекчелерин тактап санай алабыз. Ал эми адистер болсо дарактардын өзөгүнө карап туруп эле алардын так жашын аныктап гана тим болбостон, жашоосундагы эң бир жашыруун сырларын да ачып бере алат. Тажрыйбалуу көзгө ар бир шакекче өзүнчө тарыхка ээ. Шакекчелердин туурасынын өлчөмү бул дарак кыштын кандайын - жеңилинби же оорун баштан өткөрдүбү, бул жылы кургакчылык болдубу же жаанчыл болдубу, мына ошолор тууралуу айтып берип турат. Дагы да үңүлө карай турган болсо, анда жарааттардын жана зыянкеч курт-кумурскалардын калтырган издерин да көрүүгө болот. Ар бир

тегерек шакекче – бул жыл мезгили, формасы боюнча тегерек, бирок табияты боюнча өзгөчө.

Никедеги жашаган ар бир жыл, дарактын сөңгөгүндөгү шакекчеге окшош. Ал дагы формасы боюнча тегерек, ал эми табияты боюнча өзүнчө өзгөчө. Жылдыгын бир жылдын аягында жана жаңырган жылдын башында белгилейт. Жылдык дата так белгиленет, бирок айлар, жумалар, күндөр – бул кубанычтардын, жарааттардын, эмгектин жана сюрпризердин *(күтүлбөгөн окуя, көбүнчө кубанычтуу)* жыйындысы.

## Силердин тарыхыңар

Биз менен чогуу бул саякатты баштап жатып, силердин тарыхыңар, азыркы болобу же келечектегиби, ага карабастан, силердин жеке өзүңөргө тиешелүү болуп саналат. Ар бир адамдын жашоосу сыяктуу эле ар бир жубайлардын союзунун тарыхы да – бул кубанычтардын, кыйынчылыктардын жана жеңиштердин жыйындысы болуп саналат. Узак убакытка чейин Жыйындын белгилүү бир бөлүгү үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн жалпы рецепти менен гана ыраазы болуп келген. Бизге: “Аялдар, күйөөңөрдү сыйлагыла. Күйөөлөр, аялыңарды сүйгүлө” дешет. Бул сөздөрдүн маанилүү жана чындык экендигине карабай, никени курууда бардык мезгилге бирдей тиешелүү болгон каражаты жоктой. Анткени, ар бир үй-бүлө өзүнүн эч кимге окшобогон манжа издерине ээ болуп жаралат.

Келгиле, башкача карап көрөбүз. Ар бир эле үйдүн жалпы планы өз ичине пайдубалды, дубалдарды, чатырды камтыйт. Бирок үйдүн кожоюнунун каалоосуна жана талаптарына ылайык, архитектор дизайнды жасоодо чыгармачылык эркиндикке ээ. Жубайлык жашоодо биз дагы өз никебизди өзүбүздүн жеке чиймелерибиз боюнча курууда чыгармачылык лицензияга ээбиз. Жашообуздагы ар бир тегерекчелер бири-биринен айырмаланып турушат жана жашоо-турмуштун сезонуна ылайык, ээн-эркин өзгөрүп турушат. Ар бир үй-бүлө мезгилдер менен алдыга жылып турат, мисалы ата-эненин ролу качан негизги ролдордон болбой калган мезгил. Бул демек, биздин үйгө дагы бир

уктоочу бөлмө керек болуп калат. Үй-бүлөдөгү өзгөрүүлөр, жыл мезгилдеринин алмашканы сыяктуу эле табийгый нерсе болуп саналат.

Ар тараптуу түбөлүк чындык жана баалуулуктар Кудай силердин никеңерди эмне максатта жараткан болсо, аны ошого айландырат. Кудайдын каалоосу, биздин баарыбыз өз нике союзубузду сүйүү менен, урмат жана кубаныч менен, өз жаныбызды да аябай, жоопкерчилик, ишенимдүүлүк, камкордук жана жакындык менен курушубуз. Өзүбүздөн кийин жакшы мурастарды калтыра билишибиз (бул көптөгөн зарыл болгон сапаттардын бир нечеси гана) керек. Никенин курулуш бөлүктөрү жубайлардын ар биринин өзгөчөлүгүнөн жана алардын союзунун сезонунан көрүнүп турат. Кудай бизге негизги принциптерди берет, бирок өз чыгармачылык каалообуз үчүн дагы орун калтырып коёт. Ал ар түрдүүлүктү сүйөт. Анын жаратккандарына бир эле жолу көз салуу муну далилдей алат.

Биз бардык эле жубайлар кандайдыр бир жап-жалгыз үлгүгө (моделге) ылайык келиши керек дегенге ишенбестигибизди белгилеп кеткибиз келет. Азыркы заманда көбүнчө жубайлардын экөөсү тең жумуш иштешет (2012-жыдагы маалыматка караганда АКШда аялдардын 60%ы кандайдыр бир нерсе менен эмгектене тургандыктары дайын болгон), ал тургай, күйөөсүнө караганда көп акча тапкан аялдар да бар. Аялдын акчаны көп табышы, эми ал баш ийе албайт дегендикти же эркек үйдүн башчысы болбой калат дегендикти түшүндүрбөйт. Бул деген, демек алар экөө тең үй-бүлөлүк казынага салым кошушат, алардын никеси чоң ата, чоң апаларынын никесинен айырмаланып турат дегенди гана түшүндүрөт.

Биздин үй-бүлөдө болсо экөөбүз тең иштейбиз, экөөбүз тең кызматчыларбыз. Кээде экөөбүз чогуу иштейбиз (мисалы бул китепти жазууда). Кээде өзүнчө иштейбиз, бирок биздин никенин максаты жана негизги баалуулуктарыбыз өзгөрбөйт. Күйөө менен аялдын ролдору, биздин акчаны кимибиз канча тапканыбызга көз каранды эмес.

Эдем багында Кудай Адам менен Обого укумдап -тукумдагыла, көбөйгүлө деп айткан. Ал Обого үйдө отуруп алып, Адам тапкан ки-

решелерди сарптап-башкар деп айткан эмес. Накыл сөздөр Китебинин 31-бөлүмүндөгү кең пейил аял-кереметтүү кожейке, үй башкаруучу жана ишкер аял болгон. Эгерде силердин оюңар боюнча ушундай роль никеңерге ылайык келе турган болсо, анда алга! А эгерде силердин бирөөңөр өзүн толугу менен үйгө, үй-бүлөгө, балдарга арнайм дей турган болсо (эгер алар болсо), анда мунун да эч кандай жаман жагы жок.

Бизге башка үй-бүлөгө жардамы тийген нерселер бизге да сөзсүз жардамы тие тургандай болуп сезилет. Бирок чын-чынына келгенде биз өз жашообуздун бардык жактарында ар кандай таң каларлык кыйынчылыктарга туш келебиз, алардын да өзүнүн таң каларлыктай убакты-сааттары бар. Биздин каалообуз силердин никеңердин бекем болушу. Бул деген - демек, никеңерди силер өз кыялыңардагыдай куруада силер эркиндикке ээсиңер дегендик. Башка жубайлардын кыялындагыдай эмес, өз кыялыңардагыдай.

Биз силерди убакыттан пайдаланып, силерди чындыктын Руху болгон Кудайдын Рухунан никеңерди түбөлүк чындык кантип өзгөчө бир союзга айлантарын, Ал жер жарала электе эле ойлоп койгондой союзга айланта аларын сурангыла деп чакырабыз.

### 2-күн

## Силердин тарыхыңар кыйынчылыктарга дуушар болгондо

Жолдо бараткандагы жылдардын саны жалпы тарыхты айта албайт. Элүү жылдык нике элүү жылдык сыноо болушу да мүмкүн же элүү жылдык тынымсыз жыргалчылык болушу да мүмкүн. Бирок, көбүнчө нике деген ар түрдүүлүктөрдөн жана сезондордун алмашуусунан турат.

Ушул китептин сыртындагы дарактын кесиминдеги сүрөткө карап туруп, ар бир шакекче дарактын диаметрин чоңойтуп жаткандыгын көрөбүз. Жыл толгон кыйынчылыктар менен өттүбү же мол түшүмдүү

болдубу, ага карабастан, ал тарыхты кеңейтет жана бүткүл жолго бүтүндөй бир маанини берет. Эгерде Джон Буньяндын “Пилигримдин саякаты” деген китебиндеги Машаякчы (бул окуянын башкы каарманы) Асмандагы өлкөгө (белгиленген пунктуна) Муңга Толгон сормо сазды өтпөстөн, Көңүл калуу Дөөсүн жеңбестен эле келсе, бул китеп түбөлүктүү шедевр (300 жылдан ашык басылып келет) болмок беле? Анын тарыхы ар кандай окуялардан жана кубаныч менен сыноолордун татаал өрүмдөрүнөн турбаган болсо, анда адамды зериктире тургандай кызыксыз болуп калса керектир эле. Машайакчынын үлүшүнө тийген сыноолор жана аларды анын кантип жеңип чыккандыгы да, бул китепти окурмандардын көңүл буруусуна арзытат. Мына ушундайынан алып караганда, биздин никедеги кыйынчылыктар биздин тарыхыбызды азыктандырат жана мааниге ээ кызыктуу окуяларга толтурат.

Капалануу келген учурларды жаман көрбөгүлө. Аларды руханий күчүңөр менен эмоцияңардын чегинен ашып түшө тургандай, Кудайдын ырайымынан сузуп алууда жана Кудайдын күчүнө толууда жөндөмдүү болууда пайдалангыла. Отуз жылдан ашык убакыттан берки жубайлык жашообузда биз турмушубуздагы эң бир жагымсыздай болгон учурларыбыз, кийинчерээк бизге жол көрсөтүүчү маяк болгондугун баамдадык. Алар бизди өйдө турууга жана белгилүү бир абалды ээлөөгө мажбурлады. Ушул кездеги болуп жаткан күрөштөр биздин никебиздин тарыхындагы эң бир улуу учурлар болуп калышы мүмкүн.

Келгиле, никенин тарыхына чумкуганга чейин анын максатын изилдеп алалы. Жубайлык жашоо эң сонун экендиги шексиз, бирок анда оңой эмес учурлар да болуп калат. Эгерде никенин максатын түшүнүп ала турган болсок, анда көпчүлүгүбүз оор учурлардан өтүү менен көбүрөөк чыдамкайлыкка ээ болобуз. Мисалы, тиш оорунун азабынан арылуу максатын көздөгөн кезде, бардык процедуралар (бир ишти аткаруу тартиби) аткарылышы үчүн, тиш доктурдун креслосунда эки саат чыдап коюуга болот. Биздин никебизде да көл жээктеп сейилдеп жүргөн учурлар эле эмес (эгерде силерде мын-

дай кездер болбогон болсо, анда али баары алдыда), тиш доктурда болгондой күндөр да болсо керек. Никенин максатын түшүнүү так ушундай ооруткан, жабыркаткан учурларда абдан маанилүү.

Бүгүнкү күндө никенин максаты өзүнчө маселе. Көпчүлүгү долуланган толкун кемени чайпалта баштаганда эле, андан дароо секирип кетүүнү чечишет. Кээ бирөөлөр болсо нике институту өзү жараксыз болуп калды, аны кайра карап чыгуу керек же жоюп салуу керек деп айтышат. Кээ бирөөлөр болсо, нике келишимдеринин мөөнөтүн чектеп коюу керек, анткени ар бирибизден эле талап кылына келгенде "түбөлүккө" деген бул өтө эле узак болуп кетет экен дешет. Анткени, бул адамдар өз сезимдерибиз менен эмоцияларыбызды көзөмөлдөө эртеңки күнү кандай гана кыйын болуп турган учурда, жыйырма жылдан кийин кандай сезимде болорубузду кайдан билебиз, ошондуктан келечек үчүн чечим чыгаруу мүмкүн эмес дешет.

OutKast хип-хоп тобунун "Мисс Джексон" деген белгилүү ырында коомдун маанайы көргөзүлөт:

> Бизде, сиздин кызыңыз менен...бирдеме болуп атат.
> Сиз муну балалык сүйүү деп айтып жатасыз.
> Биз болсо бул чоң эле кишилердин сезими дейбиз.
> Биз дайыма ушундай сезимде болобуз деп ишенем.
> Силер пикникти пландыштыра алганыңар менен,
> Аба ырайын өзгөртүүгө алыңар жетпейт.

"Мисс Джексон" деген – бул андан боюна бүтүп калган, бирок сүйүү сезимин туйбай аткан эркектин жаш кыздын энесинин алдында айтып жаткан кечирим суроосу. Тилекке каршы, бул ырда адамдардын арасындагы никеге жана сүйүүгө карата болгон, *мага гана ырахат тартуулаlarсын* деген көз караштын жайылган түрү эң жакшы көргөзүлөт. Мындай көз караш бизге эмне туура, эмне туура эместигин биздин эмоциябыз айтып турат дегендикти, биз аны башкара билүүгө жөндөмсүз экендигибизди билдирет. Эгерде мен өзүмдү бактысыз сезсем, анда мен бир нерсени өзгөртө аламбы? Акыр аягында,

мен өз сезимдеримди аба ырайынын өзгөрүшүнө көз салгандай гана көзөмөлдөй алам. Же болбосо, OutKast ырдагандай, эң сонун пикникти уюштурууга болот, бирок аба ырайын алдын ала айтууга болбойт.

Никенин аныктамасы убакыттын өзгөрүшүнө карата ыңгайлашып турганын каалагандар да бар. Алар минтип сурашат: "Эмне үчүн биз ийкемдүүрөөк боло албайбыз? Эгерде бул институт жашашы керек болсо, анда эмне үчүн эркектер менен эркектердин, аялдар менен аялдардын ортосундагы союзду мыйзамдаштырып коюуга болбосун?" Ал тургай, кээ бир белгилүүлөр деле нике союзунун параметрлери кайра каралып чыкмайынча, никеге турууну каалашпайт. Кошумчалай кете турган нерсе, албетте ар бир нике дайыма өсүп-өнүгүп жана ыңгайлашып туруу керек, бирок анын аныктамасы жана катышуучулары өзгөрбөгөн бойдон кала берет.

Ошентип, биз кимди угушубуз керек? Нике эмне экенин аныктоого жана анын аныктамасын кайра карап чыгууга кимге укук берилген? Нике биздин жашообузга кантип таасир этээри тууралуу айтууда бийлик жана кадыр-барк кимге берилген?

Бир гана Кудай буга укуктуу экендигине ишенебиз. Анын Сөзүндө болсо, мындайча айтылат:

> "Кудай, никени Сен жаратпадың беле? **Анын кичинекей бөлүкчөлөрүнө чейин Кудайдын Руху толуктап турат...** Ошондуктан никеңердин рухун ичиңерде сактагыла.**"** (Мал. 2:15, The Message).

"Кудай, никени Сен жараткан жок белең?" деген бул аят шектенүүгө орун калтырбайт. Ал муну жаратып эле койбостон, эки адамдын бир бүтүндүккө айлануу процессине Өзү катышат. Ар бир эле нике көптөгөн элементтерден турат. Алардын кээ бирлери жөнөкөй болсо, кээ бирлери өтө эле татаал. Бирок Кудай Өзүнүн Руху менен никенин эң эле бир интимдик бөлүкчөлөрүн да тирилтип (өмүргө толтуруп) турат.

Малахия Китебинде (2:15) кантип жазылганына көңүл бургула: "Кудайдын Руху анын (никенин) кичинекей бөлүкчөлөрүнө чейин тол-

туруп турат". Башкача айтканда, Кудай биздин өз никебизге чыгармачылык менен карашыбызга жол берет, бирок нике деген эмне жана анын бөлүкчөлөрү кимдер болору тууралуу чечимде Жаратуучу укукту Өзүнө калтырат. Никени Кудайдын катышуусу жана макулдугу болмоюнча элестетүү мүмкүн эмес. Ал болсо негизги чындыкты ачык-айкын эле айткан: "Анткени Мен Теңирмин. Мен өзгөрбөйм" (Мал. 3:6).

## Артка Эдемге

Келгиле, бакка кайрылып көрөлү. Эки дарак жөнүндө эсиңердеби? Алардын бирөөсү – жакшылык менен жамандыкты таанып – биле турган дарак. Бул -жемишинен жегенге Адам менен Обого тыюу салынган жападан жалгыз дарак. Кудай аларга эгер бул дарактын мөмөсүнөн жешсе, анда алар өлүп калышары тууралуу эскерткен. Бирок бул дарактагы бир нерсе алардын Кудайдын эскертүүсүнө карата кереӊ болуп калышына жана тыюу салынган жемиштен жешине мажбурлаган.

> "Аял дарактын жемишинин жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. *Ал билим бергендиктен, аялды өзүнө тартып турду...*" (Башт. 3:6, өзгөчө тамгалар авторлор аркылуу белгиленген).

Ал бактагы көп эле дарактардын жемиши жегенге жакшы, көзгө сүйкүм болгондур. Бирок, бул жерде адамды Кудайдын деңгээлине чейин көтөрүлүүгө күч берген жемиштер, таптакыр башка нерсе! Обо өзүндө болгондон чоңураак болгон бир нерсе бар экендиги жөнүндө ойлоду. Бизге аял кантип капысынан эле өзүндө болбогон нерсеге (Кудай менен теңелүүгө), аны менен бирге өзү ээ болгон (акылмандуулук) нерсени жоготуп коюуга кызыгып кеткендиги таң каларлыктай сезилет.

Адам менен Обо Кудайдын таасиринен жана күчүнөн көз каранды болбой, Кудайдай болууну каалашты. Алар өзүлөрүнө тиешелүү болбогон ролго кызыгып кетишти. Биз бул жерден алардын тандоосу менен, алардын урпактарынын биринин тандоосунун ортосундагы кескин түрдөгү кандай контрастты (карама-каршылык) көрө алабыз?

> “Ал (Ыйса) Кудайдын бейнеси болгондугуна карабастан, Өзүнүн Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок” (Флп. 2:6).

Адам менен Обо Кудайдын бейнесиндей жаратылган болчу, бирок Аны менен тең болгон эмес. Бейне деген кандайдыр бир көрүнүш, чагылыш тууралуу айтып атат, ал толугу менен ошол болуп калуу дегендик эмес. Кудай менен тең болуп калуу жөнүндөгү калп убада эркек менен аялды бир нерсе алуу тууралуу ойлондурат, анткен менен, алар албай эле жоготуп коюшту. Алар акылмандуулукту кабыл алышкан жок, алар алданып калышт

Алданган жана тил албас түгөйлөр бактан куулуп чыгышат. Эми аларга эч качан өмүр дарагына кол тийгизүүгө болбой калды. кылынып калышкан. Алар өлүштү, алардын багы болсо өткөндөгү алыстыкта калды. Ага карабастан алар бизде – алардын урпактарында жашоосун улантып жатышат. Эркек менен аял жер бетинде эми өлбөстүккө ээ болбой калышты, бирок нике – жашоонун уланышынын каражаты.

Машайактын айкашы эми биздин жашообуздагы акыркы дарак деген жакшы кабар бар. Ал бакта жоголгон бардык нерселерди кайрадан калыбына келтирет. Анан такыбаа нике өмүр берүүчү дарак катары кызмат кыла алат. Ал жакындык жана мурас үчүн зарыл болгон шарттарды камсыздайт. Мына ошондуктан да биздин өз никебизди баалашыбыз, анын рухун сакташыбыз жана бири-бирибизди бекем сүйүшүбүз Кудай үчүн абдан маанилүү.

Бүгүнкү чындыкта бактан келе жаткан жолдо биз маанилүү бир нерселерибизди жоготуп албашыбыз үчүн, мамилелер тууралуу көзү ачыктарга (бал ачкандарга) кайрылып кереги жок. Бүгүнкү никелердин көпчүлүгү жашоо берүүчү даракка таптакыр окшобойт. Ажырашуулар, көзгө чөп салган алмаштыруулар, көңүл калуулар, кырсыктар жана таарынычтар биздин үй-бүлөлөрдү талкалайт. Мына ушундай бузулган сүйүүлөрдүн айынан көптөгөн адамдар никенин максатын жана ал тургай, эмне үчүн үйлөнгүлөрү келгендигин да түшүнүшпөйт. Ал эми, кээ бирлер болсо туш-туш тараптан каптаган оттун ичинде эптеп өлбөстүн күнүн көрүшөт. Алар үчүн нике коопсуз арал эмес, аскердик аракеттерди көрүү чөлкөмү.

## 3-күн

# Сүйүүнүн булагы

***"Анткени Ыйык Жазууда жазылгандай, силердин айыңардан бутпарастардын арасында Кудайдын ысымына тил тийип жатат"*** (Рим. 2:24).

Качан биз – Машайактын Денеси, талаптагыдай жашабаганыбызда жана сүйбөгөнүбүздө, Кудайдын ысымына адамдар тил тийгизишет. Бул таң кала турган нерсе эмес, анткени биз өзүбүздү машайакчыларбыз деп атап жатсак, анда биз туура эмес жашообуз аркылуу Машайактын элчилеринин наамына кол салып жаткан болобуз. Апостол Пабыл минтип жазган:

> "Анткени, Кудай Машайактын ичинде дүйнөнү Өзү менен элдештирди, адамдардын күнөөлөрүн эске алган жок. Бизге болсо Кудай менен элдешүү жөнүндөгү сөздү жарыялоону тапшырды. Ошентип, биз Машайактын атынан келген элчилербиз. Кудай Өзү биз аркылуу адамдарга кайрылып жатат. Машайактын атынан суранабыз..." (2 Кор. 5:19,20).

Элчи деген – бийлик тарабынан дайындалган жиберилген адам же өкүл Машайакчылар катары биз Машайактын атынан сүйлөйбүз. Кандай гана сыймык! Бизге сунуш кылышты, ал тургай, Кудайдын элдештирүүчү кызматына катышууга чакырышты. Биз өз сөздөрүбүз жана иштерибиз менен Кудайдын атынан сүйлөйбүз. Бул биздин жашообуздун максаты. Биз Кудайдын Падышачылыгын жер жүзүнө жайылтууда Анын кызматташтарыбыз.

Ошентип, Машайак бизден, Өз элчилеринен эмне тууралуу сурады?

> "Силерге жаңы Осуят берем. Бири-бириңерди сүйгүлө. Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө" (Жкн. 13:34).

Кудайга алкыш, биз бул миссияны өз күчүбүз менен аткарбайбыз. Жазууда ачык жазылып тургандай, биз (Анын ырайымынын мураскерлери, Ал биздин баарыбыздын куткарылышыбыз үчүн айкашта жасаган ишине ылайык) өз максаттарыбыздын аткарылышы үчүн,

баарынан мурда биз Машайакта болушубуз керек. Мына ошондо гана биз Анын Рухунун өзгөртүүчү күчү аркылуу аракеттене алабыз. Ошондо гана биз бири-бирибизди Ал бизди сүйгөндөй сүйө алабыз.

Жаңы ырайым келишиминде Кудай бизге күч бербей туруп, эч качан тапшырма бермек эмес. Биз Машайакта болгонубуз үчүн гана Анын руху бизге жана биздин үй-бүлөбүзгө Анын катышуусун жана бул дүйнөгө болгон сүйүүнү көргөзүүгө мүмкүнчүлүк берүүдө. Антсе да, эгерде Анын сүйүүсүн алгач биз өзүбүз баштан өткөрүп көрбөсөк, анда аны башкаларга бере да албайбыз. Эфестиктерге жазылган Катта (3:16-19) Пабыл Машайактын сүйүүсүндөгү күчтүн ачкычын кантип алууну сунуштайт:

> "Өзүнүн даңкынын молдугу боюнча Руху аркылуу ички адамыңарды бекемдесин деп; ишеним аркылуу Машайак силердин жүрөгүңөрдөн орун алсын деп; ошондой эле, сүйүүгө тамырланышсын жана негизделишсин, бардык ыйыктар менен бирге Машайактын кеңдиги менен узундугу, тереңдиги менен бийиктиги эмне экенин түшүнө алышсын деп; акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билишсин, Кудайдын толуктугуна толушсун деп сыйынам".

Машайактын сүйүүсү жөнүндөгү аян-ачылышты алаардан мурда, бизди Анын Рухунун күчүнө толтурушу үчүн Кудайга мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Бирок, эгерде жашообузду Ага баш ийдирбей турган болсок, андай болбойт. Өз өмүрүңөрдү Ага тапшырар менен, силерде туруктуулук менен Анын сүйүүсүндө өскөнгө мүмкүнчүлүк пайда болот. Анан бул саякат акыр-аягында силерди толук кандуу, жыргал турмушка алып келет. (Өз жашооңорду Машайакка кантип баш ийдирүү тууралуу көбүрөөк билүү үчүн 271-бетти карагыла).

Ошентип, Пабыл Машайактын сүйүүсүн таанып билүүдөн келген күч тууралуу жазган, ал эми кийинки эки аятта ал ушул күчтүн максаты тууралуу түшүндүрөт:

> "Ошентип, Теңир үчүн туткун болгон мен силерден өтүнөмүн: *Кудай тарабынан чакырылып алынганыңарга ылайык жашагыла*. Бардык

> учурда момун, жоош жана чыдамкай болгула, бири-бириңерге сүйүү менен мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула. Рух бirимдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенгиле" (Эфес. 4:1-3, курсив авторлордон, заманбап котормо).

Пабылдын "*чакырылып алынганыңарга ылайык жашагыла"* деген сөзүнө маани берели. Кайрадан эле ал биздин максатыбыз тууралуу: Кудайдын сүйүүсүн, чындыкты жана тынчтыкка (Анын Падышачылыгына) карай өмүр жолубузду көргөзүшүбүз керектиги тууралуу айтып жатат. Теориялык гана билим жетишсиздик кылат. Качан гана биз Кудай менен жекеме жеке жолугушканыбызда гана, өз жашоо-турмушубузду жана өз никебизди өзүбүздүн чакырылганыбызга ылайык кура алабыз.

Бул үзүндүдө Пабыл жүрүм-турумдардын кээ бир үлгүлөрүн сүрөттөп кетет. Булар үй-бүлөдөгү эң жакшы мамилелерге алып келет: токтоолук, көтөрүмдүүлүк, бири-биринин каталыктарын түшүнө билүү жана биримдик менен тынчтыкты сактоого күч үрөп аракеттенүү. Эфестиктерге жазылган Каттын кийинки бөлүмүндө үй-бүлө жана нике тууралуу эң бир белгилүү библиялык аяттардын болушу дагы кокусунан эмес. (Эсиңердеби, бөлүмдөрдү жана аяттарды бөлүп жазуу чечимин Жыйын он үчүнчү кылымда гана кабыл алган. Пабылдын баштапкы катында ал болгон эмес.) Пабыл балким Эфестиктерге жазылган Каттын алгачкы төрт бөлүмүндө өз окурмандарынын жүрөгүн катындагы негизги темага – нике жөнүндөгү фундаменталдык чындыкка бургусу келгендир. Ал эми бул нерсе болсо, Кудайдын сүйүүсү жөнүндөгү фундаменталдык билимди талап кылат.

Ошентип, адамды сүйүүдөн мурда (ал күйөө болобу же аял болобу, же башка адам болобу) Кудайдын сүйүүсүнүн силерге болгон тереңдигин ачып алышыңар керек. Силердин Кудайдын сүйүүсүн таанып билишиңер "экинчи бирөөнүн" маалыматына негизделбеши керек, өзүңөр керт башыңардан өткөрүшүңөр керек. Качан силер Машайактын сүйүүсүн баштан кечирген кезиңерде жашоодогу бүт толуктукка ээ болгон жана Кудайдан келген күчкө ээ болгон адам

болуп каласыңар. Ошондо гана силер өзүңөрдүн чакырылып алынганыңарга ылайык жашоону баштан өткөрөсүңөр. Татыктуу жашоо жана сүйүү үчүн күч Кудайдын силерге болгон чексиз сүйүүсүн жакындан таанып билгениңерден улам гана келет. Эгерде силердин жер бетиндеги жеке максатыңар машайактын өкүлчүлүгү менен бекитилген болсо, анда никеңердин максаты эмнеде?

Келгиле анда, Кудай Өзү сүйүү экендигинен баштайлы. Сүйүү деген жөн гана Кудай кыла турган нерсе эмес. Бул Анда бар болгон бирдеме эмес. Бул – Ал Өзү. Нике – бул сүйүүнүн институту, ал Кудай тарабынан уюштурулган алгачкы институт. Бирок, нике деген Кудай тарабынан уюштурулган алгачкы институтут гана эмес, бул ошондой эле Ал бизге Жыйынга жана колуктуга болгон сүйүүсүнүн тереңдигин көргөзүүдө колдонгон поэтикалык символ. Күйөө менен колукту Жыйын менен Машайакты символдоштуруп турат.

Бул терең символизм мындан да тереңирээк, аз гана адамдар таныган, бирок, никенин салттарын жок кылууга түрткү болгон ниеттерди жана себептерди түшүндүрөт. Жубайлык союздарга болгон коркунуч (анын аныктамасына, максатына жана кудайлык тамырлоосуна) бир гана саясий жана социалдык прогресстер менен шартталбайт. Ыйык Жазууда биз дене менен канга каршы күрөшпөстүгүбүз жана биздин душманыбыз өкмөт же кандайдыр бир уюм эместиги ачык-айкын эле жазылып турат (Эфес. 6:12). Биздин жаныбыздын душманы болгон – байыркы душман бар. Ал удайлык союзду бузуп, жок кылуу үчүн тынбастан эмгектенип жүрөт. Анын эли менен болгон мамилени жана Анын сүйүүсүнүн бизге көргөзүлүшү үчүн Кудай тарабынан орнотулган негизди толугу менен талкалап бүтмөйүнчө, никеге жасаган чабуулун токтотпойт. Таптакыр өзгөртө ала турган Кудайдын сүйүүсүн кабыл алышыбызды жана таанып билишибизди шайтан баарынан аз каалайт. Бирок Кудайдын ырайымы аркылуу биз ал душманды зыянга учурата алабыз жана Кудайдын биз үчүн, биздин үй -бүлөлөрүбүз үчүн даярдап койгондорун ала алабыз.

## Ыйса эмне жөнүндө ойлойт?

Кудай никени жаратып эле койбостон, ал үчүн өзгөрүлбөгөн максатты жана планды да түзүп койгон. Буга карабастан, никенин өзгөчөлүгү тууралуу кызуу-талаш-тартыштар миңдеген жылдардан бери болуп келе жатат. Кудай болсо баягыдай эле Өзүнүн эң алгачкы планын өзгөртпөгөн бойдон турат. Карап көрсөңөр Ыйса фарисейлер менен болгон эң бир белгилүү маегинде нике жана үй-бүлө боюнча эмне деди эле?

> “Ыйсанын жанына фарисейлер келишти да, Аны сынап: “Эркек ар кандай себептен улам аялы менен ажырашса болобу?” – деп сурашты. Ыйса аларга мындай деп жооп берди: “Жаратуучу эң башында эле адамдарды эркек-аял кылып жаратканын окуган жок белеңер? Ошондуктан, адам ата-энесин таштап аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот. Мына ошентип, бул органикалык биримдикти Кудай эки жыныстан жаратканды кийин, аларды экиге бөлүп, Анын искусствосунун чыгармачылыгын эч ким булгабашы керек. Эми алар эки эмес, бир дене. Ошондуктан, Кудай кошконду адам ажыратпасын (Мт. 19:3-6, The Message).

Фарисейлер мыйзам менен гана канааттангылары келген, ал эми Ыйса алардын сүйүүнүн күчүн таанып билиштерин каалаган.

Кудай эркек менен аялды бири-бири үчүн жаратканын тануута мүмкүн эмес. Никеге тургандан кийин алар тирүү союз түзүү үчүн ата-энелерин калтырышат. Карама-каршы жыныстагы эки адам биргe бириккенден кийин, алардын союзун эч ким ажыратпашы керек.

## Эмне үчүн Кудай ажырашууга карата ушунчалык катуу талап коёт?

Библиянын The Messenger котормосунда ажырашуу Кудайдын искусстволук чыгармасын булгоо болуп эсептелет. Анткени нике - бул Кудайдын искусстволук чыгармачылыгы. Нике Ал тараптан жаратылган. Ажырашуу чоң жамандык болуп саналат.

Булгоо деген – демек кандайдыр бир ыйык нерсенин үстүнөн болгон зордук же сыйлабастык. Бул сөздүн синонимдери – жаманатты кылуу, Кудайга акаарат келтирүү, шылдыңдоо, касиеттүү нерсени кордоо, зордук көрсөтүү, тебелеп-тепсеп салуу. Ушул кескин сөздөрдүн баарысы - күч колдонуу дегенди түшүндүрөт. Биз силерге The Message котормосун сунуш кылдык. Бирок бул учурда Ыйык Жазуунун бардык эле котормосу Кудай бириктирген нерсени ажыратуунун оордугу тууралуу айтат. Контексттерди изилдеп келип, биз мындай бир талашсыз чечимге келдик, Ыйса бардык эле никелер тууралуу айтып жатат.

Эгерде Леонардо Да Винчинин “Моно Лизасын” бирөө булгап сала турган болсо, бүт дүйнө ага кандай таасирлерленээрин элестетип көрө аласыңарбы? Бардык жаңылыктар бул чуулгандуу кыйратуучу жапайычылык тууралуу чуулдап чыгышмак (*“Вандализм”* - маданият байлыктарын ырайымсыздык менен талкалоо). Күнөөлүү адам дароо ошол замат эле бардык коомчулуктун айыптоосуна кабылмак. Балким, жашоосунун калган бөлүгүн түрмөдө өткөрмөк. Искусствонун эң улуу чыгармаларынын бирин кантип булгаганга болсун? Леонардо көрүндө аңтарылып кетсе керектир.

Ошондуктан, мына Кудай дагы никеге искууствонун эң бир улуу чыгармасындай карайт, Анын сүйүктүү жаратуусундай карайт. Анын никеге карата болгон ушунчалык жан тарткан мамилеси Ыйсанын фарисейлерге берген жообунан эле ап-ачык көрүнүп турат. Никенин баштапкы максатын Кудайдын жарыгында карай албагандар Мусанын мыйзамынын артында, күч - аракет көрүүнүн ордуна, калтырып коюуга уруксат берген мыйзамдын артына жашынып алышкан.

> “Алар Ыйсага: “Анда эмне үчүн Муса талак кат берип, аялын кетирсе боло тургандыгы жөнүндө айтты эле?” – дешти.
> Ыйса аларга: “Таш боор болгонуңардан улам, Муса аялыңарды кетирүүгө уруксат берген. Бирок башында мындай эмес болчу. Бирок мен силерге айтып коёюн, ойноштук кылуу себеби менен эмес, башка бир себеп менен аялын кетирип, башка аял алган адам ойноштук кылган болот. Күйөөсү кетирип жиберген аялды алган адам да ойноштук кылган болот”,- деди (Мт. 19:7-9, The Message).

Адамдык жүрөгүңөрдүн катуулангандыгынан улам, Мусанын мыйзамында жол берилчү. Мындай нерселер болгон, бирок бул Кудайдын баштапкы планы болгон эмес. Адашпагыла – Кудай ажырашууну жек көрөт. Качан күйөөсү менен аялы ажырашканда Кудайдын жаратуусунун сырынын бир бөлүгү талкаланат, бөлүкчөлөргө бөлүнүп кетет. (Нике тууралуу Эфестиктерге 5:31,32 де ушинтип айтылган).

### 4-күн

## Жаңы жүрөк

> "Бирок мен силерге айтып коёюн, ойноштук кылуу себеби менен эмес, башка бир себеп менен аялын кетирип, башка аял алган адам..." (Мт. 19:7-9, The Message).

Ошентип, кайра кайталайбыз, Ыйса аны аткарууга күч бербей туруп, эч качан бизден бир нерсени сурабайт. Биздин жубайлык жашообуз үчүн Кудайдын планы Анын колунда. Ал бизге никеде жашообуз үчүн зарыл болгон бардык жакшы нерселерди берүүнү каалайт. Мусанын мыйзамы биздин таш боордугубуздан улам жол берип койсо, Ыйса Машайактын курмандыгы аркылуу биз жаңы жүрөктөрдү алабыз, ал жүрөктөр таштан эмес, Ыйык Рухтан бүткөн жүрөктөр.

> "Силерге жаңы жүрөк берем, ичиңерге жаңы рух салам. Силердин денеңерден таш жүрөктү алып салып, эт жүрөк салам" (Жез. 36:26).

Бул сөздөр Жаңы Осуятта кандай гана жаңырык менен айтылып жаткандыгын көрүп турабыз. Апостол Пабыл бизди минтип шыктандырат:

> "Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн" (Рим. 5:5).

Биз өз жүрөгүбүздү өзүбүз жаңылай албайбыз. Ал Кудайдын күчүнөн жана Анын сүйүүсүнүн кудуретинен көз каранды. Өз мез-

гилинде биз дагы Анын күчүн кабыл алып жана Анын алдында баш ийүүгө жооптуубуз. Кудай эч качан Өз сүйүүсүн мажбурлап кабыл ал дебестиги эсиңерде болсун,. Ал эч качан бизге Өзүн таңуулабайт.

Бирок бизге жаңы жүрөк берилгендиктен, ал жүрөгүбүз менен Кудайдын сүйүүсүн кабыл алганга жөндөмдүүбүз. Биз нике жана ажырашуу тууралуу Кудайдын баштапкы ою жөнүндө Ыйсанын татаал сөздөрүн моюнга алышыбыз керек.

Библиянын The Message "liable" деген сөзү колдонулат (Бул демек, "мыйзамга ылайык жооп берүүчү мыйзам алдында жооп берүүчү"). Бул сөз өзүнүн ишенимдүү аялы же күйөөсү менен ажырашкан адамдын абалын сүрөттөгөн сөз. Бул абдан татаал тапшырма сыяктуу сезилиши мүмкүн. Бирок, Кудай бизди ушундай жогорку стандартка чейин көтөргөндөн кийин, демек Ал бизге ошого ылайык келгендей ырайымын дагы бергенге даяр турат. Бирок бул саякат жеңил болбогондугуна байланыштуу, көпчүлүк адамдар эми жыйнап ала турган учур келгенде, баш тартып кетишет.

Бир изилдөөнүн маалыматына ылайык, эгерде бактысыз үч никенин ичинен экөөсү ажырашуудан баш тарта турган болсо, беш жылдын ичинде бактылуу болуп кетишет? Ошондуктан, багынбагыла! Биздин никебиз кандай абалда экендигин билбейбиз. Бирок өзүңөрдү таптакыр алсыз сезип жаткан кезиңерде деле, баары бир үмүт бар. Силердин ийгилигиңер тоонун ар жагында эмес! Ыйса жакшы никелерди мыкты кылуу үчүн, талкалангандарды калыбына келтирүү үчүн келген*.

## Алып таштоо

> "Бирок Мен силерге айтып коёюн, эгерде жубайлардын бири ойноштук кылган болсо гана" (Мт. 19:9, The Message).

* Силер үчүн же силердин балдарыңар үчүн опурталдуу болгон кырдаалда калып кала берген туура эмес. Эгерде силердин жубайыңар силерди сабап жаткан болсо, анда өзүңөрдү коопсуздандыруу үчүн токтоосуз түрдө кандайдыр бир аракеттерди көргүлө. Силерди андан ары колдоп жана коргоосу үчүн жыйынга же болбосо жергиликтүү бийликке кайрылгыла.

Ыйса баштапкы пландан алып салуу тууралуу түшүнүк берди. Бирок ойноштуктар аралашкан кезде дагы никенин тагдыры - дайыма тандоону талап кылат. Эгерде силердин күйөөңөр (аялыңар) ишенимсиз болгон болсо, силер аны менен калууга милдеттүү эмессиңер, аны сөзсүз калтырууга да милдеттүү эмессиңер. Андай багытты тандап алган босоңор да, баары бир аны кечиришиңер керек.

Кечирүү менен элдешүүнүн ортосунда эң чоң айырмачылык бар. Силерди тоноп кеткен адамды кечирсеңер болот, бирок бул демек тоноочуну үйгө чакырууга милдеттүүсүң деген сөз эмес да. Элдешүү мындай учурда гана: эгерде түгөйлөр парыздын, ишенимдин жана бири-бирине болгон ишенимдин бузулушунан кийин да биримдикти калыбына келтире алышса гана мүмкүн.

Биз ойноштук менен бири-бирибиздин көзүбүзгө чөп салуу жагынан азап тарткан эмеспиз. Бирок, ушул укмуштуудай катаалдыкты башынан өткөрүп жаткан досторубуздун алдында турууга туура келген учурлар болгон. Алардын кээ бирлери элдешүү жолун тандашкан. Алар келишимдин талкаланган бөлүкчөлөрүн бириктирүү үчүн аракеттенүүдө кыйынчылыктарды баштан өткөрүшкөн. Ар бир учурда эле күнөө кетирген жубай толук өкүнүүгө жана тобого келген. Ал тургай, Өзүнүн чексиз кенендиги жана мээримдүүлүгү менен Кудай дагы Аны менен элдешүүдөн мурун, акылыбыздын жана жүрөгүбүздүн жаңыланышы үчүн тобого келишибизди талап кылат.

Биз элдеше албаган түгөйлөр менен да таанышпыз. Аларга айыптоонун оорчулугун көтөрүп кереги жок. Ыйса чыккынчылыктын бардык тереңдигин түшүнгөн жана зарыл болгон нерселерди берген. Биз досторубузду Кудай кантип баталап жана аларды ажырашуунун калтырчу издеринен кантип калыбына келтиргендигин көргөнбүз.

Эгерде силер ажырашууну баштан кечирген болсоңор, анда анын силердин кийинки тагдырыңарды аныктоосуна жол бербегиле. Ажырашуу силердин мурдагы жашооңордун бир бөлүгү болуп кала берет жана ал силердин келечегиңердин кандай болорун чечүүгө милдеттүү эмес.

Өткөн нерсе силерге тиешелүү эмес. Ал Кудайга тиешелүү. Кудайдын силердин келечегиңерге болгон планын бузуш үчүн, жаныңардын душманы силердин өткөндөгүңөрдү пайдалангысы келет. Кудай силерге бүгүнкү күндү бергендиги эсиңерде болсун, анан ушул бүгүн чыгарган чечимиңер, кечээки күнүңөрдү эмес, эртеңки күнүңөрдү калыптандырат. Эгерде силердин чечимиңер жаман болгон болсо, анда Кудайдын акылмандуулугун жана күчүн кабыл алгыла. Тобо кылуу аркылуу өзүңөрдү моюн сундургула да, Анын ырайымынын кереметин баштан кечиргиле. Ал керемет эң бир тумanданган кырдаалдарды да кайра жаңылай алат.

## Мен туңгуюктамын

Никеге карата болгон Кудайдын оюу тууралуу Ыйсанын айтканы радикалдуу угулуп жана ошол мезгилдеги нормаларга ылайык келбегендир. Шакирттери Анын сөзүнөн шыктануу алуунун ордуна, көңүлдөрү чөккөн. Алардын кантип арызданып аткандарын карап көрсөңөр:

> "*Эгерде никенин шарты ушундай болсо, биз туңгуюктабыз.* Анда үйлөнүүнүн эмне кереги бар?" (Матай 19:10, The Message, курсив авторлордон).

Туңгуюктабы? Үй-бүлөлүк жашоого карата кандай гана туура эмес көз караш. Анткен менен, биздин арабыздан да көпчүлүгү никеге чектеп коё турган, басынтып коё турган бирдемедей карашат. Канчалаган жалгыз бой эркектер менен аялдар өзүлөрүнүн жашоолорун ылайык келбеген адам менен байланыштырып алышып туңгуюкта калып жатышат.

Бирок нике үчүн эң маанилүүсү туура келген адамды табууда эмес, адам өзү туура келгендей болушунда. Бизди туура эмес түшүнбөгүлө, күйөөнү же аялды издөөдө Кудайдын кеңеши жана Ыйык Рухтан болгон тынчтык абдан маанилүү. Бирок көбүнчө эле биз Келишимдүү мырза же айым биздин жашоодогу аңырайып көрүнүп турган тешиктерибизди кереметтүү түрдө толтуруп койчудай сезилет. Бир дагы адам бул тапшырманы аткара албайт. Бул ролду аткаруу бир гана Кудайдын

колунан келет. Адамды өз идеалынын алдына коюп алып эле, аны кайра жаратуу мүмкүн эмес да. Бирок, Кудайдын тазалоо процессин кабыл алып жана эркек (аял) болууга, өз жашоосун азыркы же ал азыр жок болсо, келечектеги жубайына жан дили менен берүүгө болот. Өз жашооңорду башка бир адамга тиешелүү кылып жашоо менен, силер жалгыз гана өзүңөр үчүн жашагандан көбүрөөк ырахат табасыңар.

Матайдан Жакшы Кабарда (6:22) көз бүткүл дененин чырагы экендиги тууралуу айтылган. Бул демек, силердин элестетүүңөр, силердин чындыгыңар болуп калат дегендик. Анда туңгуюктун перспективасы Кудайдын силердин никеңерде жана ал аркылуу кыла турган нерселерин чектейт. Эгерде силер өзүңөрдүн никеңерди айласыз тузакка түшүү деп эсептесеңер, анда ал ошондой эле болот. Акыр аягында силердин табийгый кырдаалыңар руханий аян-ачылыштарыңарды аныктап аткан болсо, анда никеңер да мындан алыс кете албайт.

Балким силер: “Джон, Лиза, силер абдан көптү сурап жатасыңар.. Силер менин өз жашоомду аялыма (күйөөмө) ишенип беришимди каалап атасыңарбы? Бул туура эмес. Менин талаптарым, менин үмүтүм, кыялдарым кайда калат? Силер айтып аткан нерселер, болгону кызыктуу жана пайдалуу ойлор гана. Ишенип койгула, Кудай чынында эле силерге бакыт каалайт. Бирок, чыныгы бакыт – бул улуу максаттардын жана аракттердин жемиши болот. Бакыт деген бийик максаттарга жетүү процессинде келет. Ал эми, ар кандай татыктуу максат толугу менен күч жумшоону талап кылат. Чыныгы бакытты өзүмчүлдүктү жок кылуу менен гана табууга болот. Ал эми, нике – бул өзүмчүлдүк менен күрөшүүдөгү эң жакшы жер болуп саналат.

Тимоти жана Кэти Келлер минтип жазышат: “Никеде мен өз өзүмчүлдүгүмө негизги көйгөй катары карайм” дегениңерде гана, силерде эң жакшы үй-бүлөнү түзүүгө бардык мүмкүнчүлүгүңөр болот. Эгоцентризм (“дүйнөнүн борбору мен ганамын” деп кароо) силерди улуу никеден алуучу ырахаттан оолактатат. Бул деген демек, өзүн курмандыкка алып келүү, никеден толук ырахат алууга карата ачкыч десек болот. Эгерде силерде аялыңар (күйөөңөр) менен мами-

леңер абдан чыңалгандай абалда болсо, анда балким мунун баарынын себеби - эгоцентризм болуп жаткандыр.

### 5-күн

## Никенин улуулугу

> “Ыйса болсо аларга мындай деди: “Бул сөздү ар бир эле адам кабыл ала албайт. Кимге берилсе, ошол гана кабыл ала алат. Анкени жыныстык байланышка тубаса жараксыз адамдар бар. Адамдар тарабынан бычылгандар да бар, Асман Падышачылыгы үчүн өздөрүн өздөрү ошондой кылгандар да бар. Бирок *эгерде силер никенин улуулугунда өскөнгө жөндөмдүү болсоңор, анда ошондой кылгыла*” (Матай. 19:11,12, The Message, курсив авторлордон).

Шакирттер туңгуюкка кептелип калдык деп сезишкен кезде Ыйсада алардын чектерин кеңейтүүчү потенциал бар болчу. Ыйса никени тузак катары көргөн эмес. Ал никени силердин жашооңорду кеңейтүүчү нерсе катары карайт.

Балким нике катышуучулардын санын жана баасын кемиткендей туюлушу мүмкүн; акыры барып экөө бир дене болот да. Ошентсе да, нике кемитпейт, бөлбөйт, тескерисинче көбөйтөт. Качан экөө бир дене болгон кезде жашоонун бардык жактарында көбөйүү болот. Кудай Адамга Обону жаратпай туруп эле тукумдагыла, көбөйгүлө деп айткан эмес. Бул буйрук балдарды жарыкка алып келүүгө карата эле айтылган эмес. Никедеги көбөйүүнүн потенцилын баалоого мүмкүн эмес, аны ченегенге болбойт, анткени ал ушунчалык улуу.

Эгерде биздин никебиз болбосо, анда силер окуп жаткан бул китеп, же биздин кимибиз жазган кайсы китеп болсо да, биздин жашообуз шаңдуу болмок эмес. Мен (Джон) бүгүнкү күндө ким боло алган болсом, Кудайдын ырайымы жана Анын Лиза Бивер турүндө берген белеги аркылуу гана ушул даражага жетип отурам. Никеде бизге дайым эле женил болдубу? Жок албетте! Бирок биздин никебизди Кудай менин жашоомду ар тараптан көбөйтүүдө колдонду.

Мен (Лиза) ошол эле ойдомун жана мен да Кудайга менин жашоомду күйөөм аркылуу көбөйткөнүнө ыраазымын. Биз үйлөнгөн кезде мен адамдардан ушунчалык катуу коркчумун. Бул көбүнчө өзүмө ишене албагандыгымдын айынан болор эле. Анткени мен рак оорусу менен ооруп калып, беш жашымда бир көзүмү жоготком. Джон мендеги коркунучту билчү, бирок баары бир менин жашоомдогу Кудайдын белектери тууралуу айтчу. Анын дайыма шыктандырып, көтөрмөлөп турушу менин Кудайдын планын изилдешиме жардам берди. Менин жашоом бардык жагынан кеңейе баштады, андан да таң калыштуусу, мен көп адамдарга кызмат кыла баштадым.

Биз жогоруда айтып кеткендей, Кудай бизге көбөйгүлө деп буйрук бергенде, ал биздин балдардын төрөлүүшү жөнүндө гана айткан эмес. Эркек менен аялдын биригиши (жөнөкөй эле математикалык мисалдан алып караганда деле – бир кошуу бир) улуу көбөйүү үчүн мүмкүнчүлүк түзөрүн Кудай билген. Бул принцип биздин жашообуздун ар бир жагында: жумушубузда, үй-бүлөбүздө, кызматыбызда, жашообуздун жана башка да бардык аспектилеринде ишенимдүү. Кудай бизге никеде ар кандай тоскоолдуктарды четке жылдыра турган нерселерди берген. Эгерде силердин турмушуңарда бата же көбөйүү сезилбей жатса, анда уруш-жаңжалды токтотуп, күйөөңөрдү же аялыңарды сыйлаганга убакыт жетти.

## Бул жөнөкөй эмес

Аскердик жакшы стратег силерге улуу согушка даярдануудагы негизги олутуу элемент болуп, душманды жана анын планын тыкыр билүү эсептелерин айтат. (Мисалы, эмне үчүн футболдук командалар өз атаандаштары менен ойноордон мурда алар ойногон оюндарды көрүүгө ушунчалык көп убакыт бөлүшөт деп ойлойсуңар?) Качан душман никеге чабуул коё баштаганда, өзгөчө машайакчылардын никесине, анын максаты бөлүү жана бийликти алуу болуп саналат. Ал эми, билим болсо, бизге анын чабуулдарына каршы туруугa жардам берет.

Өз никебиз үчүн күрөшүп жатып, биз Кудайдын идеясы үчүн күрөшкөн болобуз. Эсиңерде болсун, никени силер эмес, Кудай жараткан. Шайтан аны жек көрөт, анткени нике болгону гана жыныстык байланыш эмес, ал руханий союз. Нике өзүнүн маанилүүлүгү менен албетте оппозицияга дуушар болот. Бирок силер алдыга – сыйлыкка карай умтулушуңар керек (Флп. 3:14тү карагыла). Ыйса эч качан баары жеңил эле болот деп айткан эмес. Ал тургай Ал бизге мындай сөздөр менен чакырык таштаган:

> "Жубайлык жашоодо жашоо үчүн бардыгы эле жеткилең эмес. Бул үчүн белгилүү биржөндөмдүүлүк жана ырайым керек" (Мт. 19:11, The Message).

Жеткилеңдик деген жалпысынан алып караганда өсүүгө жана үйрөнүүгө даяр болуу дегенди түшүндүрөт. Гэри Томас өзүнүн "Ыйык нике" деген китебинде минтип жазат: "Эгерде Ыйсага көбүрөөк окшошууну кааласаңар, анда мен силерге никеге туруудан башка жакшы нерсени айта албайм. Үйлөнгөндөн кийин биз ушундай бир, эч качан болушу мүмкүн эместей болгон көйгөйлөр менен бетме-бет келебиз. Ыйса бизге никедеги жашоо бизге мүнөзүбүздөгү жеткилең эмес жактарыбызды ачып берет деген түшүнүктү берет. Бирок биз Анын ырайымында өсүүнү каалай турган болсок (ал баш ийүүнү, кыянатсыздыкты жана чыдамкайлыкты талап кылат), анда акырындык менен никенин улуулугунан ырахат ала баштайбыз.

## Контракт же келишим

Адамдар көбүнчө нике келишимине, контракт сыяктуу карашат. Бул деген көйгөй. Контракт – бул аракеттерди чектөө үчүн гана болгон макулдашуу. Ал: "Бул жерде чек ара. Макулдашууну бузба. Эгерде буза турган болсоң, анда келишимди жаратпай коюуга менин акым бар" дегенди билдирип турат. Башкача айтканда, мен туңгуюкта эмесмин.

Контракт деген ошондой эле, этиш болуп эсептелет Мерриам - Уэбстердин сөздүгү боюнча: "Кысуу жана басым көргөзүү жолу

менен кыскартуу" дегенди түшүндүрөт. Бул Ыйса атаган никенин улуулугуна дегеле бир окшошпойт. Нике биздин жашоо-турмушубузду чектебейт, тескерисинче кеңейтиши керек.

Кудай никени жөн гана контракт катары карабайт, Ал аны нике келишими катары карайт. Бул келишим, макулдашуу эң бир толкундатаарлык: "Мен өзүмдү толугу менен сага бүт бойдон берем. Мына ушул кереметтүү айкалышуунун натыйжасында мен болгон табиятым менен, менде болгондун баарысы эми сага тиешелүү жана сенде болгондун баары, эми мага тиешелүү. Биз эмнени баштасак, ал өнүгөт, өсөт, көбөйөт". Ал эми, келишим ажырашууга келгенде минтип айтат: "Мен туңгуюкта калдым! Ошондуктан, мен бактылуумун!" Бул жерде кандай өнүгүү бар?

Павел Эфестиктерге минтип жазган:

> "Күйөөлөр, аялыңарды Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйгүлө. *Машайак Жыйынды сүйгөн....*" (Эф. 5:25, курсив авторлордон).

Пабыл күйөөлөр аялдарын Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйгүлө деп айткан. Мына ушул сүйүү контрактка караганда бир топ жогору турган сүйүү келишими болуп саналат. Күйөөлөр, өзүңөр да өзүңөрдү анчалык сүйбөй турган кезиңерде да, Ыйса силерди сүйүп турганына кантип эле кубанбайсыңар? Ыйса силер менен болгон мамилесин эч качан жолу болбой калган, Аны туңгуюкка кептеп койгон нерседей карабаганы силерди кубантпайбы? Биз өзүбүздүн келинчектерибизге кандай мамиле кылгандыгыбызга сарасеп салуубуз, биздин Ыйсага окшошууну каалагандагы максатыбыз болушу керек (Анын үстүнө, Пабыл ушуну менен эле токтоп калбайт. Ал биз аялдарыбыз үчүн жаныбызды бергидей болушубуз керектиги тууралуу айтып жатат. Мына ушул буйрук!)

Эфестиктерге жазылган Каттагы 3-бап эсиңердеби? Пабыл муну жазгычакты, ал Өзүнүн элине карата болгон Кудайдын сүйүүсүнүн тереңдигин сүрөттөп берген. Ал эми, эки бөлүмдөн кийин "Машайак Жыйынды сүйгөндөй" сүйүү биздин жүрөктөрүбүздү да толтурушу керектиги тууралуу парызды берип жатат.

Биздин никелерибиз Машайактын Өзүнүн колуктусуна болгон сүйүүсүн көчүрүп алууга багытталган. Эгерде Аны менен адамдар-

дын ортосунда сүйүү, күч, гармония жана арноо болбосо, анда Ыйсаны билбеген адамдар Аны менен мамиледе болууну кантип каалашат эле? Көрдүңөрбү, никенин мааниси канчалык күчтүү экенин? Кептин баары жалгыз гана силерде эмес. Кептин баары – Өз сүйүүсү менен бүт дүйнөгө жетүүгө суусап турган Кудайда.

Биз жогоруда айтып кеткендей, аялына (күйөөсүнө) болгон чыныгы сүйүү адамдын өзүнө Кудайдын сүйүүсүн канчалык алганына жараша болот. Мындай терең сүйүүнү жасап алууга болбойт. Аны адамдын акыл – эсине сыйбагандай сүйүү Ээсинен гана алганга болот.

Биз никеге карата Кудайдын мамилеси жөнөкөй эмес экендигин далилдөөчүлөрдүн биринчилеринен болобуз. Биздин үй-бүлөбүздө деле мамилени үзүп койгон эле ыңгайлуудай болуп көрүнгөн учурлар болгон. Үмүттүн баары жоголгондой сезилген. Бирок азыр биз отуз жылдан ашыгыраак чогуу жашап жаткан кезибиз, мурдагы кездерибизге караганда да, алда канча бактылуураактай сезилет. Ал эми, кийинки отуз жылга биз үмүт жана күтүү менен карайбыз.

## Өмүр дарагыбы же өлүм дарагыбы?

Мен (Лиза) бакта иштегенди жакшы көрөм. Бирок Джон менин кызыгуумду бөлүшпөйт. Ага бактагы мөмө – жемиштер жагат, бирок аларды өстүрүүгө болгон эмгек жакпайт. Бак бир топ убакытты жана эмгекти талап кылат. Бактыга жараша, биз Whole Foods деп аталган чоң супермаркеттен бир нече мүнөт эле аралыктагы жерде турабыз, ошондуктан ага колун булгаганга туура келбейт.

Нике да бак сыяктуу эле көп убакытты жана күчтү талап кыла турган нерсе. Эгерде биз никебиздин саламаттыгы чың болушун кааласак, анда эч кандай “шам-шум”, тез-тез, ары - бери эле мамиле кылганыбыз жарабайт. Эң сонун болгон жумуштан алагды болуп кетип калуу туура эмес. Эмне үчүн? Анткени, биз эмне үчүн эмгектенип жаткан болсок, ошону баалайбыз, биз өз никебизди баалаганды билишибиз керек. Жакшы кабар (кээде жаман болуп калышы да мүмкүн): никеңерге эмнени сээп жаткан болсоңор, анда анын түшүмүн жашооңордун

башка жактарынан жыйнап аласыңар. Ушул эле бөлүмдө жогор жакта биз никенин маңызын изилдеп чыгып жана аны өмүр дарагы менен салыштырдык. Бирок, ал өлүм дарагы да болуп калышы мүмкүн.

Келгиле, Эдем багындагы бул эки дарактын сүрөттөмөсүнө дагы бир карап көрөлү.

*Эки дарак тең, бирдей эле, эң бир жагымдуу шартта өсүп жатышты. Ошого карабастан, бир дарак өмүр берсе, бир дарак өлүм алып келген.*

Кудайдын нике институту – бул топурак сыяктуу. Ал эми, биздин никебиз дарак сыяктуу. Никенин алгачкы планы – жакшы пайдубал болгон, анда силердин союзуңар өсөт. Бирок тандоо силерден: силердин никеңер өмүр берген дарак боло алабы? Анан ошол өмүр дарагынын жемишинен жеген күйөөңөр, үй-бүлөңөр, досторуңар, коллегаларыңар сүйүү, кубаныч, тынчтык ала алышабы? Же болбосо, анын жемишинен жегендер көңүл калууну, өзүмчүлдүктү, ачуу-ызаны алышабы?

Көпчүлүгү нике институтунун өзү биздин көйгөйлөрүбүздүн булагы деп эсептешет. Башкалары болсо, жубайын айыпташат. Тигилер да, булар да, өзүлөрүнүн жүрөктөрүнүн бузулгандыгын жана аны карап чыгууну моюнга алгылары келишпейт. Силерде болсо, эми баары башкача болоруна ишенебиз.

Бул саякатты баштоодон мурда, чечим кабыл алуу зарыл. Силер өз никеңердин Теңир кантип ойлоп койгон болсо, ошондой болоруна карата ишенимди тандап алышыңар керек.

Балким силер: “Мен көргөнүмдө гана ишенем” деп ойлоп жаткандырсыңар. Бирок, өзгөрүүгө (алмашууга) болгон ишеним дайыма көз менен көрө турган өзгөрүүлөр менен коштолот. Анткени Кудайдын бардык убадалары ишеним менен кабыл алынат. Жакшы кабардын мааниси, силердин никеңер силер эле эмес, баарынан мурда – Ал экендиги. Силерге болгону эле өзүңөрдү жеңип чыгып, Кудайдын Кудай болуусуна мүмкүнчүлүк бергиле. Акыр аягында, силердин никеңер – бул Анын искусстволук чыгармачылыгы. Эгерде силер Ага мүмкүнчүлүк бере турган болсоңор, Ал анда аны эң сонун шедеврге айландырат.

# НИКЕНИН СЕЗОНДОРУ

*Бардыгынын өз убакты – сааты бар, ар бир нерсенин асман алдында өз убактысы бар.*

*— Насаатчы 3:1*

Жаз, жай, күз, кыш – бул ар биринин өзүнчө кубанычы жана кыйынчылыктары болгон төрт түрдүү мезгил. Нике көп жагынан жыл мезгилдерине окшоп кетет. Үй-бүлөлүк жашооңордо силер ар кандай мезгилидерди башыңардан өткөрөсүңөр, алардын кээ бирлери бир нече жолудан келиши мүмкүн. Ар бир мезгилде бир нерсени үйрөнсө болот жана өсүү үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөр болот.

Өсүү тууралуу пастор жана автор **Чарльз Свиндолл** мындайча ойлонот:

> "Мен ыраазымын, Кудай убакытты жана мезгилдерди өзгөртүп аткандыгы үчүн, силерчи?... Устат унчукпай калган жок, Ага баары бир эмес - Ал убакытты жана мезгилдерди алмаштырып турат. Жаңы ыргактарды үйрөнбөй, жаңы сырларга жооп таппай, мезгилдери алмашып турган бүтүндөй ушул жашоодо бир түрдүү жашоо кечирип, илээлеп жүрө берүү кандай гана сандырактык! Мезгилдер биздин Кудайдагы жолубузда акылдуураак болгонго үйрөнүп жана тереңдешибиз үчүн жаратылган. Биз суунун шаркыратмасынын түбүнө отургузулган дарактай болуп өсүп, күчкө толушубузга жардам бериш үчүн".

Силердин жубайыңар менен өткөргөн эң сонун учур деп кайсы мезгилиңерди айта аласыңар? Ал тууралуу кыскача жазып, анан эмне үчүн ал силер үчүн мынчалык өзгөчө экендигин сүрөттөп берсеңер.

Жубайлар катары силерге кандай каардуу шамалдарды баштан өткөрүүгө туура келди эле? Андан кантип өтүп кеттиңер, Теңир ал аркылуу силерди эмнеге үйрөттү?

*Колдоо үчүн Насаатчы 3:11ди; Римдиктерге 8:28ди; 2 Корунттуктарга 2:14тү окугула.*

Айланаңарга карап көргүлө. Азыр силердин никеңер кайсы мезгилди баштан өткөрүп жатат? Андан дагы да көбүрөөк ырахат алуу үчүн эмнелерди кыла аласыңар?

***Пауза кылгыла да, сыйынгыла.*** *"Теңир, биз азыр турган мезгилден көбүрөөк ырахат алышыбыз үчүн эмне кыла алабыз? Айланабыздагылардын баарын Сен кандай көрсөң, ошондой көрүүгө бизге жардам берчи. Келечекте ушул мезгил үчүн ыраазычылык келтире турган жакшы нерселерди баалаганга бизге жардам берчи. Ыйсанын ысымынан. Оомийин".*

Жылдардын өтүшү менен, силердин никеңердин калтырган издери улам барган сайын даанараак көрүнө берет. Кандайдыр бир убакытка чейин тынч отуруп алып, анан силердин никеңерди өзгөчө кылып турган эмне экендигин баалап көргүлө. Силерде жана силердин күйөөңөрдө (аялыңарда) болгон максаттар, толгонуулар, каалоолор, мүнөздөр, таланттар, жөндөмдүүлүктөр тууралуу ойлонуп көргүлө.

*Кудай силер жана силердин экинчи жарымыңар үчүн эмне кылгысы келип жатканын так ачып берсин деп жана силердин өз ара мамилеңердеги өзгөчөлүктү ачып берсин деп сыйынып жана Ыйык Рухтан жардам сурагыла. Ал эмнени ачып бергендигин жазып алгыла жана аны өз аялыңар (күйөөңөр) менен бөлүшкүлө.*

# НИКЕНИ КУДАЙ ЖАРАТКАН

*Никени сен эмес, Кудай жараткан. Кудайдын Руху аны эң майда-баратына чейин толуктап турат...*

— Малахия 2:15, The Message

Эң бир белгилүү институттардан мурда нике жаралган. Бул тууралуу пастор жана белгилүү баяндамачы **Макс Лукадо** мындай дейт:

> “Никени Кудай жараткан. Аны эч кандай бир өкмөттүк комитет, эч кандай социалдык коомдор уюштурган жок. Нике Кудайдын акылында пайда болуп жана төрөлгөн”**.**

Никени Кудай жараткан жана нике Ал үчүн абдан маанилүү. Ошондуктан силердин өз ара мамилеңердин ар бир майда-чүйдөсүндө Кудай катышкысы келет. Анын сөзү: “...Ал биздин ичибизге салган Рух бизге суусап турат. Ал дагы Рухту кызганчаактык менен сүйүүбүзгө (кабыл алышыбызга) суусап турат” (Жкп. 4:5 кеңейтилген котормо).

Токтогула да, ойлонуп көргүлө. Силер никеңердин бардык жагына Кудайдын Рухун чакырдыңарбы? Силердин күн сайын түзүп жаткан планыңарда Анын кеңеши маанилүүбү? Эгерде силер Аны кээде эле, мезгил мезгили менен чакырсаңар, анда жашооңордо Аны чакырууну унутуп калган кезиңер канчалык билинет?

________________________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________

Силерде каалаган учуруңарда, кайсы жерде болсо да, эмне жөнүндө болсо да, Кудай менен сүйлөшүүгө артыкчылыгыңар барбы? Силер өзүңөрдөгү коркунучту, каржылык кыйынчылыктарды

же баарлашуудагы көйгөйлөрдү жеңе албай кыйналып жатасыңарбы? Анан эмнеге өз көйгөйлөрүңөрдү сыйынууда Кудайга алып келгенге болбосун? Бул үзүндүлөрдү кунт коюу менен окуп чыккыла да, Ыйык Рух силерге эмне дегенин жазып койгула.

**Филипптиктерге 4:6,7 • Матай 6:25-34 • 1 Петр 5:7 • Жакып 5:13-16**

**Матай 7:7-11 • Жакан 14:13,14 • 1 Жакан 5:14,15**

*Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз.*

— 1 Жакан 5:14,15

Кудай силердин никеңердин согуштук аракеттер талаасына айланышын каалабайт. Ал никенин Эдемге айланышын, демек- ырахаттануучу жана канааттануучу жайга" айланышын каалайт. Өз никеңерде Кудай тарабынан кандай өзгөртүүлөр болушун каалайт элеңер? Жооп берүү менен бирге эле, Андан сурагыла: "Ушул өзгөрүүлөр болушу үчүн мен эмне кылышым керек? Мен өзүмдө эмнени өзгөртүшүм керек?"

3-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# МАШАЙАКТЫН ӨКҮЛДӨРҮ

*Биз Машайактын өкүлдөрүбүз. Эркектер менен аялдарды өзүлөрүнүн келишпестиктерин таштап жана Кудайдын элдешүү ишине киришинде Кудай бизди колдонот. Биз азыр Машайактын Өзүнүн атынан сүйлөп жатабыз...*

— 2 Корунттуктарга 5:20, The Message

Кудай баарынын кудуреттүү Жаратуучусу. Дүйнөгө Анын мүнөзүн көрсөтүүдө жана жер үстүнө Анын жолдору менен эркин алып баруу-да Кудай бизге өзүнүн өнөктөштөрү болуу артыкчылыгын берген. Бул ар бир адамга өзүнчө жана үй-бүлөлүк жубайларга да тиешелүү. Миссионер жана автор **Рик Реннер** минтип түшүндүрөт:

> "2 Корунттуктарга (5:20) жиберген катындагы Пабылдын сөзү боюнча, биз - асман делегаттарыбыз, Асмандан Жер планетасына жиберилген өкүлдөр сыяктуубуз. Машайактын элчилери катары биз – Асмандын үнүбүз. Анын өкүлдөрүндөй болуп, биз Теңирдин атынан сүйлөөгө, аракеттенүүгө бийлигибиз бар. Биз Асмандын элчилери катары бүт бойдон Асман ресурстарына жана бийликке, ошондой эле, абсолюттук коргоого, толук каржылоого жана толук колдоого ээбиз!".

Силер үй-бүлөлүк жубайлар катары Кудайды бул дүйнөгө кандайча көргөзүп жатасыңар? Ишенимсиздерди Ага кайрылууга үндөөдө, Ал силер аркылуу алардан "кабар алат". Силер аларды канчалык кызыктырасыңар? Эгерде силер Кудайды билбесеңер жана так эле силердин өзүңөргө окшогон жубайларды жолуктуруп калсаңар, анда алардын кайсы жагы силерди Ага тартмак? Ал эми, силерди Андан баш тартып кетүүгө эмне мажбурламак?

Качан адамдар Машайактын Денесиндеги сүйүүнүн жетишпестигин жана жаман жашоону көргөндө, Кудайга акаарат келтиришет (Рим. 2:24). Жубайлык жашооңордогу жүрүм-турум, өз ара мамиле же дагы башка жактарыңарда Аны башкача – туура эмес көргөзүп коё тургандай жактарыңарды Ыйык Рух силерге көргөзөбү? Эгерде “ооба” дей турган болсоңор, анда эмнени көргөзүп жатат?

*Айыптоону же үмүтсүздүктү сезбеш керек! Ыйык Рух силерге эмне деп айтып жаткан болсо да, Ал өзгөрүү алып келгиси келет. Силерге болсо болгону Ага баш ийип жана Андан жардам суроо керек.*

Анын мүмкүнчүлүктөрүнүн жана укуктарынын кеңейиши аркылуу биздин жашообузда Теңирди бул дүйнөгө жакшы жактарыбыз менен көргөзө ала тургандай, алар өсүп жана үйрөнө ала тургандай жактарыбыз барбы? Анын сүйүүсүн жекече алуу менен гана биз өз жубайыбызды жана бизди курчап турган адамдарды сүйө алабыз. Анын сүйүүсүн кантип алып жана Анда кантип өсүү керектиги тууралуу ушул үзүндүдө Ыйык Рух силерге ачып берсин үчүн төмөндөгү үзүндүлөрдү кунт коюп окуп чыккыла:

**Римдиктерге 5:5 • Эфестиктерге 3:16-19 • 1 Жакан 4:7-17**

*Кудай – Сүйүү. Сүйүп жашаган адам Кудайдын ичинде жашайт. Кудай да анын ичинде жашайт. Биздин ичибиздеги сүйүү ушунчалык жеткилеңдикке жетет...*

— 1 Жакан 4:16-17

## 4-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ЖАҢЫ ЖҮРӨК

*Силерге жаңы жүрөк берем, ичиңерге жаңы рух салам.*
*Силердин денеңерден таш жүрөктү алып салып, эт жүрөк берем.*
*Силердин ичиңерге Өз рухумду салам, силерди Менин мыйзамдарым*
*менен жүргүдөй, Менин буйруктарымды сактагыдай*
*жана алып жүргүдөй кылам.*

— Жезекил 36:26,27

Силер балким, никеге коркунуч жана түйшөлүү менен келесиңер. Балким, силердин жеке түйшөлүүңөр же силердин маданияттагы талаптар никеге оор жүк катары караганга мажбулагандыр. Балким, силер жолу болбой калуудан коркуп, жүрөктөрүңөрдү катуулантып койдуңар. Балким, силер да: “Кантип эле туңгуюкта калдым?” деп ойлонуп жаткандырсыңар. Анын эң алгачкы планын ишке ашыруу үчүн жана Анын сүйүүсү тийгенде силер сезимтал жана жумшак болушуңар үчүн, жаңы жүрөктү бергиси келет.

Ыйса үчүн силердин жүрөгүңөрдөн өткөн маанилүү нерсе жок. Лукадан Жакшы Кабардагы (8:5-15) Анын сөздөрүн кунт коюп окуп чыккыла. Ыйык Рух бул үзүндүдөн силерге эмнени көргөзүүдө? Силердин жүрөгүңөр тууралуу Ал эмне деп жатат?

________________________________________

________________________________________

________________________________________

*Себүүчү тууралуу үлгү-насаат аңгеме Матайда да 13:3-23 жана Марк 4:3-20да да жазылган.*

Силер өз жүрөгүңөрдө эмне бар экендигин өзүңөр биле албайсыңар. Бир гана Теңир аны ачып жана айыктыра алат.

Бир нече мезгилге чейин ушул чындыктын үстүнөн ой жүгүртүп көрсөңөр.

... анткени Теңир бардык жүрөктөрдү сынап турат, эмне ойлогонуңарды билип турат. Эгерде Кудайды издесең, Аны табасың...

— 1 Жылнаама 28:9

Адамдын жүрөгү өтө анткор, өтө бузулган, аны ким биле алат? Мен, Теңир, ар бир адамдын өзүнүн жолуна жана кылган иштерине жараша тиешесин берүү үчүн, жүрөккө чейин кирип, ички дүйнөнү сынап турам.

— Жеремия 17:9,10

Кудайым, мени сынап жүрөгүмдү бил; мени сынап ойлорумду бил. Кара, мен коркунучтуу жолдо эмесминби, мени түбөлүктүү жолдо жетелеп жүр.

— Забур 138:23,24

Токтогула да сыйынгыла: "Теңир, никеме карата жүрөгүмдүн мамилеси кандай экенин, мага көргөзүп берчи. Сен аны айыктыра алышың үчүн, анда эмне бар экендигин мага ачып берчи". Унчукпай тургула. Анын жообуна кулак салгыла. Ал силерге көргөзүп берген нерсени жазып алгыла да, баарын Ага бергиле.

Кудайдын сүйүүсүн жана мээримин кабыл ала турган жаңы жүрөк керекпи силерге? Эгерде ага ылайык жардамдарды даярдап койбогон болсо, анда Асмандагы Атаңар силерге никени да даярдамак эмес. Эмне үчүн дароо азыр эле Андан жардам суроого болбосун? Силер сыйынсаңар болот...

***"Ата, үй-бүлөлүк жашоону тартуулаганың үчүн Сага ырахмат. Менин никеме туура эмес карай турган, аны менен бирге анын баталарынан кур калтыра турган бардык нерселерден мени бошот. Сени сезишим үчүн мага жаңы, сезимтал жана жумшак жүрөк бере көр. Мага жаман нерсени күтпөстөн, жакшы нерсеге ишенүүгө жардам бер. Биздин бардык иштерибизде Сени биринчи орунга коюуга бизге жардам бер. Сага ырахмат Ата. Ыйса Машайактын ысымынан, оомийин".***

# НИКЕНИН УЛУУЛУГУ

*... Жубайлык жашоодо жашаш үчүн бардыгы эле жеткилең эмес. Бул үчүн белгилүү бир жөндөмдүүлүк жана ырайым талап кылынат... Бирок силер никенин улуулугунда өсүүгө жөндөмдүү болсоңор анда аял алгыла жана күйөөгө чыккыла.*

— Матай 19:11,12, The Message

Кеңейтүү деген – бул демек, көбөйтүү же күчтөндүрүү дегендик. Теңир - никени Жаратуучу, силердин союзуңарды кеңейтүүдөгү курал катары колдонгусу келет. Эгерде силер Анын чеберчилик планын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бере турган болсоңор, анда Ал силердин күйөөңөр же аялыңар аркылуу таасир этип, силерди улам көбүрөөк Ыйсага окшоштуруп коёт жана эмне кылсаңар да, бардык иштериңерде гүлдөп өнүгүүгө шарт түзөт.

*Темирди темир курчутат, адам өз досунун көз карашынан курчуйт.*

— Накыл сөздөр 27:17

Никеде карама-каршылыктар тартылып турат деп айтышат. Күчтүн баары мына ушунда: так ошол ар түрдүүлүктөр бизди бир бүтүндүккө бириктирип турат. Бирок убакыттын өтүшү менен, бизди бири -бирибизге тартып турган нерселер, бири-бирибизден алыстатата башташы мүмкүн.

Силерди алгачкы мезгилде өзүнө тартып турган күйөөңөрдүн (аялыңардын) үч сапатын атасаңар. Эми азыркы учурда анын силерди түртүп турган үч сапатын атагыла. Алардын кээ бирлери дал келип жатабы?

| Мени баарынан да көп тартып турган сапаттары: | Мени баарынан да көп түртүп турган сапаттары: |
|---|---|
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |

*Эсиңерде болсун, айырмачылыктар ажыратпаш керек, тескерисинче бириктирүү керек.*

Кудайдын Руху силердин аялыңарга (күйөөңөргө) акылмандыктын сөздөрүн берет. Анын кеңеши силер чогуу сыйынганда гана берилет. Көбүнчө жубайлар экөө тең биле турган нерсени, Ал алардын бирөөсүнө гана айткан учурлар да болот. Силерге Кудайдан берилген, баталуу чечимди кабыл алуу үчүн, Ал ар бириңе берген аян-ачылыштарга сүңгүп киришиңер керек.

Мен өз жубайымдын иштиктүү сындарына, багыттоосуна, акылына ачыкмынбы же жабыкмынбы?

Кайсы жактарынан ачыкмын? Кайсы жактарынан жабыкмын? Эмне үчүн?

Кудай силерге берген түгөйүңөр силердин бүгүнкү күндө ким экениңерге жана инсандыгыңардын калыптанышына негизги салымды кошот. Жубайыңар менен болгон мамиленин негизинде мүнөзүңөрдөгү же жашооңордогу жакшы жагына оогон жок дегенде бир өзгөрүүнү айтып көргүлө. Силердин жашооңорду кеңейтүү үчүн, Кудай аларды силердин жашооңордо кантип колдонот?

*Силер өз жашооңордогу “кеңейтүүсү” же “курчутуусу” үчүн өз күйөөңөргө (аялыңарга) ыраазычылыгыңарды билдирип көрдүңөр беле? Эгерде андай кылбаган болсоңор, анда азыр эле токтоосуз түрдө, чын жүрөгүңөрдөн аны жасагыла.*

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти “Messenger” кызматындагы “Никенин тарыхы жөнүндө” деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 1- видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Эң башында эле, нике деген – бул Кудайдын оюу болгон. Никени Ал жараткан, ошондуктан Анда нике үчүн максаттар, пландар бар. Башталыш 1:27,28,31ди жана Малахия 2:15ти кунт коюу менен окуп чыккыла. Никенин Кудай бекемдеген беш өзгөчөлүгүн атагыла. Анын катарына шайтан алмаштырып койгусу келген 5 жасалма нерсени жазгыла.

| Кудайдын максаты: | Шайтандын жасалмасы: |
|---|---|
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |

2| Жакшы нике ага жакындаган адамдардын жашоосуна таасир этет. Силер эң сонун үй-бүлө кура алган эки жуп үй-бүлөнү атай аласыңарбы? Алар сүйүүнү кантип сактап калып жатышат? Силер өз никеңердин рухун сактап калышыңар үчүн, алардан эмнени үйрөнө алат элеңер?

3| Ыйса айткан: “Бул эки жыныстагы негизги союзду Кудай жараткандыктан, аны бөлүкчөлөргө бөлүү менен, эч ким Анын искусстволук чыгармачылыгын булгабасын” (Мат. 19:3-6 The Message). “Негизги” деген сөздү укканда силердин акылыңарга эмне келет? Бул идеялар силердин никени туура жарыкта көрүүңөр үчүн кандай жардам берет?

4| Ыйса минтип айткан: "Жубайлык турмушта жашоо үчүн, баары эле жеткилең эмес. Бул үчүн белгилүү бир жөндөмдүүлүк жана ырайым керек. ... Бирок силер никенин улуулугунда өсүүгө жөндөмдүү болсоңор, анда аял алгыла жана күйөөгө чыккыла" (Мат. 19:10-12 The Message). Никенин улуулугу кантип көрүнөт? Биз аны кантип башыбыздан өткөрөбүз?

5| Нике ыйык, ал бир эркек менен бир аялдын ортосунда өмүр бою боло турган келишим. Бул сабактан уккан нерселериңер силерди өз никеңер үчүн күрөшүүгө ойготуп жатабы? Жаңы позитивдик көз караштар силерге кандай ачылыштарды берди?

6| Ыйса, көз дененин чырагы экендигин айткан (Мат. 6:22). Бул демек, тигил же бул нерсеге болгон силердин көз карашыңар чоң мааниге ээ дегендикти түшүндүрөт. Убакыттын өтүшү менен ал нерсе жашооңордо, өзгөчө никеңерде чындыкка айланат. Эгерде силердин жашоого болгон көз карашыңар "мен туңгуюкка кептелип калдым" деп атса, анда кандай болот?

Жазуу биз руханий күрөштө экендигибизди айтат (Эф. 6:12,13 2 Кор. 10:3,4). Бул силердин жубайыңар менен болгон мамилеңердеги кандай кыйынчылыктар жана келишпестиктер бар экендигин көрүүгө жардам берет.

7| "Никенин тарыхы жөнүндө" сүйлөшүп жүргөн күйөө менен колуктулар үчүн, али никеге тура электер үчүн же болбосо азыр күйөөсү менен же аялы менен жашап жаткандар үчүн. Силер кайсы категорияга кирсеңер дагы жооп берип көргүлөчү, бул китептен эмне алгыңар келип жатат?

Эгерде силер никеде болсоңор, анда "ооба" деп айткычакты эмне тууралуу билүүнү каалайт элеңер? Силер өз группаңардагы никеден жолу болбогон адамдарга кандай акылман сөздөрдү айта алат элеңер?

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Бардык инистититуттардан мурда Кудай нике келишимин түзгөн. Ал ага эч качан өзгөрбөй турган аныктаманы берген.
- Кудайдын түшүнүгүндөгү нике, өмүр дарагы сыяктуу болушу керек. Биз элчилер катары Кудайдын сүйүүсүн көргөзүүгө чакырылганбыз. Ал аркылуу Кудай Эдем багында жоголгон нерселердин баарын калыбына келтиргиси келет.
- Өзүңөрдүн жубайлык жашооңордун ар бир бөлүкчөсүнө Кудайды чакыруу менен өзүңөрдүн жубайлык союзуңардын рухун коргогула. Ал силерге Кудайдын сүйүүсүн кабыл алып жана аны берүү үчүн жаңы жүрөк берет. Өз никеңерге Анын көзү менен карай турган жаңы көз берет.
- Өзүмчүлдүк деген – Кудай тарабынан силерге даярдалып коюлган тамшанарлык жана ырахаттанарлык жубайлык союзда тоскоолдук боло турган чоң нерсе.
- Жубайлык союзга карата болгон чабуул – бул Кудайдын Өз эли менен болгон мамилесине болгон чабуул.
- Кудай никени биздин жашообуздун бардык жагын кеңейтүү үчүн жараткан.



2-БӨЛҮМ

# Баштаардан мурда, аягы тууралуу ойлогула

## 1 - күн

Силер качандыр бир кезде байкап көрдүңөр беле, адатта көпчүлүк романтикалык фильмдерде жана китептерде сүйүү тарыхынын башталышы гана сүрөттөлөт. Өзүңөрдүн эң бир романтикалуу сүйүү таржымалыңар жөнүндө ойлонуп көргүлө. (Биз билип турабыз, муну кылуу кээ бирөөлөр үчүн өтө жеңил болсо, кээ бирөөлөргө абдан оор болот.) Анын сюжети кандай? Кызды жигит сыйлап жүргөн кезде эмоционалдык чыңалууда болору белгилүү. Алардын тагдырына сарасеп салып көрсөңөр, сүйүшкөндөрдү биринчи жолу мына-мына өбүшкөнү атканда эле бир нерсе алаксытып кетет. Балким убактылуу тоскоолдуктар бардыр – атаандаш, талашып-тартышуулар же күтүлбөгөн жарааттар, бирок биз баары эмне менен бүтөөрүн билебиз. Аларды бөлүп-жаруучу коркунуч алып келген тоскоолдуктарга карабастан, көздөрүнөн бакыт чачырап турган сүйүшкөндөр баарын жеңүүгө жол табышат да, анан акыр-аягы: "Анан алар узаак, бактылуу өмүр сүрүштү" деген сөз менен аяктайт.

Алар узак жана бактылуу жашашканын билебиз, бирок бул кандайча болгон? Аңгеменин жеңил бөлүгү – бул эң жакшы башталышы.

Таржымалдын ортосуна келгенде жана аягында кыйыныраак болот. Биздин маданият сүйүү тарыхы кантип башталгандыгына көңүл буруп көнүп калган өңдөнөт. Сүйүшкөн түгөйлөр үйлөнүү үлпөтүн кантип өткөрөбүз деген суроого бир нече сааттар бою ой жүгүртүп, изденишет. Бирок, ал үлпөт өткөндөн кийин кантип жашайбыз дегенге анчалык убакыт коротушпайт. Келин той кийимин кийип көргөнгө өтө көп убакыт коротот, бирок нике маселеси боюнча консультация алууга анчалык көңүл бурбайт. Анан эң сонун жомок бүткөндөн кийин бул түгөйлөр чыныгы мамилени куруштары керек. Анан да өзүлөрү такыр эле даяр эмес болгон олутуу маселелерди чечиштери керек.

Үйлөнүү үлпөтү болуп жаткан күн майрамга, сулуулукка, үмүткө толуп турат. Эгерде түгөйлөр ошол мамилелеринин бактылуу аяк-ташына да башындагыдай жигерденүү менен күч үрөп коюшса, анда башындагы сулуулук менен үмүт узакка чейин созулушу мүмкүн. “Узак жана бактылуу “деген сөз, биз үчүн чалынып кете турган таш катары болбош керек, ал биз жакшылап изилдеп жана абдан кылдат карай турган багыт болушу керек.

Айланаңарды карап көрүп, гений адамдын чыгармачылыгындагы бир ажайып нерсени тандагылачы. Бул: үй, унаа же сиз отурган отургуч болушу да мүмкүн. Кайсы гана нерсени тандабаңыз, кылдаттык менен алдын ала ойлонгон эмгектин жана чеберчиликтин натыйжасы. Бирок силер бул нерсенин эки жолу жаратылгандыгын ойлобогондурсуңар. Биринде ал адамдык акыл-эстин иштелмеси болсо, экинчи жолу долбоордун чындыкта ишке ашкандыгы болуп саналат. Кандайдыр бир материалдык нерсенин жаралуусунун алдында, албетте алгач чыгармачылык ойлор жаралат. Биринчи чогултуу ойлонулган натыйжанын так сүрөттөлүшүн талап кылат, экинчисине жетүү үчүн болсо, каражат менен эмгек талап кылынат. Биз эмне жасасак дагы, жөнөкөй эле бутерброд болобу, же кандайдыр бир татаал механизм болобу, мисалы көк тиреген үйлөр дейли, мунун баарын алгач элестетип, анан гана материалдык дүйнөгө сыйдырабыз.

Чиймелер болмоюнча, үй жөнүндө кыялданууга да мүмкүн эмес. Анда башаламандык болуп калмак! Ар кандай кооз үй жакшы ойлонулган долбоордон башталат. Үйдүн долбоору түзүлүп бүткөндөн кийин гана, аны жигердүү эмгектин жана туура тандалган каражаттардын натыйжасында тургуза алабыз.

Курулушка канча чыгым сарпталарын билүү үчүн да, чиймелер маанилүү. Үйдү куруу үчүн канча каражат кетээрин билбей туруп, үй куруп баштайт белеңер? Ыйса өз жашоосун кантип куруу тууралуу окутуп жатканда бул маселе жөнүндө айткан:

> “Силердин араңарда бирөө мунара курмакчы болсо, ал аны бүтүрүүгө каражаты жетер-жетпесин билиш үчүн, адегенде отуруп алып, курулуш чыгымын эсептеп чыгат да. Болбосо пайдубалын гана салып, мунараны бүтүрө албай калганын көргөн кишилердин баары: “Бул киши кура баштады эле, бирок бүтүрө алган жок,“- деп, аны шылдың кылышат” (Лк. 14:28-30).

Имаратты куруу үчүн бир нерселер керек болгон сыяктуу эле, никени куруу үчүн дагы белгилүү бир нерселер керек болот. Ошентип, силер кандай никени курганы жатасыңар? Анын баасын санап чыктыңарбы жана никенин курулушуна зарыл болгон нерселерди сарптоого даярсыңарбы?

Кудай биздин никебиз жарааттар жана уятка калуу менен аякташын каалабайт. Биз курулушту аягына чыкпай туруп эле, колубузду түшүрүп коюшубузду Ал каалабайт. Үйлөнгөнүңөргө бир нече жыл болгонбу, же жакындан бери эле никеде жашап жатасыңарбы, буга карабастан, Кудайдын планын колдонууга эч качан кеч болбойт. Андан биз Кудайдын улуулугун көрсөтүп тура турган, никени курууга зарыл болгон, аян- ачылыштарды, курал – жабдыктарды жана күчтү табабыз. Абдан таң калыштуу, бирок чындык мына мында жатат, Кудай Анын шедеврин аягына чейин, толук куруп бүтүүңөргө силерден да көбүрөөк кызыкдар экендиги.

Бул бөлүм силерге өз тарыхыңарды пландаштырууну жана жакшы жашоону үйрөткөн чындыкты өз ичине камтыйт. Биз өзүбүздүн жубайлык жашообуздун алгачкы тажрыйбасы – бизге бекем пайдубалды курууга, жашоодогу бардык катуу шамалдар менен бороондорго туруштук берүүгө жардам берген нерселер менен бөлүшүп кетели. Биз силерди узак жана бактылуу үй-бүлөлүк жашоого алып келе турган планды кантип чийүүгө жана кантип куралданууга үйрөтөбүз. Аны принциптер менен баштайбыз жана практикалык бөлүк менен аяктайбыз. Бул бөлүм жаңы үйлөнгөндөр үчүн гана эмес, али үйлөнө электер үчүн дагы, жубайлык жашоонун ардагерлери үчүн дагы. Анткени ардагерлер да өзүлөрүнүн өз ара мамилелерине жаңыча карап, андан пайда таба алышат. Муну биз жасап көргөнбүз!

## Качан Кудай баштаганда, анын аягы жөнүндө ойлойт

"Биз эмне үчүн буга барып жатабыз жана кайда умтулуудабыз?" деп сурабай туруп, нике мамилесине баруунун өзү акылсыздык. Ар бир келишим ага ылайык аян-ачылышка ээ болушу керек. Мисалы, Кудайды алып көрөлү. Ыбрайым менен келишим түзөөрдө Анын белгилүү бир максаты болгон.

Силер кандай ойлойсуңар? Эмне үчүн Кудай Ыбрайымды Анын тандалган элинин атасы кылып тандап алды: "Анткени Ыбрайым улуу ишенимге ээ болгон. Кудайдын планына өнөктөш катары катышуу үчүн, албетте ишеним чоң мааниге ээ. Бирок Кудай Ыбрайымды башка себептен тандап алган. Бул адам өзүнүн урпактарын Теңирдин артынан ээрчүүгө үйрөтөөрүн билген.

> "Анткени Мен аны *өз уулдарына жана өзүнөн кийинки укум-тукумуна* чындык жана адилеттүүлүк менен жашоону, Теңирдин жолунда жүрүүнү осуяттасын деп тандап алдым. Теңир Ыбрайымга айтканын орундатат" (Башт. 18:19 *курсив авторлордон*).

Кудай бул баласыз көчмөндү тандап алып жатканда, Ыбрайымдын кийинки жашоосуна жана анын бардык урпактарына караган. Кудай үчүн “анын өз уулдарына жана өзүнөн кийинки укум-тукумуна чындык жана адилеттүүлүк менен жашоону, Теңирдин жолунда жүрүүнү осуятташы” маанилүү эле, анткени Ал куткарылуу тарыхын Ыбрайымдын үй-бүлөлүк дарагы аркылуу жазган. Ыбрайым менен Саара ката кетиришерин Ал билген, ошондой эле Ал аларда андан чыгуунун ишенимдүү жолу бар экенин да билген. Ар дайым Кудай биз менен келишим түзөөрдө глобалдуу ой жүгүртөт. Анткени, Ал эртеңки күндү да билгендиктен, бизди ошол жакка алып баруу үчүн, биз менен бүгүн эмне болоорун да билет.

Ыбрайым менен Кудайдын түзгөн келишими ушунчалык кеңейгендиктен, бизге чейин келип жетти. Ыбрайым ишеними аркылуу баласыз көчмөндөн, тукуму жылдыздардай сан жеткис болгон кишиге айланды. Бир кездерде өз элинен бөлүнүп калган жолоочу өзү бардык элдердин ишенимдеги атасы болуп калды.

> “Ыбрайымдан улуу жана күчтүү эл чыгары анык. Жер жүзүндөгү бардык элдер ал аркылуу бата алышат” (Башт. 18:18).

Биздин жашообуз Ыбрайымдын жашоосунан айырмаланат, бирок принцип ошол эле бойдон кала берет. Кудай Анын келишиминин жайылтылышына түшүнүп туруп, макул болгон адамдарды издейт. Силердин нике тарыхыңар силер жана жубайыңар гана эмес, бир топ чоң нерсе.

Силердин Аны менен болгон өз ара мамилеңер аркылуу көрүнгөн, Кудайдын келишиминин толуктугунун таасирин асман гана ачып бере алат. Ал силер аркылуу ар бир адамдын жашоосуна – балдарыңардын, силердин таасириңерде турган адамдардын баарысына жеткиси келет. Бул - демек,силер өзүңөр менен гана бүтүп калбаган жана адамдык кыска акыл менен чектелбеген аян-ачылышты кабыл алышыңар керектиги. Силердин тарыхыңарга тиешелүү Кудайдын ниети дайыма силердин келечек муунуңарды кошо камтыйт.

## 2 - күн

# Кудайдын балдары

*“Никени сен эмес, Кудай жараткан. Кудайдын Руху анын эң майда бөлүкчөлөрүнө чейин толтуруп турат. Ал никеден эмнени каалайт? Кудайдын балдарынан, мына эмнени...”* (Мал. 2:15, The Message, курсив авторлордон, англис тилинен которулган).

Кудайдын балдарынан - Кудай биздин никеден мына ушуну күтөт. Бул жер үстүндө балдар көбүрөөк төрөлгөнүн Ал каалап жаткандыгыбы? “Ооба” десек да болот, “жок” десек да болот.

Малахия пайгамбардын китебинде Кудай никеден көп бала жаралышын каалап жаткандыгы жөнүндө айтылып жаткан жок. Бул жерде Ал Кудайдын балдарынын көп болушун каалап жатат. Кудай ар кайсы курактагы балдарды, ким Анын атын даңктап жана Анын жолу менен жүрсө, ошолорду айтып жатат. Эсиңерде болсун, биз Анын элчилерибиз. Анын максаты - бизге жана биз аркылуу Өзүн көрсөтүү.

Вестминстердик кыска катехизисте мындай деп жазылган: “Адамдын негизги максаты- Кудайды даңктоо жана Андан түбөлүк ырахаттануу”. Бул бизге кандай гана жагат! Даңктоо – бул, биз күндө эле угуп жүргөн жөн гана сөз эмес. Бул Кудай сөзүндө көп пайдаланылгандыктан, аны руханий, түшүнүксүз нерсе катары кабыл алабыз. *Даңктоо* - бул “Кудайды белгилүү кылуу”. Кудайдын каалоосу-биздин жашообуз, үй-бүлөбүз жана мурасыбыз аркылуу белгилүү болот. Бизге - Кудайдын балдарына өсүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн никеден өткөн катализатор жок.

Ал тургай, силердин ортоңордо эч качан бала болбой калса дагы, Кудай силерди бала кылуу үчүн никеңерди колдонгусу келет. Ал силерди Анын даңкынын агенти кылып ээритип, куюп жана Атага окшош кылып калыптандыргысы келет. Өз жашооңорду башкалар менен бөлүшүү аркылуу силер Кудайга көбүрөөк окшош болуу мүм-

күнчүлүгүн аласыңар. Биз баамдагандай, такыбаа мүнөз ырайымдын океанында сүзүп жүрбөйт. Ал үй-бүлөлүк очоктун кыйынчылык чордонунда ээрийт.

Мен (Джон) никени ысык мешке, ал эми биздин жашообузду болсо, кымбат баалуу металлдын ээрип жатышына салыштырам. Жалындап жаткан меш эритмеге кандай таасир этет? Ал андан кошундуларды бөлүп чыгарат. Менин нике шакегим нагыз алтын сыяктуу болуп көрүнүшү мүмкүн, бирок анын элүү пайызга жакыны башка металлдардан турат. Эгерде аны мешке сала турган болсок, анда кошундулар бөлүнүп калат. Биз дуушар болуп жаткан никедеги көйгөйлөр дагы ушуга эле окшош-майда пикир келишпестиктерден башталып, мамилебиздин кыйын мезгилдери менен бүтөт же биздин жашообуздан кошундуларды бөлүп салат (алардын кээ бирөөлөрүнүн бөлүнүшү үчүн жогорку температурадагы ысытуу керек).

Нике биздин кемчиликтерибизди аёосуз жылаңачтаганда, жубайыбызды айыптоо оңойго турат. Анткени, силер үйлөнгөнгө чейин кемчиликтери көрүнгөн эмес да. Эгерде биздин жубайыбыз биздин “алсыз” жактарбызды жылаңачтаганы үчүн андан көңүлүбүз калып жатса, анда никебиз бизди Ыйсага көбүрөөк окшоштуруп бараткандыгы үчүн Кудайга ыраазычылык билдиришибиз керек. Анткени биздин максатыбыздын акыры ушул эмеспи?!

## Кыйын учурларда максатты издөө

Меш тууралуу салыштырып айтуулар кубанычтуу нерселерден алыс экендигин билебиз, бирок жолдун аягындагы бакыт, таптакыр жомокко окшошпойт. Анткени, силердин таржымалыңар күн батардагы сейилдөөгө караганда, Эверестке чыгууга көбүрөөк окшошуп кетет.

Көздөгөн максатына жетүү үчүн Гималайдын карлуу аскаларын багынткысы келген күчтүүлөр бул эки нерсени эске алуулары керек.

Биринчиден – бул жүрүш алардын эмоционалдык жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн чегин сынап көрүп жатат. Чечкиндүү эркектер менен аялдар аларды кандай сыноолор күтүп тургандыгын так билишпесе дагы, бирок кыйынчылыктар сөзсүз болорун билишет. Экинчиден - алар өзүлөрүнүн максаттарын: дүйнөдөгү эң бийик тоонун чокусуна чыгуу керектигин билишет. Алар үчүн деңиз деңгээлинен 29029 фут (8854 метр) жогорку чекке жеткенде гана аныкталат. Бул фактыны билбеген саякатчылар, биринчи тосоолдукка дуушар болгондо эле дароо артка кайтып кетишет.

Жубайлык союзда дагы ушундай эле. Эгерде биз кыйынчылыктар биздин тарыхыбыздын ажырагыс бөлүгү экенин моюнга ала турган болсок, анда биз эмоционалдык жана физикалык жактан кыйынчылыктар келгенде бекем, солкулдагыс болобуз. Эгерде биз аягында эмне болорун билип туруп баштай турган болсок, анда чоң көйгөйлөргө туш келгенде эле багынып калбайбыз.

Ыйса руханий жеткилеңдик тууралуу үйрөтүп жатып, кайгы менен куугунтук Кудайдын Сөзүнө ишенгендерге келери тууралуу айткан (Мрк. 4:17). Грек тилиндеги түп нускада бул “флипсис” жана “диогмос” деп айтылат. *Флипсис* деген сөз, “стресс алып келе турган кыйынчылыкта, каршылык, кыйынчылыктар, бактысыздык жана кайгы”. Диогмос деген болсо – “башка бир адамды кемсинтүү же кыйноо үчүн түзүлгөн программа же процесс”. Анысында да, мунусунда да бир да жагымдуу нерсе жок, бирок бизди Кудайда өсүүгө жөндөмдүү кылат. Пабыл Ыйсанын сөзүн кайрадан жаңыртып айтып жатат:

> “Бул нерсе менен гана эмес, кайгылар (флипсис) менен да мактанып (англ. тилинде *кубанабыз* деп жазылган) жатабыз. Анткени биз кайгы аркылуу чыдамкайлык, чыдамкайлык аркылуу тажрыйбалуулук, тажрыйбалуулук аркылуу үмүт келерин билебиз. Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн” (Рим. 5:3-5).

Пабыл айткандай, биз көйгөйлөр менен азап чегүүлөр келгенде кубанышыбыз керек. Анткени, азап чегүүлөр бизге мүнөзүбүздүн күч алышына жардам берет. Көйгөйлөр биздин Кудайга көбүрөөк окшошуп калышыбызга шарт түзөт. Анан биз мындайда, Кудай дайыма биздин кызыкчылыгыбыз үчүн аракеттенет деген үмүт менен сооронушубуз керек. Ал бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, Өз Уулун берди. Ал болсо биздин жүрөгүбүздү дайыма, ал турай ушундай бир катуу каршылыктарга кабылганда да толтуруп турат.

Ыйык Жазууда даана жазылып тургандай, кыйынчылыктардын баарын бизге Кудай жиберип жаткан жери жок. Бардык кайгылар менен куугунтуктардын артында шайтан турат (Мк. 4:5 жана Жкп. 1:12,13). Бирок, Кудай душмандын мүйүздөрүн анын өзүнө каршы колдонот. Бизди Кудайдан бөлүп коё турган нерсе, улуу Куткаруучунун колунда бизди Ага көбүрөөк окшоштуруучу нерсеге айланып калат.

Шайтан никени жана ага байланышкан бардык нерсени жек көрөрү эсиңерде болсун. Ал биздин нике союзубузду бузууга жана бизге көтөрө алгыс жүктөрдү жүктөө үчүн баарын кылат. Бирок, биздин ишенимибиздин жана жубайлык союзубуздун келечеги Кудай бизди кыйынчылыктардан өткөрүп жатып күч берет жана душмандын аракетине каршы турууга үмүт берет. Кудай никеге каршы чабуулдарды баштан өткөрүп эле кала беришибизди каалабайт, бирок биз дагы да күчтүүрөөк болуп калышыбызды каалайт. Мунун сыры биз эмне үчүн (Кудайдын планы), кимге (шайтан) каршы күрөшүп жатканыбызда жана ким биз тарапта (Кудайдын Руху) экендигинде жатат. Эгерде Ал бизде баштаган ишин аягына чыгарганга чейин эле, биз багынып берип койбосок, анда чындыгында эле биздин ишеним менен үмүт кыйынчылыктарда бекемделет.

## Ыйса үчүн “узак жана бактылуу”

Ыйса эч бир адам баштан кечирбеген сыноолорду баштан өткөргөн. Ал - жеткилең Кудай адилетсиз өлүмдүн кемсинтүүсүн жана

жараатын баштан өткөрүү үчүн, биздин бирибиз болуп калды. Ал бизге Кудай менен элдешүү жолун салып берди, бирок ошого карабастан, азырга чейин эле адамзаттын көпчүлүгү аны таанышпайт.

Ыйса ушунчалык адам чыдагыс оору менен четке кагылууну кантип көтөрдү? Жооп бирөө гана - Ал эч качан Өз финалын – “узак жана бактылуу” финалды көз жаздымда калтырган эмес. Анын мисалында биз өзүбүздүн тарыхыбыздын чийилгенин көрөбүз:

> “Биз ошол жарыштын баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны кароо менен, кайсы жерде экенибизди көрөбүз. Ал муну кандай кылгандыгын карап көргүлө. Ал өзү умтулуп жаткан максатын көз алдынан кетирбегендиги менен Ал Кудайда жана Кудай менен ошол таң калалык финишке жеткен. Ал өз жолунан чыккан: айкашка, уятка, бардык нерселерге чыдаган” (Эвр. 12:2, The Message, англис тилинен которулган).

Ыйса баарына чыдаган, анткени кайда бара жатканын билген. Ал алдыдагы азаптардын ар жагын карап, убадаланган нерсени көргөн.

> “...биз ...алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы. Ишенимибиздин баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсага карайлы. *Ал алдында күтүп турган кубанычтын ордуна,* шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка керилип, азапка чыдады...” (Эвр. 12:1,2, курсив авторлордон).

Силер байкадыңарбы? “Ал алдында күтүп турган кубанычтын ордуна!” Ыйса айкаш жыгачка кубанды беле? Албетте жок. Ага ушунчалык оор болгондуктан, курмандыкка бараар күндөн мурдагы түндү Ал сыйынууда өткөргөн. Атасынан дагы башка кошумча вариантты сураган. Бирок, Ыйсада көптөгөн жубайларда болбогон нерсе болгон. Анда адаттан тышкары болгон аян-ачылыш бар эле. Бирок, Ал кырдаалдардан өтүп, Анын тандоосуна жараша ачылган күчтү жана убаданы көрө алган. Келгиле, Эфестиктерге жазылган Каттагы бешинчи бөлүмдү карап чыгалы да, Ыйса эмнени каалагандыгын көрөлү:

> “...Машайак Жыйын үчүн Өзүн берген. Ал Жыйынды сөз менен, суу менен жууп тазалап, ыйыктоо үчүн; тагы, кемчилиги же ушул сыяктуу бир нерсеси жок, ыйык жана кемчиликсиз кылып, *Өзүнүн алдына даңктуу кылып коюу үчүн* Өзүн берген” (Эфест 5:25-27, курсив авторлордон).

Биз Ыйса үчүн бактылуу жыйынтыкпыз. Биз Анын алдында турган кубанычпыз. Ыйса бизди, Анын колуктусун Өзү менен элдештирүү үчүн, айкаш жыгачтагы азапты көтөрдү. Эми Жыйын өзүнүн мурдагы тактарынан уялбай эле Ыйса менен жолугуша алат. Анткени, ал эми Анда жаңы жаралуу. Биздин никебизде да ушундай туруктуулук, мээримдүүлүк жана шартсыз сүйүү болушу керек. Бул үчүн бизде келечекке карата болгон аян-ачылыш жана үмүт болушу керек. Мына ошолор бизди кыйын кырдаалдарда колдой алат.

Эврейлерге жазылган Каттын автору бизге минтип насыяттайт:

> “Качан ишенимде алсырап бараткан кезиңерде, ушул таржымалды, Ким күнөөкөрлөр тарабынан ушунчалык каршылыктарды көтөргөнүн майда-баратына чейин кайра санап чыккыла. Бул силердин жаныңар үчүн чоң жардам болот” (Эвр. 12:3, The Message, англис тилинен которулган)

Баарыбыздын эле алсыраган кезибиз болот. Эврейлерге жазылган Каттын автору ошондуктан да “качан” деп жазып жатат, “эгерде” деген жок. Улуу нике, улуу ишенимди талап кылат, ишенимдүү болуу деген – демек ишенимге толуу деген. Кайрадан Анын таржымалын окуп чыккыла. Силердин убактылуу кыйналып жаткан нерсеңер канчалык оор болгонудугуна карабастан, айкаш жыгачка салыштырмалуу эч нерсеге турбайт. Качан силер аялыңарга (күйөөңөргө) ишенимиңерди араң-араң гана сактап турган маалда, Ыйсанын силерге карата кандай ишенимде экендиги тууралуу ойлогула. Силер менен элдешүү үчүн, Ал эмнелерди гана башынан өткөргөндүгүн эстегиле. Анын көргөзгөн үлгүсү силердин рухуңардын чөкпөшүнө жардам берет.

## 3-күн

## Эң жакшы нерсеге ишенүү керек

> "...Мен Кудаймын, Менден башка Кудай жок, Мага окшош эч ким жок. Аягында эмне болорун Мен башынан, алдын ала кабарлап келе жатам..." (Ыш. 46:9,10).

Биздин Кудайга "окшош эч ким жок" деп эле жазсак туура болчудай, бирок биз көп эле учурда бул далилдин күчү менен чындыгын унутуп коёбуз. Кудайдын балдары катары биз Ал сыяктуу болуп калышыбыз керек жана Анын табиятын кабыл алышыбыз керек. Ишеним менен биз өз жашообузду, өз балдарыбыздын жашоосун, өз үй-бүлөбүздүн жашоосун аягында эмне болорун башында эле жарыялоо менен калыптандырышыбыз керек.

Эми биз "узак жана бактылуу жашоо" капысынан эле келе калчу нерсе эмес, аны түшүнүп туруп жасай турган нерсе экендигин билип калдык. Андан кийин мындай суроо пайда болот: "Мен узак жана бактылуу жашоо үчүн эмне кылышым керек?" Силер бул аятты сансыз жолу окуп чыксаңар да, кайра окуп көргүлө:

> "Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө... Аалам Кудайдын сөзү аркылуу жаратылганын ишеним аркылуу таанып-билебиз. Демек, көрүнбөгөн нерседен көрүнгөн нерсе жаралган" (Эвр.11:1,3).

Биздин максатыбыз – узак, бактылуу жашоону куруу, ал эми ишеним болсо али боло элек нерсени кура турган курулуш каражаты.

Кудай бизге али Анын ишенимине ылайык эч нерсе кыла элегибизде эле ишенген. Анын Өзүнө болгон Өзүнүн ишениминин улуулугуна ылайык, Анын биздеги ишеними да улуу. Биздин жашообузда Анын күчү эмнеге жете ала тургандыгын Ал билет. Кудайдын күчүнүн чексиздигинен бизди кармап кала турган бир гана нерсе бар – ал биздин ишенбестигибиз, анын тамыры тереңдеги текебердикте жатат.

Текебердик бой көтөрүүдөн, өзүнө ашыкча ишенгендиктен жана өз күчүнө таянгандыктын натыйжасында келет. Текебердиктин бир топ байкалбаган формасы да бар, ал өзүнө карата болгон жек көрүү деген бет кап (маска) менен жүрөт. Текебердик кандай формада болсо дагы, Машайактын айкаш жыгачтагы аягына чыккан иши аркылуу бизди кун төлөп куткарып алуусунун улуу күчүндөгү бардык нерсени кабыл албастык. Ыйса бизди көрүнүктүү инсан кылуу үчүн өлгөн.

"Биз "жупуну адамдарбыз" деп аталганыбызга ыраазы болуп кала берсек да болмок,- дейт К. С. Льюис. Бирок Ал таптакыр башка планды ишке ашырууга кудуреттүү. Бул пландан баш тартуу – момундукту түшүндүрбөйт, бул жөн гана жалкоолукту жана коркоктукту түшүндүрөт. Ага баш ийүү деген өзүн көтөрүү же кумардын улуулугу менен ооруп калуу дегенди эмес, жөн эле тил алчаак болуу дегенди түшүндүрөт". Бизге Кудай сунуш кылган таң каларлык жашоону кабыл алуу менен, өзүбүз тууралуу пикирди Анын камсыздоо деңгээлине чейин көтөрө алабыз.

Силер улуу никеге татыктуу экениңерге ишенесиңерби? Балким силердин акыл-оюңарды төмөндөгүдөй ойлор толтуруп алгандыр:

*Менде өтө эле көп жүк бар.*
*Мен жаман үй-бүлөдө төрөлгөм.*
*Менин ата-энемде эч нерсе жакшы болгон эмес.*
*Мен толтура каталарды кетиргем.*
*Мен эмнеге жетсем, ошого гана ыраазымын.*

Кудай чакырыкты жактырарын силер байкап деле калгандырсыңар. Бирок ишенимдин жетишпестиги биздин жашообузда Анын күчүнүн аракеттенишин чектеп коёт. Анын улуулугу жөнүндөгү аян бизди Ага ишенүүгө, ошол эле мезгилде момундукта калууга шыктандырат. Момундук жакшы нерсеге, Кудайда биз үчүн болгон нерсеге эшик ачат. Ышайа пайгамбардын Китебинде (55:8,9) минтип жазылган:

> "Менин ойлорум силердин ойлоруңар эмес, Менин жолдорум силердин жолдоруңар эмес, - дейт Теңир. Асман жерден канчалык бийик болсо, Менин жолдорум силердин жолдоруңардан ошончолук бийик, Менин ойлорум силердин ойлоруңардан бийик".

Кудай силерден акылдуураак, күчтүүрөөк, жөндөмдүүрөөк дегенге макул болсоңор керек. "Силер Кудайда дайыма өзүңөрдөн өйдө турган ченегис нерсе менен кездешесиңер",- деп жазат К. Льюис**.** Эгереде силер улуу никеге керектүү болгон каражаттарга жеткиңер келсе, анда буга ишенишиңер керек.

Биз өзүбүздүн жубайлык потенциалыбызды канчалык элестетсек дагы, Кудай баары бир бизден өйдөрөөк болгон кыялга ээ. Ал ал тууралуу ойлоп эле койбостон, ал үчүн улуу пландарга да ээ.

> "Анткени Өзүмдүн силер жөнүндөгү ойлогон оюмду Өзүм гана билем, - дейт Теңир, - силерге келечек, үмүт бериш үчүн, ал ой – жаман ой эмес, жакшы ой" (Жер. 29:11).

Бул убада биздин алдыбызга эки тандоону коёт: бул сөздөр чындык экендигине ишенип жана биздин никеге карата Кудайдын аянын кабыл алуу менен жашоону же болбосо, Ал калпычы деп жашоону. Силердин никеңердин келечегине карап туруп Кудай Өзүнүн Уулунун так эле өзүн көрөт. Силер Анын ырайымын жана күчүн ишеним жана момундукта кабыл алганыңарда гана бул аян ишке ашат. Эгерде биз узак жана бактылуу жашоону пландаштырып жаткан болсок, анда ал жашоо биздин жеке күчүбүз менен гана чектелбейт. Ал бизде Анын Руху аркылуу иштей турган Кудайдын сүйүүсү аркылуу көргөзүлөт.

Силер: "Кудай биздин никеге кол шилтеп салды го чын эле. Эч кандай үмүт калбады. Бизде келечек жок. Сүйүү кетти" деп ойлошуңар мүмкүн.

Анткени силер өз күчүңөр менен аракеттенгендиктен гана ушинтип ойлоп жаткандырсыңар балким? Өз никеңер жөнүндөгү өз күчүңөрдү жана кыялыңарды Кудайдыкына алмаштыргыла. Качан

гана силер Ага ишенгениңерде, Ал силердин кыялыңарды алып туруп, аны өмүргө толтурат да, силердин жүрөгүңөргө асмандан болгон аянды отургузат.

Бул демек, күйөөлөр силерди бардык өзүмчүлдүктү таштап, өз аялыңарды Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйө турган күчкө толтурат. Ал эми силерге болсо аялдар, Ал күйөөңөрдү урматтаганга күч берет. Ошентип, силер экөөңөр тең никенин улуулугунда өсүп отурасыңар.

Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эместигин Ыйык Жазуу ачык эле айтып отурат (Эвр. 11:6). Эмне үчүн Кудай ишенимди ушунчалык сүйөт? Анткени ишеним менен гана биз Ал сыяктуу болуп кала турган күчтү алабыз. Ал эми, биз үчүн Кудайга окшош болуп калуудан өткөн жашоо жок. Ал биздин ырахатыбыздан ырахаттанат. Биз бул жерде убактылуу бакыт тууралуу айтып жаткан жокпуз. Биз узакка созулган кубаныч, канааттануу жана ырахат тууралуу айтып жатабыз. Кудай силердин никеңер үчүн эң жакшы нерсени гана каалайт. Ал эми, Анын эң жакшы нерселери Аны менен толгон никеде гана болот.

## Чийме

Ишеним менен үмүттү көбүнчө эле жалпы бир нерсе катары түшүнүшөт. Эгерде ишеним улуу никенин курулуш каражаты болсо, анда үмүт – анын чиймеси болуп эсептелет. Башкача айтканда, үмүт калыпка окшош болсо, ишеним аны толтуруучу. Үмүт болмоюнча, ишеним бул калыпсыз буюм, аны курулуш каражаттары чиймесиз тургандай эле карасак болот.

Эсиңерде болсо Кудай Өз колу менен Ыбрайымды белгилүү бир максат үчүн тандап албады беле. Ал боюнча Ыбрайым өз урпактарын Теңирдин жолуна багытташ керек болчу. Кудай Ыбрайымды бул максатта чакырган кезде Ыбрайымдын баласы жок болчу, бирок Теңир аны улуу элдин атасы болот деп ишендирген. Ыбрайым ише-

нимдеги көрүнүктүү адам болгон. Ыйык Жазуу ал жөнүндө минтип айтат: "Ишенбестик кылып Кудайдын убадасынан шектенген эмес" (Рим. 4:20). Бирок, ошого карабастан, Башталыш Китебинде, 15-бөлүмдө ал ишенимге киргенге чейин көңүл калуулар менен күрөшкөндүгү тууралуу айтылат.

> "Бул окуялардан кийин Теңир Ыбрамга көрүнүш аркылуу мындай деди: "Коркпогун Ыбрам, Мен сенин калканыңмын, сенин сыйлыгың абдан чоң". Ошондо Ыбрам мындай деди: "О, Эгедер Теңирим! Мага Сен эмне бересиң? Мен баласыз өтүп бара жатам, үй ишин башкаруучум – дамасктык ушул Элиезер. Сен мага тукум берген жоксуң, ошондуктан үйүмдөгү адам менин мураскорум" Ошондо Теңирден ага мындай сөз айтылды: "Ал сенин мураскоруң болбойт, сенин мураскоруң өзүңдөн чыккан балаң болот. Анан аны сыртка чыгарып мындай деди: "Асманды карачы, эгерде жылдыздарды санай алсаң, санап чык. Сенин тукумуң ошончо болот". Ыбрам Теңирге ишенди. Теңир анын ишенимин ага адилдик катары эсептеди" (Башт. 15:1-6).

Кудай Ыбрайымга ишенимдин жаңы өлчөмдөрүн берет деп ойлосок да болчудай. Бирок мунун ордуна Ал Ыбрайымга көрүнүш көрсөттү, ал ошого жармашышы үчүн ошентти. Бул анын ишенимин бекемдеп, үмүттү калыптандырды. Кудай Ыбрайымга чатырдан чыгып, жылдыздарды санап көр деп сунуш кылды. Түнкү асман анын ишенимине жылдыздардан чийме чийди. Анан көктөгү сансыз жылдыздар анын акыл экранынан балдарга айланып көрүндү. Кудай Ыбрайымга асманда канча жылдыз болсо, сенин мураскорлоруң да ошончо болот деп жөн гана айтып коюунун ордуна, Кудай анын тагдырына физикалык жактан көрүнүп турган иллюстрацияны берди. Ушул жылдыздардан чийилген чийме аркылуу Ыбрайымдын элесинде Кудайдын көрсөтмөсү сакталып калды.

Так эле ушул сыяктуу болуп, Кудай силердин никеңер тууралуу да силердин элесиңерге сүрөттү тартып койгусу келет. Анткени кайсы жерде көрүнүш болсо, ошол жерде үмүт болот. Мына ошондуктан да, Пабыл бизди Кудайды таанып билүүгө каршы келген эле-

стерден арылгыла деп шыктандырат (2 Кор. 10:4,5). Биз өз акылыбызды ар кандай нерселерден коргошубуз керек, анткени ал биздин иштерибиздин баалуулугун жана мүнөзүн аныктайт. Силердин элестөөңөр үмүт чийиле турган доска сыяктуу болсун.

Кудай бизди үмүткө толтурам деп убада берген. Бирок ага кантип жетүүгө болот? Ыйык Рух бизди баарынан жогору турган үмүткө сыйынуу аркылуу толтурат.

> "Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө бай болушуңар үчүн, үмүт берүүчү Кудай силерди ишеним жолунда кубанычка жана тынчтыкка бөлөсүн (Рим. 15:13, азыркы котормо).

Кудай - биздин үмүтүбүздүн булагы. Эгерде биз сурай турган болсок, ал бизди никеде кубанычка, тынчтыкка жана эмнени кааласак, ошолор менен толтурат. Ага моюн сунуу менен келүү аркылуу, биз Анын Рухундагы ишенимдүү үмүт күчүнө толобуз. Кандай жакшы убада!

Накыл Сөздөрдө (29:18) аянсыз биз өлүп каларыбыз тууралуу айтылган. Чынында эле Кудайдын аяны болбогон жубайлык жашоо, өмүрдөн ажырап калган сыяктуу эле нерсе. Келгиле анда, чоң нерсени кыялдана билели. Өз кыялдарыңар жана максаттарыңар тууралуу көрүнүштү жазып жатканда Анын планы үчүн Кудай силердин жүрөгүңөрдү ойготсун деп сыйынгыла.

**4-күн**

## Кытай ресторану

Биз үйлөнгөн кезде келечегибиз тууралуу сүйлөшкөнгө бара турган өзүбүздүн атайын бир жерибиз бар болчу. Бул биз жашаган батирден анчалык алыс эмес болгон кичинекей эле кытай ресторану болчу. Биз колледжди жаңыдан гана бүткөндүктөн, акчабыз абдан аз эле. Анан биз экөөбүзгө бир гана порция Mylllу тоогун, ага кошумча блинчик жана кайналы соусун алчу элек. Ал жакта жупуну жана

тынч болчу. Бирок, кытай ресторанында бир чыны чай ичип отуруп жаңы үйлөнгөн жубайларга алыскы өлкөлөр тууралуу кыялданган ыңгайлуу болчу.

Ал мезгилде биз көптү билчү эмеспиз, бирок бир нерсеге ишенимдүү болчубуз: биз экөөбүз биргеликте бүткүл жүрөгүбүз, жаныбыз жана күч-кубатыбыз менен Кудайга кызмат кылгыбыз келчү. Биз өз үй-бүлөбүздү жакшы курууга ушунчалык ынтызар элек. Бизди турмуш жолу кайда алып барарын билбейт элек деп айтканыбыз туура болор, бирок биз аны менен барууну каалаганыбыз так жана айкын эле. Биз аркылуу Кудай жаңы мурастарды бекемдей ала тургандай жашоону каалачубуз.

Мен (Джон) эң сонун үй-бүлөдө өскөм. Менин ата-энем экөө алтымыш беш жылдан ашыгыраак чогуу жашашкан. Атам ушунчалык берилүү менен бизди сүйчү жана биз үчүн дайым кам көрчү, ал эми апам болсо эң сонун кожейке болчу. Акыйкат жашоону жана жакшы үй-бүлөнү курууда ат-энем мага көп жагынан үлгү болуп калышкан. Мен аларга бул үчүн түбөлүккө ыраазымын.

Мен (Лиза) таптакыр башкача үй-бүлөдө өсүп чоңойгом. Джондун ата-энеси меникине салыштырмалуу идеалдуу болсо керек. Менин үй-бүлөм аракечтик, ойноштук, зордук, чыккынчылык, сараңдык, жоготуу жана ажырашуулар менен талкаланган эле. Биз жаңыдан үйлөнгөн кезде менде бекем, бакубат үй-бүлө түзүүм үчүн тажрыйбам жана практикалык билимим жетишсиз эле, бирок ушундай жакшы үй-бүлөнүн мүчөсү болууну абдан каалачумун.

Биз ошол кытай ресторанында сүйлөшүп отурган кезде башкача бир никени курууну каалаганыбызды түшүнчүбүз. Джондун ата-энесинин модели биз үчүн ылайык келген эмес. Биз экөөбүз тең жубайлык жашообузда алардан көргөнүбүздөн да көптү каалап турганыбызды билчүбүз. Бул – никенин өзү үчүн Кудайдын чакырыгы эле. Анын мааниси өмүрдүн аягына чейин бирге болуу гана эмес, биздин союз аркылуу түбөлүк мурастын калышы эле. Албетте,

бул биздин балдарыбызды, биздин балдарыбыздын балдарын ичине камтып жана көптөгөн башка адамдардын да жашоосуна таасир тийгизе тургандай болушу керек эле.

Биз өз үй-бүлөбүздүн аянын чие баштадык. Биз бири-бирибизге суроолорду берип, принциптерди аныктап жана колубуздан келишинче кыялданчубуз. Баарынан мурда биз чогуу биримдикте Кудайга кызмат кылабыз жана өзүбүздүн бардык чечимдерибизде Аны угабыз деп чечтик. Анан калганынын баары ушул фильтр аркылуу өтүшү керек дедик.

Бирок, отуз эки жылдан ашуун бирге өмүр сүрүп келген мезгилде биз ушундай бир мезгилдерди баштан өткөрдүк, кээде бизди бириктирип турган бир гана нерсе-Кудайды угабыз деген нерсе калчу. Кээде мен (Лиза) Джонго карата өзүмдө болгон сүйүүнүн бар экенин сезбей калган, ал эми Джон да мага карата сүйүүсүнүн барын сезбей калган учурлар болгон. Ал баш-оту менен кызматка кирип кеткен, тияк-биякка көп барган жана кээде мен кичинекей бала менен жалгыз калчумун.

Мен келечектеги сүйүүгө карата эч кандай үмүттөнбөй калган учурларым болгондугун моюнга алам. Мен эмоциялык жаткан да, физикалык жактан да өзүмдү четке кагылгандай абалда сезгем. Эгерде мен үчүн ушундай вариант бар болгон болсо, анда кубаныч менен эле ажырашууга макул болгонго даяр болуп калган учурларым болгон. Менде никебиз үчүн аяндар, көрүнүштөр болгон эмес, болгону боло турган нерсенин билинер – билинбес көлөкөсү гана көрүнчү. Бир учурларда ал тургай минтип да ойлогом: “Кудай, эгерде мен асманга баргандан кийин да Джон менен жашабай турган болсом гана, никебизди сактоого макулмун” деп. Мен өзүмдү ушнчалык бир жалгызсырагандай сезчүмүн. Ал эми, кызматчылардын аялдары өз сырын башкалар менен бөлүшүүсү абдан кыйын болчу.

Мен (Джон) дагы ошол мезгилде көңүл калуудан абдан кыйналып, күрөшүп жүргөм. Мен Лизанын көз алдында баарын туура

эмес кылып жаткандай сезип жаттым. Менин өзүмдү төмөн баалоомо ал күнөөлүү деп сезип жаттым. Ал тараптан мага болгон сый урмат жетишпей жаткандай болуп, анын сөздөрү мага одоно сезилип жатты. Биз тездик менен ылдый кулап бара жаттык. Бирөөбүз дагы сүйүүнү жана назиктикти кантип кайтаруунун мүмкүнчүлүгүн көрбөй жаттык.

Ошол мезгилдеги эмоционалдык жана руханий жараат көтөрө алгыстай болуп жатты. Бул абдан кыйын учур болгон, бирок Кудайга алкыш ал бир эле сезонго улантылды. Ый мезгили узак түндөргө созулушу мүмкүн, бирок Теңир эрте менен кубаныч келерин убада кылган (Заб. 29:6). Азыр ал мезгилдер бизде такыр болбогондой, ал учур биздин эмес эле, башка бирөөнүн башынан өткөндөй сезилет. Кудайдын ырайымы менен биз Кудайды угабыз деген чечимибизде ишенимдүү бойдон калдык. Өзүбүздүн өзүмчүлдүгүбүз үчүн терең өкүнүү жана Кудайдын акылмандуулугун көрүү аркылуу биздин нике жана сүйүү улуу күчкө жеткендигин көрдүк.

Биздин жашоого болгон көз карашыбыз бизди ошол кыйын сезондон алып өткөн, ошол учурда шыктандырып турган жалгыз күч болчу. Биз жашоого жетимиш же сексен жылдарда эле өтүп кетчү нерседей карабайбыз, биз аны түбөлүктүүлүктүн келечегиндей карайбыз. Жетимиш, сексен жаш түбөлүктүүлүк менен салыштырганда көз ирмем гана болуп калат эмеспи. Ыйык Жазуу биздин Ыйсанын айкашына карата болгон мамилебиз түбөлүктүүлүктү кайда өткөрөрүбүздү аныктаары тууралуу окутат, ошентсе да, биздин машайакчы катары жашоо образыбыз түбөлүктүүлүктү кантип өткөрөрүбүздү аныктайт. Пабыл минтип жазат:

> “...биз кайраттуубуз, денеден чыгып, Теңирдин жанына барууну артык көрөбүз. Анткени, денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек” (2 Кор. 5:8,10).

Бул жерде Пабыл ишенгендерге айтып жаткандыгы түшүнүктүү, анткени ишенбегендер денесин таштаган кезде, алар Кудайдын алдында болушпайт. Пабыл Ыйса Машайактын куткаруу ырайымы аркылуу Кудайдын үй-бүлөсүнө кошулган адамдар тууралуу айтып жатат. Биз Анын алдына барганда өзүбүздүн кабыл алган чечимдерибиз жана ишенүүчү болуп туруп кантип жашаганыбыз тууралуу да отчет беребиз. Машайактын соту бизди же түбөлүк сыйлыкка же түбөлүк жоголууга алып барат. Же биздин бардык иштер күйүп кетет, же болбосо Ыйсанын жанында түбөлүккө падышачылык кылуу сыйлыгына ээ болобуз. Ушул фундаменталдык билим биздин курсту кармап турушубузга жардам берди. Биздин бирөөбүз да Ыйсанын тагынын алдында эмне үчүн анын шедеври болгон никени булгагандыгыбыз тууралуу отчет берип турууну каалабадык (Джондун “Түбөлүктүн кыймылдаткычы” деген китебинен Сот Ордуна дегенди көбүрөөк окуй аласыңар).

Биздин жолубуздун аягы башталышына караганда бекемирээк болушу үчүн, биздин Кудайды угуудан кийинки максатыбыз бири-бирибизди сүйүү болчу. Мына ушул максат бизге кыйынчылыктарды жеңип, ал тургай сүйүүнү сезбей калган кезибизде да алгалого жардам берди. К. С. Льюис минтип жазат:

“Сүйүү деген... – бул эки өнөктөш тең Кудайдан сурап алган ырайымда (машайакчылык никедеги) күчтөнгөн адаттарды колдогон, эркти бекемдеген бекем союз. Алар бири-бирине жакпай турган кездеринде да бири-бирине карата ушул сүйүүнү баштан өткөрүшөт”.

Балким бири-бирибизге жакпай турган учурлар болгондур. Бирок, биз бороондуу босоголордон да өтө алышыбыз үчүн Кудай бизди Өз ырайымына чулгап турат. Силер үчүн да Ал ушуну кылат. Азыркы учурда биз бири-бирибизди үйлөнгөн күнүбүзгө караганда да көбүрөөк сүйөбүз – бул чындык! Анан бул сүйүү дагы да улам көбөйөрүн чыдамсыздык менен күтөбүз.

## Кудай жазып турат

Ресторандагы салфеткаларга өзүбүздүн максаттарыбызды жазып жатканда биз али жок балдарыбызды кантип тарбиялоо тууралуу да кыялданчубуз. Биз алардын тартиби тууралуу сүйлөшчүбүз – аларга эмнеге уруксат беребиз, эмнелерге тыюу салабыз, үйдөгү милдеттерди жана бөлмөлөрдү кантип бөлүштүрөбүз деп. Биз балдарыбызга жана неберелерибизге таасир тийгизе турган мурастарыбыз тууралуу сүйлөшчүбүз. Аларга өзүбүздүн руханий жана каржы жагынан мурасыбызды калтыруу маанилүү болчу (Накыл 13:22).

Биз өзүбүздүн келечектеги үйүбүздү элестетчүбүз. Ал чоң же кооз болгону маанилүү эмес болчу. Биз үйүбүздүн меймандос жана жайлуу болушун каалачубуз, кирген адам өзүн коопсуздукта жана ыңгайлуу сезишин каалачубуз. Үйүбүз дайыма шаңга толуп турушун, ага балдарыбыз досторун ээрчитип келишин каалачубуз.

Биздин жаралгандагы максатыбыз жана ал жубайлык мамилебиздин өсүшүнө кандай таасир этээри тууралуу да сүйлөшчүбүз. Эркектердин жана аялдардын ролу тууралуу талкуулаганбыз. Карыз болбош үчүн акчаны кантип пайдаланарыбыз тууралуу да сүйлөшчүбүз. Биз баары тууралуу сүйлөшчүбүз. Көрсө салфеткаларга жазгандарыбыз биз курганы жаткан жашоо-турмушубуздун чиймеси болуп алыптыр.

Биз азырынча пландарыбызды кагазга жазып жаткан кезде, Кудай да аларды жазып жаткандыгын ойлоо бизге абдан жакчу.

> "Бирок Кудайдан корккондор бири-бирине: "Теңир кулак салып жатат, Ал угуп жатат, Теңирден коркуп, Анын ысымын урматтагандар тууралуу Анын алдында эстелик китеп жазылып жатат",- дешет" (Мал. 3:16).

Жубайлык жашообуздун алгачкы күндөрүндө биз көп нерселер тууралуу сүйлөшкөнбүз. Кудай Анын баарын эстеп калган. Ал тургай, биз өз пландарыбыз тууралуу унутуп калган учурларда да, Ал

аларды аткартууга алып келген. Андан корккондор сүйлөп жаткан сөздөрдүн баарын Кудай жазып турат. Качан силер өзүңөрдүн жубайлык жашооңордун картасын чийип жаткан кезиңерде, анын Авторун уккан кезиңерде, Асман анын баарына көңүл бурат.

### 5-күн

## Өз аяндарыңарды жазып койгула

"Өз аяндарыңды лоокторго жазып кой, аны окугандар түшүнгөндөй болсун" (Хаб. 2:2, англ. тилинен азыркы котормо).

Өз никеңер тууралуу аянды жазып коюу эч качан кеч болбостугун кайталап кетебиз. Силер түшүнгөнгө жеңил жана ачык-айкын болмоюнча жазып кайра көчүрө бергенден коркпогула. Ачык-айкын аян болгондо ал силерге аягына чейин жолду басып өтүү үчүн зарыл болгон күчтү берет.

Бир аз эле убакыт сарптап өзүңөрдүн күйөөңөр (аялыңар) менен же болбосо, болочок аялыңар (күйөөңөр) менен никеңерге карата жалпы аян жөнүндө сүйлөшкүлө. Эгерде силер али үйлөнө элек болсоңор, күйөөгө чыга элек болсоңор анда, азыртан баштап өзүңөр тараптан болгон аянды жаза баштагыла. Силер кыялдана ала турган жерди тапкыла. Силер эмнени каалап жатканыңарды жана күтүп жатканыңарды ачык айткыла. Өзүңөрдүн баалуулугуңарды толук аныктап алгыла да, чоңураак нерсени кыялдангандан коркпогула! Бул аян келерки күндөрдө силерге жол көргөзгөн жылдыз сыяктуу болот.

Нике деген – бул узакка-а чуркоо дегенди билдирет, ал жолдун башталышы менен аягы ондогон жылдарды ичине камтыйт. Көп эле түгөйлөр "кыска" кыялдарга ээ болуп жүрүшөт. Алар үй сатып алып, балалуу болуп, аларды чоңойтсок дешет. Мына ушул менен эле улуу максаттары бүтүп калат, бирок бул алыска алып барбайт. Мындан да чоңураак бир нерсе бар. Кыялданганды токтотпогула!

Эсиңерде болсун бул чуркоодо жубайыңар экөөң тең жанаша чуркайсыңар, бирок атаандашып эмес. Бардык жолду жалгыздап чуркап өтүүгө мүмкүн эмес, андыктан командада иштеш керек. Эгерде жубайлык жолуңардын баш жагы кыйын болуп жатса да, анын аягы жакшы болору силерди соороотсун. Пландарды жазууңар силерге финишти аягын сызууга жардам берет. Умтулуп аракеттенүү үчүн аянга ээ болгон жакшы.

> "Анткени көрүнүш белгилүү бир мезгилге таандык, ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да күт, анткени ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт. ...ал эми адил адам өз ишеними менен тирүү болот" (Хаб. 2:3,4).

Кудай шыктандырган аян анын аткарылышына жол салып, силердин алдыңарда жүрөт. Эгерде силер өз аяныңарды дайыма көз алдыңарда кармап жүрө турган болсоңор, анда ал силерди уятка калтырбайт. Кудай аткан нерсе чындыкка коошпогондой сезилген учурлар да келет. Силердин жолуңар силер барууну каалабаган жакка же силер күтпөгөн жакка алып барышы мүмкүн. Өз жолуңарды Кудайга тапшыргыла, ал анын аягына чыгууда силерге жардам берет. Аян Берген күч силерди муктаж болгон учуруңарда бекемдеп турат. Бирок силер ошол аяныңарды сакташыңар керек.

Силердин планыңар дем алган, тирүү жана органикалык документ менен болгон болсун.

**Так аныкталган принциптер**

Силердин аяныңарга зарыл болгон арноо менен ишенимдин (көздүн жетишинин) болжолдуу ченеми мындай болуш керек: биздин жубайлык союзубуз Кудайды угат" же баарынан мурда биз бири-бири-биздин муктаждыгыбызды канааттандырууга умтулабыз". Бул эч кандай талкууга коюлбай турган чечим болушу керек. Ал эч кандай өзгөрүүсүз жана алмашкыс болушу керек.

**Өсүү орду**

Жакшы план бардык эле суроолорго жооп бере бербейт. Ал ачыктыкты берет. Бизди алдыда эмне күтүп тургандыгын Кудай гана билет, бирок Анын Рухунун жардамы аркылуу акырындык менен Кудайдын пландарынын аспектери ачыла берет. Убакыттын өтүшү менен силердин аяныңар өлчөм жагынан чоңоюп жүрүп отурат, жаңы аныктамаларга ээ болот, ар бир мезгилдин чакырыктарын жана артыкчылыктарын колдонуп жүрүп отурат. Бул өзгөрүү жактары өз ичине балдар чоңойгонго чейин аларды тарбиялоого короткон убактыңарды, максатыңарды орундатууда же карьераңардагы өсүү мезгилинде бири-бириңерди колдооңорду өз ичине камтыйт.

**Өз никеңердин планын жазуу үчүн жасай турган беш кадамды силерге сунуш кылабыз:**

*1. Сыйынгыла.*

Силердин баарлашууну мааниге жана Анын Рухун күтүүгө толтурсун деп Кудайдан сурангыла. Ал силердин ишениминер менен толтура турган үмүттүн чектерин (рамкасын) Андан сурагыла.

*2. Шыктанууларды чогулткула.*

Библиялык аяттарды, үзүндүлөрдү, таржымалдарды, сүрөттөрдү, ырларды, журналдардан кыркылып алынган жерлерди, силерди бекемдей турган нерселердин баарын чогулткула.

*3. Силер кыялдана ала турган жерлерге баргыла.*

Ал жер сөзсүз кымбат же модалуу жер болушу шарт эмес. Бул силердин көчөңөрдүн аягындагы жупуну кафе же болбосо үйүңөргө жакын жердеги парктагы отургуч болсо да боло берет.

*4. Өз максаттарыңарды аныктагыла.*

Чоң нерсени кыялдангыла! Өзүңөрдү азыркы кырдаал же өткөндөгү көрүнүштөр менен чектебегиле. Балдарды тарбиялоо, акча, үй-бүлөлүк жашоонун динамикасы, жеке өнүгүү, руханий өсүү, тынчтануу жана эс алуу, карьера, үйдөгү милдеттер, жыйындын, шаардын жашоосуна катышуу ж.б. тууралуу ой жүгүрткүлө.

*5. Койгон максаттарга кантип жетүүнүн аныктамасы.*

Аяндарды жазып бүтөр менен өз абалыңарды баалай билгиле: силер өзүңөр болгуңар келген жерден канчалык алыстыкта турасыңар? Азыркы абалыңарды баалагыла да, анан силерди жолдо сактап жүрө турган такталган стандартты, кадамдарды жана өзгөрүүлөрдү иштеп чыккыла.

Силердин планыңар жашооңордун көптөгөн сезондоруна жарай тургандай актуалдуу боло алат. Максатыңарды эске салуу менен төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

*Биз ушундай абалда турганда никебиз кандай болот...*
*Али балалуу боло элек кезибизде?*
*Кичинекей балдарды тарбиялап жатканыбызда?*
*Өспүрүмдөрдү тарбиялап жатканыбызда?*
*Биздин балдар уядан учкан кезде?*
*Неберелерибиз менен ырахаттанганда?*

*Өзүбүздүн акыркы мезгилге (сезонубузга) бир кирген кезибизде кандай болот?*

*Эгерде силер али үйлөнө элек болсоңор жана үйлөнөлү деген максатта жолугуп же ойлонуп жүрсөңөр, анда келечекте өзүңөр кура турган нике тууралуу ойлонгула.*

Силер акча жана балдарды тарбиялоо жагында максаттарды аныктагыла. Бул силер өзүңөрдүн күнүмдүк стандартыңар, чечимиңер, жана адаттарыңар менен чече турган ири максаттар. Кийинки суроолорго кантип жооп берериңер тууралуу ойлонуп көргүлө.

*Силер бир айлык бюджетти качан жана кантип түзөсүңөр?*

*Өз өргүүңөрдү кайсы жерде жана кантип өткөрөсүңөр жана аны кантип пландайсыңар?*

*Бош убактыңарды кантип бирге өткөрөсүңөр?*

*Жубайыңар менен жолугушууга баруна кантип улантасыңар?*

*Өз жубайыңар менен болгон пикир келишпестиктерди кантип чечесиңер?*

*Өз балдарыңар менен кантип убакыт өткөрөсүңөр?*

*Өз балдарыңарды кантип тартипке саласыңар?*

*Силердин ар бириңер карьераңарды үйдөн сырткары жакта көргүсү келеби? Эгерде жообуңар "ооба" болсо, анда ар кандайча, жашоонун ар кайсы мезгилинде болобу же кандай? Силер бири-бириңерди карьерада жана башка негизги максаттарга жетүүдө кантип колдойсуңар?*

*Силер кандай билим алууга умтуласыңар? Балдарыңарга кандай билим бергиңер келет?*

*Силердин балдарыңарга эс алуунун кандай түрү ыңгайлуу болот?*

*Алардын талант, кызыкчылыктарын кантип өстүрөсүңөр?*

*Өзүңөрдүн физикалык саламаттыгыңарды кантип колдоп турасыңар? (Физикалык машыгуу, эс алуу, туура тамактануу ж.б.)*

*Өзүңөрдүн руханий саламаттыгыңар үчүн кантип кам көрөсүңөр?*

*Балдарыңарды Кудайды таанып-билүүгө кантип багыттап-насааттайсыңар?*

*Силердин никеңер жана үй-бүлөңөр айланаңардагы адамдарга кантип пайда алып келет? (Жыйыныңарга, районуңарга, кварталыңарга, иштеген жериңерге ж.б.)*

Биз жогоруда айтып кеткендей, силердин планыңардын такталган жактары акылмандуулууңардын артышы жана тажрыйбаңардын топтолушуна жараша өсүп жана өзгөрүп жүрүп отурат. Бул жакшы

эле нерсе. Бирок силердин чекти (рамканы) чийип алып жана келе жаткан жашоодо силерге негиз болуп кызмат кылып бере турган стандартка өзүңөрдү арнашыңар маанилүү.

## Эверестке көтөрүлүү

Самолетко отурган түгөйлөрдү элестетип көргүлө. Алар кубанган бойдон саякатка кетип бара жатышат, бирок кайда барары тууралуу элестете да алышпайт. Алар болгону эле самолет аларды кандайдыр бир кызыктуу күтүлбөстүктөр жакка алып бараткандыгын гана болжолдошот. Алар кандайдыр бир жылуу жактарга баратышкандыгын билгендиктен сууга түшүүгө ылайык келген гана кийимдерди алышат жана кечкисин суук болуп калса кереги тиет деп жылуу свитерлерден экини алышат. Бир нече саат өткөндөн кийин алар белгиленген жерге учуп жетишет да, анан Непалга конгодуктарын көрүшөт. Алар тропикалык жактарга баратабыз деп ойлошкон, бирок чынында аларга Эверестин чокусуна чыгуу керек экен. Алар мындай опурталдуу жана тобокелге тура турган саякатка даяр эмес болушчу. Ошондуктан, токтоосуз түрдө артты көздөй үйлөрүнө жөнөшөт.

Көпчүлүгү никени көл жээгине барчудай элестетишет, бирок нике көбүнчө тоонун чокусун багындырганга окшогон нерсе. Бул сыйлык дагы, ырахат дагы, бирок оор процесс. Бул иллюстрациялар күлкү келерликтей көрүнгөнү менен, статистика боюнча алып караганда, жубайлык союздардын өлүмү Эверестти багынткан алпинисттерге караганда жыйырма эсе көптүк кылат.

Эмне үчүн Эвересттин бийиктигин багынткандар, жубайлык түгөйлөргө салыштырмалуу ийгиликтүүрөөк? Анткени алар өз саякаты тууралуу аянга ээ, алар өзүлөрүн эмне күтүп тургандыгын билишет. Аларды температуранын төмөндүгү, кескин аба, дуулдаган шамал коркутпайт. Тилекке каршы, көптөгөн үй-бүлөлөр башкача, чындыкка туура келбеген нерселерди күтүүдөн жана аяндын же-

тишпестигинен улам талкаланууга дуушар болушат. Жеке планды иштеп чыгуу үчүн, азыр убакытты сарптоо манилүү.

## Жакшы болот

Силердин тарыхыңардын өсүп жүрүп отурушуна жараша Кудай аяныңардын ченин кеңейте берет жана ага эң жакшы нерселерди кошумчалайт, бирок Ал эч качан силердин жубайлык жашооңорго каршы болбойт. Башыңарга келген сыноолор силерге Кудайдын нике тарыхыңарды жок кылгысы келип жаткан аракетиндей сезилиши мүмкүн, анан силерде Кудайга карата көңүл калуу жана кыжырдануулар пайда болушу мүмкүн. Бирок билип койгула, биз дуушар болуп жаткан нерселердин автору Кудай эмес, Анда баары жакшылыкка гана айланып турат (Рим. 8:28ди окугула). Анын Руху жана ырайымы эч качан силерди таштабайт, Ал эч качан силер көтөрө албай турган нерселерди жибербестиги тууралуу убада берген.

> "... Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноолор менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет" (1 Кор. 10:13).

Убакыттын өтүшү менен баары четинен кыйрап жаткандай туюлат, бирок силер үмүтүңөрдү бек сактай турган болсоңор, анда ар кандай бороонду жеңесиңер. Качан бардыгы айтылып, жасалып бүткөндөн кийин Устаттын силерге минтип кайрылган сөзүн угасыңар:

"Жарайсың, ишенимдүү, жакшы кул!" (Эвр. 25:23).

Устат "изги" (идеал) деп айтып жаткан жок, Ал "жакшы" деп айтып жатат. Бул чынында эле кызыктуу ээ?

Биздин арабыздан эч ким өз жашоосун изги жашап өтө албайт. Бирок, аны жакшы жашап өтсө болот, никеде да ошондой эле. Бул демек, биз никеде Ал биз үчүн даярдап койгон жакшы нерселерди алуу үчүн, Кудайдын ырайымы менен, өз каталыктарыбыздан сабак алуу, момундукту сактоо аркылуу алдыга жылуу дегендик. Эгерде

силер ушинтип жашоону каалай турган болсоңор, анда силердин никеңер эптеп эле өлбөстүн күнүн көрүп жүрбөйт. Ал гүлдөп өнүгөт. Кудай силер үчүн аягына чейин кам көрөт.

> "Толук үмүткө ээ болуш үчүн, ар бириңердин аягына чейин ушундай кылышыңарды каалайбыз. Жалкоолонбогула убадаланганды ишеними жана чыдамдуулугу менен мурастагандардан үлгү алгыла" (Эвр. 6:11,12).

Кудайдын каалоосу никеде силер Анын убадаларын мурасташыңар. Анын Руху силерге берген үмүткө таянгыла. Жубайыңарга карата чыдамдуу болгула, жубайлык союзуңарга ишенгиле. Кудай жеткилең эмес эле эки адам аркылуу эмнелерди кыла аларын көрүп таң каласыңар. Кудай никенин тарыхын жубайлар аны кантип баштаганына эмес, кантип аяктарына карап кургусу келет.

## 1-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# КУРУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ШЕДЕВР

*Анткени - бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз.*

— Эфестиктерге 2:10

Кудай жараткан бардык нерсе, анын ичинде силердин никеңер дагы максатка ээ. Анын Рухунун Силердин жашооңорго түздөн-түз катышуусу менен, Ал силердин никеңерди Анын ырайымынын шедеври кылгысы келет.

Эстеп көргүлөчү, силер али үйлөнө элек – турмуш кура элек кезиңерде өз никеңерди кандай элестетет элеңер? Идеалдуу никелердин кандай түрлөрүн силер жүрөгүңөргө сактап жүрдүңөр эле?

___

___

___

Азыркы никеңер ошол кездеги кыялыңардан канчалык айырмаланат?

___

___

___

Кудай жубайлык мамиле бул Келишим болушун каалаган. Ал келишим бир өмүргө түзүлөт, башкача айтканда, “өлүм ажыратмайынча”. Ал келишимде ар бир жак экинчи жакка баш иет да, өзүндө болгон баардык нерселерди берет. Бир адамдагы кыйынчылык, башка бирөөсүнүн кыйынчылыгы болуп сезилет, анан ар бири өнөктөшүн коргоп жана анын муктаждыгын толтурууга аракеттенет.

**Авторлор жана спикерлер Боб жана Одри Мейснерлер** өз аяндары менен мындайча бөлүшүшкөн:

> "Келишим – бул Кудайдын иши. Ыйык Жазуу келишимде жүрүүдөгү баталар тууралуу ачык эле айткан, бул өз ичине Кудайдын баталарын, каржыдагы эркиндикти, коопсуздукту жана ишенимди, узак жашоону, такыбаа мүнөздү камтыйт! Чыныгы келишимдин шарттарында өз каталыктарын моюнга алуу жана жашоодогу кыйынчылыктарга каршы туруу оңой, анткени чынчылдыгыбыз үчүн бизди четке кагып салбайт деп билебиз. Жубайыбызга да кыйынчылыктар аркылуу чогуу өтүп бара жатканыбызда ийгиликсиздиктерди жеңе билүү үчүн сүйүүдөгү чындыкты айтуу оңой болот. Машайактагы жашоодогу жакшы келишим ушундай.

Силердин келишимиңер тууралуу Кудай эмне дейт? Өзүңөрдөн сурап көргүлө: "Мен никеде келишим боюнча жашап жатамынбы? Мен ушундай никеде жашашым үчүн эмнелерди кылганга дярмын?" Сыйынып жана Ыйык Рухтун күчү келсин деп сурангыла.

___

___

___

Кудайда силердин келишимдеги никеңер үчүн, жубайлардын өзүлөрүнөн да алысыраак аша турган улуу максаты бар. Ал жубайлык союздар сүйүү менен чындыкты келечекке таратуучулардан болушса деп каалайт, мисалы Ыбрайым менен Саарадай болуп. Өзүңөрдөн анан Кудайдан минтип сурап көргүлө: "Менин никем кимге таасир этет, ал кандай аракетке ээ?"

___

___

___

Токтогула да сыйынгыла: "Ыйык Рух, мен кантип Сенин келишимиңдин чектерин кеңейтсем болот? Ал менин балдарыма, неберелериме жана мен таасир эте турган адамдарга чейин жетиши үчүн эмне кылышым керек?!

___

___

___

*Кудайдын алдында унчукпай тургула. Ал азыр жана келерки күндөрү эмне дейт экендигин уккула Анын насаатын жазып алгыла жана тил алчаактык менен Анын ырайымын сурагыла.*

## 2-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# МЕШТЕ ЭРИТИЛГЕНДЕР

*Достор, жашоо аябай кыйын болуп кеткенде, Кудай силерди таштап койду го деген бүтүмгө келүүгө шашпагыла.*
*Мунун ордуна силер Машайакка окшоп кыйынчылыктардын арасында калганыңар үчүн кубангыла. Бул руханий тазалануу процесси, анын артынан даңк келет*

— 1 Петр 4:12, The Message, англ. тилинен которулду

Нике – бул руханий тазалануунун процесси, Кудай деген тазалоочу. Көйгөйлөрдүн булагы Ал эмес, бирок Ал силерди жана жубайыңарды Ыйсага көбүрөөк окшоштуруу үчүн аларды колдонот.

Келгиле, чындыкты айтып көрөлү - эч ким сыноого туш болгонду каалабайт. Эгерде биздин колубуздан келсе, аны айланып өтүп кетмекпиз. Бирок кыйын жолдун мааниси бар.

Сыноолордун артыкчылыгы тууралуу ой жүгүртүп көргүлө. Биз Ыйык Жазуудан кээ бир жерлерди алып, аны никеде колдонуп көргөнбүз.

> Бирок Ал менин күйөөмдүн же аялымдын жолдорун билет жана Ал (менин күйөөмдү же аялымды) сынап жатканда, мени толугу менен күнөөсүз кылып коёт, мен сыноодон алтын сыяктуу тазаланып, таптаза болуп чыгам.
>
> — Аюб. 23:10, TLB, англ. тилинен которулду.

> Сен бизди (менин күйөөмдү, менин аялымды) сынадың Кудайым, бизди күмүштү эриткендей эриттиң...биз оттон да, суудан да өттүк жана Сен улуу молчулуктагы жетишкендикке алып келдиң.
>
> — Забур 65:10,12, TLB, англ. тилинен которулду

> Менин бир туугандарым (менин күйөөмдүн же аялымдын бир туугандары), качан ар түрдүү азгырыктарга туш келгенде, сыноолор чыдамкайлыкка алып келерин; чыдамкайлык силер эч кандай кемчилдиксиз, бар тараптан жеткилең аракетке ээ болушуңарга алып келерин улуу кубаныч менен кабыл алгыла.
>
> — Жакып 1:2-4, The Message, англ. тилинен которулду

> Алтын да от менен сыналат, от аны бузуп салышы да мүмкүн. А силердин ишенимиңер кымбат балуу алтындай. Анын чындыгы силердин сыйлык, мактоо жана намыс алышыңар үчүн (аялыңар же күйөөңөргө) сыналып жана далилдениши керек.
>
> — 1 Петр 1:7, азыркы англ.тилинен которулган

Азыр жубайыңар экөөңөр баштан өткөрүп жаткан азаптарды (келишпестиктерди) кыскача сүрөттөп жазгыла.

___

___

___

Ушул аяттар аркылуу Ыйык Рух силер жөнүндө, силердин күйөөңөр (аялыңар) жөнүндө, силер баштан кечирип жаткан абал жөнүндө эмне дейт?

___

___

___

Силер эгерде менин жубайымдын кайсы бир жери туура эмес деп ойлой бере турган болсоңор, анда силердин жашооңордо эч нерсе өзгөрүлбөйт. Өзгөрүү деген силер өзүңөрдү өзүңөр өзгөртө баштаганда гана сезиле баштайт. Токтогула да, сыйынгыла: "Ыйык Рух менин жүрөгүмдө жана акылымда эмне болуп атат? Сен эмнени өзгөрткүң келет? Өзүмө келгенде мен эмнелерден адашып жатам? Мага Сенин үнүңдү укканга жана Сенин сөзүңө баш ийгенге жардам бер. Ыйсанын ысымынан".

**Ыйык Рух мага өзүм жөнүндө ачып берген чындык:**

___

___

___

**Мени Ыйык Рух жандандыргандагы аракеттер:**

___

___

___

# ИШЕНИМ, ҮМҮТ ЖАНА МОМУНДУК

*Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө бай болушуңар үчүн, үмүт берүүчү Кудай силерди ишеним жолунда ырайымга жана тынчтыкка бөлөсүн.*

— Римдиктерге 15:13, заманбап котормо

Ишеним деген кереметтүү никенин курулуш блокторун камсыздаса, үмүт аны жаратуу үчүн чийилген чийме сыяктуу. Үмүттүн булагы болгон Кудай силерге жана силердин жубайыңарга ишенет. Эгерде силер Ага ишене турган болсоңор, анда Ал силердин кыялыңардагыдай жубайлык союзду түзүүгө күч берип, Өзүнүн чиймесин берет.

"Ыбрайым же ишенимдин Тил алчаагы" деген китептин автору, пастор **Ф. Б. Мейер** минтип түшүндүрөт:

> "Ишеним деген, бул – сейрек кездешүүчү жыпар жыттар жана машайакчылык жашоонун тамшанарлык тактары калган кичинекей үрөн. Ал Кудай ага качан тийип, анан батасын берер экен деп гана күтүп турат. Эгерде адамда ишеним болсо, анда ичинде болгон нерсенин өнүп чыгышы, убакыттан гана көз каранды болгон нерсе... Ишеним бизди Кудайдын Уулу менен ушунчалык бириктирип салгандыктан, биз аны менен кылымдарга бир болуп калабыз жана Анын мүнөзүнүн даңкы бизге ыйгарылат".

Ошентип, ишеним деген эмне? Ал кайдан пайда болот? Анын өз жашообузда өсүп бара жатканын кантип көрүүгө болот? Бул үзүндүлөрдүн үстүнөн жакшылап ой жүгүртүп көргүлө да, анан Ыйык Рух ачып берген нерселерди жазып койгула.

**Римдиктерге 1:11,12; 10:17; 12:3 • Эврейлерге 11:1,6 • Эфестиктерге 2:8 • Колостуктарга 2:6-8**

Ишеним менен бирге силерге үмүт дагы керек. Ал жубайлык союздар үчүн Кудай тарабынан берилген – чийме. Токтогула да, сыйынгыла: "Теңирим, биздин никебиз үчүн мага жана менин жубайыма Өзүңдүн Кудайлык диаграммаңды салчы. Ыбрайымга Сен жылдыздар аркылуу иллюстрация көргөзгөн сыяктуу биздин да жүрөгүбүз кылымдарга эстеп кала тургандай жана түшүнө ала тургандай образыңды тартып койчу. Ыйсанын ысымынан". Карагыла, уккула, Кудай силерге эмнени ачып берген болсо, ошонун баарын жазып калгыла.

Силерге ишеним менен үмүттү алуу үчүн бир жакшы зарыл нерсе бар. Бул момундук. Момундук минтип айтат: "Теңир, мен Сенсиз эч нерсе кыла албайм, бирок Сени менен баарын кыла алам". Эгерде жүрөгүңөрдө момундук болсо, анда никеңер үчүн Кудайда эмне болсо, ошонун баарына карата эшик кенен ачык!

Он тогузунчу кылымдагы автор жана пастор **Эндрю Мюррей** минтип айткан: "Ыйса дүйнөгө момундукту кайрып берүү үчүн келген. Аны менен бизди өз иштерине катыштырып жана ал аркылуу бизди куткарсын үчүн... Анын момундугу-биздин куткарылуубуз. Анын куткаруусу – биздин момундугубуз... Биз Машайакта Анын кудайлык момундугу менен болгонубузда гана, чыныгы момун болобуз".

Бул аяттардын үстүнөн жакшылап ойлонуп көргүлө, Кудай силерге эмнени ачып берет экен?

**Матай 11:28-30 • Жакан 13:1-17 • Филипптиктерге 2:1-11 • Жакып 4:6 • 1 Петр 5:5**

*Бардык учурда момун, жоош жана чыдамдуу болгула, бири-бириңерге сүйүү менен мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула. Рух биримдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенгиле.*

— Эфестиктерге 4:2,3 заманбап котормо

4-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ЧОҢ НЕРСЕ ТУУРАЛУУ ЧОГУУ ОЙЛОНГУЛА

*Жалгыз болгонго караганда экөө болгон жакшы, анткени алар өздөрүнүн эмгеги үчүн жакшы сыйлык алышат. Эгерде кимдир бирөө жалгыз адамды жеңе ала турган болсо, экөө ага каршы тура алат. Үч катталган жип да оңой менен үзүлбөйт.*

— Насаатчы 4:9,12

Ар бир күйөө жана аял үчүн Кудайдын оюу – бул, алар никенин улуулугунан ырахат алып жашаш керек. Эгерде силердин жубайлык союзуңардын ортосунда Анын Ыйык Руху падышачылык кылып жаткан болсо, анда силердин никеңер улуулукка карай жолдо!

Жакшыраак жашагыңар келеби? Анда жакшыраак нерселерди кыялданууга убакыт бөлгүлө. Ушул бөлүмдүн аягында өз никеңер тууралуу аяндарды жазып чыгуу үчүн зарыл болгон нерселердин баары болот. Ал эми азыр болсо ошол өзгөчө учурга даярдангыла.

Силер жана силердин күйөөңөр (аялыңар) болгусу келген бир нече жагымдуу жерлердин тизмесин түзгүлө.

*Өз жоопторуңарды талкуулап чыккыла да, анан романтикалык саякатка бара турган жерлерди карап чыккыла.*

Биргеликтеги кыялыңар бири-бириңерге жүрөгүңөрдү чындап ачууга жардам берет. Ошондой эле, биримдикте күчкө толуп, акылмандуулук менен, такыбаалык менен жана Кудайдын жетегинде улуу иштерди кыла аласыңар. “Силердин аракетиңер дагы да натыйжалуу болушу үчүн, түгөйлөр катары эмнелерди кыла аласыңар? – деп сурап жатышат авторлор Билл жана Пэм Фаррел. – Туруктуу болгула... Силер чын эле кыялыңарга карай туура жолдо барата-

сыңарбы? Аны билиш үчүн максаттарды жазыш керек.. Максат так болушу керек... реалдуу болушу керек... жана Кудайдын жардамы менен жете тургандай болушу керек".

Биз эртеңки күндө окуу үчүн деген үзүндүдө максаттарды пландаштырууну кененирээк талкуулайбыз. Азыркы учурда жүрөгүңөрдө кандай кыялдар бар? Ойлонуп көргүлөчү, балдарды тарбиялоодо, каржы жагынан туруктуулукту сактоодо, билим алууда жана карьерада, үй сатып алууда же курууда, пенсия ж.б. боюнча бири-бириңер менен кандай мамиледе болгуңар келет.

**Биздин нике үчүн менин эң чоң максатым:**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Өз максатыңар тууралуу бири-бириңер менен сүйлөшүп бүтөөрүңөр менен, аларды жазып койгула.

**Биздин никебиз үчүн менин аялымдын (күйөөмдүн) эң чоң кыялы:**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Силердин кыялыңар дал келишет бекен? Аларда кандай жалпылык бар экен? Аларды талкуулап чыккыла.

**Биз баарынан да көп муну кыялданабыз:**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

*Эсиңерде болсун: "Кудай баарын кыла алат – бул силер элестеткенден да, силер сунуш кылгандан да же силер сураган абдан күчтүү кыялыңардан да бир топ эсе чоңураак нерсе!" (Эфе. 3:20. англ. тилинен которулду). Өз кыялыңардын баарын сыйынууда Теңирге бергиле жана кыялга багытталган так кадамдарды жасаш үчүн Андан жол көрсөтүүсүн сурангыла.*

# ӨЗ АЯНДАРЫҢАРДЫ ЖАЗЫП КОЙГУЛА

*...Көрүнүштү жаз, окуй турган адам оңой окуй алыш үчүн, аны таш лоокторго даана жазып кой.*

— Хабакук 2:2

Эми, экөөңөр бирге кыялдана баштагандан кийин аяныңарды жазып койгула. Аянга ээ болуу – демек, өз никеңердин реалдуу кыялдарына ээ болуу жана Кудайдын ырайымы жана багытоосуна ылайык силер ким боло аласыңар.

Үй-бүлө маселеси боюнча кеңешчи, профессор, автор Х. Норман Райт аян темасына карата өзүнүн эң баалуу көз карашын сунуш кылат:

> "Көрө билүү деген - боло турган нерсени өткөн нерселер тууралуу көрөгөчтүк билимге ээ болуу, мумкүнчулүк жана өткөндүн баалуу сабактарын колдонуу менен, күн мурунтан көрүү. Ошондой эле, аян (көрө билүү) деген көрүнбөгөн нерсени көрүү жана аны көрүнгөн нерсеге айландыруу дегенди түшүндүрөт. Бул демек, акыл аң-сезимибизде келерки күндөр кандай болорун элестетет. Аян деген - али боло элек шарттардын образы. Бул өткөн менен бүгүнкүгө караганда келечектегиге көбүрөөк көңүл буруу дегендик. Аян деген – бул, Кудайдын күчү жана багыттоосу менен мыкты келечекти жаратуу процесси".

Ийгиликтүү никенин аяндары абсолюттук пиринциптерге ээ. Силер өз жубайыңар менен бирге эч нерсеге карабастан ,сактай ала турган бузулгус стандарттардын бир нечесин жазып көргүлө.

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

*Бул тизме мындай чечимдерден турушу мүмкүн: жаңжалдан качуу, карызга албоо, дайыма кечирүүгө даяр болуу, эч качан бири-бирин кемсинтпөө ж.б.*

**Райттын** аяндарынын сүрөттөлүшүн кайрадан окуп чыккыла. Ал силерге эмне тууралуу айтып жатат? Никеңер үчүн кыска убакытта аткарыла турган, эмки жылы жубайыңар менен чогуу жетсек деген кандай максаттарды коё аласыңар?

Никеңер үчүн иш арасындагы кандай аяндарыңар бар? Келерки беш-он жылдын ичинде кандай максаттарга жеткенди каалайдыңар эле? Так жана реалдуу максаттарды коё билүү керектиги эсиңерде болсун жана көрүп турган нерсеңерге көңүлүңөрдүн борборунда болсун.

Никеңер үчүн узак жылдарда аткарыла турган кандай аяндарыңар бар? Келерки жыйырма-отуз жыл ичинде кандай максаттарга жетишкенди каалайдыңар эле? Пенсияга чыгууну, неберелердин пайда болорун, кызматыңарды, күнүмдүк иштериңерди, саякаттарыңарды ж.б. нерселерди да эске алгыла.

*Бирок мен пландаштырып жаткан нерсе дароо эле боло койбойт. Анткени көрүнүш белгилүү бир мезгилге таандык. Ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да, күт, анткени ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт!*

— Хабакук 2:3, TLB, англ. тил. которулган

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти "Messenger" кызматындагы "Никенин тарыхы жөнүндө" деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 2 - видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Көптөгөн үйлөнгөн түгөйлөр эптеп күн көрүүнүн убарасында жашашат. Бирок Кудай биздин никебиздин мындай болушун каалабайт. Ал биздин никебиздин гүлдөп турушун каалайт! Бир нече мүнөттөр бою бири-бириңер менен сүйлөшкүлө. Нике үчүн эмнеге аян алуу жубайыңар экөөңөрдүн чегиңерден да ашып түшүшү керек?

2| Никеде албетте кыйынчылыктарга дуушар болосуңар. Силер – жубайыңар экөөңөр – эки адам, бир дене болуп калуу процессин баштан өткөрүп жатасыңар. Эврейлерге жазылган Катта (12:2,3) бизге кыйынчылыктар менен иштөөнүн планы берилген. Ушул үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла да, Кудай бизди меште эритип тазалап, алтын кылуу аркылуу эмне кылып жатканын аныктагыла.

> "Биз ошол жарыштын баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны кароо менен, кайсы жерде экенибизди көрөбүз. Ал муну кандай кылгандыгын карап көргүлө. Ал өзү умтулуп жаткан максатын көз алдынан кетирбегендиги менен Ал Кудайда жана Кудай менен ошол таң каларлык финишке жеткен. Ал өз жолунан чыккан: айкашка, уятка, бардык нерселерге чыдаган. Качан ишенимде алсырап бараткан кезиңерде, ушул таржымалды, Ким күнөөкөрлөр тарабынан ушунчалык каршылыктарды көтөргөнүн майда-баратына чейин кайра санап чыккыла. Бул силердин жаныңар үчүн чоң жардам болот!" (Эвр. 12:2,3, The Message, англ. тилинен которулган).

3| Кудайдын эң жакшы белектеринен ырахаттанып жашашыбызга текебердик тоскоол болот. Никеге карата аян алганыңарда силер текебердикти кантип чектедиңер? Силер үчүн Кудай ойлогондой никеде жашаш үчүн кандай өзгөрүүлөрдү жасашыңар керек?

4| Улуулукта өсүп бара жаткан бактылуу, жакшы никелер аяндарга ээ. Жакшы аянды так реалдуу план менен колдоп турууга болот. Ар бир түгөй өзүлөрүнүн жеке жолун курат жана күйөө дагы, аял дагы аны аткарууга өзүлөрүн арнайт. Аяндын майда-чүйдөсүнө чейин талап кылган никенин бир нече жактарын атап айткыла. Так планды жазып алуу эмнеге ушунчалык маанилүү? Эмне үчүн өз аяныңарды мезгил-мезгили менен карап, оңдоп туруу керек?

**Лидерлерге:** Силердин группаңардан Хабакук 2:2,3; Накыл сөздөр 29:18ди окуп чыгууну алардан сурангыла.

5| Матайдан Жакшы Кабарда (25:23) “ишенимдүү жакшы кул” өз мырзасынын чарбасын “жакшы” башкарганы тууралуу айтылат. Никеде жакшы жашоо деген – бул, демек идеалдуу-изги жашоо дегендик эмес. Идеалдуу никеден күтүп аткандарыбыз бизди кантип анда жакшы жашоодон кармап калат эле. Мамилелердеги жана реакциялардагы каталыктар менен кошо биздин стандарттагы “жакшы” деген нерсе эмнени түшүндүрөт?

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Силердин никеңердин тарыхы, жалгыз эле силердики эмес. Ал силер жубайлык жашоодо байланышта болгон бардык адамдарга жана кийинки муундарга өз изин калтырат.
- Эркек менен аял Ыйсанын бейнесине окшошуп өзгөрүлүүгө жана калыптанууга ыңгайлуу шарт түзөт. Бул Кудайды белгилүү кылуу менен Ага улуу даңкты алып келет.
- Ишеним – бул, али чындыкка айлана элек, курулуш каражаты. Ишеним деген – бул чийме, же курулуш жүрүшү үчүн Кудайдан берилген аян.
- Момундук биздин жашоодогу Кудайдан болгон бардык нерсеге карата эшиктерди ачат. Момундук аркылуу биз Ал ойлогон никенин кенендиги менен улуулугун көрүүдө Кудайдын ырайымына (күчүнө) жетебиз.
- Азыркы кездеги никеңердин абалына карабастан, никеңер түбөлүктүү бактылуулукта өсө алат.
- Никеңер үчүн аяндарды жазып койгула: убакыттын өтүшү менен силердин үмүтүңөрдү, кыялыңарды, талашсыз стандарттарыңарды камтыган тирүү, дем алган планды жазгыла.



3-БӨЛҮМ

# Палубаны тазалоо

*Палубаны тазалоо: белгилүү бир окуяга же максатка даярдануу, ар кандай күтүлгөн жаңылыштыктарды алдын ала болтурбай коюу.*

## 1-күн.

Бул деңиз термини, салгылашуу алдындагы даярдыкта кемелерге берилген буйрук болгон. Палубаны (кеменин бети, үстү) тазалоо жөнүндө буйрук болгон кезде моряктар баарын жыйноо керектиги зарылдыгын билишкен – жабдыктарды, аркандарды жана башка суднанын эркин сүзүшүнө тоскоолдук кылган бардык нерселерди жыйнашкан. Бүгүнкү күндө бул термин эркин аракеттенүүгө даярдык көрүүнүн бардыгы үчүн колдонулат.

Өткөн бөлүмдө биз никенин тирүү чиймеси тууралуу айткан элек. Ал эми бул бөлүмдүн максаты алдыга жылганга тоскоол болгон бардык маселелерди карап чыгып жана никенин улуулугуна жетишүү. Палубаны тазалаган кезде корабддын экипажында жиптерди түрүп, бардык тоскоол боло турган нерселерди жыйнаштырышат. Анткени, катуу шторм же кандайдыр бир шашылыш нерселер болгондо эч нерсе бутка чалынбаш керек, жайчылыкта жеңил гана аттап өтүп кете турган нерселер, кысталышта абдан чоң тоскоол болушу мүмкүн.

Бизге келечекке карай жолдо бизди колдоп турган жүктөр менен сүзүү жөнүндөгү идея жагат. Ал эми ылдыйга тартып турган нерселердин баарысы же өткөндөргө якорь таштоого мажбурлаган нерселердин баарын борттон ары ыргытуу керек. Өтө көптөгөн адамдар “палубанын ичинде эле чалынбай, борттон ары түшө жыгылып жана деңизде жок болуп кетип атышат.

Никеде жубайлардын бардык кемчилдиктери болуп көрбөгөндөй ачылганы менен, Кудайдын нике тууралуу ою абдан таптаза. Судна аңтарылып же таптакыр башка жакка кетип калбай, парустар шалбырап, жүктөр жоголуп, тешиктер пайда болуп, аркандар үзүлүп кеткичекти өз жолуңарды ишенимдүү басып өткүлө демекчибиз.

Дениз көрүнуштөрү түрүндөгү теманы улантуу менен, мамилелерибизди негиздеген суроолорду рационалдуу түрдө чечүүдөн баш тартуубуз менен, биз көлгө түбү тешик кайыкта чыгып, анын тешигин капкак менен тыгып жаап кайгондой болобуз. Кандайдыр бир мезгилге чейин ал бизди куткара алат, бирок басым күчөгөндө ал турушту бере албай калат.

Биз силердин жолдон адашып же чөгүп кетишиңерди каалабайбыз. Биз силердин никеңер ар кандай штормдарга туруштук берген кеме болушун каалайбыз. Мурдагы бөлүмдөрдү окуп, план түзүп жатканыңарда албетте силер жолго чыгаардан мурда чечип ала турган кээ бир пландарды моюнга алган болсоңор керек. Келгиле анда, ар бир кемчилдикти карап көрөлү: тамыр жайган өзүмчүлдүктү, текебердикти, таарынычты. Келгиле, ар кандай жолтоо болгон каргыштардан, чырмаган коркунучтан арылалы, биздин якоробуз үмүт болуп калсын.

## Башталыш

Палубаны тазалоо эң бир зарыл нерсе экенин билип турабыз, анткени буга чейин өз саякатыбызда аны жасаган эмеспиз. Биз никеге чейинки кеңеш берүүчү жерде айтылган кеңештерге көп деле көңүл бурган эмеспиз. Биздин концультантыбыз үй-бүлөлүк ке-

лишпестиктер жана бороон-чапкындар тууралуу айтып жатканда, биз: "Жаңжал?! Биз эч качан жаңжалдашпайбыз! Бизди Кудай Өзү бириктирди. Бул кеңештер бири-бирин анчалык сүйбөгөндөргө, бизчелик сүйбөгөндөргө да. Биз андай эмеспиз. Кудайдын колу биздин жашообузда" деп ойлогонбуз.

Жубайлык жашообуз башталгандан бир нече жума өтпөй туруп эле талаш-тартыштар башталган бизде. Ушунчалык катуу жаңылыштык деп ойлоого көп деле убакыт керек эмес болчу.

Биз өзүбүздү идеалдуу түгөйлөрбүз деп толук ишенип баш кошкон элек, бирок көп өтпөй эле бири-бирибиздин кемчиликтерибизди улам көбүрөөк көрө баштадык. Биз ошондо бири-бирибизди өзгөртүүгө күч үрөп аракеттене баштадык. Натыйжада биздин баталуу никебиз эки эркин адамдын салгылаш талаасына айланып калды. Темир темирди курчута баштаганда от учкундары чачырай баштады.

Биз өз союзубуз чынында абдан назик жана алсыз болгонун мойнубузга алган эмеспиз. Биз бири-бирибизге абдан берилген эле түгөйлөр элек, бирок өзгөчө чыдап коюу, бири-бирибизди колдоп коюуга туура келген учурларда өзүбүздү өзүбүз абдан жогору баалар элек. Мойнубузга албаганыбызга карабай, ар бирибизде кемчилдиктер көп болчу, ал эми жакшы нерселерибиз болсо да, алар жакшы бекемделбегендиктен, кыйынчылыктар келгенде туруштук бере албай кетип жатты.

Биз палубабызды Теңирдин тазалашына жол бергенден көрө, бири-бирибизди тазалап баштаганбыз. Асманда отургузулганбыз деп эсептешкен түгөйлөр жакшы нерселерден ажырап баратты. Жыйында жүргөнүбүздө ынтымактуу жубайлардай болуп көрүнчүбүз, бирок үйгө келгенде биздин жашообуз WWF Monday Night Rav программасынын күрөш рингиндей болуп көрүнүп жатты.

Алгачкы жылы биздин жашообузда "интенсивдүү баарлашууну" парктика жүзүндө аткарып жаткандай болдук. Бир жолу Джон мени (Лизаны) сүйлөшүп бүткөнгө чейин бөлмөдөн чыгаргысы келбеди. Ошондуктан, керебетке отуруумду талап кылды. Мен болсо ага эртең өкүнүп кала тургандай бир нерсени айтып албаш үчүн чыгып

кетким келди. Джон мага отур деп айтты, бирок мен ордуман туруп жөнөп калган элем. Бирок ал сөзүбүздү аягына чыкканга чейин мени отургузууга аракеттенди. Натыйжада, мен бутума жакшы тура албай жерге кулап түштүм.

Мен колума торшерди (жерге же бийик кармагычка орнотулан жарык берүүчү буюм) ала калып ыргып турдум. Күйөөм өз көзүнө ишенбей, абдан үрөйү учкандай көз караш менен: "Аны менен эмне кылганы атасың?" - деп сурады.

"Билбейм" – деп буркулдадым мен.

Бул таң каларлык көрүнүштүн натыйжасында биз өзүбүзгө келип, жай сүйлөшө баштадык, бирок көйгөйдүн тамыры чечилбеген эле бойдон калды.

Бир нече күн өткөндөн кийин, түш оогон ченде мен өз курбума жолугуп калдым. Ал мага караганда көбүрөөк мезгилден бери күйөөсү менен жашап жүргөн эле. Анан мен ага күйөөм экөөбүздүн жаңжалдашканыбыз тууралуу айтсам болот деп ойлодум. Бирок лампа менен болгон окуянын баарын терип-тепчип айтып берүүнүн ордуна мен кепти алыс жактан баштадым. Мен андан: "Сени менен күйөөңдүн ортоңордо качандыр бир мезгилде жаңжал болду беле? Анан анын натыйжасында сен колуңа полдун лампасын ала койгон учурларың болду беле?"

Ал мага ушунчалык таң калуу менен карады, анткени менин суроом абдан тири шумдуктай угулду окшойт. Ал: "Жок!" деди.

Мен дароо кайра жооп бердим: "Менде да андай болгон эмес!" деп.

Албетте мен калп айттым. Менин курбум таң калыштуу суроом жардамга чакыргандай болгондугун сезген болуш керек. Бирок экөөбүз сыр бербей жаткандыктан, көйгөйүбүздү талкуулап чечип алган жокпуз.

Джон экөөбүз мындан ары барар жерибиз жоктой сездик. Көйгөйлөр улам тереңдеп да, чогулуп да баратты, бирок биз кимге кайрыларыбызды билген жокпуз. Жыйында биз жаңжалыбызды билгизбей, жарааттарыбызды жашырып жүрдүк. Мамилелердеги жарака улам чоңоюп бартканын көрүп турсак да, аны эмне кыларды билбедик. Үмүтсүз уят-

тын натыйжасында биздин мамилелер жамандан ары эң жаманга барат-ты. Акыр аягында үйдөгү чыңалуу акыркы чегине жетти.

Акыры жарылды. Биздин чатак ушунчалык күчөгөндөн улам, мен (Джон) Лизаны чаап жибердим. Буга чейин да мындай жаңжал-дар болчу, бирок мен түртүп гана жибергенге жеткем, эми бирин-чи жолу кол көтөрдүм. Мен ошол замат эле эмне кылып койгонуму түшүндүм, өзүмдүн кылык-жоругуман ушунчалык уялдым. Лиза мага жооп кылып чаап жиберди да, жуунучу (ванный) бөлмөгө бе-кинип алды. Ошол түнү биз экөөбуз тең бир нерсебизди жоготкон-дой сезим менен уктоого жаттык.

Эртеси эрте менен биз адаттагыдай эле жумушка жөнөдүк. Лиза-нын унчукпай менден алыстап жатканы байкалып турду. Биздин ма-милебизде да ыйыктык менен ишеним жоголуп кеткендей сезилди. Биз экөөбүз тең кечке иштедик. Жуманын аягында аралыгыбыз ого бетер алыстап калганы байкалды. Ошол мезгилде Лиза соода тар-магында иштечү. Ал өз районундагы дүкөндөрдү текшерүү менен, мени менен сүйлөшүүдөн качып, болушунча жумушунда кармалып жатты. Жумуштан келгенден кийин ал мени менен сүйлөшүүдөн да, бирге тамактануудан да баш тартып, дароо эле уктоочу бөлмөгө кирип окуй баштады. Мен чыдамдуулук менен дем алышты күтүп, акыры аны менен сүйлөшүп, чатакты жойгум келип жатты.

## Менин антым

Жаш кезимде мен (Лиза), эгерде күйөөм мени чаба турган бол-со, анда мен андан кетип калам деп ант берген элем. Мен кыйын үй-бүлөдө чоңойгонуман улам, кайра эле зордук-зомбулуктун астында калуудан коркчумун. Джон мени чаап жибергенде дароо өз антымды эстедим, анан мен өз жашоомду бүт бойдон өзгөртүп жибере турган че-чимди көз алдыма элестеттим. Мен өз никемди сактап кала алат белем? Мени чаап жиберген адамды сүйүп жана өзүмдү ага арнай алат белем?

Менин коллегаларым мени бир нерсе абдан тынчсыздантып жүргөнүн түшүнүп атышты. Бир начальнигим эмне болуп өткөнүн

билип калды. Ал мага эч кандай суроо бербестен туруп, Джонду токтоосуз таштоо тууралуу айтты. Мен Джонду сыртка чыгарып коюу үчүн дем алышты күтүп аттым. Өз коллегаларым менен сүйлөшүүдөн башка дагы мен Джеймс Добсондун "Сүйүү катуу болушу керек" деген китебин окуп жаттым. Ал мага ого бетер кырдаалды кризиске чейин жеткиришиме дем берип жатты.

Ошол күнү кечинде Джон үйгө келип, кире алган жок. Мен ичинен гана ачса боло турган илгич менен эшикти бекитип салгам. Ал такыр кире албай койду. Ал кезде уюлдук телефондор жок эле. Джон терезенин түбүнө туруп алып кыйкыра баштады: "Лиза, мен бул жердемин. Суранам, мени киргизчи!" Акыры мен терезени ачып, анын ошол жерде экенин билгенимди жана ал бүгүн түнөй турган башка жерди издеши керектигин айттым. Джон ишене алган жок. Бир нече убакыт өткөндөн кийин ал үйгө кире албастыгын түшүндү да, досунукуна барып жашай туруп жана сыйынып, орозо кармоону чечти.

Жалгыз калган соң мен дагы Кудай менен олуттуу сүйлөшкүм келди. Мен өз сыйынуумду минтип баштадым: "Жакшы Кудай, менде Сен үчүн бир нече идеялар бар. Азыр Джон менден алыстыкта турса да, ал мага карата абдан туура эмес кылгандыгы тууралуу аян алсын. Балким, Сен кандай жаман экенин ага көргөзөөрсүң. Ал кандай жаман уул экенин билдирерсиң же болбосо аны чагылган менен жазаларсың. Бирок аны өлтүрбө, анткени менде ага карата камсыз кылуучу күбөлүгүм (страховкам) жок.

Джон тууралуу канча сыйынсам да, Кудай мага менин өзүмдү гана көргөзүп жатты. Кудайды Джон тууралуу сүйлөшүү кызыктырган жок. Ал менин жүрөгүм менен гана иштегиси келди. Ал мага: "Лиза, сенин никеңе адаттан тышкары кийлигишүү керек. Эгерде сен ушуну каалаган, кереметтүү кийлигишүү болот. Бул демек сенин кечиришиң керектиги. Ал кечирүүгө татыксыз деп эсептеген күндө да кечиришиң керек" деп жатты.

"Лиза, - деп, Кудай сөзүн улантып жатты. Сен аны менен эсептешкиң келип жатат".

## Эсептешүү

Жаңжалдашканда Джон экөөбүз жөн эле бир нерсе үчүн күрөшкөн жокпуз. Биз бири-бирибизди кемсинтип, басуу үчүн бир нече айлардан бери чогулткан куралдарыбызды колдонуп жаттык. Биздин кылык-жоруктарыбыздын өсүп бараткан тизмеси, айыптоо, ачуу-каар биздин келишпестигибиздин негизи болуп жатты. Ал тургай, кичинекей эле нерселер да салгылашка чейин барып, болуп көрбөгөндөй өлчөмгө өсүп жетип кеткен учурлар болду.

Мен эң бир чоң кылмышкердей болуп, талаштын узарышына себепчи болдум, анткени Джондун мурда кылган кылмышын кечире албай жаттым. Биздин мамиледеги жараатты сактап жүргөнүмдүн айынан, мен аны кечирип коё турган болсом эле, анда менин эмоционалдык жана физикалык абалым, коркунучтун астында калчудай сезилди. Бирок, Кудай мага Джон жеткилеңдиктен алыс болгондугуна карабай, ал кечиримге татыктуу деп айтып жатты.

Мен кайрадан Кудайдын көңүлүн Джонго бургум келип жатты. Бирок, Ал мага багынбады. Мен минтип ойлодум: "Эмне үчүн дайыма эле мен өзгөрүшүм керек? Джонго деле ушинтип айтасыңбы? Анткени, ал Сен айтмайынча өзгөрүлбөйт".

Бирок, Кудай мага менин жүрөгүмдүн булганычын ачып жатты. Анан көп өтпөй текебердик менен өзүмчүлдүк баштарын көтөрө башташты. Анан мен өзүмдүн минтип ойлонуп атканымды байкадым, "Эгерде жекшемби күнү Джон экөөбүз бирге кол кармашып отурбаганыбызды көрсө, элдер биз тууралуу эмне деп ойлошот?" Мен анан, ага үйгө келип кийим алмаштырып, анан мени менен чогуу жыйынга барууга уруксат берейин деп чечтим. Мени Джон дагы, экөөбүздүн мамилебиз дагы ойлонткон жок, болгону эл көзүнө ошентким келди. Анткени мени биз тууралуу эл эмне дейт деген гана ой тынчсыздантып атты. Кудайдын ырайымына ушунчалык муктаж болгонума карабай, ошол кезде мени Кудайдын ырайымын көрүүмдөн текебердик кармап турду.

Акыры мен багындым да, Кудайга жүрөгүмөн орун бердим. Джон канчалык одоно ката кетиргенине карабай, мен ал катачылыктагы өзүмө тиешелүү бөлүкту да мойнума алдым. Мен Кудайдын алдында моюн сунарым менен, Анын ырайымы мени толтурду. Момундук дайыма ырайымга эшик ачат.

"Кудай текеберлерге каршы, момундарга ырайым кылат" (1 Пет. 5:5).

Мен Джонду өзгөртө албасытыгыма көзүм жетти. Муну Кудай гана кыла алмак. Бирок, мен Кудайга мени өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк бере алмакмын.

Ошол дем алыштарда Джон үйгө таптакыр башкача болуп келди. Никедеги жашообуздун ошол алгачкы жылындагыдан башка бир да жолу ал мага колун көтөргөн жок, анткени аны менен да Кудай сүйлөшкөн эле. Биз экөөбүз тең Кудайга кайрылгандан кийин гана, толук элдешүүгө жана кайра калыбына келүүгө макул болуп, бири-бирибизге баш ийгенибизден кийин гана биздин союз кайра жаралды.

## Адеп-ахлак жана тарых

Биз ошол мезгилдин жарааттары бир түнгө гана созулду деп айтууга даяр элек, бирок андай болгон жок. Жубайлык жашообуздун кийинки эки жылы эмоционалдык жактан туруксуз болду. Биз Кудайдын кастарлоосунда жашаганды үйрөнгөнгө чейин көп убакыт өттү. Бир кезде Лизага анын начальницасы берген кеңешти улам-улам угуп жаттык.

Өзүбүздүн жеткилең эместигибиздин айынан көбүнчө бири-бирибизге атырылып кетчүбүз, бирок Кудай ар бирибиз менен өзүнчө иштеп жатты. Төрт жыл чогуу жашап, биз өзүбүздү ушунчалык кыйналып бүткөндөй сезип калдык. Кандайдыр бир мааниде алып караганда биз өзүбүздүн каталыктарыбыздын таасири астында жашап жаткандай элек. Биздин өз ара мамилебиздеги ийгиликсиздиктерибиздин далили физикалык түрдө да – сынган муздаткычтардан жана жаңы салынган айнектерден да көрүнүп жатты. Бирок Кудай үмүт үз-

гөн жок. Ал биздин каталыктарыбызды палубаны тазалоого айлантуу менен оңдоп коюп жатты. Душман биздин никебизди жок кылууга аракеттенип жатты, ал эми Кудай болсо келечекти түптөп жатты.

Биз жаңжалдашып кеттик дегенибиз менен, эч качан анын майда-чүйдөсүнө чейин айтчу эмеспиз. Азыр болсо аны ушунчалык майдалап айтып жатканыбыздагы максатыбыз өзүбүздү актоо эмес, жөн гана баары өзгөрсө боло тургандыгын силерге көргөзгүбүз келет. Ошол эле кезде айтып кете турган нерсе: бардык эле зордук-зомбулук бактылуу бүтө бербейт. Эч бир аялды же эркекти өзү жана балдары үчүн кооптуу болгон кырдаалда кала бергиле деп да айтпайбыз. Эгерде ошондой абалда калган болсоңор, анда коопсуз жерди тапкыла. Мунун эч кандай уяты жок. Өзүңөр үчүн кам көргүлө, зарыл болгон жардамдарды алгыла. Кийинчерээк бул тууралуу кеңири айтабыз.

Ошол тынчы жок жылдарда биздин жубайлык жашообузда үмүтсүздүк орун алган эле, эми отуз жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин биз жубайлык жашоодон мурда болуп көрбөгөндөй ырахат гана алуудабыз. Биздин сонун үй-бүлөбүз Кудайдын кереметтерди жасай ала турган күчүнө нагыз ылайык келген күбөлүк боло алат. Албетте, бизде башка кыйынчылыктар деле болду. Бирок биз сүйүүнүн пайдасына тандоо жасадык, Кудай дагы бизди ар кандай тоскоолдуктардан ишенимдүүлүк менен алып өттү.

Биздин мамилебиз азыр кандай абалда экендигин биле албайбыз, бирок үмүт бар экендигине ишендирип кете алабыз! Жүрөгүңөрдү Кудайга ачкыла жана Анын силер менен иштөөсүнө уруксат бергиле. Силер бири-бириңерди өзгөртө албайсыңар, бирок Кудай өзгөртө алат. Ушул жоопкерчиликти Ага бергиле. Эгерде силер уруксат бере турган болсоңор, анда Ал силерде эң сонун өзгөрүүлөрдү баштайт.

## Зордук-зомбулук тууралуу сөз

Биз бул нерсе түшүнүктүү болушун каалайбыз. Күйөө эч качан аялына карата күч колдонбошу керек. Ыйык Жазуу аялыңардын ал-

сыз экенин эске алып, ага туура мамиле кылгыла деп айтып жатат (1 Пет. 3:7). Аялыңардын эмоционалдык же физикалык аракеттери ага жараша жооп берүүгө түртпөш керек. Эгер керек болсо ары басып кетикиле, физикалык күч менен жооп бербегиле. Анын чабуулуна карата берилген жооп болгон күндө да, ал аракетиңер анын ишенмин талкалап коёт. Ал силердин колуңарда өзүн коопсуз сезе албай калат. Эгерде силер өз аялыңарды урган болсоңор, дароо Кудайдын алдында тобо кылгыла да, аялыңардан кечирим сурагыла.

Аялдар, күйөөңөрдүн максаты албетте силерди коргоо. Кудай эркектерге так ушул үчүн күч берген. Силер күйөөңөргө кылган чабуулуңар менен каарыңар физикалык зыян келтирбегенден кийин, эч нерсе деле эмес деп ойлойттурсуңар. Бирок андай эмес, ал үчүн мунун баары талкалагыч касиетке ээ болот. Бул жакшыбы жаманбы, ага карабастан, бирөө эркектерди мушташка түрткөндө, алар дароо өзүнө жараша жооп кайтарат. Келгиле, аларды ага жеткирбейли, бири-бирибиздеги жаман нерселерди күчөтпөйлү, эң жакшы нерселерди гана сыртка чыгаралы. Эгерде силер качандыр бир кезде күйөөңөрдү кордогон болсоңор, токтоосуз тобого келгиле да, мындан ары өзүңөрдү мындай алып жүрүүнү токтоткула.

Балким силер уруш-жаңжал, мушташ адатка айланып калган үй-бүлөдө чоңойгондурсуңар. Балким силердин үйдө баары бири-бирин шылдыңдап, кордоп, таарынта турган сөздөрдү сүйлөшүп, эмоционалдык жана физикалык жараат алып келип көнүп калышкандыр. Бирок бул конфликти чечүүнүн эң жаман ыкмасы экендигин белгилей кетели. Машайакчылык сооротуу жашоодо жана үй-бүлөдө кыйынчылык учурлар келгенде аны чечүү үчүн силерге зарыл болгон бардык куралдарды берет. Көптөгөн жыйындарда атайын ушул үчүн кичинекей топтор дагы бар. Руханий жана адистик кеңештерди алуудан эч качан уялбагыла.

Бул күйөөлөргө жана аялдарга да тиешелүү: эгерде силердин жубайыңар силердин жаныңарда өзүн коопсуз сезе албай жаткан болсо, анда белгилүү бир убакытка чейин оолак болгула да, анан анын ишенимин кайрып алууга аракеттенгиле. Аны өзүн кооптуу сезип турган учурда

сүйлөшүүгө мажбурлабагыла, анткени кийин өкүнүп кала тургандай нерселерди кылып жана келишпестикти тереңдетип жибербегиле.

### 2-күн

## Таарыныч

*Кечирүү деген - туткунду эркиндикке чыгаруу, бул демек, ошол туткун өзүң экениңди түшүнө билүү.*

— Льюис Б. Смидс

Силер палубаны тазалап жатканда эң эле биринчи таарынычты алып салуу керек. Таарыныч деген ушунчалык жаман нерсе, ошондуктан, бул бөлүмдүн көп бөлүгүн биз ошого арнайбыз.

Кечирүүнү каалабай коюу менен биз өзүбүздүн эркиндигибизди өзүбүз уурдайбыз да тартылууга тоскоолдук кылабыз. Алардын ордун өч алуу, аягы жок жолдор, жалаң гана бактысыздык алып келген нерселер ээлеп алат. Кечирүүнүн актысы – таарынган адамдын да, таарынткан адамдын да бошонушу болуп эсептелет.

Көптөгөн адамдар таарынткан адамга да жаман болгон болсо, ошондо гана кечирүү керек деп ойлошот. Силер качандыр бир мезгилде: "Ал өзгөрсө гана кечирем" деп айткан кезиңер болду беле? Бирок, Кудайдын Падышачылыгында кечирүү бул сөзсүз талап кылынчу нерсе. Бул жашоонун жалгыз гана образы. Биз канчалык көп кечирсек, ошончолук көбүрөөк Асмандагы Атабызга окшошо беребиз. Эгерде биз Анын улуулугунун өткөргүчү болууну кааласак, анда биз анын кечирүү күчүн кабыл алышыбыз керек.

Пабыл бизге минтип айтып кеткен:

> "Көтөрүмдүү болгула, бири-бириңерди кечиргиле, эгерде бири-бириңерге нараазычылыгыңар бар болсо, Машайак силерди кечиргендей, силер да кечиргиле" (Кол. 3:13, азыркы котормо).

Павел бизге сунуш кылбай эле буйрук кылып жатканына карабастан, көбүнчө эле бул сөздү сиңире албайбыз. Кудай бизге бизди

таарынткандардын эч бирөөн калтырбай, баарын кечирүүгө буйрук кылган. Сөз бүттү.

Биз көбүнчө өзүбүздүн кылгандарыбызга өзүбүздү актоо менен кечирим беребиз, анан башкалар да биз менен ушундай кылышын күтөбүз. Анткен менен бизге башкалардын күнөөсүн кечирүү, айрыкча жубайыңдын күнөөсүн кечирүү абдан кыйынга турат. Кечирүүнү билбеген адам өзүнүн кечирилгенин да унутат. Көпчүлүгү өзүнүн чындыгы менен эле жүрө берет да, баарыбыз тозок алдында тургандыгыбызды унутуп коюшат. Биздин күнөөбүз ушунчалык чоң болгондуктан, Кудайга аны жууш үчүн Жалгыз Уулунан ажыроого туура келген. Ачуу-ыза эң бир жөнөкөй тандоо болуп турганына карабастан, Машайак бизге айкаш жыгачта Өзүнүн кечиримин берген. Бирок, Ал бизди жүрүм-турумубуз Анын кечиримине ылайык келе электе эле кечирген. Биз дагы башкаларга ушундай мамиле жасашыбыз керек.

Жеткилең эч ким жок! Бирок каталыктар бизге Кудайдын ырайымын жайылтууга мүмкүнчүлүк берет. Биздин кечиришке болгон каалообуз, бул Машайак бизде болгондугунун улуу далили болуп саналат.

## Таарынгандарды бошотуу керек

Биз үйлөнгөн кезде, мен (Лиза) башкалар сыяктуу эле: "Мен сен өзгөрүлсөң гана кечирем" деп айтуу менен адашкам. Джон оңолгучакты менин аны айыптаган тизмем токтолбостон өсө бермек. Мен анда, эгерде мен аны кечирбей койсом, ал эртерээк оңолот деп ойлогом. Бирок, ал андай мамиледен болгону айыптоону, үмүтсүздүктү жана жардамга муктаж болгон бойдон, жардамсыз калган абалды гана сезген.

Баардыгы Кудай кантип кечиргенин мага көргөзгөндөн кийин гана өзгөрүлдү. Анын кечирими өзгөрүлгөн жүрүм-турум үчүн берилген сыйлык эмес болчу. Бул ишенимдүүлүктүн үнү болгон. Кудай акыл-эсимди жаңырткан кезде, мага кечирим деген эмне экендигин көргөздү. Ал менин оозумдагы сөздөрдү Анын жүрөгүндөгү сөздөр менен алмаштырды: "Мен сенин өзгөрүлүүнү кааларыңы билем, Мен сени кечирдим".

Ал кезде мен Джонду кечиришим канчалык керектигин түшүнбөптүрмүн. Кийинчерээк гана менин катууланууум күйөөмдүн өзгөрүшүнө тоскоолдук кылып жаткандыгын түшүндүм, анткени Ыйса айткан:

> “Кимдин күнөөлөрүн кечирсеңер, ал кечирилет, ал эми кимдин күнөөлөрүн кечирбесеңер, ал кечирилбейт” (Жкн. 20:23).

Бул аятты канча жылдар бою коркутуп коюу жана баш ийдирүү максатында да колдонушуп жүрүшкөндүр.Бирок муну Ыйса такыр каалаган эмес. Анын кызматындагы бардык иштерди окуп түшүнүү менен, биз бул сөздөрдүн маанисин жана максатын түшүнүп келе жатабыз. Кечирүүнүн күчүн Ыйса баарынан көбүрөөк билет, анткени ошон үчүн да Ал элдешкис нерсе менен элдешкен.

Корунттуктарга жазылган 2-Катта (5:17-20) эмне деп жазылганын эсиңерге салгыла: биздин баарыбызга элдешүү кызматы берилген, ал аркылуу Кудай Өзү дүйнө менен элдешкен. Биздин алдыбыздагы тапшырма Машайакта бизге берилген кечиримди жайылтуу жана бекемдөө. Таарынычты тандап алуу менен биз Кудайдын үмүтүн жашырып коёбуз да, бир туугандарды айыптоочу менен бир болуп калабыз. Кудай жаңы башталыш бергени жаткан адамдарды биз айыптайбыз. Ыйсанын сөзүнө карата жазылган өзүнүн сөзүндө Г. Л. Борхерт мындай деп айткан: “Адамдарды бошотууда кечирим маанилүү ролду ойной турганын моюнга алуу зарыл. Кечирим адамдардын мурдагы күнөөлөрүн жууп салып, тирилген Машайак менен бирге Ыйык Рухтун жетекчилиги астында алардын көңүлүн кубанычка буруучу нерсе”.

Кечирим – бул кудайлык аракет. Бир дагы жакшылык мындай жеке чоң курмандыкты талап кылбайт. Бул – өч алуунун ордуна билип туруп эле өзүнүн жеңилгендигин кабыл алуу. Качан кечирем деп чечим кабыл алган кезде, биз өз сезимдерибизге табынуудан баш тартып, Кудайдын чындыгына баш ийген болобуз. Никеде биз бири-бирибизди кечирген кезибизде бири-бирибизге Кудайдын ырайы-

мы менен өзгөрүлүүнү кабыл алууга жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген болобуз.

Качан биз Кудайдын алдында тобо кылган кезибизде, ал бизге: "Мен Кудаймын, Мен сенин эки жумадан кийин эле ушул кылыгыңды кайра кыларыңы билип турам" дебейт. Ал биздин өзгөрүлүшүбүз үчүн күч берет. Кудай биздин келечегибизге карата туура эмес нерселерди айтпайт. Ал ар бир салгылашта үмүттү жана батаны жарыялайт. Келгиле анда, Ал кылганды кыла баштайлы.

## Өз рухун ачуу

Таарыныч деген бизди өзүбүздүн рухубузда бекинип алууга мажбурлайт. Жаңы жарааттардан качууга аракеттенген аракетибиз аркылуу, биз өз жүрөгүбүздүн тегерегине дубалдарды орнотуп алабыз. Ал дубалдар бизди коргоп жатат деп түшүнөбүз, бирок чынында аны менен бирге биз Кудайдын сүйүүсүн алууга жана берүүгө тоскоолдук кылып жаткан болобуз. Анын сүйүүсү болбосо, биздин жашообуз максат менен күчтөн ажырап калат. Биздин максатыбыз өзүн өзү сактоо болуп калат, ал эми биздин аракеттерибизди өзүмчүлдүк жетектей баштайт. Акыр аягында биздин жүрөгүбүз ташка айланып калат дагы, жашообуз адамдарга карата кайдыгерликке толуп калат. Бул деген Жакшы Кабар таратуучулукка толук каршы келе турган нерсе.

Балким, силер Галилей жана Өлүк деңиз тууралуу уккандырсыңар. Бул экөө Ысрайылдагы эң бир чоң жана белгилүү суулар. Галилей деңизи сууну түндүктөн алып, түштүккө берет. Мына ушул агымга ылайык Галилей деңизинде жашоо бар, анын тереңдигине куйган ар кандай суулар бар. Ал алганынын баарын кайра берет. Ал эми Өлүк деңизден суу чыкпайт. Анын туздуу экосистемасында жашоо жок, болгону бир ууч бактериялар жана козу карындар бар, ошондуктан да ал – Өлүк деңиз.

Качан биз таарынычты кармап тура бере турган болсок, анда Өлүк денизге окшошуп калабыз. Биздин рухубуздун жабылып ал-

гандыгынан улам никебиз жашоого жөндөмсүз болгон чөйрөгө айланып калат. Анан да бир дагы жакшы нерсе өсүп чыкпайт, гүлдөп өнүкпөйт. Кечире турган болсок, биз өз жүрөгүбүздү бизде жана биз аркылуу Кудайдын батасынын агышына ачкан болобуз.

Кечире билүүдөн же кечиримди кабыл ала билүүдөн баш тартуу жан дүйнөнү ууландырары анык. Биз жеткилең эмеспиз. Бир гана Кудай жеткилең. Биздин жашоого болгон жөндөмдүүлүгүбүз өз жашообузду бөлүшүп турган адамдар менен гармоникалык алмашууда болгонубузду талап кылат. Биз эркин түрдө берип да, алып да турушубуз керек.

## Кечирүүнүн чектери

Силерге жубайыңарды дайыма эле кечире бериш керектей сезилет. Бирок, силердин кечириминер чексиз эмес да, анын чеги бар. Шакирттер дагы ошентип ойлошкон.

> “Ошондо Петр Ыйсанын жанына келип: “Теңир, мага каршы күнөө кылган бир тууганымды канча жолу кечиришим керек, жети жолубу?” - деп сурады. Ыйса ага мындай деп жооп берди: “Сага айтып коёюн, жети жолу эмес, жетимиштен жети жолу” (Мат. 18:21,22).

Петр Ыйсага бул суроону берүү менен, кең пейилдигинин жогорулугун көргөзгүсү келген. Ал: “Ага ырайым кылба. Жанга жан, көзгө көз, тишке тиш, колго кол, бутка бут болсун, (Ким жакынына зыян келтирсе, өзүнө жараша кылыш керек)” (Мыйз. 19:21) деген мыйзамдын алдында чоңойгон болчу. Ошондуктан, Петр жети жолу кечирүү тууралуу айтканда, Ыйса: “Ооба Петр, сен баарын туура түшүнүптүрсүң!” - деп айтат деп күткөн.

Петр айткан санды биз Жаңы Осуяттын башка жеринен, күнүнө жети жолу кечирүү керекпи деп айткан жерден (Лук. 17:3,4) дагы кезиктиребиз. Ошондуктан, Ыйса жетиден жетимиш жолу кечирүү керек деп айтуу менен кечиримдин чегин кеңейтип гана жаткан жок, таарынычтын убактысын кыскартып жатат. Ал Петрге кечиримди чексиз түрдө белек кылуу керектигин айтат.

Ыйса айткандай деңгээлде күнөө кылуу үчүн, күн сайын адамга 490 жолу таарыныч алып келүү керек. Мынчалык тез-тез күнөө кетирүү үчүн жубайыңар силерди ар бир үч мүнөт сайын (түнкү убактарды да кошкондо) таарынтып турушу керек. Бул өтө көп күнөө. Адам кыла алгандан да көбүрөөк. Бирок, силердин жубайыңар силерге карата бир күндө 490 жолу күнөө кетирсе дагы, аны 491-жолкусунда кечирбей эле кой дегендик эмес.

Ыйык Жазууда жети деген сан толуктукту символдоштурат, айрыкча асман менен жердин ортосундагы. Ыйса 490 деген санды жетимишти жетиге көбөйтүү катары колдонгон. Муну менен биз Асмандагы Атабыздын стандартын карап, толугу менен кечиришибиз керектигин көргөзгөн. Бул кеңдик менен кечирүү биз Машайак аркылуу Кудай менен элдешкен болсок гана мүмкүн болот. Анда Ата менен Анын балдарынын ортосундагы гармония бар. Биз жаңы жүрөккө ээ болгон, жаңы жаратылыш болгондугубуз үчүн кечиришибиз керек. Биздин жүрөгүбүздө Анын бекер берилген кечирими бар. Руханий жактан саламаттыгы чың адам катары биз айланабыздагы адамдарга бекер беришибиз керек.

Ыйса биздин кечиримибиз түгөнгүс болушун каалайт. Анткени, Ал Петр менен сүйлөшкөндөн кийин өз кызматчысын кечирген падыша тууралуу айтат, ал эми ал кызмачысы болсо өз кезегинде өзүнө карыз болгон адамды кечире албай коёт. Ушул үлгү насаат аңгемени айтуу менен Ыйса минтип айтат:

> “Падыша каарданып, бүт карызын бергенче, аны жазалоочулардын колуна тапшырды. Эгерде ар бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге ушундай мамиле кылат” (Мат. 18:34,35).

Биз кечирүүдөн баш тарта турган болсок, анда кечиримге ээ боло албайбыз. Башкача болушу мүмкүн эмес. Биздин кечиргенибиз эмнеге Кудай үчүн ушунчалык маанилүү? Анткени, кечирүү аркылуу биз Анын табиятын табабыз жана Ага жагабыз. Биз өзүбүзгө, адамдарга таандык болгон чектерди, күнөөкөр табиятыбызды жеңип, Атабызга окшошобуз. Кудайдын кечирими менен калыбы-

бызга келтирилдик жана кечирген адамдарга Анын калыптандыруусун өткөрүп берүүгө чакырылып жатабыз, ал тургай ошондой буйрукту алып жатабыз. Эгерде силердин жубайыңар тез-тез кечирим сураса, анда силерди Кудай Анын айыктыруучу күчүн өткөрүп берүүчү болууга баталап жатат.

Таарыныч тууралуу дагы да кененирээк Джондун “Шайтандын азгырыгы” деген китебинен окусаңар болот.

### 3-күн

## Салгылаш: Джондун таржымалы

Биздин никебизде бири-бирибизге бир жарым жылдай таарынышып жүргөн кезибиз болгон. Баягы эле аргументтер улам калкып чыгып калып жатты. Ал тургай, балдарыбыздын алдында да бири-бирибизге какшык ыргытып турчубуз. Улууректаары мунубузду байкабай коё алышмак эмес. Ошондуктан, алар кээде: “Жок дегенде тамак жеп атканда минтип сүйлөбөй коё албайсыңарбы?” – дешчү. Жараат-тар жана аранын алыстагандыгы дайыма үйдөгү абалдын чыңалышына алып келчү. Алар үй-бүлөбүздү жана никебизди жеп баратты.

Дагы бир жолу биз өзүбүздүн көнгөн калыбыбызда уруша кеткенибизден кийин мен (Джон) атып туруп сыртка чыгып кеттим. Мен Лизага ачуум келип Кудайга арызданганга бараттым. Мен аялымдын кыска ойлуулугун жана кемчилдиктерин айтып, Ага ыйладым. Кудай мага мени эч кандай себепсиз эле сынай берген, мени колдой албаган бир аялды ыргытып койгондой сезилди. “Мен мындан ары аны менен кантип жашайм?” деп ойлодум.

Кудай мага кантип жооп бергендигин такыр унутпайм. Мени аяп жаткандыгы тууралуу, менин көңүлүм калганы тууралуу Ыйык Рух бир да сөз айткан жок. Ал акырын гана минтип шыбырады: “Уулум, Лизада болгон жакшы нерселер тууралуу ойлонуп көр, анан ал үчүн Мага ыраазычылык келтир.

Мен бир топко чейин ойлонуп туруп, анан: "Ал жакшы эне" дедим. Ушул сөздү айтаарым менен ичимде жашоо кайнап кеткендей болду. Кудай менден дагы бир жагын эстөөнү суранды. "Теңирим, ырахмат сага. Ал эң жакшы тамак жасайт,- дедим. – Сага ырахмат Теңир, ал абдан сулуу болгондугу үчүн". Менден сөздөр ага баштады, анан мен ыраазычылык менен жана тездик менен Лизанын жакшы жактарын санай баштадым.

Мен эми ага эмес, өзүмө өзүм ачууланып жаттым. Мен: "Сен жөн гана келесоосуң! Сенин аялың эң мыкты, а сен болсо жөн гана бир акмаксың" деп ойлоп жаттым. Анан кокустан эле аялым менен абдан туура эмес мамиледе болгонумду оор болсо да мойнума алдым. Ал менин тандап алган жарым, балдарыбыздын апасы, Кудайдан болгон чыныгы бата болгон. А мен болсо, ага менин максаттарыма жетүүдөгү тоскоолдук сыяктуу караптырмын.

Мен үйдөн чыгып кетен кезде биз бири -бирибизди көргүбүз келген эмес. Эми болсо мен үйгө кайтып барып, ал үчүн абдан ыраазычылыгымды билдиргим келип турду. Анан мен үйду көздөй ылдамдадым, өзүмчө ойлоп коём: балким ал жылуу-жумшак тосуп албайттыр, бирок баары бир мен ага Кудайга ал үчүн кандай гана ыраазы экендигимди айтышым керек.

Үйгө киргенден кийин аялымдын алдына келдим да: "Лиза, мени кечир. Мен акмакмын. Кечир мени, суранам. Сен эң жакшы энесиң, эң сонун аялсың, сен менин жүрөгүмдүн каалоосусуң",- дедим. Мен ага Кудай мага эмне дегенин айтып бердим да, анан анын өзгөчө жагымдуу сапаттарын санап кирдим. Сөздөр менин жүрөгүмдөн дайрадай болуп агылып жатты.

Мен сүйлөп жатканда Лиза жумшарып, анан ыйлай баштады. Мен үйдө жок болгонумда ал сыйынып, Кудайга: "Кудайым, эгерде сен Джонду үйгө кайрып келе турган болсоң жана ал менден кечирим сурай турган болсо, анда мен кайра эле ал үчүн жүрөгүмдү ачамын" деп сыйынганын билген жокмун.

## Салгылаш: Лизанын таржымалы

Ошол кездеги бир жарым жыл ушунчалык кыйын болду. Мен ал тургай, нике шакегин да тагынбай калгам. Мен Джонго биз бирге турмуш куруп, үйлөнсөк да, эмне болсо да бири-бирибизге никелешкен эмеспиз дедим. Менде Джонго карата сүйүү жок экендигине ишене баштадым. Аны кечиргим келбегендиги менен, жүрөгүм барган сайын муздап, мамилелерибиз туңгуюкка кептелип жатты.

Ушул мезгилде Джон бир жактарга көп барды. Мага анын үйдө болгонуна караганда, сыртта болгону көбүрөөк жагып жатты. Мага ансыз жашоо жеңилирээктей сезилди, анын үйдө болушу талаш-тартыштарды, чыңалган абалды жаратып жаткандай сезилди мага.

Мен өкүнүүдө Кудайга кайрыла баштадым: "Теңир, биз туңгуюкка капталып калдык. Джон өзүн абдан жаман алып жүрүүүдө жана өзгөргүсү деле келген жок. Атаке, мен билем, анын жүрүм-туруму Сени нааразы кылып жатса керек".

Ушундайча улана берди, дээрлик күн сайын мен Атама айтам баарын. Анан акыры барып мен тынчтанганда, Ал мага минтип айтты: "Лиза, Сага Мен жетиштүүмүн деп айт".

Анан мен суроомду кайра кайталап жатканымды байкадым: "Джон кандай болот?" Анан кайра эле ушундай жооп уктум: "Сага Мен жетиштүү экенимди айт" "Мага Сен жетиштүүсүң".

Бул сөздөр ичимде кайырмадай болуп эле кайталанып жатты. Дайыма конфликт чыкканда же көңүл калган учурларда мен ушундайча сыйынчумун: "Ыйса, мага Сен эле жетесиң." Убакыттын өтүшү менен бул сыйынуу менин жүрөгүмдө тамырлап калды, анан менин сыйынууларым кайра жаңыланды". Убакыттын өтүшү менен, "Ыйса, мага Сен эле жетесиң" деп сынгандай тобо кылган сыйынууларым Кудайга ыраазы болуунун молчулугуна жетишип: "Ыйса, Сен мага жетишерликтен да көпсүң!" деп айта баштадым.

Көп өтпөй Кудай экөөбүздүн тең жүрөгүбүз менен иштеди. Джон сапардан кайтып келгенде мен аны аэропорттон кубаныч ме-

нен тосуп алдым (ал үйдө болбогону жакшы деген ойлорум, башкаларга алмашылды). Мен аны көргөндө бактылуу болуп турдум, кийинчерээк ал мага белек алып келгенин көрдүм.Ошол мезгилден баштап биздин никебиздин жаңы этабы башталды. Баарынан да кызыгы, өзгөрүү башталганга чейин эле ыраазычылык билдирүү аркылуу Кудай биздин жүрөктөрүбүздү ачып коюптур.

Эгерде биз никеде Ыйсага окшошууну милдеттене турган болсок жана Ал бизди кечиргендей, биз да башкаларды кечирсек, бизге жаман мамиле кылып жүрүшсө да кечирсек, анда биз никелик союзубуздун бекемделгенин, ал тургай, гүлдөп өскөнүн көрө алабыз. Өзүбүз билбей туруп эле биз бири-бирибизден кечирим сураганда жана кечиргенде балдарыбызга жакшы үлгүлөрдү көрсөтүп жатыптырбыз. Балдарыбыз биздин дүйнөнүн жеткилең эмес пенделери экендигибизди көрүштү. Биздин союзубузга баш аламандыкты жана талкалануууну алып келүүгө арналган бул күнөөлөр акыр аягында биздин балдарыбыз үчүн турмуштук сабак болуп калды жана аларды Кудайдын сүйүүсүнө, ырайымына жана кечиримине үйрөттү. *"Айыпты жаап койгон адам сүйүү издейт..."* (Накыл сөздөр 17:19) деген акылмандуулуктун сөздөрү биздин үй-бүлөбүздү толтуруп жатканын көрүп жаттык.

Эгерде силер таарынычты сактап жүрө берем десеңер, анда баары утулууга дуушар болушат. Анткени сүйүү деген – назик нерсе. Ал эми, силер кечирүүнү тандай турган болсоңор, анда үй-бүлөнүн баары жеңишке ээ болот, анткени сүйүү бекемделет.

## Коркунуч

Силердин мамилеңерде талдап карап ала турган кийинки нерсе – бул коркунуч. Биздин никебиздин алгачкы он жылында мен (Лиза) четке кагылуу алдындагы коркунуч менен күрөшүп жүрдүм. Менин атам жана менин биринчи пасторум жаш аялдар үчүн өз үй-бүлөсүн таштап кеткен болчу. Мына ушул жаман тажрыйбадан улам менин акыл оюмду жаман ойлор ээлеп алды. Ал ойлор кыйкырган жок, би-

рок шыбырап жатышты: “Бардык эле эркектер акыр аягында кетип калышат. Аларды абдан эле жакындата бергенге бобойт. Ошондо алар сенин көңүлүңдү калтырып албайт”,- деп. Ушул ойлор мени күйөөмө карата болгон назик мамиледен жана ага байланып калуудан кармап жатты. Джон мени кучактаганда, тезирээк анын кучагынан бошонуп кетүү үчүн аны чапкылай баштачумун.

Дагы бир жолку ушундай мамиледен кийин ал менден түз эле: “Мен сени эч качан таштабашымды түшүнгөн кезиңде канча жашта болот экенсиң? Биз жетимиш жашка чыккычакты күтөсүңбү?” – деди. Мен дендароо болуп эле калдым. “Мен канча керек болсо, ошончо күтүүгө даярмын, - деди ал. – Бирок ал мезгил келгенге чейин биз көптөгөн жагымдуу мүнөттөрдү өткөрүп жиберебиз”.

Мен ошондо гана түшүндүм, көрсө өз күйөөмдү мага башка эркектер алып келген көңүл калуулар үчүн төлөгөнгө мажбурлап жатыптырмын. Анан ошондо мен түшүндүм: “Эмне үчүн Джон алардын жетишпестиктери үчүн төлөшү керек экен? Бул акыйкатсыздык. Мен өзүмдү коргойм деп атып, мамилелерибизге тоскоол болуп жатам”. Менин келечекте Джонду жоготуп койбоюн деген коркунучум, бизди азыр уурдап жаткандыгын түшүндүм. Мен анан Джонду бүт бойдон, толугу менен сүйүүнү чечтим. Аны жоготуп албайын деген коркунуч болгонуна карабай, аны жарым-жартылай сүйгүм келген жок. Анткени, артка карап, эмненин гана баарын өткөрүп жибердим деген өкүнүчтө калгым келген жок.

Коркунуч менен ишенбестик бизди никедеги гүлдөп өсүүдөн кармайт. Анкени, коркунуч деген алдыда эң сонун нерселер күтүп турат дегенди, өткөндүн кишендеринде кармап турат. Эгерде биздин никебизде Кудай бирдеме кылганын каалай турган болсок, анда ар кандай коркунучтан баш тартып жана биздин келечегибиз үчүн сүйүү даярдап койгон нерселерди кабыл алууга чечим чыгарышыбыз керек. Коркунуч ийгиликсиздикти алып келет, ал эми сүйүү болсо эч качан уятка калтырбайт.

Коркунуч – бул Кудайдын сүйүүсүнө жана биздин жашоону коргоого каршы турган руханий күч. Сүйүү менен коркунуч ар түрдүүчө аракетенет. Сүйүү бизди көргөнүбүзгө ишенбей, өзүбүз

жете албай турган нерсеге ишенүүгө чакырат. Ал эми, коркунуч болсо көргөн нерселерге ишенип, көрө элек нерсеге шектенгенге чакырат. Биз ийгиликсиз болуунун алдындагы коркунуч жана үмүттүү сүйүүгө туш келгенибизде, тандашыбыз керек. Биз мындан ары эмне менен жашайбыз? Анткени экөөнү тең тандоого болбойт. Коркунуч сүйүүнү кысат, сүйүү коркунучту кубалайт.

> “Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес. Ал бизди биринчи сүйгөндүктөн, биз да Аны сүйөлү” (1 Жкн. 4:18,19).

Коркунучтун жутуу жөндөмдүүлүгүнө караганда, суйүүнүн жаратуу жөндөмдүүлүгү күчтүүрөөк. Коркунучту жок кылган жеткилең сүйүүнү Кудайдын сүйүүсүн баштан өткөрүү менен гана көрсө болот. Анын сүйүүсүнүн күчү менен өзүбүздүн жеке эгоизмибизди унутууга болот, анткени Кудай биздин муктаждыктарыбызды ишенимдүүлүк менен толтуруп берет. Эгерде биз Аны менен чогуу болбосок, анда Анын сүйүүчү табиятын жакындан таанып-биле албай калабыз, анткени Анын ишенимдүүлүгү Аны менен болуудан көрүнөт.

Кудайдын чыныгы табиятын билбесек, анда ар дайым Кудайдын алдында, жубайыбыздын алдында четке кагылып калуу коркунучунда жашайбыз. А бул болсо жазанын жийиркеничтүү формасы. Кудайдын бизге болгон коопсуздуктагы сүйүүсүндө өсүү менен, биз коркунучтан бошонобуз жана өз жубайыбызга шартсыз сүйүү тартуулайбыз.

Кудайдын сөзү минтип айтат:

> “Сүйүктүүлөрүм, бири-бирибизди сүйөлү, анткени сүйүү Кудайдан. Ким сүйсө, ал Кудайдан туулган, Кудайды билет. Ким сүйбөсө, ал Кудайды билбейт, анткени Кудай – сүйүү” (1 Жкн. 4: 7,8).

Коркунучтун катуулуктары бизге мындай сөздөрдү айтып турат: “Эгерде менин жубайым көзүмө чөп сала турган болсо, аны эч качан кечирбейм”. Ушуга окшогон анттар өзүбүздү келечекте коргоо ниетинде айтылат, бирок чындыгында алар бизди Кудайдын бүгүнкү

сүйүүсүнөн кармайт. Жолдошубуз бизди четке какса, чыккынчылык кылса же жараат келтирсе да, биз өз жүрөгүбүздөгү түйшүктөрдү Кудайга тапшырышыбыз керек. Кудай бизден коркунучтарыбызды Ага баш ийдирип беришибизди сурап жатат. Эгерде андай кылуудан баш тартсак, анда биз Кудайга биз жөнүндө кам көрүүгө Ал жөндөмсүз деп айткан болобуз. Ага өз коркунучтарыбызды багынтып бермейинче, Ыйсанын бийлигине баш ийе албайбыз.

### 4-күн

## Тукумдагы каргыш

Качан биз өз никебизди кура баштаганда Кудайдын бизде жана биздин балдарыбызда кандайдыр бир жаңы нерсени кылаарына ишенгенбиз. Биздин ата-энелерибиздин, бабаларыбыздын жашоосунда катуулуктар – аракечтик, адепсиздик жана сыйкырчылыктар болгон болушу мүмкүн. Анан алар албетте бизге мурас болуп калган. Жаңы мурастарды кабыл алардан мурда биздин тукумда канча муундан бери тамырлап орноп калган каргыштардан бошонушубуз керек болчу. Аларды сыйынуу менен жана Кудайдын сөзү менен гана куралсыздандырса болот болчу.

Тукумдагы каргыштардын өзгөчөлүгү ар кайсы жубайлык түгөйлөрдө ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, өткөн бөлүмдөрдө биз эскерип кетендей, биз өтө эле ар кандай үй-бүлөдө өскөнбүз. Мен (Лиза) Джондун үй-бүлөсү менин ата-энемдин жашоосундагы ийгиликсиздиктерди көргөндө кандай ойлошот деп тынчым кетчү. Биздин күйөө-колукту болуп жарыяланганыбыздын урматындагы тамак үстүндө менин атам ичип алып Джондун апасына абийирсиздик менен күйөөсүнүн көзүнчө эле тийишип баштады. Аны Джондун апасы анчалык деле кызыктырбаганы менен, ал менин апамды басынткысы келип жаткан эле. Кийинчерээк Джондун апасы биз үчүн абдан катуу тынчсызданып жаткандыгын, биздин нике алардын тукумундагы эң алгачкы ажыраш-

кан нике болорун ачык эле айтты. Мен анын: “Биздин тукумда алиге чейин бир дагы ажырашуу боло элек эле” деген сөзүн уктум.

Анан мен ошондо: “Карачы, ал мени кандай кабыл алып жатат. Мен булардын тукумун булгап койбоймунбу?” деп ойлогом.

Мен ошол тамактан кийин эки эсе оорчулукту сездим – өз энеме карата аёо менен жабыркоо жана да өзүмдүн жеке уялуум. Эгерде никеге чейинки жакшы жана жаман үй-бүлөлүк таасирлерди таразалап карай турган болсок, анда тараза Джон тарапка бир канча оор отурмак. Мен тарапта болсо жалаң гана жаман нерселер: көзгө чөп салуу, ажырашуу, көз карандылык. Мунун баары биздин тукумда жетишерлик болчу.

Качан гана мен Кудай мен тараптагы “жаман” нерселер үчүн же Джон тараптагы “жакшы” нерселер үчүн тынчсызданбаганын түшүнгөнүмдө бурулуш болду. Ал ыйык тукум жараткысы келди.

> “Ук, бийкеч, кара, кулак сал, өз элиңди, атаңдын үйүн унут. Падыша сенин сулуулугуңду көргүсү келет. Анкени Ал сенин Теңириң, сен да Ага таазим кыл. Аларды кубаныч менен, салтанат менен алып келишет да, Падышанын сарайына киргизишет. Сенин ата-бабаларыңдын ордуна уулдарың болот. Аларды Сен бүт жер жүзүнө төрө кылып коёсуң. Сенин ысымыңды укумдан тукумга өчпөс кылам, ошондуктан элдер Сени кылымдан кылымга даңкташат” (Заб. 44:11,12,16-18).

Бул үзүндү Ыйса Машайакты жана Анын Колуктусун сүрөттөйт. Бирок, Кудай аны мага карата, менин өткөндөгүлөрүмө карата Өзүнүн убадасы катары колдонуп жатты. “Падышанын кызы” дегенди окуганымда менде бир нерсе тирилгендей болду. Кудай мага Өзүнүн падышы кызындай кайрылып жатты. Ошол учурдан баштап менин Машайакка окшоштугум жөнүндө жаңы түшүнүк ачылды. Мен өткөн жашоомдогу катуулуктарды четке кагып, үй-бүлөм үчүн келечектеги жаңы үмүттөрдү кабыл алдым.

Менин балдарым менин жердеги атамдын табиятын (бузуктук, аракечтик, пастык менен жүргөн) мураска алышпастыгын түшүндүм. Алар өзүлөрүнүн жердеги атасынын мүнөзүн (Кудайдан корккон адам) гана мурасташпастан, алар өзүлөрүнүн Теңиринин таби-

ятын мурасташат. Мен менин уулдарым Жогорку-Кудуреттүүнүн төрөлөрү болот деген убаданы кабыл алдым.

Биз тукумдагы каргышты талдай баштаганыбызда, Кудайдын Сөзү чынында эле чындык экендигин көрдүк. Биздин үй-бүлөбүз сыйынуу жана ишенимдеги жарыялоолор аркылуу Кудай орноткон убадалар менен гүлдөп гана турат.

## Тукумдагы каргыштарды талкалоочу сыйынуулар

Галаттыктарга жазылган Катта (3:14) минтип жазылган: "Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды...". Тукумдан тукумга өтүү менен силерди аңдып келе жаткан ар кандай каргыштардын баары, эми Машайакта болгонуңарда силердин үстүңөрдөн эч кандай күчкө ээ боло албайт.

Эгерде силер тукумуңарда болгон кандайдыр бир каргыштарды билсеңер, анда биз силердин мурасыңарга карата алардын таасирин кантип токтотууну жана кантип аларды өзүңөрдөн силкип салууну үйрөткүбүз келет. Бул сыйынуу Кудайдын Сөзүн кылыч катары колдонуу аркылуу шайтандын катуулуктарын талкалоого жардам берет. Тукумдан келе жаткан каргыштардан кутулуу капысынан гана боло калбайт, аны аныктап-тактап анан талкалоо керек. Анын максаты силерге Кудай тарабынан берилген кубанычты, тынчтыкты тартып алуу. Бирок, эми силерде болгон бийлик менен өзүңөрдүн душманыңардын кантип кулаганын көрө аласыңар.

Китеп окуганды улантаардан мурда бул сыйынууга көңүл бургула. Эгерде дароо азыр сыйынгыңар келсе, анда силер өзүңөр жалгыз боло турган же жубайыңар же жакын жолдошуңар, сыйынуучу өнөктөшүңөр экөөңөр боло турган тынч жерди тапкыла. Бул үнүңөрдү катуу чыгарып каргыштардан баш тартып, тобо кыла турган жана Сөздү катуу үн менен жарыялай турган жеке убакыт болушу керек.

Төмөндө келтирилген сыйынуу силердин үй-бүлөңөргө же никеңерге коркунуч туудурган кандайдыр бир каргыштын дарегине айтылган

сыйынуу. Биз сыйынууну Ыйык Жазуудагы аяттардан келтирдик, анткени Кудайдын Сөзү – Рухтун эки миздүү Кылычы. Эгерде бул сыйынууда силердин үй-бүлөңөргө тиешеси бар каргыштар айтылбаган болсо, анда силерге түп-түз тиешеси бар аяттарды таап алып, алар аркылуу Кудайдын чындыгын жана убадаларын жарыялагыла. Кудайдын Сөзүнө ылайык келген күчтүү сөздөрүңөрдү жазып алгыла да, Ыйсанын ысымындагы күч менен каргышты талкалагыла. Бул сыйынуунун аягында биз силердин андан ары окуп-түшүнүшүңөр үчүн керек болгон бир нече үзүндүлөрдү кошуп койдук.

*“Асмандагы кымбаттуу Атакем,*

*Мен Сага Сенин кымбат Уулуң Ыйсанын атынан келемин. Мен Сенин дарбазаңа ыраазычылык менен келип жана корооңо даңктоо менен киремин. Сенин мага болгон улуу сүйүүң жана мээримиң мени толтуруп турат. Менин жашоомдо Сен ишке ашырган кудуреттүү куткаруу ишиң үчүн Сага ыраазычылык билдирем.*

*Азыр мен Ысрайылдын Кудайы богон Теңир менен келишим түзөм. Сен Сени сүйүп жана парыздарыңды аткаргандар менен Өзүңдүн сүйүү парыздарыңды сактаган кудуреттүү Кудайсың, асман, жердин Теңирисиң, Кудайысың. Сенин кулуңдун сыйынуусун угуу үчүн ылайым кулактарың төшөлүү жана көздөрүң ачык болсун. Мен өзүмдүн жана атамдын үйүндөгү болгон күнөөлөрдү, Сага каршы кылынган бардык күнөөлөрдү ачыкка чыгарам. Бизди кечир, анткени биз Сенин алдыңда өтө осолдук кылдык. Биз уятыбыздан күйүп-жанабыз, анткени Сага каршы чыктык. Биз Сага каршы чыксак дагы, биздин Кудай Теңирибиз Сени укпасак дагы, кызматчыларың-пайгамбарлар аркылуу Кудай Теңирибиз Сен айткан сөздөрдү укпасак дагы, Сенин мыйзамдарыңды сактабасак дагы Сен биздин мээрим төгүүчү жана бизди кечирүүчү Кудай Теңирибизсиң. Биздин жүрөгүбүздү сүннөткө отургуз, бизден өткөн жылдардагы күнөөлөрдү, уятты, мыйзамсыздыктарды алып сал деп суранабыз.*

*Мен өз күнөөлөрүмдү жана ата-бабамдын күнөөлөрүн ачыкка чыгарам жана оккульттук иштерге, сыйкырчылыкка, бал ачууларга катышкандыктан баш тартам. (Токтой туруп Ыйык Рухту уккула, Ал силерге эмнеден ачык-так баш тартуу үчүн бир нерселерди эскертер бекен. Алар балким астрология, экстрасенстердин сеанстары,*

*коркунучтуу фильмдер, оюндар, китептер, ж.б. болушу мүмкүн). Мен ушундай иштерге катышуунун бардык түрүнөн баш тартам жана менин жашоомдо, менин балдарымдын жашоосунда, алардын балдарынын жашоосунда, алардын балдарынын балдарынын жашоосунан ушул каргыштарды талкалайм.*

*Мен өзүмдүн жана ата-бабаларымдын баңги заттарын жана ичкиликтерди пайдалануудагы күнөөлөрүнөн баш тартам. Ата, руханий дүйнөдө күнөөгө, эзүүгө жана түйүндөргө карата ачылышы мүмкүн болгон бардык эшиктерди жаба көр. Мен ар кандай нерселерди кабыл алууга (балким баңги зат же дагы башка нерселер болгон болсо ачык-так айткыла) болгон катышуудан баш тартам жана өзүмдүн, балдарымдын, балдарымдын балдарынын, алардын балдарынын балдарынын үстүнөн ушул каргыштарды талкалайм. Ыйса Машайактын ысымынан, оомийин".*

Биз кийинки бөлүмдөрдө сексуалдык күнөөлөргө тиешеси бар жандык байланыштарды жана каргыштарды ачык-так атап ушул принциптерге таянууну улантабыз. Ыйсанын айкаштагы биротоло жеңишине ылайык, силер бул каргыштардан бошонгонсуңар. Силер аларды өз жашооңорго же силердин балдарыңардын жашоосуна өтөт деп коркпой эле койсоңор болот. Бүгүн силер өз тукумуңар үчүн жаңы мурасты орноттуңар.

*Мындан ары окуу үчүн: Забур 99:4; 2 Жылнаама 29:10; Некемия 1:5-7; Даниил 9:8-10; Нундун уулу Жашыя 5:9; Матай 10:34; Эврейлерге 4:12; 2 Жылнаама 29:5,6.*

### 5-күн

## Туугандардын көзөмөлү

Жаңы үйлөнгөндөргө туугандардын көзөмөлдүк кылышы баарынан белгилүү маселе. Бирок мындай көзөмөл никеде көптөн бери жашап келе жаткан жубайлардын турмушунда деле болуп калышы ыктымал. Жубайлар жана алардын ата-энелеринин ортосунда келишпестик болуп кала турган болсо, анда жубайлар албетте бирин-

чи кезекте өмүр бою өзүлөрү билип келе жаткан ата-энелерин (же башка тууганларын) жакташат. Биз баарыбыз эле ата-энелерге карата урмат-сыйлуу сүйүүдө болушубуз керек. Бирок, силер дайыма ата-энеңерге тил алчаак болуп келген болсоңор да, үйлөнүп турмуш курганыңардан кийин эң биринчи милдетиңер – бул жубайыңар.

Биздин улуу балабыз үйлөнөр алдында мен (Джон) ага минтип айткам: "Эдисон, эми мен мындан ары сен керек деп суранган кезиңде гана сага кеңеш беришим мүмкүн. Мындан ары мен сенин жашооңду башкарганга аракеттенбейм. Сен өз үйүңдү куруп жатасың, ошондуктан, мен эми сенин үйрөнүшүң жана өсүшүң үчүн эркиндик берип шарт түзгүм келет". Менин бул кылганыма Эдисон абдан ыраазы жана ага кеңеш керек болгондо гана мага кайрылат.

Менде өз уулумду көзөмөлдөп турганга же аны менин кичинекей кейипкериме айлантууга каалоо жок. Мен анын Кудай ким кылып жаратса, ошол адам болгонун каалайм. Анын үй-бүлөсүнө аябай эле кирише берүү менен, мен анын үйүндөгү лидерлик ролун алып койгон болом. (Чындап карай турган болсок, анын өз үйүн башкарганы мени абдан таасирлентет. Ал бир кездеги анын курагындагы мага караганда, бир топ жакшы башкара алат!)

Ыйык Жазуу ачык эле айтып жатат:

> "Ошондуктан, адам ата-энесин *таштап,* аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот" (Башт. 2:24 курсив автолордон).

Бул жерде ата-эсин калтырып деген – ата-энесинин үйүнүн кадыр-баркын калтырып дегенди түшүндүрөт. Бул ошондой эле ата-эненин ар кандай туура эмес таасирин калтырып деген сөз. Биз өз ата-энелерибизди сыйлашыбыз керек, бирок муну аларга көз каранды болбой туруп эле жасаса болот. Силер өз үй-бүлөңөрдү, өз үйүңөрдү жаңыча тартипте курасыңар. Силердин ата-энеңер силерге башкаруучу болбой калат, андыктан алар силердин үй-бүлөңөрдү жана үйүңөрдү жетектебеш керек.

Балким, силердин кээ бир туугандарыңар никеңерге активдүүлүк менен кийлигишкиси келеттир. Мурда биздин бир тууганларыбыз

бизди манипуляциялап, никебизге жаңжалды алып келүүгө аракеттенген. Анын кийлигишүүсү бизге абдан жаман таасирин тийгизген жана биздин бул маселени чечүүдөгү алсыз аракеттерибиз ийгиликке жетпеген. Акыры биз аны менен жолугуштук (ошол эле учурда биз аны абдан сыйлап, баалачубуз) да, анан ага өз оюбузду ачык эле айттык.

Мен (Джон) ага минтип айттым: "Сиз биздин үйдө буйрук бере албайсыз. Биз сизди сыйлайбыз, баалайбыз. Бирок биздин үйдө сиздин башкарууңузга жол бербейбиз. Биз сизге бизди манипуяциялоого да жол бербейбиз". Мага катуу эле айтууга туура келди, анткени каймана айтуулар, акырын жумшак аракеттенүүлөр натыйжа берген эмес. Тилекке жараша, ал тууганыбыз эмне болуп атканын түшүндү, анан ошондон бери ал биздин үй-бүлөдө өз ордун туура ээлеп калды.

Биз өз үй-бүлөбүздү ар кандай чабуулдардан, ал тургай, аларды эң жакын туугандарыбыз кылып жаткандыгына да карабай коргошубуз керек. Көбүнчө эле мындай чабуулдар жамандыгы жоктой сезилет, ошондуктан да күнөөсүздөй сезилет. Алар байкалбаган ишараттар гана болушу мүмкүн, бирок ошого карабастан, бул байкалбаган кайманалар да талкалоочу мүнөзгө ээ. Үйлөнүп жаткандардын салтанатына катышып жатып, алардын досторуна жана үй-бүлөгө карап туруп, мен аларга минтип айтам: "Кудай тарабынан түзүлгөн ушул союзга каршы чыккандарга кайгы. Аларды манипуляциялоого жана ажыратууга аракетенебегиле. Бүгүн Кудай уюштуруп, түзүп жаткан жашоо тууралуу гана сүйлөгүлө".

Эдисон үйлөнгөн кезде биз: аны биз же аялың Джули деп кыйнабайбыз деген чечим кабыл алганбыз. Ал үйлөнгөн күнү чечим кабыл алгандыгы чындык жана биз анын чечимине абдан тамшана таң калганбыз! Үй-бүлөлүк контекстте алып караганда, сүйүү адамдарды эч качан тандоого мажбурлабайт. Сүйүү колдоп турат жана эски менен жаңы мамилелердин ортосуна көпүрө салат. Биз Джулини сүйөбүз, ошондуктан ага келинибиз эмес, кызыбыздай карайбыз. Мындай жакындыктын болгондогу себеби, биз анын жаңы үйүн урматтайбыз жана алар Эдисон экөөнө өз тарыхтарын жазууга тоскоолдук болгубуз келбейт.

## Ишке ашпас күтүү

Америка Кошмо Штаттарындагы ажырашуунун себеби ишке ашпас күтүүлөрдүн айынан болот. Көпчүлүгү эле никеге турганда жалаң гана жакшы нерселерди, үзгүлтүксүз сексти, жеңил мамилелерди ойлоп чыгат. Биз никенин ишенимдүү жана биздин өзүмчүлдүгүбүздү, коргоосуздугубузду ачыкка чыгаруучу болорун күтпөйбүз, өз жубайыбыздын алсыздыктарын жана кемчилдиктерин көрөбүз деп ойлобойбуз. Биздин жалган элестерибиз ачууланган ызалыктын жана нараазылыктардын булагы болуп калышы мүмкүн, анан ал бизден кудайлык союзду түзүүгө болгон жөндөмдүүлүктү алып салат.

Ишке ашпас нерсени күтүү көбүнчө акылсыз салыштыруулар менен сугарылат. Биз ырахаттар түнөк алган маданиятта жашайбыз, ошондуктан, ар дайым өз никебизди экрандан көргөн нерселер менен салыштырабыз. Кино жана теле көрсөтүү бизге аракетсиз эле сүйүүнү, курмандыксыз эле сулуулукту, тобокелсиз эле ишенимди сунуш кылат. Алар мамилелердин романтикалык жактарын гана көргөзөт, жашоодогу чыныгы көйгөйлөрдү көрсөтпөйт.

Эгерде силер никеде жашап жаткан болсоңор, анда ал дайыма эле романтикалак жолугушуулардан, түйшүксүз күндөрдү өткөрүүдөн турбастыгын, эч нерсеге жоопкер болбогон абалда боло бербестигин билесиңер да. Нике деген бул - оор эмгек, көбүнчө ыплас-кир жумуштай.

Эгерде силерге никеде кыйын болуп жатса, бул демек ажырашуу керек дегендик эмес. Кыйынчылыктар да пайдалуу, анткени алар бизди өстүрөт. Алар биздин мүнөзүбүздү тазалап, потенциалыбызды өстүрөт. Мындай нерселер өнүгүү үчүн кызмат кыларын эсиңерге алгыла. Ар бир эле адам акылмандуулукка алып баруучу нерсе менен кезикмейинче, өсүп-өнүгүп жана акылмандуулукка толгусу келет.

Ишке ашпас ойлорду күтүү маселесине жалгыз эле массалык маалымат каражаттары менен тартылган сүрөттөр кирбейт. Биз кетирген дагы бир катачылык, биз досторубуздун же кошуналарбыздын никелерине өз никебизди салыштыруу менен да катачылык кетире-

биз. Бул жүрөк айлантткан салыштыруу. Биз алардын жеке жашоосунда эмне болуп жаткандыгын эч качан биле албайбыз да. Сыртынан баары кооз, кубанычтуу болуп сезиле берет, балким жабык эшиктин ар жагынан алар бири-бирин жеп жаткандыр.

Өзүңөрдүн жубайлык мамилеңердин ичиндеги сезондорду салыштыра берүү да – азгырык болуп саналат. Жубайлар балдар төрөлүп, убактылары аз болуп, жалаяктар менен жүргөн кездеринде али балалуу боло элек кездерин салыштырышы мүмкүн. Логикалык жактан алып караганда, бул жерде эч кандай жакшы ой жок. Силер дайыма эле балдарыңар жок кездегидей жашай бербейсиңер да. Силер ата-эне болуп калган кезден баштап, бош убактыңар аз болуп, жоопкерчилигиңер көбөйө баштайт. Балдардын төрөлүшү үй-бүлөдөгү мамилелерди өзгөртөт. Ошондуктан, никедеги мамилеңер да башкача көрүнөт. Биз билебиз да, нике деген ракеталарды жасаган илим эмес. Бирок, биз ушул сезондо ырахатка жана кубанычка ээ болсок деген салыштыруулардан кыйналабыз.

Теодор Рузвельт мындай деп айткан: “Салыштыруу – бул кубанычты уурдап кете турган нерсе”. Эгерде силер өз никеңерде кубанычка ээ болгуңар келсе, анда өз мамилеңерди башкалар менен, кошунаңар же экрандан көргөн адамдар менен салыштырууну токтоткула. Салыштыруу силерге кубаныч алып келбейт. Кубаныч деген – майда-чүйдө нерсе эмес, ошондуктан аны болбогон бир нерселер менен ала албайсыңар. Ал сезимдер менен гана чектелип калбайт, ал кырдаалды жеңе алат. Кубаныч силердин бүткүл жашооңорго карата болгон Кудайдын чоң көрүнүшүн таанып билүүгө күч таба алат.

Кубаныч - Рухтун жемиши (Гал. 5:22,23) демек, ал кырдаалдардан эмес, Кудайдан келет. Аны адамдын эрки менен башкарууга болбойт. Эгерде бакыт деген убактылуу жеңиштерден көз каранды болсо, ал эми кубаныч кыйынчылыктарды жеңе алат. Ал Машайактагы биздин позициябыздын шыктанышынан жаралат. Эгерде бизге Кудайдагы кубаныч жетпей аткан болсо, анда никедеги толуктук үчүн зарыл болгон күч да жетишпейт, анткени биздин күчүбүз анын

кубанычы (Некемия 8:10ду карагыла). Пабылдын Филипптеги Жыйынга айткан сөзү ушул ойду жаңырта кайталап турат:

> "Ар дайым Теңир менен кубангыла, дагы да айтам: кубангыла. Силердин момундугуңар бардык адамдарга маалым болсун, Теңир жакын . Эч нерсе тууралуу кам санабагыла, ар дайым сыйынганда жана жалынганда каалооңорду ыраазычылык билдирүү менен Кудайга айткыла. Ошондо Кудайдын акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү жана ойлоруңарды Машайак Ыйса аркылуу сактайт" (Флп. 4:4-7).

Силер жубайлык мамилеңер тууралуу тынчсыздана баштаганыңарда өз сураныччыңарды кубанууда жана ыраазычылык билдирүүдө Кудайга алып келгиле. Ал түйшүктөрдү тынчтыкка айландырып берүүгө убада берген. Кандай гана керемет алмашуу!

Ишке ашпас ойлорду күтө берүү силердеги кубанычты уурдап кетет, бул демек нике мамилеңердин курулушу үчүн керек болгон күчүңөрдү уурдап кетет дегендик. Ушул тузактын курмандыгы болуп калбаш үчүн сактангыла. Силердин өз ара мамилеңердеги катуулуктун айынан пайда болгон күтүүңөрдү тактап алгыла дагы, алардын Кудайдын Сөзүнүн жана Анын кайталангыс планынын үстүнөн салтанат курушуна мүмкүнчүлүк бергениңер үчүн кечирим сурагыла.

## Силердин кезегиңер

Өзүңөрдүн күйөөңөр (аялыңар менен) ушул бөлүмдүн мааниси тууралуу сүйлөшкөнгө убакыт бөлгүлө. Никеңерде эмнени тактап алышыңар керектигине силерди багытташын жана силерге жардам беришин Ыйык Рухтан сурагыла. Кээ бир зарыл болгон өзгөрүүлөр жүрүм-турумуңарга жана мамилеңерге таасир этиши мүмкүн, Кудай болсо силерге Өзүнүн ырайым күчү менен келип тийиши мүмкүн. Башка, мисалы тукумдан келе жаткан каргыштарды сыйынуу аркылуу жеңип чыгуу зарыл.

Эгерде силердин тизмеңер бир нече баракка созулуп кетсе, капа болбогула. Бул машыгуунун мааниси азыр силерге канчалык жа-

ман болуп жатканын көргөзүү же болбосо үй-бүлөдө ким күнөөлүү экенин аныктоо эмес. Мунун мааниси, силер өз келечегиңерди абдан өзгөртө алаарыңарда. Бул маселени чечүүнү баштоо менен, силер өз үй-бүлөңөргө эң мыкты тарыхтын – асман мурасынын жерде ачылышына башат баштап берген болосуңар. Ар кандай тоскоолдуктардан эркин болуп, алдыга жылгыңар келсе, анда палубаны тазалагыла. Анткени, ошол нерселер Ал силер үчүн Теңир эмнени даярдап койгон болсо, аларды кабыл алууга тоскоолдук кылып жүрбөсүн. Атайын силер үчүн түзүп койгон сыйынуудан баштасаңар болот.

Балким азыр ошондой убакыт келип турат.

Атаке, жаңы башталыш жана жаңы мурас берип жатканың үчүн Сага ыраазычылык билдиребиз. Биздин мамилебизден алып сала турган нерселердин баарын жазуу менен, биз эми бизди асмандын чөйрөсү курчасын деп сыйынабыз. Биз Сенден суранабыз Ыйык Рух, Сен бизди жетеле жана багытта.

Биздин тукумду муундан муунга кыйнап келе жаткан душмандан өч алууга даяр турган Кудайдын периштелери курчасын деп сыйынабыз.

Улуу ырайым бизди кечиримге толтурсун жана кайра жаңыртсын деп сыйынабыз.

Сенин Сөзүң боюнча акылыбыз жаңырсын деп сыйынабыз.

Биз ар кандай коркунучту кубалап жиберген Сенин сүйүүң тууралуу аян сурайбыз.

Биз мамилебиздеги ишене билүүнүн калыбына келишин жана мамилебиздеги тазарууну сурайбыз.

Кайсы жерде бөлүнүү болсо, ошол жерге биримдик алып кел деп сыйынабыз.

Сенин Сөзүңө каршы чыккан нерселерди күтпөстөн, Сенин убадаларыңдын деңгээлинде кыялданганга бизди шыктандыр деп суранабыз.

Биз өз үйүбүзгө эркиндикти жарыялайбыз. Биз никебизге жана ар бирибиздин жеке өзүбүзгө Ыйсанын ысымынан эркиндикти жарыялайбыз. Кудайдын Падышачылыгы биздин ичибизде деп жарыялайбыз. Кудайдын эрки асманда болгон сыяктуу эле, жер үстүндө да, үйүбүздө да жана биздин никебизде да болсун.

Ыйсанын кудуреттүү ысымы менен оомийн.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮ

*Ишенимде бекем экениңерге ишениш үчүн өзүңөрдү сынап көргүлө. Болуп жаткан нерселердин баарын өзүнөн өзү эле боло берчү нерсе катары кабыл алып, калкып жүргөндөй болбогула. Өзүңөрдү өзүңөр текшерип көргүлөчү: ишеним жолундасыңарбы? Өзүңөрдү өзүңөр сынап көргүлөчү. Ыйса Машайак силерде экендигин угуп гана койбостон, силер өзүңөр ишенишиңер керек ошого. Муну текшерип көргүлө. Эгерде текшерүүгө чыдай албасаңар, анда чара көргүлө.*

— 2 Коринттиктерге 13:5, The Message, англ. тилинен которулду

Алдыга жылуу үчүн, кээде ушул жерде болуп калганыңарды түшүнүү үчүн, артка кароого туура келет. Бул үй-бүлөлүк текшерүү силерге никеде пайда болгон ар кандай акыр-чикирди тазалап алып салууга жана абалды баалап, текшерип чыгууга жардам берет. Бир аз ойлонуп туруп, анан төмөнкү суроолорго чын жүрөктөн жооп бергиле.

Өзүңөрдүн балалык чагыңарды эстегиле. Үйдөгү атмосфераны кантип сүрөттөйт элеңер?

__________________________________________________

__________________________________________________

*Мисалы: тынч, бейпил, башаламан, сүйгөн, сүйбөгөн, ачык, жабык, кең пейил, сараң, коркунучка толгон, эң жакшы, жылуу-жумшак, кабыл алуу, муздак, катуу.*

Өз ата-энеңердин мамилесин кыскача сүрөттөп жазгыла (толук баарлашуу, назик, ынтымактуу, ж.б).

__________________________________________________

__________________________________________________

Ата-энеңер пикир келишпестиктерди жана чатакты кантип чечишкен? Алар бири-бирине кандай карашат?

__________________________________________________

__________________________________________________

Силер тентек болуп, жаман жүргөнүңөрдө силерди кантип жазалашты эле? Жазалоодон кийин да бир топко чейин силерге ачууланып жүрүштү беле же дароо эле кайра кабыл алып, суйүү көргөзүштү беле?

________________________________________

________________________________________

**УШУЛ СҮЙЛӨМДҮ БҮТҮРҮП КОЙГУЛА:**

“Бала чагымда мага үй-бүлөмдүн мындай болгону жакчу...”

________________________________________

________________________________________

“Бала чагымда мага үй-бүлөмдө мындай болгону жакчу эмес...”

________________________________________

________________________________________

Жоопторду карап туруп, аларды өз никеңер жана үйдөгү атмосфера менен салыштыргыла. Үйдөгү атмосферадан, жубайлык мамилелерден кандай окшоштукту көрүп атасыңар? Силер жаңжалды кантип басасыңар жана балдарыңарды кантип тарбиялайсыңар? Байланыш байкалып атабы?

________________________________________

________________________________________

Өз никеңерди акыр-чикирден тазалоо үчүн, жогорудагылардын баарын эске алып, жубайыңар экөөңөр өзгөртө турган эмне бар экенин карагыла.

________________________________________

________________________________________

*Бири-бириңер менен сүйлөшкүлө. Сыйынып туруп, өзгөртүү керек болгон нерселерди Ыйык Рухка тапшыргыла.*

## 2-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# КЕЧИРИМ

*Көтөрүмдүү болгула. Бири-бириңерди кечиргиле, эгерде бири-бириңерге нараазычылыгыңар бар болсо, Машайак силерди кечиргендей, силер да кечиргиле.*

— Колостуктарга 3:13

Силер өз жубайыңарга мээрмандык көргөзө аласыңарбы? Акча жагынан эмес. Ката кетирүү мейкиндигинде – Анын ырайымы боюнча Кудайдын бейнесинде өсүүгө мүмкүнчүлүк берилген жакта. Бул жерде биздин баарыбызга кечирим керектиги тууралуу кеп болуп жатат, анткени биз баарыбыз ката кетиребиз. Кечирип коюу аркылуу биз өзүбүздүн Асмандагы Атабызга окшошобуз, Анын ырайымынын өткөргүчү болуп калабыз, ал ырайым жубайларды өзгөрүүчү күчкө толтурат. Жазуучу К. С. Льюистин сөзүн келтирели:

> "Машайакчы болуу деген, кечирилгис нерсени кечире билүү дегендик, анткени Кудай кечирилгис мени кечирди. Бул кыйын. Балким бир эле таарынычты кечирүү анча кыйын эместир. Бирок күн сайын болуп аткан чагымчылыкты кечирүү, кайын энелерди кечирүү, мушташчаак күйөөлөрдү, ыйлаак, ажаан аялыңды, өзүмчүл кызыңды, калпычы балаңды күн сайын кечирүүгө кантип болсун? Менин оюмча кайсы жерде турганыбызды эстөө менен гана, күн сайын кечинде сыйынган сөздөрүбүзгө: "Мен башкалардын күнөөлөрүн кечиргендей эле, Сен да менин күнөөлөрүмдү кечир" маани берүү менен гана бизге кечирүү жөндөмдүүлүгү берилет. Кечирүүдөн баш тартуу, демек Кудайдын бизге болгон кайрымынан баш тартуу. Башкача болушу да мүмкүн эмес, Кудай Өзүнүн айтып аткан сөздөрүнө жооп берет".

Жубайыңардын кайсыл жактан кечирип, мээрман болгонун каалайсыңар?Кайсы жерде силердин катаңарга карабай эле кечирип койгонун каалайсыңар? Өзүңөр билген жана иш жүргүзүп жаткан үч жагыңарды атап, айткыла.

Силердин жубайыңарга силердин мээрмандыгыңар керек болгон үч жакты атап айткыла. Силер аны көргөзөсүңөрбү? Эгерде жок болсо, эмне үчүн?

Эгерде силер Кудайдын Сөзүнө ылайык жубайыңарга карата болгон таарынычты коё бербесеңер эмне болот? Матай 6:14,15; 18:21-35; Марк 11:25 ди кунт коюп окуп чыккыла жана Ыйык Рух эмне айтса ошону жазып алгыла.

Кудайдын кечирими чексиз! Эгерде жубайыңарды кечирүү кыйын болуп жатса, анда артыңарга кылчайып карап көргүлө. Өзүңөдүн ойлоруңар, сөздөрүңөр, иштериңер менен Кудайды кайсыл жерде таарынттыңар эле? Эгерде силер өз күнөөңөрдүн канчалык тереңдигин билсеңер жана Ыйсанын ал үчүн канчалык азап тартканын билсеңер, анда Ыйык Рух жүрөгүңөрдү жумшартат жана силерге кечирүү үчүн ырайым берет.

*ТОБО КЫЛУУ СЫЙЫНУУСУ ЖАНА БОШОНУУ*

*Теңир, мени жубайыма карата ушул таарынычтарды кармап жүргөнүм үчүн кечир. Мен мындан ары анын бардык кемчилдиктерин эстегенди каалабайм. Сен менин күнөөлөрүмү кечиргенде аны кайра эч качан эстебейсиң. Мага да ошондой кылууга күч жана каалоо берчи. Мен өз жубайымды Сенин колуңа тапшырам. Анын жүрөгүнө сүйүүң менен ырайымың менен кел. Аны чындап сүйүүгө жана кечирүүгө мага жардам бер. Ал катачылык кетиргенде ага кечирим менен карап өсүшүнө мүмкүнчүлүк берейин. Мен аны саламаттык, акылмандуулук, тынчтык, кубаныч, сүйүү, жакшылык, ишенимдүүлүк, Сенин Сөзүңдөн алган аян-ачылыштар менен баталайм. Ал Сени менен таң каларлыктай жакын мамиледе болсун деп тилейм. Ырахмат Атаке, биздин никени айыктырганың үчүн. Ыйсанын ысымынан. Оомийин.*

Ыйык Рухка силерде Өзүнүн сүйгөн, кечирген, Аны менен болгон табиятты орнотууга мүмкүнчүлүк бергиле жана Ыйык Жазуудагы аяттардын үстүнөн дыкаттык менен ой жүгүрткүлө, мисалы: 1 Кор 13; Рим. 5:5; Эф. 3:16-19; 1 Пет. 3:8,9).

## 3-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# БАРДЫГЫ КАНТИП КАРАГАНГА БАЙЛАНЫШТУУ

*Ошентип, бир туугандарым, эмне чындык, эмне туура, эмне адилеттүү, эмне таза болсо, эмне адептүүлүккө жатса, эмне мактоого арзырлык болсо, ошол жөнүндө ойлогула.*

— Филиптиктерге 4:8, заманбап котормо

Качан силер өз жубайыңар тууралуу ойлогондо силердин жүрөгүңөрдү эмне толтурат? Эгерде анын кемчилдиктери жана жолу болбогон жактары тууралуу эле ойлонсоңор, анда никенин көйгөйү көбөйөт. Башка жагынан алып караганда, эгерде силер ыраазы болор жагынан карай турган болсоңор жана ыраазычылык билдире алсаңар, анда силердин никеңер жаңы жарыкта көрүнө баштайт! Никенин күчү ага кантип караганга жараша болот.

Силердин өз жубайыңарга кантип караганыңар, мамилеңерге албетте таасирин тийгизет. Жалпысынан алганда, силер жубайыңарга кандай карайсыңар? Ага карата жасаган мамилеңерди сөзүңөрдү, иштериңерди карап көргүлө.

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

*Кудайга сыйынып, Андан жубайыңарга карата жасаган мамилеңердин чыныгы жүзүн көрсөтүшүн сурангыла. Ал силерге эмнени көргөзүп жатат? Анын жардамы менен эмнелерди өзгөртүшүңөрдү каалап жатат?*

Жаңы көз караш менен алып караганда, өз жубайыңардан кандай баалуулуктарды көрүп жатасыңар? Филиптиктерге жазылган Катты (4:8) жакшылап карап көргүлө. Андан кийин өз күйөөңөрдүн

(аялыңардын) силер Кудайга ыраазы боло турган он негизги жөндөмдүүлүгүн жана сапатын жазып чыккыла.

*Жубайыңарда болгон ушул сапаттар тууралуу чын жүрөгүңөрдөн ыраазы боло билгиле. Кийинки 30 күн ичи ушул аяттардын үстүнөн ой жүгүрткүлө жана аларга дагы жаңы сапаттарды кошо бергиле.*

Коркунуч аянды тосуп калат. Ал биздин жубайыбыздын кемчилдиктерине гана карай берет, өз кырдаалыбызда өз кемчилдиктерибизге да карай беребиз. Коркунуч деген – жалпысынан алып караганда, чындыктай болуп көрүнгөн жалган чындык. Силердин жубайыңарга байланышкан эң чоң коркунучуңар кайсы? Аларды ачып бергиле деп Теңирден сурангыла.

*Бул коркунучтарга Ыйык жазуудагы аяттардагы (Филиптиктерге жазылган кат 4:8) призма аркылуу карагыла. Чын эле алар жакшы жана туурабы? Алар таза жана ишенимдүүбү? Алар үчүн Кудайды даңктай аласыңарбы? Бул тесттен өтпөй калгандардын баарын таштап жана аларды чындык менен алмаштыруу зарыл.*

Биздеги коркунучтар көңүл калуудан жана өткөндөгү жарааттардан улам пайда болот. Жаңы жарааттарды алып калуудан корккондубуздун айынан биз ойлонбой туруп эле ата-энебиздин, мурдагы досторубуздун, курбуларыбыздын жана мурдагы күйөөлөрүбүздүн кемчилдиктери үчүн жубайыбызды төлөөгө мажбурлагандай болобуз.

Токтогула да, мындай сөздөр менен сыйынгыла: “Ыйык Рух, бул коркунучтар кантип пайда болот? Алар эмнеге негизденишкен? Сага

көбүрөөк ишенүү аркылуу, мен алардын жашоомдон түп тамыры менен жулунуп жатканын көрө алам?" Тынчтанып туруп, угуп көргүлө. Ал силерге эмнени ачып берип жатат?

## 4-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ТУКУМДАГЫ КАРГЫШТАН ЭРКИН БОЛУУ

*Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды...*

— Галаттыктарга 3:13

Кудай силердин үй-бүлөңөрдө кандайдыр бир жаңы нерсени кылгысы келет! Ал минтип айтып жатат: “Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот. Чын эле силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен эми талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм” (Ыш. 43:19).

**Джойс Майер** айткандай:

> “Ыйса жертөлөнүн эшигин ачып, туткундагыларды эркиндикке чыгарыш үчүн келди... Балким силердин өткөн күндөрүңөр абдан кайгылуу болгондур, балким силер азыр абдан кыйнаган жана кыйын шартта тургандырсыңар. Балким силер таптакыр жакшылыкты күтө албай турган абдан оор, кыйын кырдаалдарга туш келгендирсиңер. Бирок, мен коркпой, тайманбай туруп эле айтам, силердин келечегиңерди өткөн күндөр эмес, азыркы күндөрүңөр аныктайт! Жаңыча ой жүгүртө баштагыла. Кудай менен баары болоруна ишенгиле (Лука 18:27ни карагыла)” .

Силерди, жубайыңарды жана балдарыңарды каныңарда жашап жаткан ар кандай каргыштардан бошотуш үчүн Машайак абдан эле кымбат бааны төлөгөн. Болгону гана Анын жеңишин күчкө киргизүү керек. Кудай алдында тынчтанып туруп, сыйынгыла: “Ыйык Рух, менин жана жубайымдын канында кандай туура эмес жүрүм-турумдардан келген каргыштар бар? Суранабыз, алардан бошонуп, чыныгы боштондукту алышыбыз үчүн жардам берчи бизге”.

*Ыйык Рух каргыштарды ачып берер менен, аларды Теңирге баш ийдиргиле. Ушул бөлүмдө келтирилген сыйынуу менен сыйынгыла жана өзгөрүү келери үчүн Кудайга ишенгиле.*

Кээде биз өз ант, убадаларыбыз менен ойлонбой туруп эле, биздин үйүбүзгө кирүүгө ынтылган көйгөйлөргө эшик ачып койгон болобуз. Айтылган анттар жүрөктүн айланасына дубал орнотуп коёт. Бул анттар бизди чоң таарынычтардан коргош керек болчу, бирок алар иш жүзүндө бизге дагы да көбүрөөк жараат алып келет.

> Сен оозуңдан чыккан сөзүң менен өзүңдү чырмап алдың.
>
> — Накыл. 6:2

Токтогула да, сыйынгыла: "Ыйык Рух, мен өзүмө кандайдыр бир анттарды бердим беле? Эгерде берген болсом, анда кандай анттарды?" Уккула. Ал ачып берген бардык анттар үчүн тобо кылгыла жана Ыйсанын ысымынан ар кандай анттардан Анын бошотуусун сурангыла.

*Биз корккондугубуздун айынан ант беребиз, кайрадан жараат алып калбайлы деп коркобуз да, мындай сөздөрдү айтабыз: "Эч качан эркекке/аялга жол бербейм... Эгерде менин күйөөм/аялым мени качандыр бир кезде (алдаса, урса, же ж.б...) анда мен..." Эгерде силер ушундай анттарды угуза же ичиңерден айткан болсоңор, анда тобо кылгыла. Ал силерди коргосун деп жана сактасын деп Теңирден жардам сурагыла.*

> "Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул (тынчтык, кубаныч, коопсуздук, баарынын үстүнөн болгон салтанат) Теңирдин кулдарына (ким Кудайдын идеалдуу кызматчысы болуп кайра жаралып жаткан болсо) Мен берген мурас жана адилдик...
>
> — Ыш. 54:17 кеңири котормо, курсив авторлордон

Ыйса менен болгон мамилеңерге ылайык, силер ар кандай каргыштардан бошоносуңар жана руханий батаны мурастайсыңар (Эф. 1:3тү кара). Бул аяттарды кунт коюп окуп чыккыла жана Машайакта силерге жана силердин үй-бүлөңөргө баталар жетерин билип алгыла. Матай 11:28, 16:19; Лука 10:19; 11:13; Жакан 4:14; 7: 38,39; 14:27; 5:11; 1 Коринттиктерге 1:30; Коринттиктерге 5:21; 2 Пет. 1:3,4. Ыйык Рух бул аяттарда силерге дагы эмнелерди ачып берди?

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## 5-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ТИЛЕКТЕРДИ БАШКАРУУ

*Анткени (Кудай) Өзү: "Сени калтырбайм жана таштабайм" деген. Жок, жок, дагы бир жолу жок. Мен сени жардамсыз калтырып койбойм, сенин өлүп калышыңа жол бербейм (Сенден Өз колумду албайм)! Эч качан!*

— Эврейлерге 13:3

Күтүү деген – бул, "келечекте боло турган нерсеге көздүн жетиши". Адамдардан бир нерсе күтүү менен биз, алардын айрыкча бизге карата канчалык ийгиликтүү жана жакшы болушуна абдан көзүбүз жетет же абдан күчтүү сезимге ээ болобуз. Жалпысынан алганда биз эң жакын адамдарыбыздан, айрыкча жубайыбыздан өтө көп нерсени күтөбүз. Спикер жана автор Патрих М. Морли минтип түшүндүрөт:

> "Биз баарыбыз эле өз никебизден бир нерсени күтөбүз. Бул күтүүлөр абдан ар түрдүү, көбүнчө чындыкка жакындайшпайт. Алар: 1) өзүнүн нике тууралуу жеке түшүнүгүнө негизделген. 2) Аткарылбаган жеке каалоого негизделген. Ар бирибиздин өзүбүзчө идеалдуу нике тууралуу түшүнүгүбүз бар. Балким ал түшүнүктөр бизге ата-энелерибиздин мамилесинин таасиринен улам келгендир, балким биздин бабаларыбыздын жашоосун укканыбыздан улам, досторубуздун ата-энелери тууралуу же телевизордон, китептерден, кино жылдыздардан улам келгендир".

Чындыкка жакындашпаган күтүүлөр никенин ар тарабында болушу мүмкүн. Акча, баарлашуу, үйдөгү милдеттер, балдарды тарбиялоо, достор менен болгон мамиле, секс, ж.б, мындан ары тизмени өзүңөр улантып кетсеңер болот. Токтогула да, сыйынгыла: "Теңир, менде өз никемден ишке ашпай турган нерсени күтүүлөр барбы? Эгер болсо, алар кандай?"

________________________________________

________________________________________

*Ыйык Рух эмнени көрсөтүп жатат? Жазып койгула да, Ал силерди кайсыл жакка багытта-са, ошону кылгыла.*

Ишке ашпай турган нерсени кантип ишке аша турган нерсеге ай-лантса болот? Патрих Морли мындайча улантат:

> "Биз ордуна эч нерсе күтпөй туруп эле бергенди үйрөнүүшүбүз керек. Биз өзүбүздүн күтүп жаткан нерселерибизди жубайыбызга айтып, ма-алымдаганды билишибиз керек. Андан кийин ал ойлор чындыкка ай-ланууга даярдыгы кандай экенин билесиңер".

Бири-бириңерге суроо бергиле: "Менде сага карата кандайдыр бир ишке ашпай турган нерселердин бар экендигин сен сезип жатасыңбы? Эгерде "ооба" дей турган болсо, анда алар кайсылар? Жубайыңарды урматтап, анын сөзүн бөлбөй уккула. Укканыңарды жазып алгыла.

*Эгерде силерде жубайыңарга карата кандайдыр бир ишке ашпаган нерселерди күтүүлөр болгон болсо, анда ага басым көргөзгөнүңөр үчүн жүрөгүңөр менен кечирим сурагыла. Силердин никеңерди айыктыр деп жана экөөңөрдө тең чыны менен эле ишке аша турган нерселерди өстүрсүн деп Кудайдан сурангыла.*

Акыр аягында, биздин күтүү Кудайда гана болушу керек, Анын Сөзүндөгү убадаларга гана ишенишибиз керек. Ал ишенимдүү жана Ал уятка калтырбайт. Минтип сыйынгыла: Теңир, Сенден башка эч ким жооп бере албай турган нерселерди күйөөмдөн күткөн учур-ларым барбы? Эгерде ошондой болсо, анда аларды мага көргөзүп берчи. Ошол муктаждыктарды толтуруу үчүн, мага Сенин ырайы-мыңды берчи". Тынчтыкта туруп угууга аракеттенгиле. Ыйык Рух силерге эмнени көргөзүп жатат?

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти "Messenger" кызматындагы "Никенин тарыхы жөнүндө" деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 3 - видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Никеде пикир келишпестиктер болушу турган нерсе, бирок биз аны кантип чечебиз, кептин баары ошондо. Бул жөнүндө ойлонгула. Күйөө жана аял – бул бир бүтүндүккө айлана турган эки түрдүү адам. Алардын ар бири өзгөчө. Жубайлардын ар биринин кылганы дагы, ой толгоосу дагы ар түрдүүчө. Жубайлар бир эле кырдаалга, бир эле адамга, бир эле мүмкүнчүлүккө, ж.б. бирдей эле нерселерге ар түрдүүчө карашат. Силер качандыр бир кезде ушул тууралуу ойлодуңар беле? Жубайыңардын өзгөчөлүгүн түшүнүү аны жарыкта көрүү үчүн жана аны баалоо силерге кантип жардам берет?

2| Ким кечирим сураса, Машайак аркылуу ал баарына жеткиликтүү. Элестетип көрсөңөр, силер Кудайдан кечирим сураганыңарда Ал силерге: "Билбейм, сени кечирүүнү каалаймбы. Сен дагы эле ошол кылыгыңды кыла берет болушуң керек. Алгач өзгөргөнүңдү көрөйүнчү" дебейт. Ушундай сөздү уккандан кийин силер өзүңөрдү кандай сезесиңер? Ал эми силер жубайыңар кечирим сураган кезде ушинтип айттыңар беле? Ошондо ал кандай сезимде болду экен?

3| Кудайдын кечирими – жүрүм-турумдун оңолгондугу үчүн ыйгарылган сыйлык эмес. Бул анын ишенгендигинин вотуму. Тынч отуруп ойлонуп көргүлөчү. Анын шартсыз сүйүүсү жана кечирими силерди өзгөрүүгө канчалык шыктандыраар экен. Мына ушул жагынан алып караганда силердин күйөөңөргө (аялыңар-

га) карата ишеним маселесинде мамилеңер кандай экен? Бул анын жашоосунда эмнени өзгөртө алат?

*Кечирим – деген бул мамилелердеги жарааттар менен күнөөлөрдүн курчоосун үзүүчү жалгыз гана ыкма... Ал күнөөнүн, сот адилеттигин жана адилеттиктин бардык маселелерин чечпейт... Бирок мамилелердин кайра башталышына мүмкүнчүлүк берет.*

— Филип Янси

4| Коркунуч – бул биздин жашообуздагы Кудайдын сүйүүсүнө жана коргоосуна каршы турган руханий күч. Эгерде аны талдап, түшүнүшүп албасак, анда ал биздин никенин улуулугунда өсүшүбүзгө мүмкүнчүлүк бербей кишендеп коёт. Күйөөлөр, аялдар менен болгон мамиледе күйөөлөр кандай коркунучтарды башынан өткөрүшөт? Аялдар, күйөөлөрү менен болгон мамиледе аялдар кандай коркунучтарды башынан өткөрүшөт? Аларды жеңип чыгуу үчүн кандай ыкмаларды колдоносуңар?

| **Күйөөлөрдөгү коркунучтар** | **Аялдардагы коркунучтар** |
| --- | --- |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |

5| Никеде ишке ашпас нерселерди күтө берүү таарынычтарга, көңүл калууга алып келет. Душман нараазылыктын үрөнүн себүү үчүн жана жубайларыбызда болбой турган нерселерге кызыгууну туудуруу үчүн, көңүл ачуу жана ММК эң жакшы колдонот. Тынч туруп алып ойлонуп көрсөңөр, биздин жубай жана нике туурулуу түшүнүгүбүзгө фильмдер, музыка, телешоу, журналдар, китептер жана интернет кандай гана таасирин тийгизет. Биз өзүбүздүн жүрөгүбүздү, акылыбызды ишке ашпай турган

нерселерден сактоо үчүн кандай иштиктүү кадамдарды жасай алабыз?

**Лидерге:** Массалык маалымат каражаттарын тандоонун алдында Филиптиктерди (4:8) окугула.

6| Кайындарыңар силерди көзөмөлдөй берген кыйын кырдаалдарга качандыр бир кезде кабылып көрдүңөр беле? Атын айтпай туруп эле ошондой учурлардын бирөөсүн айтып бергиле. Эгерде ошолорго чыдаган болсоңор, анда силерге кантип Кудай күч бергендиги тууралуу айтып бергиле. Эгерде силер дагы эле чыдоого мажбур болуп атсаңар, анда силерге Кудай ушунун баарын жеңип чыгууга күч жана ыйрайым берсин деп сыйынып берүүлөрүн группадан сурангыла.

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Никенин палубун тазалоо деген – Өзүн Кудай даярдап койгондой улуулуктун позициясына чейин көтөрүү керек дегендик.
- Кечирим – бул таарынткандар үчүн да, таарынгандар үчүн да боштондук актысы. Кудайдын ырайымы менен биз башкаларды чексиз кечирип жана Кудайдын кечиримин да чексиз түрдө ала алабыз.
- Биз өз жубайларыбызды өзгөртө албайбыз, аны бир гана Кудай өзгөртөт. Бирок, биз Ага бизди өзгөртүүгө уруксат берүү менен, Аны менен чогуу иштеше алабыз.
- Жубайыңарга карата ыраазылыктагы мамилеңер ага карата силердин жүрөгүңөрдү ачат. Анан ошол нерсе сүйө алат, кечире алат, силердеги Кудайдын ырайымын күчөтө алат. Ошондо экөөңөр тең өзгөрүп, экөөңөргө тең жакшы болот.
- Качан силер кечиргенге чечим кабыл алганда үй-бүлөңөрдөгү ар бир адам утат, анткени сүйүү силерди гүлдөтүп коёт.
- Кудайдын сүйүүсүн сезүү коркунучту ачыкка чыгарып жана аны биздин жашообуздан кууп салат. Качан биз Анын сүйүүсүнүн биз аркылуу аракеттенишине мүмкүнчүлүк бергенибизде, жубайыбыздагы коркунучтар кетип, биздеги бардык кемчилдиктерибиз менен ийгиликсиздиктерибизди жаап коёт.
- Жаңы мурасты куруудан мурда, силердин үй-бүлөңөрдү толтуруп турган каргыштарды карашыңар керек. Машайактын аткарган ишинин натыйжасында ар кандай каргыштар талкаланган!
- Силердин никеңер кандай болгондугуна карабай, Кудай аны өзгөртө алат. Анткени Ал Өзү никеде. Аны менен мүмкүн болбогон эч нерсе жок!



4-БӨЛҮМ

# Туруу жана куруу керек

*Ыйса аларды чакырып алып: "Элге башчылар үстөмдүк кылып, төрөлөр бийлик жүргүзөрүн билесиңер. Бирок силердин араңарда мындай болбосун. Араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун. Араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кул болсун. Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген.*

— Матай 20:25-28

## 1-күн

Чың, жакшы никени куруунун бир гана натыйжалуу ыкмасы бар. Көпчүлүгүнүн көзүнө ал жашырылып турат. Биз силерге эскертип коюшубуз керек, анда эч кандай жеңил жактар жок. Бирок, бул баарыбыз каалагандай, никеде ырахат, сүйүү алып жана максатка жете турган жападан жалгыз гана жол. Сырды билүүгө даярсыңарбы? Ал жөнөкөй эле: кызмат кылгыла. Өз кыялындагы никени куруунун жалгыз гана ыкмасы: өз жашоосун башка адамга - өз жубайына кызмат кылууга арнап коюу.

Бул китепти аягына чейин окубай туруп, же кийинки бөлүмдү баштабай туруп жаап койбошуңарды суранам. Биз билгенибиздей эле, кызматтын концепциясы адатта чоң таң калууну деле алып келбейт. Ал көбүнчө капалуу сезимдерди жаратышы мүмкүн. Биз ошентип капала-

нып турганбызда башка адамды угууга, башка кызыкчылыктарга ыктап кетебиз. Бирок Кудайдын Уулу, падышалардын Падышасы Ыйса, Өзүнүн негизги чечимин кызмат кылуу деп тандаган экен. Биздин эң жакшы кызыкчылыктарыбыз Анын бүткүл жашоосу болуп калды. Ал Өзүнө тиешелүү болгон бийлик ордун калтырып, Кудай менен адамдын ортосундагы жок болуп кеткен байланышты калыбына келтирип, көпүрө курууга киришкен. Азыркы кезде Ал бизди Кудай менен элдештирип койгондон кийин биздин эң чоң кыялдарыбызды, каалоо жана кубанычтарыбызды ишке ашыруу менен ырахаттанып жатат.

Ал бизге өзгөчө бир жашоо жана Ага окшошуунун артыкчылыгын берди. Ыйса Өз өмүрүн берип жатканда дагы, Ал бизге ашыгы менен өмүрдү сунуштаган. Бул шартсыз, чексиз кызмат бизге мамилелердин, айрыкча жубайлык мамилелердин стандартын берген.

Эми палуба тазалангандан кийин, өз кыялыңардагы үйбүлөңөрдү курсаңар болот. Өз кыялына ээ болуу – бул Кудайдын жакшылыгы. Силер ага өз жашооңорду арнаганда гана ал жакшылыкка ээ болосуңар. Кудай Падышачылыгында бирдемени сактап калууга болот, бирок бирдемени бергенде гана. Никедеги сүйүү, кубаныч, канааттануу, өзүңөрдүн эң мыкты кызыкчылыгыңарды жубайыңар үчүн курмандык кыла алганыңарда гана келет.

Силер баарына өзү үчүн гана ээ болгусу келген эң бактысыз машайакчыларды кезиктирдиңер беле? Башкалар үчүн эч качан, эч нерсе кыла албагандар эң бир аянычтуу мунжулар болуп калышат. Мунун себеби кызмат деген Ыйсанын руханий ДНКсы, ал биздин Машайактагы табиятыбызга кошулуп өрүлгөн. Качан биз Анын малайлык кызматты да өз ичине камтыган табиятын кабыл алгандан баш тартканыбызда, Анын кайра жаратуучу күчүнөн ажырап калган болобуз. Бул күч Кудайдан корккон жашоо жана нике үчүн абдан зарыл нерсе. Андай жашоого биз Ал жашагандай жашоого умтулганыбызда гана жетише алабыз. Эгерде биз кызмат кылбай турган болсок, анда өз кыялыбыздагыдай никени кура албайбыз.

## Кичине болуу

Өзүнүн эң жакын шакирттери менен акыркы жолу кечки тамакты жеп жаткан учурда Аны өлүм күтүп тургандыгын, Аны сатып кетишерин айткан. Алар эмне деп жооп беришти эле? Биринчиден, алар абдан кызуулук менен Андан баш тартуу мүмкүн эместигин айтып чыгышкан. Андай кийин дароо эле арасынан ким чоң деген талашка өтүшкөн.

Кандай гана абсурд! Ыйса Анын өлүмү жакындап келе жаткандыгы тууралуу айтып жатса, Анын эң жакын достору болсо кимибиз чоң деп талашып жатышат. Ыйса аларга кантип жооп бергенин карап көргүлө:

> "Силер болсо андай болбогула. Тескерисинче, араңарда ким улуу болсо, ал кичүүдөй болсун; ким башчы болсо, ал кызматчыдай болсун. Анткени кимиси чоң: дасторкондо отурган адамбы же кызмат кылган адамбы? Албетте дасторкондо отурган адам чоң. Мен болсо силердин араңарда кызмат кылган адам сыяктуумун" (Лук. 22:26,27).

Балким, Ыйсанын сөзү шакирттерине камчы сыяктуу тийгендир. Бирок шакирттер өз кызыкчылыктарын ойлогондугун дааналап көргөзүп коюшту. Эми Ал чоң болуу, демек башкаларга кызмат кылууда эң мыкты болуу деп айтып жатат.

Бирок Ыйса ушул жөнөкөй жана татаал сөздөр менен эле токтоп калган эмес. Анын шакирттери ого бетер ыңгайсызданып калгандай болду. Ыйык Жазуу минтип айтат:

> "Ыйса Атасынын бардык нерсени Өзүнө бергендигин, Өзүнүн Кудайдан келип, Ага кайра кайтып барарын билчү. Ыйса дасторкондон туруп, сырткы кийимин чечти да, белине сүлгү байлады. Андан кийин чылапчынга суу куюп алып, шакирттеринин бутун жууп, белиндеги сүлгү менен аарчый баштады" (Жкн. 13:3-5).

Бул үзүндүдөгү эң бир маани бере турган нерсе, Ыйса эмне үчүн Өзүнүн шакирттеринин бутун жуугандыгы. Биз бул суроого "билип туруп" деген сөзгө маани бергенде гана жооп бере алабыз. Ал баарынын үстүнөн Ага бийлик берилгендигин билген, ошого карабастан, Өзүнө төмөнкү катмардагы малайдын жоопкерчилигин алган. Ыйса

калп эле жөнөкөй болуу менен күрөшкөн эмес. Ал Өзүнүн кудуреттүү күчкө ээ экендигин билгендиги көрүнүп эле турат. Бирок ал абалынан кыянаттык менен пайдалануунун ордуна, Ал аны малайдын маанисиз иштери үчүн платформа катары пайдаланган.

Алгачкы кылымдарда жолдорго тактай төшөлгөн эмес, барып туруп "Найк" деген красовкалардан (бут кийим) сатып ала турган шарт болгон эмес.

Адамдар сандалдарды кийип жүрүшкөн (же такыр эле жылаңайлак жүрүшкөн), ошондуктан, алар ар кандай учурда буттарын чаңдан же жаныбарлардын заңдарына улам булгап алыштары мүмкүн эле. Биздин азыркы заманда андай жолдордогу буттар канчалык булганаары жана алардан кандай гана жыттар чыгып тургандыгын айтпаса да түшүнүктүү.

Жолдордун ушунчалык булганычтыгынан улам кулдар өз кожоюндарынын жана алардын конокторунун буттарын сөзсүз жууштары керек болгон. Бай үй-бүлөлөрдөгү малайлардын иштери көп болгон: атканаиы тазалоо, тамак бышыруу, бөлмөлөрдү жыйноо. Бирок бут жуугандагы милдет өтө төмөнкү кызмат саналган. Кээ бир чөйрөлөрдө бул иш ушунчалык бир жийиркеничтүү болуп эсептелген. Андыктан, ал үчүн колунан бут жуугандан башка эч нерсе келбейт дегендей, эч жакка жараксыз болгон атайын малайларды коюшкан.

Эмне үчүн Ыйса кызматында ушунчалык төмөнкү деңгээлдеги ишти көргөзгүсү келген? Анткени анын шакирттери Анын сабактарынын маанилүүлүгүн билишин каалаган. Ал тургай, Ал Өзүнүн Устаттыгын билдирүүчү кийимин да чечип коюп, белине кулдар тагып алган сүлгүнү тагып алган. Ыйса көп өтпөй Өзүнөн баш тартып жана Өзүн сатып кете турган адамдардын бутун жуугандыгын эсиңерге алгыла.

> "Ыйса шакирттеринин бутун жууп бүтүп, сырткы кийимин кийип, дасторконго кайра отургандан кийин, мындай деди: "Силерге эмне кылганымды түшүндүңөрбү? Мени: "Устат", "Теңир", – дейсиңер. Мунуңар туура, анткени Мен чынында эле Ошолмун. Мен Теңир жана Устат болуп туруп, бутуңарды жуудум. Демек, силер да бири-бириңердин бутуңарды жуушуңар керек. Анткени, Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла.

> Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, кул өз кожоюнунан жогору эмес, жиберилген адам жиберүүчүдөн жогору эмес. Эгерде ушул билгениңерди аткарсаңар, анда бактылуусуңар" (Жкн. 13:12-17).

Өзүнүн шакирттеринин бутун жууп бүткөндөн кийин, Ыйса Устаттык ролуна кайтып, кайрадан кийимин кийди жана шакирттери эч качан унута албай турган сабактарынын акыркы штрихтерин көргөздү. Бул түбөлүктүү чындыкты төрт пункт боюнча түшүндүрсө болот:

1. Теңир жана Устат катары Мен силерге жеткилең үлгү көргөздүм
2. Мен бул ишти ыктыярдуу кылып жаткандыгыма байланыштуу, силер дагы ушундай же ушуга окшогон иштерди кылсаңар болбойт деп ойлобогула.
3. Мен силердин Устатыңармын-силерден өйдө Турганмын, бирок ошого карабастан, эң төмөнкү малай кыла турган ишти кылууга даярмын.
4. Мен көрсөткөн үлгү боюнча иш кылган кызматчыларга батамды берем.

## Кызмат кылууга чакырылган

Эгерде Ал көрсөтөн үлгүнү ээрчисеңер, баталуу болооруңар тууралуу Ыйса айткан. Бул демек, эгерде биз өз жубайыбызга кызмат кылууда Ага окшошо турган болсок, биздин кызматыбызда да Анын батасы болот дегендикти билдирет.

Биз силерди күн сайын кечинде бут жууган салтты аткаруу менен Ыйсага окшош болууга чакырган жокпуз. Мунун мааниси Анын кызматынын үлгүсүн өз жашообузга алып келгенде. Никеде биз Машайактын үлгүсүн ар бирибиз өз милдетибизди аткаруу менен бири-бирибизге кызмат кылууда көрсөтөбүз. Пабыл минтип жазган:

> **"**Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла. Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек**"** (Флп. 2:3,5, курсив авторлордон, азыркы котормо).

Машайак кантип ойлонду эле? Ал Өзүнө малай катарында карап, башкалардын кызыкчылыгын Өзүнүкүнөн өйдө койгон. Ал эң бир четине чейин жетип, Өзү сүйгөндөр үчүн өмүрүн курмандыкка берген. Биздин көпчүлүгүбүз жубайларыбыз үчүн ушундай курмандыктарга барыш үчүн чакырылганбыз, бирок ал үчүн өзүмчүлдүктү ташташыбыз керек.

Эгерде кызмат ушунчалык улуу нерсе болсо, эгерде ал Кудайдын батасын берсе, анда эмне үчүн адамдар аны аткарышпайт? Биздин күнөөкөр табиятыбыз дайыма Кудайдын Рухуна каршы күрөшөт жана дайыма бизди баарынан мурда өз кызыкчылыгыбыз үчүн кам көрүүгө түртүп турат. Биздин денебиз анын каалоолорун аткарышыбызды, анын кумарларын канааттандырышыбызды каалап турат. Аны биз канчалык тоюндуруп, канааттандырганыбызга карабастан, ал дайыма дагы да улам көбүрөөктү каалап тура берет.

Күнөөкөр табиятыбыз бизди дайыма өзүмчүлдүккө жана нараазылыкка түртө берет. Ошол эле мезгилде Кудайдын Руху бизге булганбастан, ыраазычылык билдирип жашашыбыз үчүн күч берет. Кудайдын Рухунун жетекчилиги астында жашайбызбы же эч качан канааттанбаган дененин каалоосунун астында жашайбызбы ар бир көз ирмем сайын аны биз өзүбүз чечебиз:

> “Анткени күнөөкөр табияттын каалоолору Рухка, Рухтун каалоолору болсо күнөөкөр табиятка каршы. Алар бири-бирине каршы, ошондуктан силер өзүңөр каалаганды жасабайсыңар” (Гал. 5:17).

Биз эркиндикте гана өз жашообузду арнай алышыбыз үчүн, Ыйса биздин күнөөкөр табиятыбыздан бошотуп койгон. Бизге көбүрөөк алышыбыз үчүн эмес, көбүрөөк бериш үчүн куткарылуу берилген!

> “Бир туугандар, силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла” (Гал. 5:13).

Биз өз жашообузду курмандыкка бере алышыбыз үчүн бизге эркиндик берилген. Эгерде биз өзүбүз үчүн эле жашап жүрө берсек, анда Машайактагы эркиндикке бекер эле жетишкен болобуз. Анан Машайак Өз өлүмү аркылуу бизди бошотуп койгон өзүмчүлдүк ме-

нен күнөөгө кайрадан эле баш ийип калган болобуз. Башкаларга, өзгөчө жубайыбызга кызмат кылып жашаганга көнүү менен, Ал биз үчүн ачып койгон ашыгы менен мол өмүргө катышкан болобуз.

### 2-күн

## Ыйык Рухка толгондор

Адамдар Эфестиктерге жазылган Кат 5-бөлүмдөгү "нике жөнүндөгү" аятты ачканда, адатта 22-аяттан, аялдар баш ийиши керек деген жерден баштап окушат. Бирок чыныда Пабыл бул бөлүмдүн башында эле насаат-акыл айта баштайт. Нике Машайак менен Жыйындын ортосундагы мамилени кантип көргөзүшү керектигин жакшылап түшүнүү үчүн келгиле 18-аятты карап көрөлү:

> "...бирок Рухка толгула" (Эфес. 5:18).

Грек тилиндеги түп нускасында "толгула" деген сөз толуунун эч качан токтобогон процесси дегенди түшүндүрөт. Эгерде биз дайыма Рухка толбосок, Анда болууну жана Анын жетекчилигин издебесек, анда биз Кудай гана толтура ала турган муктаждыктарыбыздын баарын өз жубайыбыз толтурсун деп күтө беребиз. Күйөөңөр (аялыңар) канчалык жакшы болгондугуна карабастан, ал эч качан Кудайдын ордун ээлей албайт. Эгерде силер жубайыңардан жашоомду маңыздуу жана максаттуу кылат, б.а. батага толтурат деп күтө турган болсоңор, анда силер көңүл калууга же ызаланууга дуушар болушуңар мүмкүн, анткени силер Кудайдын сүйүүсүн көргөзө албайсыңар. Силердин жашооңордо Ыйык Рухка канчалык орун бар болсо, андан Машайактын чагылышы да ошончолук болот. Машайак деген биздин куткарылуубуздагы үй бурчуна коюлган таш, бирок Ыйык Рух – бизди Өзгөртүүчү. Эгерде биз дайыма Ыйык Рух менен толуп тура турган болсок, анда биз акыл-эсибиздин жана жүрүм -турумубуздун жаңыланышына жетише алабыз. Бизге Кудай минтип айтат:

> "...эски адамдын мурдагы жүрүм-турумун таштоо керек экендигин, акыл-оюңарды жаңыртып турушуңар керек экендигин, чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамды кийүү керек экендигин үйрөнгөнсүңөр" (Эфес. 4:22-24).

Анын Рухунан бөлөк туруп, Машайакты сүйүп жана ага кызмат кылууга аракет кылуу – бул суу түтүгүнө улабай туруп эле шлангадан суу чыгарууга аракеттенүү дегенге барабар болот. Шланг өзүнөн өзү эле суу чыгара албайт – ал болгону өткөргүч гана. Ошол сыяктуу эле, биз дагы эгерде Ыйык Рухтун күчүн кабыл алсак гана, ошондо өз жубайларыбызды сүйүп жана аларга кызмат кыла алабыз.

Адамдын жүрүм-турумунун кандайлыгы жана эркинин күчү дагы өзүнчө орунду ээлейт, бирок ошентсе да алар биздин акылыбызды жаңылай албайт жана дененин каалоосун жогото албайт. Эгерде биз Анын Ыйык Рухунун күчүнүн жана Инсандыгынын алдында өзүбүздү ача турган болсок, ошондо гана биз Анын таасирин жана бизди өзгөртүүчү күчүн баштан кечире алабыз. Бул таасир жубайлардын бири –бирине карата Ыйсага окшогон мамилесинен жана үй-бүлөдөгү жасалган мамилелелрден көрүнөт. Кудайдын Ыйык Рухунун кийлигишүүсү болмоюнча, жүрүм-турумду өзгөртүүгө болгон ар кандай аракеттер көңүл калууга жана капалануууга алып келет.

Биз эркектер менен аялдардан көптөгөн каттарды алабыз, аларда манипуляциянын жана бой көтөргөн мамиленин айынан үй-бүлөлөрүнүн бузулгандыгы тууралуу айтылат. Көбүнчө бул адамдар Ыйык Жазууну билген эле адамдар болушат, бирок аларга Ыйык Рухтун ырайымы жана сүйүүсү жетишпейт. Натыйжада, эркиндик, күч алып келүүчү сөздөр жараланyу, алып келип, адамды кемсинтип жана жабыркатып салат. Мындай бузуучулар өзүмчүлдүк өкүм сүргөн жерлерде болот жана алар Ыйык Рухтун ишине баш иймейинче, кызматты никедеги өзүбүздүн негизги ролубуз катары көрмөйүнчө жок болбойт.

Бул бөлүмдүн калган бөлүгүндө никенин контекстиндеги кызмат эмнени көргөзөрү тууралуу сөз кылабыз. Биздин максатыбыз жашоого библиялык негиз берүү жана никенин кызматка түптөлүшү. Ошондуктан, бул бөлүмдү өткөн жана азыркы нерселердин барды-

гы үчүн жубайыңардын жүрүм-турумун айыптоого карата колдонбогула деп биз силерди чакыраар элек, Анын ордуна муну алдыга жылуунун схемасы катары колдонгула.

Биздин планыбыз боюнча, бул сөздөр жубайлык союздагы эркек менен аял Кудайдын Сөзүнө карата баш ийүүнү кааласын үчүн айтылып жатат. Бул дайыма эле ошондой боло бербестигин биз билебиз. Кандай кырдаал болгон кезде да, силер өз жубайыңарды өзгөртө албастыгыңарды эстен чыгарбагыла. Эгерде аны өзгөртүүнү кааласаңар, Кудайдын жолу менен гана жасагыла. Жүрөгүңөрдү Ыйык Рухтун аракети үчүн ачып койгула. Ал ошондо Ал гана кыла турган нерсени жасасын.

## Инсандыктар жана ролдор

Никедеги кызматтын ролун түшүнүү үчүн Эдем багына кайрылып барышыбыз керек:

> "Ошентип, Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты. Аларды эркек-аял кылып жаратты" (Башт. 1:27).

Эркек дагы, аял дагы Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган, алар Кудайдын табиятын чагылдырып турат. Эркектер менен аялдар ар түрдүү, бирок алар жер жүзүндө Кудайдын табиятын чагылдырууда бирдей.

Күйөө жана аял – булар ролдор. Алар экөөсү тең кайталангыс, Ыйык Жазуу дагы алардын өзгөчөлүктөрүн так түшүндүрөт. Бирок биз жөнүндөгү Кудайдын баштапкы ойлоруна байланыштуу ролдор окшош эмес. Биз жер үстүндө Кудайдын бейнесин чагылдырып жүрүүчүлөрбүз. Күнөөгө чалынуу ушул ойду бузуп салган, бирок Машайак аны кайра калыбына келтирген. Биздин Машайактагы куткарылуубуз баарынан мурда биздин окшоштугубузду өзгөрттү.

Силердин окшоштугуңарды ролдор (күйөөнүн, аялдын, адистин, кызматчынын, ата-эненин же достун) аныктабайт. Ролдордун алмашып калуусу (мисалы, күйөөгө чыга элек же күйөөсү бар, үйлөнө элек же аялы бар болгон) силердин окшоштугуңардын өзгөргөндүгүн билдирбейт. Тактап айтканда эркектер да, аялдар да никеге тур-

гандан кийин деле Кудайдын көз алдында үйлөнө электегидей эле бирдей баалуулукта болушат.

Тилекке каршы, көптөгөн адамдар (айрыкча аялдар) никеге тургандан кийин эле, алардын баалуулуктары өзгөрүп кетет деп ойлошот. Аялдар эгерде күйөөлөрүн урматтап башташса эле, үй-бүлөдө экинчи орунда калып калышат, азыраак бааланып, азыраак мааниге ээ болуп калышат деп ойлошот. Натыйжада, сүйүүдө жана кызматта өсүүнүн ордуна аялдар ошол эски түшүнүктүн кулуна айланып калышат.

Бул учурда күйөө утушка гана ээ болот деген менен, чынында баары башкача. Чындыгында, өзүмчүлдүк болгон кезде күйөө дагы, аял дагы уттурушат. Өз аялын никеде өзүнө тең өнөктөш катары көрө албаган күйөө өзүн биригүү жакындыгынан гана ажыратып койбостон, өсүүдөгү эң бир чоң мүмкүнчүлүктөн да ажырап калат. Эркектер өз аялына Ыйса Жыйынга кызмат кылгандай кызмат кылган кезинде гана Машайакка окшош болуп калышат. Ыйса Өзү ээрчитип жана сүйгөн адамдарына кызмат кылуу менен, Өзүнүн башчылыгын көргөзөө алган.

Сүйүү, урматтоо жана кадырлоо жубайлардын экөөсү үчүн тең маанилүү сапат болуп саналат. Алар экөө тең маанилүү жана экөө тең бири-бирине кызмат кылыштары керек. Никеге ушул көз караштан карап көргөндө эркектерде да, аялдарда да жаралганда эле бизге ишенип берилген бийликтин күчүн, Кудайдын берилген абройлуулук жөндөмүн калыбына келтирсе болот.

## Ээлеп алуу же үстөмдүк кылуу

> “Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: “Укумдап-тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле жана деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарларга бийлик кылгыла... Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү. Кеч кирип, таң атты: алтынчы күн өттү” (Башт. 1:28,31).

Башында эркек менен аял атаандаштар болушкан эмес. Алар жакын союздаштар болушкан, өнөктөштөр болушкан - бир жүрөккө бириккен

эки түрдүү адамдар болушкан. Аларга жер жүзүн толтуруучу жана анда болгон нерселерге үстөмдүк кылуучу мандат берилген. Кудай аларга тукумдагыла жана көбөйгүлө деп калгандарынын баарын аларга ишенип берген. Ал аларга бийлик кылгыла деп буйрук берген.

Бийлик кылуу деген бийликти башкаруу, аброй жана көзөмөлдүк менен байланышкан нерсе. Ал таасир этүүчүлүк жана бийлик жаатында айтылат. Биз Жашыруун кеченин таржымалынан билгендей, эркектерге жана аялдарга берилген бардык бийлик алардын жыргалчылыгы жана өсүшү үчүн берилет.

Жыныстардын ортосундагы салгылаш күнөөгө кабылгандан кийин гана башталган. Кудай менен Анын жаратылышынын ортосундагы алыстыктын айынан бийлик кылуу үстөмдүк кылуу менен манипуляцияга айланып кеткен. Мына ушул нерсе менен Кудайдын нике союзу тууралуу эң жакшы оюнун ортосундагы каршылык уланып келүүдө. Нике көбөйүүнүн жабдыгы болгондун ордуна, бөлүнүүнүн жабдыгы болуп калгандай.

Кудайдын ою боюнча нике союзу салгылаш талаасы эмес, биримдик талаасы болуп калышы керек. Нике эки түрдүү өткөнү бар, эки түрдүү күчтүү жактары бар эки адамды бириктирет, андан кийин гана ушул айырмачылыктарды көбөйүүгө колдонот. Кудайдын элдештирүү боюнча планынын ушул бөлүгү, элдешкис нерседей болуп калышы мүмкүн эле. Ыйса:

> “Анткени Адам Уулу жоголгонду издеп таап куткаруу үчүн келген”, - деген (Лук. 19:10).

Биз бул аятка жакшы кабар таратуучу маани беребиз, бирок ошол эле маалда ал андан да көбүрөөк маанини алып жүрөт. Ыйса өлгөндөрдү куткаруу үчүн гана эмес, жоголгондорду издеп табуу үчүн дагы келген. Күнөөгө батуу аркылуу биз Кудай менен болгон байланышты жоготуп койгонбуз, аны менен бирге эле биз бири-бирибиз менен болгон мамиленин өзгөчөлүгүн да жоготуп койгонбуз. Бул ага-инининин, эже-сиңдинин, ата-эне менен балдардын, ошондой эле күйөө менен аялдын ортосундагы өз ара мамилелерди өз ичине камтыйт.

Ыйсанын куткаруучу иши бизди асманга жеткенче эптеп эле күн көрүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Ал бул жашоодогу молчулуктан жана калыбына келтирилүүдөн да көрүнөт. Айкашкан жыгачка ылайык, биз мамилелердин бардык жабыркаган жактарын калыбына келтире алабыз. Бул демек, азыр да никеде айыгуу алса болот дегендик. Эркек менен аял кайрадан эле бир бүтүндүк катары жашай алышат.

Биз бир жүрөккө бириккенибизде, качан биз бир максат үчүн күйгөнүбүздө көбөйөбүз, анткени кайсы жерде биримдик болсо, ошол жерде бата болору тууралуу Кудай айткан (Заб. 132ни карагыла). Биздин жаныбыздын душманы бизге Кудайдын батасы жетишин жана биздин көбөйүшүбүздү каалабайт. Ошондуктан, ал биздин союзубузду жок кылуу үчүн колунан келген бардык нерсени кылат. Калп менен үстөмдүккө каршы күрөшүү менен жана бийлик кылуунун чыныгы табиятын кабыл алуу менен, Анын эркинин жер үстүндө кантип аткарылып жаткандыгын билүүдө Кудай менен кызматташ болуп калабыз.

Эми никеде эркектер менен аялдар аткара турган так ролдор тууралуу айталы. Бийлик кылууга, баалуулукка жана окшошууга карата түшүнүк болмоюнча, адам бат эле адашат жана бул ролдорду асман бекиткен деген түшүнүк менен бири-биринин үстүнөн үстөмдүк кыла башташат. Кудайдын биринчи мандатын жана ролун окуп түшүнгөндөн кийин күйөө менен аялдын ролдору канчалык баалуу, салмактуу жана кызыктуу экендигин көрө аласыңар деп ишенебиз.

### 3-күн

## Күйөө, өз аялыңды сыйла

> “Ошондой эле, силер, күйөөлөр, аялзатынын алсызыраак экенин эске алып, аялыңарга туура мамиле кылгыла. Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн, аларга урмат көрсөткүлө, анткени алар да ырайымдуу жашоонун мураскорлору” (1 Пет. 3:7).

Эки жакка тең урмат көргөзүлүшү керек. Ыйык Жазууда эки жубай тең бири-бирине урмат көргөзүүсү тууралуу айткан. Аялдын

ролу тууралуу кийинчерээк кеп кылалы, азыр болсо күйөөнүн ролу тууралуу кеп кылалы.

Күйөө, сенин аялыңдын орду сенин асты жагыңдагы бир жерде эмес. Ал Машайактагы сенин мурасташың. Ошондуктан, сен ага урмат көргөзүшүң керек. Петр ал сенден алсызыраак деп айтып жатканда, ал аялдын физикалык күчү тууралуу айтып жатат. Ал бул жерде аялыңдын акылмандык потенциалы, руханий күчү тууралуу айтып жаткан жок. Аялыңдын физикалык жактан алсыздыгы анын баасын азайтпайт. Бул анын сен көтөргөнчөлүк санда штанганы көтөрө албастыгын гана айгинелеши мүмкүн. Петрдин айтканы ал – фактыга байкоо жүргүзүү гана, бирок татыктуулуктун деклерациясы эмес. Бул абдан маанилүү учур. Анткени биз бири-бирибизге кызмат кылуудан өзүбүздү кармайбыз, бири-бирибизди кадырлап сыйлоого татыктуу жандар катары көрө албайбыз. Аялыбыз үчүн жаныбызды бере тургандай болушубуз үчүн анын баалуу жактарын моюнга алышыбыз керек.

Муну биз сен аялыңды кемсинтип жаткандыгың же болбосо анын баалуулугун жалбарып суранып жаткандыгың үчүн айтып жаткан жокпуз. Биз болгону, бул маселени аягына чейин айтпай коё албастыгыбыз үчүн айтып жатабыз. Эркектер да аялдар да Кудайдын бейнесине окшош болуп жаралган. Ошондуктан, күйөө өз аялына тиешелүү урматты көрсөтө албаган кезде, анын баалуулугун белгилебеген кезде жана аны коргобогон кезде, ал жерде жашап жүргөндө Асмандагы Атабызды урматтабагандай болот.

Башында Кудай адамга жалгыз болуу жакшы эмес экендигин айткан (Башт. 2:18ди карагыла). Эң биринчи көйгөйгө (эркектин өзүнчө эле болуп калгандыгына) ал Обону жаратуу менен жооп берген. Аял деген – бул экинчи жаратылыш эмес, бул Кудайдын жообу. Сага Кудайдын адамы катары өз жолун жоготуп койгон дүйнөгө тайманбастан туруп Кудайдын жүрөгүн ачып көргөзүүгө, аялды сүйүүгө, колдоого, ал үчүн кам көрүп жана кызмат кылууга мүмкүнчүлүк берилген.

Петр дагы эркектер өз аялдарына түшүнүү менен мамиле жасаштары керектиги тууралуу айткан. Бизден айырмаланып турган

адамдарды түшүнүүгө аракет кылышыбыз керек. Бардык эркектер ар түрдүү жана бардык аялдар да ар түрдүү, эркектер аялдардан айырмаланат. Мен (Джон) Лизаны менден айырмалагандыгы үчүн эле урматтабай койбошум керек.

Эгерде Лиза экөөбүз таптакыр эле окшош болуп калсак, анда менин жашоом зериктире тургандай жашоо болмок. Биздин ар түрдүүлүгүбүздөн кээде кыйналып кеткендигибизге карабастан, ошолордон улам биздин алсыздыктарыбыз көрүнүп жана бекемделебиз. Мен Лизанын мага окшобогон болушун каалайм. Мен ага урмат көргөзүп жана ал эмне менен дем алып жана жашап жаткандыгын түшүнгүм келет. Бул аркылуу мен өзүмө да, өз үй-бүлөмө да пайда алып келген болом.

Акыр аягында Петрге жазылган биринчи катта (3:7) эгерде аялдарыбызды сыйлабай турган болсок, анда сыйынууда тоскоолдуктарга дуушар болорубуз тууралуу айтылган. Аялдардын жыргалчылыгы Кудай үчүн ушунчалык маанилүү, ошондуктан да, Ал биздин сыйынуудагы жашообуздун негиз берүүчү факторун аялдарды урматтоо жана түшүнүү кылып койгон!

## Союздун башчысы

> "Анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы" (Эф. 5:23).


Бул аят жогорку даражаны же болбосо татыксыздыкты көргөзүп турган жок. Ал Машайактын жана Анын Колуктусунун сүрөтүн чагылдырып турат. Анткени жубайлык мамилелердин символу дагы так мына ушул. Эркектер бул органикалык анологияда Машайак менен бириктирилгендиктен дагы, алар бул союзда лидерлик ролду өзүлөрүнө алышат. Ишенбеген дүнүйө Машайактын табиятын көрүшү үчүн аларга Машайактай кызмат кылуу керек деген эң бир чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. (Ыйса Жыйынды Өзүнүн колуктусу деп кандай гана сүйөрүн билген болсоңор, анда силер бир секундга да Кудай аялды кысып же ага экинчи орунду ыйгарып жатат деп ойлобойт болчусуңар).

Күйөөгө жубайлык союздагы бийлик аялынын сөздөрүн басып туруу үчүн гана берилген эмес. Тескерисинче, акылман күйөө аялынын кеңешин четке какпайт. Ал аялынын сөзү чечим кабыл алуу процессинде өтө маанилүү экендигин түшүнөт. Биздин жубайлык жашообуздун алгачкы жылдарында мен (Джон) бир жарым сааттан сыйынчу элем. Менин оюмча ал кезде эртеден кечке жумушта болгон Лиза сыйынууга ушунчалык убактысы аз болгондуктан, же ою менен, же рулда бара жатып гана сыйынса керек дечүмүн. Кээде кандайдыр бир маселе боюнча биздин көз караштарыбыз дал келишпей калган учурларда мен сыйынууга көп убакыт сарптап жаткандыктан, үй башчы катары мага берилген бийликтен пайдаланып, өз алдымча эле чечим кабыл ала берсем болот деп ойлоп туура эмес кылыптырмын. Мен бардык маселелердин жарымына жакынын эле жекече чечимим боюнча жасап жүрүптүрмүн. Андан кийин гана Лизаныкы туура экендигин билип калып жүрдүм.

Муну моюнга алуу мени көбүнчө эле капалантчу. Мен анан эмне үчүн мен көп сыйынгандыгыма карабасатан анын пикири ушунчалык туура чыгып калды деп ойлочумун. Андыктан, бир жолу минтип сыйынганмын дагы: “Кудай, мен күн сайын эрте менен бир жарым сааттан сыйынам, а Лиза болсо душ кабыл алганга чейин эле 10 мүнөттөн гана сыйынат. Ага карабастан, биздин талаштарыбыздын көбүндө аныкы туура болуп чыгат”.

Мага жооп кылып Теңир муну айтты: “Тегерекче тарт”. Мен бир баракты алып туруп, ага тегерек тарттым.

Тегеректин баарынын ичине x тамгасын жазып чык. Мен тегеректин ичин икстарга толтуруп чыккандан кийин, “Эми ортосунун экиге тең бөлгөн чийимди чий деди.



“Сен көрүп турасыңбы, жарым икстер (X) тегеректин бир жагында турат, ошончолугу тигил жагында турат. Джон, сен бойдок кезиңде сен Менде жеткилең болчусуң. Сен толук тегерек болчусуң. Бирок сен Лизага үйлөнгөн кезиңде, аны менен бир дене болдуңар. Эми бир тегерек силердин экөөңөрдү тең көргөзүп тарат. Сен тегеректин бир жагында, аялың башка жагында”.

“Бул X деген тамгалар эмнени түшүндүрөөрүн билесиңби? – деп суроосун улантты Кудай. Алар сенин акылмандык менен чечим чыгарышың үчүн, Менден ала турган маалыматтарыңды билдирет. Кептин баары сен ошол өзүң кабыл алган жарым маалымат менен гана чечим кабыл алганыңда. Аялыңа Мен эмнелерди көргөзгөн болсом, ошолордон да алганды үйрөн. Үй башчы катары Мен экөөңөргө берген бардык маалыматтарды бириктирип туруп анан чечим кабыл алганды үйрөн”.

Ушул аян – ачылыш менин аң – сезимимде төңкөрүш жасагандай эле болду жана үй башчы деген кандай болорун мага көрсөтүп берди. Ошол мезгилден тартып мен өз ролумдан пайдаланууну жана Лизанын кеңешине маани бербей койгонду токтотоюн деп чечкем. Мен Кудай ал аркылуу айтып жаткандарды аткаруудан ушунчалык ырахат таап калдым. Анан да биз биздин чечимдерибизде биримдикке карай баратканыбыз үчүн абдан кубандым.

## Лидер-малай

Эркектин бийлиги басынтуу болбошу керектигин кайталап коёлу. Басынтуу деген менен лидерлик кылуунун ортосунда чоң айырмачылык бар. Басынтуу эч кандай вариантсыз эле өзүнүкүн талап кылып жаткан кезде, лидерлик деген тандоо эркиндигин берет. Качан бийликтин позициясында турган эмне экендигин түшүнгөн кезде гана эркек киши үйүндө Кудайдан корккон лидер болуунун ачкычын табат. Ыйсанын (Лук. 22:26да) жазылган сөздөрүн эске салып көрөлү: “Араңардагы эң улуу адам эң кичинекейдей болсун, ал эми жетекчилер малайлардар болсун”. Үй башчы катары күйөөсү лидер-кызматчы боло алат.

Аял ага баарын жасап бериш керек дегендей эркек киши кожоюн эмес. Ал аял менен чогуу баарын кылууга милдеттүү болгон лидер. Эгерде эркек киши акылдуу болсо, анда ал аялысыз эч нерсе кыла албай тургандыгын дайыма ага айтып турат. Мен (Лиза) күйөөм мага муктаж экендигин айтып турганын жактырам. Андайда мен өзүмдү анын бардык керектөөсүн канааттандыруу үчүн күчкө толуп тургандай сезем. Эгерде мен баарын кылган аял кандай болорун билбеген аял болсом, анда күчүмдүн жетишинче ошондой аял болууга аракеттенем. Ал мени маанилүү деп эсептегенде мен гүлдөйм.

Күйөөнүн аялына кызмат кылуусу дагы ал эмнени кааласа, анын баарын колуна салып берүү дегендик эмес. Чынында бул деген өз жашоосун ал үчүн берүүгө даяр болуу жана анын жакшы кызыкчылыктарынан алынган чечимдерди чыгаруу дегендик. Бизди Ыйса кантип жетелеп жүрсө, биз жубайыбызды да ошентип жетелеп жүрүшүбүз керек. Бизге ал дайыма эле жага бербегендигине карабастан, Ыйса биздин жакшы кызыкчылыктарыбыздан көп нерселерди кылат. Жубайлардын жыргалчылыгы, жашоосу силердин оюңардагыга дал келбегендей кырдаалдарга да дуушар болуп калышы мүмкүн. Мисалы, мындайда Ыйса эң бир ыңгайлуусун жана жайлуусун тандабастан, эң бир мыктысын тандап алган. Силердин аялыңардын эң жакшы кызыкчылыктарын аныктоодо Машайак Жыйынды кандай урматтагандыгы силер үчүн негизги өткөргүч болуп бере алат.

Ыйса шакирттеринин бутун жууп бүткөндөн кийин Ал дагы эле алардын Теңири бойдон калгандыгын ачык-айкын эле көргөзгөн. Ал өзүнүн бийлик позициясынан баш тартып кеткен жок. Бирок ал бийликтин маанисине жаңы аныктама кошуу менен, радикалдуу иш жасады. Анын сабактарынан улам бийлик бизге бири-бирибизге кызмат кылуу үчүн берилерин көрдүк. Эркектер, биз үй башчы катары өз бийлигибизди аялыбызга баарынан жакшы кызмат кыла турган кырдаалды түзүү менен колдонушубуз керек. Үй башчы катары биз башкы малайдын жоопкерчилигин алып жүрөбүз. Ушинтүү аркылуу биз өзүбүздү аялыбызга баш ийдиребиз.

"Кудайдан коркуу менен бири-бириңерге баш ийгиле" (Эфестиктерге 5:21).

Пабыл Эфестиктерге берген парызды (5:18), "Ыйык Рухка толгула" дегенди эстегиле. Андан ары Ал Ыйык Рухка толгон адам өзүн кандай алып жүрөөрү тууралуу айтат: руханий ырларды ырдап, ыраазычылыктарын билгизет. Андан кийинки 21-аятта: "бири-бириңерге баш ийгиле" дейт.

Адатта бул сөздөр Пабылдын нике жөнүндөгү сөздөрүнүн баш жагына тиешелүү. Өзүнүн "Никенин мааниси" деген китебинде Тимоти жана Кейти Келлер минтип айтат:

> *Англисче котормосунда 21-аятты өзүнчө сүйлөм менен эле көрсөтүшөт. Бирок мында Пабыл басым жасаган маанилүү бөлүгү окурмандар үчүн жоголуп кетүүдө. Грек тилиндеги түп нускада 21-аят Пабыл "Ыйык Рухка толгон" адамдын бир нече мүнөзүн санап өткөн узун тизмеден кийин гана турат".*

Андан ары алар минтип жазат:

> *Рухка толуу жана кызмат кылуунун акыркы жери, бул акыркы сүйлөм. Бул жерде адамды башка адамдарга момундукта кызмат кылууга алып келүүчү текебердиктен жана өз алдынчалыктан бошонуу тууралуу айтылып жатат.*

Никенин контекстинен алып караганда, Рухка толгон жубай (мунун мааниүлүгү тууралуу мурда айтканбыз) өзүнүн экинчи жарымына баш иет. Көпчүлүгү баш ийүү деген аялга гана тиешелүү деп билишет, бирок Пабыл жубайлар экөө тең бири-бирине баш ийүүлөрү зарылдыгы тууралуу айткан. Бул жердеги "баш ийүү" деген грек тилиндеги сөз Пабыл башка жерлерде колдонгондой эле аялдар күйөөлөрүнө баш ийиүүсү тууралуу айтып турат. Бул сөз момундукта моюн сунуу же "субординацияны" сактоо дегендик. Азыр биз бул жерде үй-бүлө контекстинде карап жаткандан кийин, аялдар өз күйөөлөрүнө үйдүн башчысы катары баш ийүүлөрү керек. Бирок, эркектерден аялына баш ийүүнүн башка формасы талап кылынат.

Пабыл биздин Машайактын алдындагы коркунуч менен баш ийүүбүз керектигин жазып жатат. "Коркунуч" деген сөз грек тилиндеги

"фобос" деген сөз – үрөй учкан коркунучка толуу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, бул аятты бир аз тактап которгондо: "бири-бириңерге Машайактын алдындагы коркунучка толуу менен баш ийгиле" болот.

Бир жолу мен (Джон) Лизага анча жакшы эмес мамиле кылып жүргөн кезимде Кудай мага кайрылып мындай деген: "Лиза баарынан мурда Менин кызым, андан кийин гана сенин аялың". Бул сөздөр мага Теңир алдындагы коркунучту сездирди!

Күйөө, Кудай дайыма сенин жаныңда турат. Ал Өзүнүн кызына сен кантип сүйлөп, кантип мамиле жасап жаткандыгыңдын баарын карап турат. Ал сенин сөзүңдүн жана ниетиңдин баарын билет. Өзүңдүн келинчегиңе жасаган мамилең аркылуу сен Анын кызына урмат көрсөтүп жатасыңбы? Эгерде сен аялыңды сыйлабасаң, анда анын Атасын да сыйлабаган болосуң. Ал үчүн коркунуч менен кам көрө бил.

Пабыл күйөөлөр аялдарына өз жашоосун арнап коюу менен кызмат кылышы тууралуу айтат. Башкача айтканда, ал аялынын эң жакшы кызыкчылыктары үчүн өзүн арнап коюу аркылуу баш иери тууралуу айткан.

> "Күйөөлөр, аялыңарды Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйгүлө. Машайак Жыйын үчүн Өзүн берген" (Эф. 5:25).

Машайак эч качан Өз кызыкчылыгы үчүн бийлигинен пайдаланган эмес. Ал бийлигин бизге күч бериш үчүн гана колдонгон. Так ошол сыяктуу эле күйөөлөр дагы өз бийлик абалын аялынын пайдасы жана кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга чакырылган. Өзүнүн колуктусун ыйыктоо жана даңктоо үчүн Машайак Өз өмүрүн берген. Ал үчүн эң бир бактылуу жана кубанычтуу нерсе деп Анын даңк таажысын айтууга болот. Ыйсаны ээрчип бара жаткан жолдо өзүмчүлдүккө орун жок. Силердин күйөө катары ролуңар аялыңарга жана курчап турган чөйрөңөргө Машайакты көргөзүү максатында кызмат кылуу менен жашап өтүү болушу керек. Эгерде силер аялыңар үчүн ушундай лидер боло алсаңар, анда ага силердин Кудай берген бийлик абалыңарга баш ийүү бир топ жеңилирээк жана кубанычтуураак болот.

## 4-күн

# Аял, күйөөңө көмөк көргөз

> “Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле, 23 анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын басуудагы эмес, кам көрүүдөгү башчысы жана Ал дененин да Куткаруучусу. Бирок Жыйын Анын лидерлигинде Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин” (Эф. 5:22-24).

Пабыл күйөөлөргө жана аялдарга (Эф. 5:21) де айтканы эсиңердеби? Кийинки аятта ал дагы да көбүрөөктү жазат: “Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле” (22-аят). Көпчүлүгү бул парызды аялдардын укугунан ажыратуу катары карайт. Бирок, андай эмес.

Никеде басым көргөзүү жок болгондугуна байланыштуу, аял тең укуктуу өнөктөш катары күйөөсүнүн жоопкерчилигин бөлүшөт. Бул күйөөсүнүн башчылык кылышына каршы келбейт, анткени күйөөсү менен аялы үй-бүлөнүн ичинде жана аларды курчап турган чөйрөдө бирдей үлүштөгү бийликке жана таасирге ээ. Ээликтер: “Мен сенин атыңдагы бийлик менен таасирди колдоном, сен менин атымдагыны колдоносуң” деп айтышат.

Аялынын күйөөсүн колдоп турушу кызмат болуп эсептелет. Аял, сага күйөөнүн жүрөгү ишенип берилген. Анын жүрөгүн сүйүүдөгү жана урматтоодогу чындыктын сөзү менен коргоо кызматтагы эң бир улуу акт болуп саналат. Күйөөңөргө өз жүрөгүндөгүсүн ачык айтууга жардам берүү менен кызмат кылгыла. Шашылыш чечим чыгаргандын ордуна, анын жашоосун баарлашуу менен толтуруу аркылуу ага максатка карай умтулууга жана аян-ачылыштарды алууда өсүүгө жардам бергиле.

Аялдар физикалык жактан алсызыраак болгону менен, көбүнчө эркектер жүрөк оорусуна кириптер болуу коркунучуна дуушар болушат. Күйөөлөр аялынын ар кандай физикалык алсыздыктарын камсыздоо үчүн чакырылган сыяктуу эле, аялдар да күйөөсүнүн жүрөгү үчүн кам көрүүгө чакырылган. Жүрөктү коргоп, сактоодон да өткөн жакшы тапшырма бар болду бекен?

Күйөөсү өз аялы үчүн өмүрүн арнап кызмат кылып жаткан кезде, ал дагы союздун башчысы катары күйөөсүнө урматтоо менен кызмат кылышы керек. Мунусу менен аял дүйнөгө Машайактын сүйүүсүн көргөзөт. Анын күйөөсүн урматтап, сүйүп жана кадырлап мамиле кылышы демек, Ыйсанын жетегинде жашоо кандай болорун көргөзөт. Кудай аялдар үй-бүлөдө экинчи орундагы ролду ойногондунан улам күйөөсүнө баш ийсин деген эмес. Ал аялдарды Жыйын кандай болушу керектигин көргөзүүгө чакырат. Никебизде бизди кандай кең пейил, ишенимдүү, сүйгөн, жакшы, Куткаруучу Теңир жетелеп бара жаткандыгын көргөзө ала турган мүмкүнчүлүккө ээбиз. Эгерде ушундай керемет ролду тескери айлантып салууга душманга жол берип койсок, кандай гана трагедия болот. Аялдарга бул ролду берип жатканда Теңир Өз кыздарынан Ал ишенимге татыктуу экендигин көргөзүүнү суранган.

Кудай аялдарды күчтүү жана жөндөмдүү кылып жараткан. Бүткүл тарыхты карап көрө турган болсок, Ал аялдарды Өзүнүн Жалгыз Уулун жетелеп жүрүү, соттоо, пайгамбарчылык кылуу, кепилдикке өтүү жана көтөрүп жүрүү, тамактандыруу үчүн тандап алган. Аялдарды күйөөлөрүн сыйлоого үндөө менен, Ал аялдар алсыз же татыксыз деп жаткан жери жок. Тескерисинче, Ал: “Мен сенин күчтүү жана жөндөмдүү экендигиңди билем, анткени сен Менин кызымсың. Бирок, Мага баш ийүүнү көргөзүш үчүн, никенин түбөлүктүү үлгүсүндө, баш ийүүнү көргөзүшүңдү каалайм. Менин арноого татыктуу экендигимди башкаларга көргөзүү үчүн, сен колдоо жана баш ийүү ролдорун ыктыярдуу түрдө өзүңө ала аласыңбы?” - дейт.

## Лидерлик кылуунун жүгү

Кудайдан айырмаланып, күйөөлөр жеткилең эмес. Алар ар дайым эле туура чечимди кабыл алышпайт жана ар дайым эле аялдарына туура кызмат кыла алышпайт. Мына ушул жерден күйөөсүнө баш ийип жана колдогусу келген аялдардын көңүлү чөгөт. Акырындык менен

алар баарын өз колуна алуу азгырыгына дуушар болушат. Аларга күйөөсүнүн лидерлик кылуусуна каршы чыгуу эркиндик алып келгендей болгону менен, чынында алардын жүрөгү ооруйт мындайда.

Биздин биринчи уулубуз кичинекей кезинде мен (Лиза) көп убактарда жумушта болгом. Күн тартибим ушунчалык жык-жыйма болгондуктан, кээде дем алыш күндөрү да иштечүмүн. Жумушта мен жекече жана кесиптик көйгөйлөргө дуушар болчумун, ошол эле кезде эң жакшы аял жана эң жакшы эне болгум келчү.

Ал кезде Джондо да өткөөл мезгил болуп жаткан. Мен баламды аз көргөндүктөн, жумуштун көптүгүнөн "стрессте" жүргөн кезимде Джон толук эмес жумуш күнүндө иштечү, анан сыйынчу, орозо кармачу, достору менен сүйлөшчү, гольф ойночу. Мен ушунчалык күчтүү басымды сезип, аны бардыгы үчүн аны күнөөлөчүмүн. Баарын мен гана колума кармап турам деп ойлочумун, бирок манжаларым ооруп баратты.

Мен Джон мени менен чогуу тынчсызданса экен дечүмүн, бирок ал антпейт эле. Мен кезектеги жолу өз коркунучтарым жана кооптонууларым тууралуу аны менен бөлүшкөнүмдө ал мындай деди: "Лиза, тынчсызданууларыңды коё бергин да, алардын баарын Кудайга тапшыр".

Мен: "Эч качан! - деп ойлодум. – Эгерде мен кам көрбөсөм, иш бүтпөй калат". Чыңалуу улам күчөп, мени улам көбүрөөк басып баратты. Анан бир күнү кечинде мен душ кабыл алып жатып, өз үлүшүмө тийген оорчулук тууралуу Кудайга даттандым. Мен Джонго эч нерсени ишенип тапшыра албайм деп нараазы болдум. Ал тургай, акыр-чикирди чыгарууну да ага мен эскертип туруум керек. Анан кантип ага маанилүүрөөк иштерди ишенип тапшырам. Мен эмне үчүн көзөмөлдүк кылууну токтото албайм деп, көпкө чейин нараазы болуп, актандым.

- Лиза, сен кандай дейсиң, Джон жакшы лидерби? – деп менден акырын сурады Теңир.

- Жок, мен антип ойлобойм, мен ага ишене албайм, - дедим ишенимдүү түрдө.

- Лиза, сага Джонго сөзсүз түрдө ишенүүнүн кереги жок, – деди Ал. Негизгиси, Мага ишен. Джон үй башчы катары өз милдеттерин жакшы аткара албай жаткандыгын сезип жатасың го. Сен муну андан жакшы кыла аларыңды да сезип турасың. Сен баштан кечирип жаткан басым менен оорчулук үй башчысынын абалынын натыйжасында келип чыкпадыбы. Бул сен үчүн оор жүк, ал эми Джон үчүн бул – мантия. Анын баарын калтыр Лиза.

Мен өз жүгүмдүн булагын дароо түшүндүм. Мен аткаргым келип жаткан үй башчынын ролу мени басып салыптыр, анткени мен өзүмө тиешеси жок ролду алып алыптырмын. Күйөөм үчүн бул нерсе оор жүк болгон эмес, анткени Кудай аны үй башчы болууга майлаган.

Мен чын эле үйдөгү лидерлик үчүн салгылашып жаткандыгымды түшүндүм. Күйөөмө колдоо көргөзүп, ага ишенүүнүн ордуна мен аны бурчка тыгып салыптырмын. Ал өз кезегинде өз бийлик абалын мага берип салыптыр, а мен болсо баарын бузуп салдым.

Кайгыруу менен душту өчүрүп, сүлгүнү алдым да, түз эле уктоочу бөлмөгө Джонго карай жөнөдүм. Мен ыйлап, кечирим сурап жаттым: "Мен өкүнөм, бар тараптан эле сага каршы чыга берет экем, - дедим. – Мен сага ишенгенден коркчумун. Эгерде кааласаң, эртең эле жумушту таштайм. Мен кайрадан сенин жаныңда болгум келет".

"Мен сенин жумушту ташташыңды каалабайм, -деди Джон. – Көйгөйдүн баары ошондо деп ойлобойм. Бирок, сен өзүңдү булак катары көрүшүңдү токтотушуң керектигин билем".

Анын айтканы туура эле. Булак мен эмес, Кудай болчу. Ушул чындыкты билбегендигиме байланыштуу, мен стресске кабылып күйөөмдү колдобой калыптырмын. Биз дагы да сүйлөштүк, анан мен Джонго: "Мен сенин артыңда туруп алып, сени колдойм. Мен сага ишенем" деп убада бердим.

Ал учурда мен ага колдоо көргөзүп жана ага ишене аларыма көп ишенбей турдум. Мен бир гана нерсени: мага кантип, эмнеликтен деген майда-чүйдөнүн баарын билүүгө караганда, Джонго колдоо

көргөзүү көбүрөөк керектигин билдим. Биздин үйдө баары башкача болуп кеткендигин мойнума алдым жана Кудай менин айыман болгон баш-аламандыктын баарын ордуна келтиришин кааладым. Джон дагы лидер болбой калгандыгы жана менден алыстап калгандыгы үчүн кечирим сурады. Биз бири-бирибизди сүйүүгө, колдоого жана өз ара ажат ачууга келиштик.

Ошол күнү мен көптөн бери биринчи жолу тынч уктадым жана абдан жакшы эс алдым. Кулчулуктун моюнтуругу менден алынып салынган эле.

Ар дайым Кудай бизге бербеген нерсени алып алганыбызда, өзүбүздү кулчулукка байлап салган болобуз. Башка жагынан алып караганда Кудай бизди эмнеге майлаган болсо, бизге мантиядай болуп кана ылайыкташып жарашып калат, ал бизди коргойт жана камсыздайт.

Үйдө башчылык кылууну өзүмө алып алуу менен мен өзүмө жүктү жүктөп алыптырмын, Джон болсо мантиясынан ажырап калыптыр. Баш-аламандык келип чыкты! Мен Кудай орноткон тартипке баш ийген кезимде үстүмдөгү жүк түшкөндөй болду жана Джон лидерликтин мантиясын кийди. Мени да ал жаап турду, анткени ал мантия Джондун камкордугунун астында болгон бардык адамдарды, мени да жаап жана коргоп турат.

### 5-күн

## Өз ролун ойлоп чыгуу

Никедеги күйөөлөрдүн жана аялдардын ролу тууралуу Ыйык Жазуу көп айтат, бирок айтпаган учурлар да бар. Адам менен Обого тукумдап, жер жүзүн толтуруу тууралуу айткан менен кантип, кандайча деп баарын майдалап айткан эмес. Кудай бизге бизди кийлигиштирбей туруп эле, никедеги чектөөлөрдү берген. Ал бизге кантип кызмат кылуу керектигин чектеп берген, бирок ар бир кадамыбыздын сүрөтүн тартып берген эмес.

Бул биз эмне кааласак куруп алып, андан ырахат алгандай чоң-кеңири жер аянтындай. Кээ бир адамдар бассейинди каалайт, башкалары баскетбол аянтын каалайт, үчүнчүлөрү аны да, муну да каалайт же эч нерсени каалашпайт. Нике дагы ушул сыяктуу – бул силердин аянты бар үйүңөр, каалаган нерсеңерди кургула. Эгерде аял ландшафттар менен алектенсе, мейли анда каалагандай пландаштырсын аны. Эгерде күйөөсүнө багбанчылык жага турган болсо, багбанчылык менен алектене берсин. Ошондо жубайлардын экөө тең бири-биринин эмгегинен ырахат алышат. Күйөө гана баарын паландаштырсын, аялы бак менен гана алектенсин деп айтууга эч кимдин укугу жок. Силерге эмне жакса, аны жасай бергиле, бирок өз кызматыңардын чеги тууралуу дайыма ойлонгула. Анын майда-чүйдөсүн ойлоп чыгуу өз эркиңерде, бирок Ыйык Рух силерди дайыма багыттап турат.

Никедеги кызматта өзгөчө биздин жубайыбыз да бизге биз аларга кызмат кылгандай эле кызмат кылат дегенден көп ырахат алабыз, бирок көпчүлүк мезгилде андай болбой да калат. Биз үйдө Джон кызматчы болдум дегенде күлгөн болчубуз. Ал дайыма кечки тамакты жеп бүтөр менен ашканадан чыгып кетчү, столду жыйнап идиш – аякты жууганга мен балдар менен жалгыз калчумун. Ал кезде бизге ал кызмат кылып жаткандай сезилген эмес.

Биз Джон башка ролдо кызмат кылып жаткандыгын моюнга алгыбыз келген эмес. Биз идиштерди жууп жатканда ал биздин бюджетти карап – текшерип, почталарды карап чыгып, төлөмдөрдү төлөгөн. Ал биз ансыз деле жасай ала турган жеңил жумуштарды жасаганга киришкен эмес. Джондон башка эч ким мыкты жасай албай турган иштерди жасаганды тандаган.

Бул мисал бизге милдеттерди бөлүштүрүүнүн маанилүү принциби тууралуу айтып турат. Никедеги маданиятты түзүү үчүн эң жакшысы – ким эмнеге жооп берет деп милдеттерди тактап бөлүштүрүп алуу керек. Чогуу сүйлөшүп алган милдеттерди билген кезиңерде силер эки эсе утушка ээ болосуңар. Биринчиден, эгерде силер өз ролуңарды жакшы аткара турган болсоңор, анда жубайыңарга маанилүү кызмат кылып жаткан болосуңар. Эгерде өз ролуңарды жак-

шы аткарсаңар, анда силер жубайыңарга убакытты жана тынчтыкты белек кылган болосуңар. Экинчиден, жубайыңар эмнеге милдеттүү экендигин билгениңерде, үй-бүлөдө өз кызматыңарды дагы кантип кеңейтсем экен деп ойлонуп, издене баштайсыңар.

Эфестиктерге жазылган Каттын 5-бөлүгүндөгү бир дагы аят аялдардын жана эркектердин кызыкчылыктарынын же жөндөмдүүлүктөрүнүн стереотибин баса белгилебестигин балким байкагандырсыңар. Өз үйүңөрдөгү “салттуу” же “адаттагы” нерсе деп басымга же чектөөгө жол берүүнүн кереги жок. Кээ бир эркектер тамак даярдаганды жактырышат. Кээ бир аялдар машинаны караганды жакшы көрөт. Биздин бирибизге балдарыбыздын үй тапшырмасын текшерүү жагат, ал эми кээ бирине аларды спорттук секцияга алып баруу жагат.

Кимдир бирөөгө бюджет менен алектенүү жагат, ошол адам каржыга жооп берүү, карызга кирип кетпегендей кылып акчаны сарптоо менен өз үй-бүлөсүнө кызмат кыла алат.

Жубайына зыян келтире тургандай болгон достордун пикирине багынбоо менен, өзүнүн сырткы көрүнүшүнө, денесине кам көрүү менен да жубайына кызмат кылса болот. Сөз менен, иш-аракеттер менен да кызмат кылса болот. Кызмат кылуу үчүн никеде көптөгөн мүмкүнчүлүктөр жана орундар бар.

## Баталардан ырахаттангыла

> “Эгерде силер билсеңер, билгениңерди аткарсаңар, анда бактылуусуңар” (Жкн. 13:17).

Эң чоң баталар кызмат кылган адамдарга берилет.

Никеңер тазалангандан кийин жана ал үчүн аяндар айкын болгондон кийин, ал жер үстүндөгү Кудайдын эң сонун сүрөтү болуп калат. Эгерде аны эң жакшы кылгыңар келсе, анда кызмат кылуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү пайдалангыла. Бири-бириңерге акыл айткыла жана Кудайдын батасы кантип агып жатат экен деп бири-бириңерди байкагыла.

Качан биз бири-бирибизге акыл айта баштаганыбызда Кудай бизди акылга үйрөтө баштады. Ал биздин таасирибиз астында турган

көптөгөн адамдар менен Анын сүйүүсүн жана ырайымын бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берип, биздин чектерибизди кеңейтти. Анын эң сонун планы боюнча силердин никеңерди көргөндө Кудайга эң бир бетпактык менен каршы чыккан адам дагы ойлонуп калууга мажбур боло тургандай абалга жеткиргиси келет.

Кызмат – бул иш-аракеттер жана мамилелер. Жубайыңарга кызмат кылгыңар келген сайын бул үч варианттын бирин колдонсоңор болот: өзүмчүлдүктүн пайдасы үчүн кызмат кылуудан баш тартуу, кызмат кылуу, бирок өз кебете-кепшириңерден нараазыланып атып кызмат кылуу эмес, чын жүрөктөн кубанып кызмат кылуу, аны менен чогуу өз кебетеңерден, сырткы көрүнүшүңөрдөн да өз жубайыңарга колдоо көрсөтүп жатканыңар үчүн ырахаттанып жатканыңарды көрсөтүп кызмат кылуу.

> “Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек. Ал Кудайдын бейнеси болгонуна карабастан, Өзүнүн Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок. Бирок кул кейпин кийип, адамга окшош болуп, сырткы көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты” (Флп. 2:5-7).

Никеге туруп жаткан адам негизи, өз калган өмүрүнүн баарында жубайыма кызмат кылам дегенге кол коёт. Силердин “ооба, мен макулмун” деген сөзүңөр: “Мен өз жашоомду сенин жакшы кызыкчылыктарың үчүн арнайм. Мен өз өмүрүмдү сага арноо аркылуу кубанычты тандап алам. Сенин кыялдарың, каалоолоруң жана максатың эми менин жашоомдун негизги артыкчылыгы болуп калат. Мен сени менен бирге Кудайдын сүйүүсүн кантип көргөзөрдү билгим келет” – дегендигиңер.

Эгерде силер чыныда эле никеге момундук менен, малайлык жүрөк менен туура турган болсоңор, кудайлык союз эмне экендигин билесиңер. Албетте силерге оңой болбойт. Бирок силер үчүн Кудай даярдап койгон эң жакшы нерсеге умтулсаңар, анда үйүңөрдө Кудайдын сүйүү дайрасы, кубаныч, тынчтык, бакыт, ырахат кантип агып жаткандыгын көрөсүңөр, анан дүйнөгө да Кудайдын сүйүүсүнүн көрүнүшүн тартуу кыласыңар.

## 1-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ИЙГИЛИКТИН СЫРЫ

*...Мен болсо силердин араңарда кызмат кылган адам сыяктуумун.*

— Лука 22:27

*... силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла*

— Галаттыктарга 5:13

"Сүйүү – бул нике үчүн негиз: Кудайга болгон жана жакыныңа болгон сүйүү – деп түшүндүрүшөт автор жана спикер Генри Клауд жана Джон Таунсенд. – Ал башка адамга ал ага татыктуу же татыксыз экендигине карабастан туруп, эң мыктысын берүүнү издөөдөн көрүнөт. Ал башка адамды өз кызыкчылыгынан жана өзүмчүлдүгүнөн жогору коёт. Ал курмандык кылат, берет жана азап тартат. Келишимди көпкө чейин сактоо үчүн ал таарынычтарга жана бороон-чапкындарга туруштук берет".

Өз жубайынын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуу, анын муктаждыгын жана каалоосун өзүнүкүнөн бийик коюу жана марттык менен курмандык кылуу – мунун баары бир сөз менен айтканда "кызмат кылуу" болуп саналат. Мына ушул ийгиликтүү никенин сыры.

Токтогула да, ойлонуп көргүлө. Жубайыңардын бир нече кызыкчылыктарын атап айткыла: ага эмне ырахат берет, ага кантип эс алган жагат, анын хоббиси эмне? Эмнелер аны эс алууга, жыламаюуга, өзүн бактылуу сезүүгө мажбурлайт?

______________________________

______________________________

______________________________

Анын кызыкчылыктары артыкчылыкка ээ болушу үчүн аны кантип иш жүзүндө шыктандырса болот?

Ыйык Рухтан жана өзүңөрдөн минтип сурап көргүлө: "Мени жубайыма кызмат кылуудан эмне кармап турат? Менин өзүмчүлдүгүмдү колдогон эмнелер бар? Эгерде мен баш ийип кызмат кылсам, анда эмне болот деген коркунучтар барбы менде?" Ыйык Рух силерге өз жүрөгүңөдү көргөзсүн деп сыйынгыла.

Ыйса – биздин мыкты кызматчыбыз, Анын балдары катары биз дагы Анын ДНКсын мурастаганбыз. Бул чындык! Силерде Анын Руханий гени бар, ал - кызмат кылуу. Төмөнкү аяттардын үстүнөн ой жүгүрткөнгө убакыт бөлгүлөчү.

> Кудайдан туулган адам күнөө кыла албайт, анткени анын ичинде Кудайдын уругу жашайт. Ал күнөө кыла албайт, анткени Кудайдан туулган.
>
> — 1 Жкн. 3:9

> Себеби силер чирий турган уруктан эмес, чирибей турган, Кудайдын түбөлүк кала турган тирүү Сөзү аркылуу кайрадан төрөлдүңөр.
>
> — 1 Пет. 1:23

> Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем. Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар. Анткени Менин моюнтуругум жакшы, жүгүм жеңил".
>
> — Мт. 11:28-30

Ыйык Рух силерге эмнени көргөздү? Бул аяттар силерди кантип сыйынууга шыктандырып жана түртүп жатат?

# БИЙЛИКТИН АТКАРЫЛЫШЫ

*“Сен унутпагыдай, адам ким? Өзүң келип тургудай, адам баласы ким?” – деп ойлойм. Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң...*

— Забур 8:5-7

Өзүнөн баш тартуу жана кызмат кылуу, Ыйсага ишенгендер катары биздин мурасыбыз болуп саналат. Аны менен мамиледе болуу менен убакыт өткөрүп жатканыбызда Асмандагы Атабыздын ушул таң каларлык жагы биздин жашообузда да чындыкка айланат жана өсүп жайылат. Мына ушинтүү аркылуу өз жашообузда жана жубайлык жашообузда Ыйсанын кызматын Ыйык Рухтун бизди канчалык толуктап турушуна мүмкүнчүлүк беришибизге жараша көргөзө алабыз.

Силер бир кезде Теңир менен жолго чыккансыңар, Аны менен болгон өзүңөрдүн мамилеңерди башынан баштап, азыркы күнгө чейин эстеп көргүлө. Анын Руху силерди кайсы жагынан жаңылап жана жакшылап жатат? Силердин никеңерди кандайча жаңылап жатат?

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

Ыйык Рух силерде жана жубайыңарда болуу менен Ал эмнени ишенип берген болсо, ошонун үстүнөн силер жана жубайыңар бийлик кылышын каалайт. Вебстердин 1828-жылы чыккан сөздүгүнө ылайык, “бийлик кылуу” деген сөз: бийлик менен башкаруу; күч багыттоо, көзөмөлдүк кылуу жана пайдалануу, эң жогорку аброй” дегенди түшүндүрөт.

Бийлик кылуунун аныктамасын кунт коюп кайра окуп чыккыла. Эми токтоп туруп ойлонгула: ар бириңер өзүнчө жана түгөйлөр катары чогуу дагы ойлонуп көргүлө - силердин көзөмөлүңөргө жана

камкордугуңарга көзөмөлдүк кылып жана бийлик кылуу үчүн ким же эмне берилген?

Силердин бийлик кылууңардын кайсы бир жактары жаман нерсеге айланып кетип эми силерге басым жасалып же көзөмөлдөп жаткан учурлар болду беле? Эгерде болгон болсо, түшүндүргүлө.

*Сыйынгыла да, бул жакты Ыйык Рухка бергиле. Андан силерди кечирүүсүн, бийлик жүргүзүүнү кайра кайруу үчүн ырайым (бийлик) жана план сурагыла.*

Силер өз жубайыңар менен иш жүзүндө атаандаштар катары эмес, союздаштар катары кызматташа алат белеңер? Өз балдарыңарды, каражаттарыңарды, жумушуңарды, кызматыңарды ж. б. кантип жакшы башкара алат элеңер?

Качан силер жана жубайыңар жүрөк менен да, максат менен да бир болгонуңарда, көбөйөсүңөр. Кайсы жерде биримдик болсо, Кудай батасын берет (Заб. 132). Силерди бөлүп-жаруу үчүн жана жаңжалдаштыруу үчүн душман кайсы жерде көбүрөөк иштеген? Моюн сунгула да, Кудайга баш ийгиле. Анын Рухун кабыл алгыла, Андан өз жубайыңар менен биригүүнү сурангыла жана Кудайдын баталарын күткүлө.

## 3-Күн. Күн сайын окуу үчүн

*...жана ар бир аял күйөөсүн урматташы керек.*

— Эфестиктерге 5:33, The Message, англ. тилинен которулду

*...Ошондой эле, силер, күйөөлөр, өз аялдарыңарга кең пейил болуп, аларды урматтагыла, аларга тамшанып тургула... Кудайдын жаңы жашоосунда силер теңсиңер. Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн, аларды тең көрүп мамиле кылгыла.*

— 1 Петр 3:7, The Message, англ. тилинен которулду

Никеде эркектер менен аялдар бирдей-тең. Аял эркектин тиркемеси эмес, күйөө дагы аялдын тиркемеси эмес. Эки жубай тең мурасташтар, Кудайдын ырайымынын алдында экөө тең бирдей статуска ээ. Кудай берген ролдорду үйрөнүү менен, жашоодо кантип бири-бирибизди тең деп санасак болот?

**Джимми Эванс** деген пастор минтип айтат:

> Адамдын эң негизги керектөөсү – бул урмат-сыйга болгон керектөө. Кудайдын аялга күйөөңө Теңирге баш ийгендей баш ий деп айтканы кантип кызык эмес? Качан аял эркекти сыйлап жана ага кубаныч менен баш ийгенде, ал никедеги эркектин эң бир негизги терең керектөөсүн толтуруп жаткан болот.
>
> Ошондой эле, эркек дагы аялын сыйлоо менен жана ага тамшануу менен кам көрүп жатканда, никедеги эң бир чоң керектөө болгон коопсуздукту толтурган болот. Аялга аны коргоп жана камсыздап турган лидер керек. Эркек муну кубаныч менен кылган кезде, аялдын эң бир негизги терең каалоосун толтурган болот.

Эркектер, силердин аялыңар эң биринчиден Кудайдын кызы, андан кийин гана силердин аялыңар. Аялдар, силердин күйөөңөр эң биринчиден Кудайдын уулу, андан кийин гана силердин күйөөңөр. Биз Кудайдын бейнесин тең алып жүргөн адам катары бири-бирибизге урмат көрсөтүү менен, Асмандагы Атабызга урмат көргөзгөн

болобуз. Бул үзүндүдө күйөөлөр менен аялдарга Кудайдын айткан насааттарын кунт коюу менен окуп чыккыла:

> "Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле, анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы. Жыйын Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин. Күйөөлөр, аялыңарды Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйгүлө. Машайак Жыйын үчүн Өзүн берген. Ал Жыйынды сөз менен, суу менен жууп тазалап, ыйыктоо үчүн; тагы, кемчилиги же ушул сыяктуу бир нерсеси жок, ыйык жана кемчиликсиз кылып, Өзүнүн алдына даңктуу кылып коюу үчүн Өзүн берген. Ошол сыяктуу эле күйөөлөр да аялдарын өздөрүнүн денесин сүйгөндөй сүйүшү керек. Аялын сүйгөн адам өзүн сүйөт. Анткени эч ким эч качан өзүнүн денесин жек көрбөйт, тескерисинче, Машайак Жыйын үчүн кам көргөн сыяктуу, өз денесин азыктандырат, жылытат, анткени биз Анын дене мүчөлөрүбүз. Анын этинен жана сөөгүнөн жаратылганбыз. "Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот" (Эфес. 5:22-31).

Ыйык Рух силерге күйөөнүн, аялдын ролун кантип көргөзүп жатат?

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

Силерге Кудай берген ролдогу жашооңор менен аялыңарды, күйөөңөрдү урматтайсыңарбы? Силерге кайсыл жаатта өсүү керек?

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

*Токтогула да, сыйынгыла: "Ыйык Рух, менин жубайымды урматташыма эмне тоскоол болуп жатат? Ага урмат көргөзбөй коюу менен мен эмнени жоготуп жатам? Жубайымдагы кайсыл потенциалды мен ачпай коюп атам? Суранам, мага анын өзгөчө баалуулугун көрүүгө жардам берчи?" Ыйык Рух силерге эмнени ачып берип жатат?*

## 4-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ЫЙСАНЫН КӨРҮНҮШҮ

*"Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот". Бул сыр аябай терең, менин айтканым Машайакка жана Жыйынга тиешелүү.*

— Эфестиктерге 5:31,32

Күйөөнүн жана аялдын ролун Кудай ойлоп чыккан. Бул ролдор кемсинтүүгө да, үстөмдүк кылууга да жол бербейт. Алар Машайак менен Жыйындын ортосундагы мамилени чагылдырат.

Эми силер күйөөнүн жана аялдын ролдору тууралуу окуп чыккандан кийин, бул бөлүмдө окуганыңар менен бир кезде уккан же ойлогон нерселериңерди салыштырып көргүлө. Бул бөлүмдө жазылгандар силердин мурда укканыңардан же ишенип келген нерселериңерден айырмаланат бекен? Эмне силерге чакырык таштап жатат? Эмне силерди шыктандырып жатат? Эмнени силер дагы да тереңирээк изилдеп үйрөнгүңөр келди эле?

___

___

___

___

Өзүңөрдүн күйөөлүк ролуңар тууралуу ойлонгула - Ыйса кызмат кылгандай кызмат кылуу менен аялыңар үчүн лидер болуу тууралуу ойлонгула. Ал никеде Ыйсанын сүйүүсү, кызматы жана лидерлигинин көрүнүшүн сүрөттөйт. Эркектер өз ролуңардагы эмне силерге көбүрөөк жагат? Анда өзүңөрдү ишенимсиз сезүүгө силерди мажбурлаган бирдеме барбы?

___

___

___

___

*Кудай бул ролдорду өз күчүңөр менен гана ишке ашырууну пландаштырган эмес. Токтогула да сыйынгыла: "Ыйык Рух, Сен Ыйса Машайактын Рухусуң жана менде да жашайсың. Мени Ыйсадай болуп кызмат кылууга жана сүйүүгө үйрөтчү. Мага жакшы лидер*

*болууга, туура чечимдерди кабыл алууга жана өз аялыма биздин союздагы тең укуктуу өнөктөш катары урмат көргөзүүгө ырайым кылчы".*

Аялдар, күйөөңөрдүн ролундагы эмне силерге өзгөчө жагат? Никени биримдикке толтуруу үчүн күйөөңөрдүн ролун кантип урматтай аласыңар?

---

---

---

Эми Жыйындын Машайактын алдында момундукта баш ийип, колдоп жатканын элестетип, колдоп туруучулук жана баш ийүүчүлүк ролуңарды ыктыярдуулук менен кабыл алгыла. Аялдар, өз ролуңарда болуу жагабы силерге? Ал силерге коркунучтун же татыксыздыктын сезимдерин алып келген жокпу? Эмне үчүн?

---

---

---

*Силердин үнүңөр, жөндөмүңөр жана салымыңар кымбат баалуу. Сыйынгыла: "Кудайым, Сен мени баш ийүүдөгү жакшылыктын үлгүсү болуумду сурап жатканың үчүн Сага ыраазычылык билдирем. Сенин сөзүң гана менин чынында эле ким экендигимди түшүндүрө алат. Мен күйөөмө Сага кылгым келгендей болуп кызмат кылышым жана колдоом үчүн ырайым кылчы".*

Эркектер, аялыңардын ролунда силерди эмне кубандырат? Никеңер биримдикке толсун үчүн аялыңардын ролуна кантип урмат көргөзө аласыңар?

---

---

---

Жубайыңар менен никедеги биримдикти калыптандыруу үчүн өз аяндарыңарды талкуулагыла. Бардык тынчсыздануулары сырткa алып чыгып, зарыл болгон өзгөрүүлөрдү талкуулашып алгыла. Эгерде силердин бирөөңөр коркунучту же ишенбестикти сезип жаткан болсо, Кудайдын Сөзүнө кайрылгыла. Ал эмне дейт экен?

Биримдикте минтип сыйынгыла: "Атаке, биздин никеде экөөбүзгө тең эң сонун, салмактуу жана жагымдуу ролдорду берип, урмат көргөзгөнүң үчүн Сага ыраазычылык билдиребиз. Бизге Сенин даңкың үчүн биримдикте болуп жана бири-бирибизди сүйүүгө жана бири-бирибизге кызмат кылууга жардам берчи. Ыйсанын ысымынан, оомийн".

# КОМАНДА

*Өз ара бир ойдо болгула. Өзүңөр жөнүндө жогору ойлобогула, (өзүңөр тууралуу жогору ойлоп, өзүңөрдү башкалардан жогору койбогула), тескерисинче, адамдардын (бир нерсенин) алдында баш ийгиле, жана момундардын жолун жолдогула. Өзүңөрдү акылдуу эсептебегиле жана өз көз карашыңар менен акылдуусунбагыла.*

— Римдиктерге 12:16, заманбап, кеңейтилген котормо

Балким силер уккандырсыңар: “Командада “мен” деген сөз жок”. Бул бир гана спортко тиешелүү эмес, үй-бүлөгө да тиешелүү. Ар бириңер эң бир зарыл болгон ролду ойнойсуңар жана эч кимиңер бири-бириңерден жогору эмессиңер. “Айырмачылыктар никедеги көйгөй болбошу керек – дейт **Генри Клауд** жана **Джон Таунсенд**. – Эгерде балдарды тарбиялоодо же мебелдерди жайгаштырууда күйөөңөрдүн же аялыңардын көз карашы силер менен дал келбей аткан болсо, анда силер бай болосуңар. Силердин дүйнөңөр кеңейеет”.

Ошентип, кимиңер өз ролуңарды жакшы аткарып атасыңар? Силер дайыма тигил же бул милдетти биргеликте аткарасыңар. Бирок, жалпысынан алып караганда, никенин тапшырмасы үчүн кимиңер өз ролуңарды эң мыкты аткарып жатасыңар?

**Команданы карап чыккыла**. Аткаруу керек болгон бардык милдеттерди тизмелеп чыккыла жана ар бир ролго эң мыкты оюнчуну дайындагыла. Кээ бир тапшырмаларды бүт бойдон эле күйөөңөргө же аялыңарга өткөрүп бергиле. Ал эми, кээ бир милдеттерди экөөңөргө бөлгүлө, бириңер бир күн, бириңер бир күн аткаргыла, же бириңер бир жума, бириңер бир жума аткаргыла.

Мына бир нече мисалдар:

Машинаны кароо
Өргүүнү пландаштыруу
Бюджетти жүргүзүү
Азык-түлүктөрдү сатып алуу
Балдардын үй тапшырмасын текшерүү
Балдарды мектепке жеткирүү, алар менен ойноо, ж.б.

Кир жууш
Чаң соргуч менен тазалоо
Чаңдарды сүрүү
Чөптөрдү тегиздөө
Багбанчылык/дарактарды иретке келтирүү
Түшкү жана кечки тамакты жасоо
Тамактангандан кийин идиштерди жууш

Силер никеге туруп жатканда эле ким өзүнө кандай милдеттерди алышы керектиги жөнүндө белгилүү бир түшүнүктөрүңөр болгондур? Эгерде “ооба” деп жооп бере турган болсоңор анда, эмнени билгенсиңер? Өз жообуңарды баалап жана азыркы кырдаал менен салыштырып көргүлө. Кайсы бир жактан оңдоо керек болгон жерди көрүп жатасыңарбы?

Стреотиптерди карап чыккыла. Силердин никеңердин майда-чүйдөсүн башкалардын аныкташына жол бербегиле.

Өз тизмеңерди кайрадан карап чыккыла жана жубайыңардын тизмеси менен салыштырып чыккыла. Жоопторду талкуулагыла. Андан кийин өзүңөр келишип алган милдеттердин тизмесин жазгыла.

*Келгиле карап көрөлү, өз ара жардамдашууда жана бири-бирибизди шыктандырууда биз канчалык чыгармачыл боло алат экенбиз...*

— Эврейлерге 10:24, The Message, англ. тилинен которулду

Силер кандай сөзүңөр, ишиңер, мамилеңер менен өз жубайыңарды өз милдеттерин аткарууда колдой аласыңар?

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти "Messenger" кызматындагы "Никенин тарыхы жөнүндө" деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 4 - видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Ыйса эң бир төмөнкү кызматты алып, шакирттеринин бутун жууган кезде, биз үчүн эң жакшы үлгүнү көрсөтө алган (Жкн. 13:1-17ни карагыла). Азыркы заманда бут жууган кызмат жоктугуна байланыштуу, бири-бирине мындай кызмат кылуу да калып кеткен. Биз жубайларыбыздын бутун символдук түрдө жуушубуз аркылуу иш жүзүндө кантип Ыйсага окшошо алабыз?

2| Эркектер, эмне үчүн силерге күйөө катары аялыңарды никедеги өзүңөрдүн теңдеш өнөктөшүңөр катары кароо мынчалык маанилүү (1 Пет. 3:7ни карагыла)? Эгерде аны өзүңөргө тең эсептебей койсоңор эмне болот? Аялдар, эмне үчүн силерге күйөөңөргө тиешелүү урматты көргөзбөй коюудан сактануу ушунчалык маанилүү? Эгерде антпей койсоңор эмне болот?

Силерге Кудайдан берилген ролдорду Анын ырайымы менен аткаруу үчүн, бул жооптор силерди Кудайдын коркунучуна кандайча толтурат?

3| Бир гана аял же бир гана күйөө менен никеде болуу биздин Анын колуктусу катары Ыйса менен болгон мамилебизди чагылдырып турат. Жубайлык мамиледе күйөө же аял кимди символдоштуруп тургандыгын сүрөттөп бергиле. Күйөөнүн же аялдын ролу кандайча Ыйсанын Жыйынга жана ишенбегендерге болгон сүйүүсүн көргөзүп турат? Бул тапшырманы аткаруу үчүн бизде кандай күч бар?

**Лидерлерге:** Бул суроонун экинчи бөлүгүнө жооп бериш үчүн төмөндөгү аяттарга көңүл бургула: Эф. 5:18, Элч. Ишт. 1:8; Зах. 4:6; Жкп. 4:6; Флп. 4:13.

4| Кудайдын каалоосу - айырмачылыктар силерди бөлүп-жарбай, тескерисинче бириктириши. Ойлоп көрсөңөр, эгерде силер жубайыңар экөөңөр оп-окшош болсоңор, күчтүү жагыңар да окшош, алсыз жагыңар да окшош болсо кантмек элеңер? Ушундай көрүнүштү элестетип көргүлө да, андан кийин өзүңөрдүн ортоңордогу айырмачылыкты кантип баалarыңар жөнүндө бири-бириңерге айтып бергиле.

5| Үйдөгү милдеттериңерди өз ара бөлүштүрүп алуу абдан маанилүү жана пайдалуу. Алардын кээ бирлерин үйүңөрдө орнотуп деле койсоңор керек? Бул билим силерге кызматтык абалды түзүү үчүн жана жубайыңарды бекемдөө үчүн кантип жардам берет?

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Жакшы нике куруунун эң бир натыйжалуу ыкмасы – жубайыңдын малайы болуу, башканын жакшы кызыкчылыгы үчүн, өзүңдүн кызыкчылыктарыңды курмандыкка чала билүү.
- Биздин жашообузда Анын Рухуна канчалык орун берилгендигине жараша биздин нике Машайакты чагылдырып турат. Эгерде биз Ыйык Рухка дайыма биздин жашообузду толтуруп турууга уруксат берсек, анда акылыбыз туруктуулукта жаңырып турат, жүрүм-турумубуз жакшы жагына өзгөрөт.
- Эркектер менен аялдар Кудайдын бейнесин алып жүрүшөт жана алар жер жүзүндө Анын табиятын чагылдырып турушат. Эркектер да аялдар да бирдей эле баалуу, алардын экөөсүнө тең бири-бирине кызмат кылууга ишеним берилген.
- Күйөөлөр, силерге Кудай аялыңар үчүн кам көрүүнү, аны сактоону жана аны камсыздоону ишенип тапшырган. Анын кызыкчылыктарын аңдуудан мурда, силер аялыңарга урмат көрсөтүп, ал үчүн өмүрүңөрдү курмандыкка чалууга даяр болушуңар керек.
- Аялдар, силерге Кудай өз күйөөңөрдүн жүрөгү үчүн кам көрүүнү тапшырган. Силер анын лидерлигин урматтап, ага Ыйсага баш ийгендей баш ийишиңер керек.
- Эгерде үй ичиндеги милдеттерди бөлүштүрүп алууну билсеңер, анда үйдө карама-каршылыктар аз болот, тынчтык болот, команданы түзүү үчүн шарт болот.



5-БӨЛҮМ

# Интимдик жакындык

*Жыныстык катнаш (секс) өз ара мамилелердеги толук арналуу үчүн жаратылган. Анткени, бул Машайак аркылуу Кудай менен толук союзда жарала турган кубанычтын даамын татуу. Жер үстүндөгү аял менен эркектин ортосундагы эң жогорку чектеги сүйүү, болгону Кудайдын сүйүүсүнүн ишараты гана болуп саналат.*

— Тимоти жана Кейти Келлер, “Никенин мааниси”

*...О, сүйүшкөндөр жана сүйүктүүлөр, ичкиле жана жегиле!*
*Өз сүйүүңөргө мас болгула!*

— Ырдын ыры 5:1, англ тилинен которулду

## 1-күн

Ыйык Жазуу Кудайдын интимдик сүйүү планы тууралуу сүрөттөөдөн уялбайт. Бирок, чынында эле ал эротикалык жактан ачык-айкын жана түшүнүктүү. Эгерде силер бизге ишенбей жаткан болсоңор, анда жубайыңар менен биргеликте ырдын ыры Китебин окуп көргүлө, анан эмне болорун көрөсүңөр.

Биздин көпчүлүгүбүздөн айырмаланып, Кудай секстен уялбайт. Ал анын сулуулугуна тамшанып, анын натыйжасын майрамдайт. Биздин интимдик мамилелерибизге Кудай катышкысы келет. Никедеги жыныстык катнаш пайдалуу жана керектүү эле эмес, ал маанилүү орунду ээлеп жана ар кандайча кеңейип отурат.

"Өз сүйүүңөргө мас болгула",-дейт бизге Сулайман. Башкача айтканда, секс деген өтө сырдуу жана терең нерсе, үстүртөн билген тажрыйба менен эле ыраазы болуп кала бербеш керек. Интимдик жакындыктан айтып бүткүс ырахат алып, даамын таткыла. Секс менен алектенүү - бул мамилелерди жаңыртуу үчүн кнопканы баскан сыяктуу эле нерсе. Ошондуктан, Жазууда сексуалдык ырахат жана канааттануунун метафорасы катары суунун колдонулушуна таң калбай эле койсок да болот. Суу деген жашоонун уланышы үчүн керектүү болгон нерсе. Ал сергектик жана жашоо үчүн күч берет. Жакшы сексуалдык мамиленин болушу жубайлык союз үчүн зарыл болгон жалгыз гана нерсе эмес, бирок баалуулугун баалоого мүмкүн эмес. Кудай сүйүү менен алектенүүнү эки жашоонун бир бүтүндүккө биригишиндеги майрам болсун жана терең келишимди эске салуу болсун деп ойлогон.

Секс ден соолук үчүн пайдалуу экендигин билесиңерби? Мамилелерди гана жакындатып койбостон ал иммундук системаны бекемдейт, салмактын туура болуп жүрүшүнө жардам берет, ооруну басандатып, жүрөктүн жабыркашын азайтат, - бул дагы анын бир аз гана артыкчылыгы.

Жыйындардын кээ бир деноминацияларында сексти күнөөлүү каалоо же дененин табити деп эсептешет. Ошондуктан, никедеги секс да жаман нерседей болот. Кимдир бирөө бизди секс аялдын күйөөсүнө карата милдеттүү мамилеси деп ишендиргиси келет. Бирок секс деген жубайлардын экөөсү тең ырахаттанышы үчүн берилген нерсе экендиги чындык! Кимдир бирөөлөр секс тукум улоо үчүн чыдоо керек болгон, зарыл болгон жаман нерсе деп билишет. Ыйык актыны булгап жана тескери айлантып жаткан бул нерселердин баарысы шайтандан. Ошонун айынан көптөгөн машайакчылар да сekске кооптонуу жана коркунуч менен карашат.

Тукум улоо дагы секстин максаттарынын бири, бирок Кудай аны эң башында жакшылыктын булагы катары пландаштырган. "Булагың баталуу болсун. Жаш кезде алган, маралдай сүйкүмдүү, жейрендей сулуу

аялың менен кубан. Анын төшү сени ар дайым канааттандырсын, анын махабаты менен дайыма ыракаттан" (Накыл сөздөр 5:18,19).

Кудай жөн эле сыр бермексен болуп жаткан жери жок. Жыныстык органдарды да ал жасаган жана алардын функциясынан уялбайт. Сексти жана аны менен байланышкан ырахатты Ал жараткан. Биз ырахаттанган кезибизде Ал кубанат. Ал биздин сексуалдык каалоолорубузду суранбайт. Ал аны касиеттүү кылгысы келет.

Касиеттөө - бул ыйыктыкка карата саякат. Бул биздин жашообуз үчүн Кудайда болгон эң жакшы нерсеге карата саякат десек болот. Бул жолдо бара жатканда силер адамдык табияттан бошонуп, кудайлык табиятка толосуңар. Эң сонун сексуалдык жашоонун (Кудайдын биз үчүн берген эң жакшы нерсесинин бир бөлүгү) өнүгүшү силер Кудайдын төшөктөгү ыйыктыкка болгон чакырыгын кабыл алган учурдан башталат. Ушундай болуу менен гана силер адамдык элестерден жогору турган сексуалдык ырахатты ача аласыңар.

Бирок, биз Кудайга эмнени сунуштасак, ошону гана касиеттеп, ыйыктай алат. Тилекке каршы, биздин көпчүлүгүбүз эле өзүбүздүн сексуалдыгыбызды Ага алып келүүдөн баш тартабыз. Мунун себеби каталыктарынан уялууда, өткөндөгү зордук-зомбулуктун туткунунда жүргөндүктө. Туура эмес тажрыйбаларыбыз өзүбүздүн сексуалдык жашообузга кандайдыр бир ыйык эмес нерсе катары караттырат. Андыктан, биз аны Ыйык Кудайдан жашырганга аракеттенебиз. Сексти Жаратуучу Өзү биздин мурдагы тажрыйбабыздын кунун төлөп жана аны ыйыктап коё ала турган күчкө ээ экендигин тез эле унутуп койгондугубуз таң калыштуу.

Уят биздин жүзүбүздү Кудайдан өзүнө карай буруп алгысы келет. Ал бизди туткундап алып, Кудайдын кайрымдуулугунан жана ырайымынан бөлүп салгысы келет. Бүтүндөй алып караганда уят бизди текебердикке карай жетелеп кетиши мүмкүн. Биздин жашообуздун интимдик жактарын айыктыруу үчүн Кудай жетишерлик нерсени кылбагандай болуп, Кудайдын ырайымын жетишерлик түрдө баалай албайбыз. Биз калган жарааттарды сүйүүнүн жарыгына чыга-

руунун ордуна ичибизге кармап алабыз. Кээ бир адамдар алардын сексуалдык өткөн жашоосун Кудай коргобогондой сезимде болгондуктан, Аны азыркы жашоосуна чакыргандан коркушат. Кудай силерди таштап койгон эмес; ал эми болгон нерселер болсо күнөөкөр табияттан улам болгон. Никедеги интимдик жакындыктан жана сексуалдык ырахаттан зордук же уят силерди кармап калышына жол бербегиле. Кудай биздин ар бир бөлүкчөбүздү айыктырып жана аны бүтүн кылгысы келет.

Жаңыдан үйлөнгөн кезибизде, башка машайакчы жаштар сыяктуу эле, биздин никелешүүдөгү берген убадаларыбыз мурдагы сексуалдык издердин баарын өчүрүп жана бизге бейишке карай жол ачып коёт деп ойлогонбуз. Биздин бири-бирибизге болгон сүйүүбүз жана арнообуздун босогосунан эч кандай өткөндүн көлөкөсү аттап өтө албайт деп ойлогонбуз. Биз туруктуулуктагы интимдик мамилелер өзүмчүлдүк адаттар менен уятты өчүрүп салат деп ойлогонбуз. Тилекке каршы, биз адашыппыз. Ушул жерден чечимибиз жана аяныбыз бизге кантип эркиндик алып келгендиги тууралуу өзүбүздүн өзгөчө таржымалыбызды силер менен бөлүшө кетели.

Өткөндөгү жол болбогон адашуулар же адаттардын эч кимиси Кудайдын балдарын жаңы сексуалдык мурастан ажырата албайт. Бирок, биздин сексуалдык жашообузду касиеттөө, өткөндөгү, азыркы жана келечектеги каталарбыздын кунун төлөө Кудайдын гана колунан келет. Анын ырайымы менен жубайлык айкашуу ырахаттануунун жана сүйүүнүн жайына айланат.

Өткөн жашооңор кандай болгондугуна карабастан, Кудай силердин сексуалдуулугуңарды толугу менен жана радикалдуу түрдө калыбына келтиргиси келет. Биздин башыбыздан өткөн жана биз жасаган нерселерге караганда анын ырайымы көбүрөөк. Бирок, Аны өзүңөрдүн сексуалдык жашооңордо Теңириңер кылбай туруп, Анын ырайымын алууга мүмкүн эмес. Анын алдында ачылгыла жана момундукту моюнга алгыла. Ал силердин жаман түштөй болгон сексуалдук өткөнүңөрдү кереметтүү түшкө айландырып коёт.

## Жубайлык төшөккө карата болгон урмат

"Никеңер адал болсун, нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен нике бузгандарды болсо Кудай соттойт" (Эвр. 13:4).

Эгерде силердин никеңерде көйгөй бар болсо, ал эң эле алгач төшөктөн көрүнөт. Жубайлык айкашууга умтулбагандык сексуалдуулуктун төмөндүгүндө эмес, баарынан мурда мамилелердеги көйгөйдө болот. Жашынып жаткан көйгөйлөр ызалуу жерлерде көрүнө калат, анан сексуалдык жакындык учурунда биз өзгөчө бир ызакор боло түшөбүз.

Сексуалдык жакындыктагы эң маанилүү принцип – бул урмат-сый. Көптөгөн адамдар жубайлык айкашууну эч нерсе менен булгап же баркын кетирүүгө мүмкүн эмес деп туура эмес ойлошот. Ошондуктан, эмне кааласа ошону жасай беришет. Мындай пикир чындыктан алда канча алыс турат.

Никеге тура элек кезде эле биз өзүбүздү болочок күйөөбүз же аялыбыз үчүн таза сактоо аркылуу да никени кадырлаган болобуз. Үйлөнгөндөн кийин дагы биз өз никебизди башка адамдар менен сексуалдык өнөктөштүктө болбой (жубайыбыздын көзүнө чөп салбай), бизди сексуалдык жакындыктан эч нерсенин (мисалы, порнография, ыпластык, адепсиздик) алаксытышына жол бербей кадырлай алабыз. Никедеги айкашуу Кудайсыз ырахаттар менен арууланбайт, тескерисинче, алар жубайлык төшөктү булгап коёт жана жубайларды интимдик жакындыктагы чыныгы ырахаттан оолактатып салат. Мурдагы бөлүмдөрдө айтылгандай, биз өз төшөгүбүздү жубайыбыздын эң мыкты кызыкчылыктарына кызмат кылуунун орду катары да кадырлайбыз. Өз жубайына сексуалдык жактан кызмат кылуу – демек, анын ичиндеги Кудайдын ыйыктыкты аныктаган кызыкчылыгын урматтоо.

Биздин маанайыбыз жок болгон кезде да жубайыбыз менен сексуалдык мамиледе болуу менен өз жубайыбызга кызмат кылган болобуз. Курагыбыз жогорулаган сайын сексуалдык тартылуулар улам азая берет. Биз сексти биздин жубайыбызга карата физикалык тар-

тылуубуздун далили катары карабай калабыз. Ал көбүрөөк интимдик тартылуу болуп калат. Кудай сексти күйөөсү менен аялынын ортосундагы байланыштырган каражат катарында жараткан. Бул байланыштагы ырахаттан силерди эч нерсе кармабай эле койсун. (Ошол эле мезгилде силер өзүңөрдүн жеке кызыкчылыгыңар үчүн өнөктөшүңөрдү ал каалабай турган кезде деле сексуалдык байланышка мажбурлап басым көрсөтпөшүңөр керек).

Биз жубайлык төшөгүбүздү кадырлоонун, урмат көргөзүүнүн орду кылып алгандыгыбызга байланыштуу, азыр биз элүүдөн ашып калган куракта болсок да, жыйырма жаш курактарыбызда мындан бир топ мыкты көрүнгөн болсок да, сексуалдык мамилебиз жыйырма жаштардагы курагыбыздан бир топ жакшы деп айта алабыз. Сүйүү менен алектенүүнүн сапаты кантип көрүнгөнгө же канчалык аракеттенгенге жараша болбойт. Негизгиси, экөөңөр биргеликте ким экениңерге жараша болот.

Биз 30 жылдан ашык убактан бери чогуу жашап келе жатабыз. Бизде болгон кубанычтар, жарааттар, салгылаштар жана жеңиштер биздин интимдик жашообуздун баасын арттырат. Биздин руханий, эмоционалдык, физиологиялык жакындыктарыбыз чыныгы ырахаттануу жана канааттануулардан көрүнүп турат. Өзүбүздүн никебизде биз түзүп алган сексуалдык маданият Кудайдын кун төлөп куткарып алуусун күбөлөндүрүп турат, анткени биз баштаган кезибизден бир топ алыстап кеткенбиз.

### 2-күн

## Лизанын таржымалы

Биз Джон экөөбүз өз никебизге ар кандай түрдөгү сексуалдык күнөөлөрдү кошо ала келгенбиз. Джон өз салгылаштарында жүргөн кезде мен жашоомдун интимдик сферасында өз согушумду жүргүзүп жаттым. Менин колледжде окуп жүргөн кезимде 19 жаш курагымда-

гы ойлонулбаган сексуалдык байланыштарым, 22 жашымда күйөөгө тийип жаткан кезимде тоскоолдук кылат деп ойлонбоптурмун.

Менин ата-энем секс тууралуу айтышканда, ал нике үчүн деп айтышкан, бирок эмне үчүн экендигин түшүндүрүшкөн эмес. Эсимде калганы боюнча алар мени венерикалык оору менен ооруп калбаш керек жана никесиз төрөп салбаш керек деп гана коркутушкан.

Менин ата-энемдин никеси эптеп эле кармалып тургандай эле, алардын сөздөрүндө да, жашоо образында да окшоштуктар аз эле.

Менин чоң апамда жана атамда сексуалдык жактан өтө көп байланыштар болгондугун да белгилей кетсем болот. Биздин баарлашуулардан бир да жолу тазалыкты жана кең пейилдикти байкаган эмесмин. Өзүм үчүн: эмнени кааласам ошонун баарын жасай берсем болот, негизгиси ата-энеме билдирбешим керек жана сактанышым керек деп гана чечим чыгаргам.

Колледжде окуп жүргөнүмдө бул логика мораль менен биргеликте менин жашоо образыма айланып калды. Өз тентуштарым менен биргеликте минтип ойлоор элем: өзүңдүн сүйгөн адамың менен гана жатыш керек, секстеги жоопкерчиликти өзүңө алууң керек, бойго бүтүп калгандан сак болуу керек. Мезгил-мезгили менен жоопкерчилиги азыраак курбуларыма "таблеткаларды" берсин үчүн, аларды докторго алып барган күндөрүм да болгон.

Андан кийин мен Джон менен таанышып калдым. Биздин биринчи жолугушуубузда эле ал мени Теңирге алып барды. Мен жыйырма бир жашта элем. Ошол эле кечте мен жогорудан төрөлдүм, Ыйык Рухка толдум жана бардык оорулардан айыктым. Джон экөөбүз сүйлөшкөндө мен: "Мен адеп-ахлактуу болгонум үчүн ушунчалык кубанам" деп сүйлөп алдым.

Андан кийин мен эмнеге ушинтип айтып алгандыгымды түшүнө албай аттым. Эмнеге экендигине акылым да жетпейт, мен жөн гана адеп-ахлак менен ыйыктыктын ортосундагы айырманы билбейт болчумун. Эсиңерде болсо керек, сүйгөн жигитим менен жатуу туу-

ралуу айтпадым беле, мен муну адептүү эле нерсе деп ойлочумун. Мен жогорудан төрөлгөнүмө карабастан, алгачкы сааттарда менин акылым жаңылануудан али бир топ алыс эле.

Кийинчерээк, биз олуттуу түрдө жолугуша баштаганыбызда Джон менин айткан сөзүмдү унутуп койгон болуш керек деп ойлогом. Ал мага: “Биз экөөбүз тең өзүбүздү сактап жүргөнүбүз үчүн мен ушунчалык кубанычтуумун” – деп айтканда кандай гана жүрөгүм түшкөн. Ошол маалда мен: “Бул жаңы гана төрөлүп, али эч нерсени түшүнө элек Машайактагы наристенин сөзү болчу” деп кыйкыргым келди. Мен ошондо гана мурдагы ойлонбогон чечимдерим башка адамдар үчүн канчалык жараат алып келерин түшүндүм.

Джон мага бирге өмүр сүрүү тууралуу сунуш киргизе турган маал келгендигин билдим жана ага бардык чындыкты айтууга туура келди.

Мен өзүмдү Джонго татыксыздай сездим. Мен өзүмдү Кудайды сүйгөн жана мен үчүн кам көргөн киши менен жашоомду байланыштырыш үчүн кымбат баалуу мүмкүнчүлүктү пайдаланып калууга умтулуп жаткан адамга окшотуп жаттым. Мен өзүмчө чыгып алып Кудайга жалынып-жалбарып баарын айттым. Кечирилгенимди сезип турдум, ошентсе да, өзүмдүн мурдагы сексуалдык байланыштарым үчүн ушунчалык өкүнүп турдум.

Анан мен Джон менен сүйлөшүүгө жөнөдүм. Мен өзүмдүн уяттуу сырымды ачканга чейин эле ал мага: “Эгерде мен сага Ыйык Жазуудан бир жерди окуп берсем каршы болбойсуңбу? Мен аны сени менен бөлүшүү керектигин сездим” – деди.

Мен баш ийкедим, Джон окуй баштады: “Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал – жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду” (2 Кор. 5:17).

“Мен билем, бул кызыктай угулушу мүмкүн, деп айтты ал. – Бирок мага Кудай мурдагынын баары өтүп кетти деп сага айтышымды сурап жатканын сездим. Эми сен жаңысың, эми сен... кызсың”.

Ушул сөздөрдү угуп жатып, менин тамагым буулуп, окшугум келгенсиди. “Мен кыз эмесмин”,- дедим мен. – Так ушуну мен сага айтайын дедим эле”.

Джон мени далыман кармап туруп, көзүмө карап: “Эгерде Кудай сени кыз деп жатса, биз кимбиз талашкандай?” Ошол ирмемде менин бардык уятым жоголуп кетти.

## Сексуалдык бузулууларды калыбына келтирүү

Канткен менен мен өз сексуалдыгымды сүйүү менен эмес азгырык менен ойготупмун. Күйөөгө чыккан кезимде сүйгүм келди, бирок кантип сүйөрдү билбедим. Күйөөгө чыкканга чейин мен сексти кандайдыр бир жаман, тыюу салынган, кол жеткис нерсе катары көрчүмүн. Эми күйөөгө чыккандан кийин ал эмнегедир жакшыдай жана Кудай үчүн да, адамдар үчүн да маанилүүдөй сезилип калды. Мен бул нерсеге кантип өтүүнү билбей жаттым.

Биз Джон экөөбүз жалгыз калган учурда менин көз алдыма кандайдыр бир коркунучтуу порнофильмдер тартыла калчу. Аларды мен колледжде окуп жүргөндө көргөм. Же болбосо, мурдагы досум менен болгон сексуалдык байланышымды эстегенден уялганымдан улам, өз сексуалдуулугумду өчүргөнгө аракет кылчумун. Бул абдан жаман эле.

Мен эркин түрдө, толугу менен күйөөмө өзүмдү арнагандын ордуна, өзүмдөн мурдагы нерселерге байланып жаткандыкты сезип турдум. Джон мага толук татыктуу болчу, мен болсо мурдагы каталыктарымын айынан өзүмдү сексуалдык жактан эркин сезе албай жаттым. Мен таза эмес ойлорум, образдар, элестер, салыштыруулар жана уят менен күрөшүп жаттым. Мен аларга каршы күрөшүп жаттым, бирок натыйжасыздай. Жашоомдогу так ошол сезондо мен жандык байланыштардагы капалыктын жана мурастан келе жаткан каргыштардын күчүн билдим.

Ушул китепте биз үй-бүлөлүк каргыштар тууралуу маселени көтөрдүк. Мен айтып кеткендей, мен тараптан биздин үй-бүлөдө бейбаштык жана ишенимсиздик болгон, мен андан баш тарттым.

Андан сырткары мен өзүмдүн жоголгон сексуалдуулугумду калыбына келтирүү үчүн өткөндөгү мамилелерим үчүн да кайгырып- капаландым. Келгиле, Ыйык Жазуу эмне дегендигин карап көрөлү:

> “Же эмне, денеңер Машайактын дене мүчөлөрү экенин билбейсиңерби? Машайактын дене мүчөсүн сойку аялдын мүчөсү кылмак белем? Албетте, жок! Же эмне, сойку аял менен кошулган адам аны менен биригип, бир дене болорун билбейсиңерби? Анткени Ыйык Жазууда: “Экөө бир дене болот”, – деп жазылган” (1 Кор. 6:15,16).

Мен мурдагы дос балдарымды бузуктук кылуучулар деп эсептебейм, бирок сөз деген сөз да. Мен алар менен бир бүтүн болгон элем, эми башка бирөө менен нике келишимин түздүм. Ар бир жолугушуудан жана ажырашуудан менин жүрөгүм канча бөлүнгөн. Акыр аягында ошол сексуалдык байланыштардан улам ар кандай бүтүндүктү жоготуп коюп жаттым. Эгерде биздин сексуалдуулугубуз бузулуп жана булганган болсо, Кудай гана аны калыбына келтире алат. Кудай гана таза эмес, булганган нерсени алып кайрадан тазалап жана ыйыктап коё алат. Кудай гана биз алып келген күлдүн ордуна кооздукту алмаштырып бере алат.

Эгерде силердин сексуалдуу жашооңор бузулган болсо (көптөгөн жыныстык катнаштар, порнография, мастурбация ж.б. ар кандай ыпластыктар), анда биз силерге кайрадан калыбына келтирүүнү суранып сыйнууну сунуштаар элек. Сыйынардын алдында өзүңөрдү рухий жактан даярдагыла, өз жубайыңар менен гана, жакын досуңар менен гана, сыйынуучу өнөктөшүңөр менен гана же жөн гана Кудайдын Рухунун коштоосунда сыйынгыла. Үнүңөрдү чыгарып айткыла:

> *Асмандагы Атаке, Өз Уулуңду менин күнөөлөрүмдүн жазасын тартыш үчүн жибергениң үчүн ырахмат. Баардык мурдагы нерселер менин жашоомдон кетти, эми мен Машайактамын. Эми баары жаңы. Корунттуктарга жазылган 2-Катта (5:21) жазылгандай, мен Сенин адилеттигин болуп калышым үчүн, Ыйса менин күнөөлөрүмдү Өзүнө алды. Мына, бүгүн мен ушундаймын.*

*Эми мен өзүмдүн, ата-энемдин, жана ата-бабамдын ар кандай сексуалдык күнөөлөрү, ыпластыктары, көптөгөн жыныстык байланыштары жана таза эмес мамилелери үчүн кечирим сурайм жана алардын баарынан баш тартам (Өзүңөр баш тартып жаткан күнөөлөрдү так атап айткыла. Аларды Кудайдын алдында айткандан уялбагыла. Эч нерсе Андан жашырын эмес. Ал алардын баарын билет жана силерди күнөөлүү сезим менен уяттын оордугунан бошотууну каалайт. Анан даяр болгонуңарда кайра андан ары уланткыла).*

*Атаке, Өзүңдүн Рухуңдун кылычын ал дагы, мени менен... ортобуздагы жандык жана сексуалдык ыплас байланыштардын баарын кыйып салчы. Ыйык Рухту уккула, уккан ар бир ысымды атагыла. Балким узак мөөнөттүү мамиле болбосо да, силер эмоционалдык жана физикалык жактан алар менен байланышып калгандырсыңар. (А мындай байланыш бир гана жубайлардын жана Кудайдын ортосунда гана болушу керек).*

Ар бирөөнүн атын айтып чыккандан кийин минтип сыйынгыла:

*Атаке, ушул адамдардын колунан менин жүрөгүмдүн бир бөлүкчөсүн алып келүү үчүн периштелериңди жиберип койчу. Мен толук кандуу ыйык жана Сага жагуу үчүн бөлүнүп коюлган адам болушум үчүн Ыйык Рухуң менен ал бөлүкчөлөрдү мага кайрып бер.*

*Атаке, мен ар кандай ыплас нерселерден баш тартам. Мени кечир Атаке, ыплас сүрөттөрдүн менин көз алдыма тартылышына жол бергендигим үчүн. Мен Забур (100:3) боюнча келишим түзөм, мен өз жүрөгүмдү таза сактагым келет, эч кандай туура эмес нерселерди көз алдыма тартпайм. Мен ар кандай ыплас рухтардан баш тартам, ага жана анын таасирине менин жашоомду калтырып кет деп буйрук кылам.*

*Атаке, мени Ыйсанын тазалоочу каны менен жууп-тазала, анткени ал гана ыйыктоочу жана куткарып алуучу күчкө ээ. Мен Сенин ыйбадатканаң болгонго өзүмдү арнайм; Ыйык Рухуңдун күчү менен бул ыйык жайдан –рухумдан, жанымдан, денемден ар кандай кир нерселерди алып салчы. Мени Ыйык Рухуңа толтурчу. Менин көрүш үчүн көздөрүмдү, угуш учун кулактарымды, Сенде мен үчүн болгон бардык нерселерди алышым үчүн жүрөгүмдү аччы. Мен сеникимин. Менин жашоомдо Сенин эркиң аткарылсын.*

*Сүйүүм менен Сенин балан.*

**3-күн**

## Джондун таржымалы

Физикалык жактан мен аялым үчүн өзүмдү сактагам, бирок порнография, мастурбациядан көз каранды элем. Ушул көз карандылыкты өз никеме алып келиптирмин. Эң жакшынакай аялым менен болгон секс баарын унуткарат, жоготот деп ойлоптурмун. Бирок, андай болгон жок. Мен бул азгырыктар менен үйлөнгөнүбүздөн кийин да бир топ жылдарга чейин күрөшүп жүрдүм. Менин бул көз карандылыгым биздин сексуалдык мамилебизге абдан тоскоол болду. Мен уялып, толкунданып жүрдүм. Мени азгырыктар чырмап турушун каалаган жокмун, бирок канчалык каалаганыма карабай, алардан бошоно албай жаттым. Олуттуу өзгөрүлүү керек болуп турду.

1984-жылы мен биздин Жыйынга келе турган конокторго жооп беришим керек болчу. Бир жолу коноктордун ичинен мен абдан урматтаган Кудайдын бир кишисине менде болуп жаткан күрөш тууралуу айтып бердим. Аны бошотуучу кызматы боюнча жакшы билишчү. "Эгерде кимдир бирөө мага жардам бериши керек болсо, анда ал ушул адам" - деп ойлодум да ага баарын ачык айтып бердим.

Анын жообу мен үчүн күтүлбөстүк болду: "Токтот мунун баарын!" деди ал. – Сен жөн гана аны токтотууң керек".

Мен: "Жакшы, бирок силер мага сыйынып бергилие",- дедим.

Ал мага сыйынып берди, бирок эч нерсе болгон жок. Мен анан: "Балким мага мындан да күчтүү бошотуу үчүн кызмат кылып, сыйынган кишинин жардамы керектир" деп ойлодум. Бирок мындан да күчтүүрөөк бошотуу үчүн кызмат кылган бир да киши менин мээме келбей койду. Мен бул күнөөнүн ушунчалык ыплас экендигин көрдүм.

Тогуз айдай убакыт өткөндөн кийин биздин досубуз анын үйүндө төрт күндөй жашаганга мага уруксат берди. Мен ал жакка бир гана максат менен – көз карандылыктан бошоноюн деп келдим. "Кудай, акыры боштондук келиши керек!" Ушул 1985-жылы 6-майда мен кереметтүү түрдө толук боштондукка ээ болдум.

Менин боштондугум келгенден бир нече айдан кийин минтип сурадым: "Кудай, мен тушүнбөй атам. Эмнеге мага сыйынган кезде боштондук келген жок? Мен Кудайдын бул улуу адамынын алдында бардык күнөөлөрүмдү моюнга алып, баш ийбедим беле. Эмне үчүн менин бошонушум үчүн ушунчалык убакыт керек болду?

Кудай менин көңүлүмдү дароо эле сыйынуудагы жашоомдун тыныгуусуна бурду. Көп убактарга чейин мен негизинен мындайча сыйыныптырмын: "Теңир мени колдон. Суранам, мени колдон". Ушул сөздөр менин сыйынуумдун борбору болчу. Менин сыйынууларымдын бардыгы эле менин жыргалчылыгымдын жана максатымдын айланасында өсүп жатыптыр. Менин күнөөдөн кутулууга болгон каалоом Кудайга болгон сүйүү менен да, Лизага болгон сүйүү менен да бекемделбептир. Ал менин көйгөйлөрүм менин максатыма жетишиме бир кезде тоскоолдук кылат деген коркунуч менен коштолуптур. Менин өзүмө көңүлдүн борборун бура бергендигим Кудай менен жакындашууума тоскоол болуптур. Анан жакындыктын жетишпестиги Анын жаңылоочу күчүнүн менде иштешине тоскоол болуптур.

Андан кийин менин жүрөгүмдө өзгөрүү болду. Менин сыйынууларымда эми башка сөздөр пайда болду: "Теңир, мен Сени билгим келет. Биздин арабызда ылайым эле эч кандай тоскоолдуктар болбосунчу". Мен өзүм тууралуу эле ойлой бербей, Кудайга көңүлүмдү бурдум. Мен өзүмдү эле карай бербей, Кудайга көз салганымда, өз жашоомду Анын ырайымы үчүн ачып бердим. Ал мени куткарып жана менин сексуалдуулук жашоомо бүтүндүктү алып келди. Мен Ыйык Жазууда жазылган Кудай үчүн кайгырууну башымдан өткөрдүм.

## Кудай үчүн кайгыруу

> "Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат" (2 Кор. 7:10).

Көп жылдар бою мен өзүмдүн көз карандылыгым үчүн кайгырып келгем. Мен айтып кеткендей жогоруда, азгырыктар мени чы-

рмап калышын каалаган жокмун. Өз кылык-жоругум да өзүмө жаккан жок. Көптөгөн адамдар күнөөсү үчүн кайгырууну баштан өткөрүшөт. Бирок Кудай үчүн кайгыруу деген да бар. Ал кайгы тобо кылууга жана жаңылануууга карай жетелейт. Ошондой эле, дүйнөлүк кайгы бар, ал өзгөрүлбөгөн айыптоого алып барат.

Дүйнөлүк кайгы өзүнө эле көңүл буруп, текебердик менен сугарылат. Ал өкүнүү жана өзүн өзү аёо сезимин алып келет. Анткени, адамдык күч менен жете ала турган чечимдерди гана көрөт. Ал Кудайдын күчүн таанып-билүүдө эрип кетип аткан үмүттү көрбөйт. Ошондуктан, өзгөрүлбөгөн руханий өлүмгө алып барат.

Кудайга карата кайгы болсо тескерисинче, ал өзүн аяй берүүгө же өзүмчүлдүккө алып барбайт. Ал көңүлдүн борборун Кудайга гана бурат. Өзүнүн жабыркап турганына карабай, ал келечекке карай жетелейт. Анткени анын күчү Кудайдын жөндөмдүүлүгүн ыйыктантат, күч берет жана өзгөртөт. Кудайга болгон кайгыруу кыска убакытка кыйналууну алып келер, бирок анын артынан эле кубаныч менен жашоо келет.

Ал эми дүйнөлүк кайгыруу менин жашоомдогу азгырыктарды гана бекемдеген болчу. Кудай мени колдонушун суранып сыйынып жатканымда өзүмдү ушунчалык кудайчыл деп ойлогом, көрсө бул текебердигим экен. Мен өз кызыкчылыгым үчүн гана бошонууну каалаптырмын. Мен канчалык деңгээлде Кудайдын жүрөгүн жаралап жаткандыгымды сезбептирмин.

Көптөгөн адамдар күнөөлөрү алардын ийгиликтерине, келечегине зыянын тийгизбесин деп, айың сөзгө калтырбасын деп гана алардан арылгылары келет. Мындай толтура коркунуч жана өзүн коргоо мамилеси эч качан өзгөрүү алып келбейт.

Биз Кудайдын жүрөгүн билмейинче жана Ага толмоюнча Кудайга окшошо албайбыз. Аны менен болгон жакындык дайыма жаңылануууга карата өбөлгө болот. Биз Ага момундукта канчалык жакындагыбыз келгенине жараша, Ал бизге Өзүн ачып берет жана да ыйыктыкта жашоого күч берет:

> “Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат”, – деп айтылган. Ошондуктан, Кудайга моюн сунгула... Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт (Анын алдында ачылгыла)... Күлгөндүн ордуна ыйлагыла, кубангандын ордуна кайгыргыла (Кудай үчүн кайгыргыла)... Теңирдин алдында моюн сунгула, ошондо Ал силерди көтөрөт” (Жкп. 4:6-10, кеңейтилген котормо).

Кудай бизди кумарлардан жана биздин күнөөкөр табиятыбыздын азгырыктарынан бошотот. Ал бизди эркиндик үчүн эркин кылган. Бирок, Бошотуучу таянып билмейинче, боштондукту таба албайбыз. Эгерде эркиндикти кааласаңар, анда Кудайдын жүрөгүн издегиле. Бул жакындык ар дайым Кудай үчүн терең кайгыруу берип турат. Качан Анын жолуна түшкөнүңөрдө ого бетер Анда силерди тамырлатып жана боштондукта жүрүү үчүн силерге күч берет.

Эсиңерде болсун, силер Кудайдын балдарысыңар, силердин жашооңордо айыптоого орун жок. Эгерде силерге эркиндикке жетүүдө бир нерсе тоскоол болуп жаткан болсо, аны жеке алсыздыгыңарга шылтабагыла. Өз каталарыңардын калтырар издери үчүн коркпогула. Тескерисинче, Кудайдын куткаруучу улуу күчүнө таянгыла.

> “Ошентип, азыр Машайак Ыйсанын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт. Анткени Машайак Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту” (Рим. 8:1,2).

## Порнография жана интимдик мамиле

Мен (Джон) порнография үйлөнүүмдөн кийин өзүнөн өзү эле жоголуп кетет деп ишенгем. Иш жүзүндө баары башкача болуп чыкты. Көптөгөн жубайлар ошол эле нерседен жабыркап жүрүшкөнүн билдим. Порнография үйлөнө электерге да, үйлөнгөндөргө да жаман таасир этет. Анын таасири никеге дайыма зыянын тийгизет жана жубайлар чыныгы жакындыктан ырахат ала албай кыйналышат.

Биз кээ бир жан-дүйнө дарыгерлери үйлөнгөн түгөйлөргө порнографияны сексуалдык мамилелердин шыктандыруучусу катары көрсө

болот деп сунушташкандыгын үрөй учуу менен уктук. Бул эң чоң катачылык. Мындай кылбагыла. Бир аз убакыт өткөндөн кийин уктап жаткан ажыдаарды ойготуп алганыңарды сезесиңер, ал анан силердин интимдик мамилеңерди азгырыктын оту менен жалмап салат.

“...Адамдын көзү...тойбойт” (Накыл. 27:20). Понография нике үчүн олуттуу коркунуч, үйлөнгөнгө чейин да, үйлөнгөндөн кийин да. Жубайыңар менен бирге да, өзүнчө да башкалардын уятын көрбөшүңөр керек.

Порнография денени канааттандырып, убактылуу шыктануу же ырахат бергени менен, ал биздин жубайыбыз менен жана Кудай менен болгон жакындыгыбызды кыйратып салат. Акыр аягында ал жубайыбызга да, өзүбүзгө да канааттанбагандыкты алып келет. Порнография сексти күчтөндүргөнү менен, мамилелердеги жашыруун көйгөйлөрдү чечпейт. Маселени дароо эле чечип салууга болгон аракет, чын-чынына келгенде ансыз деле араң жан негизде турган жүктү ого бетер оорлотуп салат. Порнография жашоонун учкунун жаккандай болгону менен, чын-чынына келгенде өлтүрүүчү жипти тутандырып коёт. Анан ал корголбогондуктун, ишенбестиктин, түйшөлүүнүн жарылышына алып келет.

Кудай сексуалдык ырахатты өмүрүңдү арнаган кишиңе толугу менен өзүңдү бергениңде гана алаарың тууралуу ойлонуштуруп койгон. Бул жубайларды төшөктөн башка дагы жубайлык мамилелерди өркүндөтүүгө мажбурлайт, жубайлар бардык мамилелерде жакын болуулары керек. Порнографиядан алган ырахат болгону бир гана адам үчүн болуп калат. Ага башкалар менен жакын болуунун кереги жок, негизгиси – каалоо, көңүл бура турган обьект гана болуш керек. Порнографиядан ырахат алуу- бул Кудай эки адам үчүн ойлоп чыккан интимдик жакындыктан келүүчү эйфориянын алсыз көлөкөсү гана болуп саналат.

Жубайлар өз союзуна порнону алып келишкенде, алар өз интимдик мамилелерине башка адамдарды кийлигиштирүү менен төшөк-

төрүн булгап салышкан болот. Кудай муну пландаштырган эмес. Сексуалдык тажрыйба эки жашоону бириктирген келишим экендигин эске салып турууччу нерсе болушу керек. Нике келишиминде үчүнчү кишиге орун жок. Биздин өз төшөгүбүздү урматташыбыз жана андагы келишимди урматташыбыз Кудай үчүн маанилүү. Ошондо гана төшөгүбүз тамшандыраарлык ырахатты жана нагыз канааттанууну ала турган жерге айланат.

### 4-күн

## Жүрөктөрдү коргоо

Жакынкы убактарга чейин эле порнографиялык сайттар онлайн-каражатындагы эң бир белгилүүлөрдөн болчу (азыр аларды социалдык сеттер алмаштырып калды). Интернеттеги ар бир онунчу, балким андан да көбүрөөгү порнография болгон. 40 миллиондон ашык америкалыктар бул сайттарга туруктуулук менен киришет, ар бир секундада 28 258 адам интернеттен порнографияны көрүшөт. Мурда эч качан сексуалдык табиттин арааны мынчалык ачылган эмес.

Сексуалдык жактан түрткү берүүчү альтернативалардын көбөйүшү сүйүү менен алектенүүнү кумарларга айландырып жиберди. Киберсекс интимдик жакындыкты жок кылып, никелерди кыйратат. Ал тургай, жаш жигиттер да интернеттеги порнографияга көз каранды болуунун натыйжасында, ансыз толук актыга катыша албай кыйналышат. Чыныгы аялдар аларды канааттандырбай калат. Аларды виртуалдык байланыштар абдан кызыктырып, тартып турат.

Бул эркектердин гана көйгөйү эмес, порнография бүткүл дүйнөлүк сетке жайылган. Болжол менен алып караганда ар бир бешинчи аял күн сайын интернеттен порнографияны көрүшөт. Андан тышкары аялдар да, эркектер да өзүлөрүнүн муктаждыктарын эротикалык журналдар жана китептер менен канааттандырышат. Акыркы мезгилде бул аялдардын арасында көбүрөөк жайылган.

Порнография жана башка сексуалдык күнөөлөр Кудайдын алгачкы ойлорунун чектеринен чыккан ыплас ырахатты сунушташат. Бирок, өз элесинде же экран алдында сексуалдык жактан бейбаштык, адепсиздик ыплас ырахаттан да өткөн күнөө. Ыйса минтип айткан: “Мен болсо силерге мындай деп айтамын: аял кишиге кумарлануу менен караган адам өз жүрөгүндө ойноштук кылган болот” (Мт. 5:28).

Порнографияны көрүү – бул дагы жубайына ишенимдүү болбогондуктун бир түрү. Ал никеге коркунуч алып келет. Аткени сексуалдуулуктагы Кудайдын ойлоруна туура келбеген ар кандай нерсе жүрөктүн абалын бузат. “Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта, анткени өмүрдүн булагы анда” деп жазылып турат Накыл сөздөр 4:23тө.

Сексуалдык күнөө биздин жүрөктөрүбүздү кирдетип салат, натыйжада турмушубуз, үй-бүлөбүз бузулат. Бул чындыкты кайгылуу статистика далилдеп турат. Ажырашуунун элүү алты пайызында тараптардын бирөөсүнүн “порнографиялык сайтка ашыкча кызыгуусу” тууралуу айтылат.

Ар кандай эле күнөө акыр-аягында биздин жашообузга карата чабуулдарды алып келет. Биз машайакчы болгондуктан, душман рухубузга карата жасаган чабуулда жеңилип калгандыктан, эми азыр биздин жаныбыз үчүн согушуп жатат. Ал бизди толуктуктагы жашоодон ажыратуу үчүн, күнөөлөргө чырмап койгусу келет (Жкн. 10:10ду карагыла).

Машайак бизди күнөөдөн бошотуп койгон, бирок биз өз жашообузда күнөөнүн көзөмөлдүк кылышына жол берип турган кезде ал боштондуктан ырахат ала албай жүрө беребиз. Ушул себептен Пабыл минтип жазган:

> “Ошентип, дененин күнөөлүү кумарларына баш ийбешиңер үчүн, күнөө силердин жок боло турган денеңерге бийлик жүргүзбөсүн. *Дене мүчөлөрүңөрдү* күнөөгө адилетсиздиктин куралы катары бер-

> бегиле, тескерисинче, өлгөндөрдүн арасынан тирилгендер катары өзүңөрдү жана дене мүчөлөрүңөрдү Кудайга адилеттиктин куралы катары *бергиле*" (Рим. 6:12, курсив автордон).

Дене мүчөлөрүңөрдү деген сөз айкашы, биздин эмнелерди берерибизди түшүндүрөт. Биз качан толугу менен өзүбүздү Кудайга бергенибизде жана Анын Руху биздин сексуалдык байланыштарыбызды аныктап беришине жол бергенибизде Аны даңктаган болобуз. Ал Кудай биз үчүн белгилеп койгон жашоодон бизди кармап турган бардык туткундан жана кишендерден бошотот. Ал бизди бизге жакындык, эркиндик, тартуулаган сексуалдук ырахатка багыттайт.

Жашообузда адатка айланып калган сексуалдык катаалдыкты жеңүү оңой деп айта албайбыз. "...куткарылууңарды коркуу жана титирөө менен жүзөгө ашыруу үчүн, - деп жазган Пабыл - жан үрөп эмгектенгиле" (Флп. 2:12, анг. тилинен которулган). Касиеттеп, ыйыктоо Кудайдын ырайымындагы иш экендигине карабай, денени айкашкан жыгачка кадоо деген оңой эмес процесс. Толуктукка жана ыйыктыкка карай болгон саякат дайыма текеберчилик менен азгырыктын тосоолдуктарына туш келип турат. Бирок, Ыйык Рухка биздин ичибизде Анын иштерин аткарууга уруксат бере турган болсок, анда салгылашуудагы оорулардан бир топ жогору турган руханий кубанычка ээ болобуз.

## Тазалыктын көрүнүшү

> "Мен силерди Кудайдын кызганычы менен кызганып жатам, анткени силерди бир Күйөөгө – Машайакка никелеп койгом. Анын алдына таза бойдон барышыңарды каалагандыктан кызганып жатам. Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком" (2 Кор. 11:2,3).

Никедеги тазалык биз тууралуу эле айтып жаткан жок, ал Машайактын дагы таза колуктуну көрүүсү.

Азыркы учурда азгырык деген Жыйындарда болуп калат. Жакын арада жүргүзүлгөн изилдөө иштери жыйындагы эркектердин 50 пайызы, аялдардын 20 пайызы порнографиядан көз каранды экендигин билдирди. Бул көз карандылык менен күрөшүү үчүн көптөгөн эркектер менен аялдар сексуалдык кумарларын кыскартуу үчүн отчет берип туруу ыкмасын тандап алышты. Бул өзгөрүлгүсү келгендиктин баалуу көрсөткүчү, бул ыкма албетте пайдалуу. Бирок, отчет берип туруу жана тартиптүүлүк күнөөнүн табиятын жеңүү үчүн жетишерлик күчтүү эмес. Эгерде адам сексуалдык бейбаштыкка тартылып турса, анда эч кандай тышкы аракеттер аны кармай албайт. Ал тургай, анын сырткы жүрүм-туруму көзөмөлдүктө болсо дагы, ички дүйнөсүн азгырыктар менен айыптоолор башкарып турат.

Биздин жүрүм-турум жана адеп-ахлагыбыз качан гана акылыбыз жаңырган учурда гана жаңыланат. “Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө” (Рим. 12:2). Кудайдын балдары катары биз күнөөнүн күчүнөн эркинбиз (Рим. 6:19-23). Бирок, ошол эркиндиктен ырахаттануу үчүн баарынан мурда Кудайга акылыбызды жаңыртуу үчүн, жүрүм-турумубузду ыйыктоо үчүн мүмкүнчүлүк беришибиз керек.

Качан биз Кудай менен биргеликте, Анын Сөзү менен убакыт өткөргөнүбүздө гана акылыбыз жаңырат. Башка жол жок. Жүрөгүбүзгө отургузулган, Ыйык Рух менен бекемделген Кудайдын Сөзү гана бизге күнөөдөн эркиндик берет (Забур 118:1, Жкп. 1:21). Көптөгөн машайакчылар деле сексуалдык жактан уяттарына чыдабай ыйлап жүрүшөт, бирок анын баарын эркиндикке алып Баруучунун алдына алып келе алышпайт.

Көптөгөн диний институттар адепсиздиктен арылтуу үчүн көзөмөлдүн жана коркунучтун мехенизмин киргизгилери келет. Чынында мыйзам жана адамдар ойлоп чыккан эрежелер бизди күнөөдөн куткара албайт (Рим. 7 жана 2 Кор. 3:6ны карагыла). Кудай биздин дайыма күчтөнүп эрежелер менен гана жашашыбызды каалабайт, Ал биздин Аны менен жакындыкта жашашыбызга умтулушубузду каалайт. Биз Атабыздын сүйүүсүндө болгонубузда

гана Аны менен болгон өз ара мамиленин натыйжасында жеткилеңдикке карай өсөбүз. Ыйык Жазуу мындай дейт:

> "Машайак бизди күнөөлөрдөн арылтыш үчүн келгенин жана Анда эч кандай күнөө болбогондугун билесиңер. Машайактын ичинде жашап жаткан адам күнөө кылбайт. Ал эми күнөө кылган адам *Аны көрө элек, Аны таанып биле да элек"* (1 Жкн. 3:5,5, курсив авторлордон).

Бул аятта колдонулган гректин "ginosko" деген сөзүнүн котормосу "таанып билүү" деген, "адамды түз, жеке мамиле аркылуу, мамилелердин жүрүшүндө таанып билүү". дегенди түшүндүрөт. Күнөөкөр табияттан эркиндикке чыгуу башка бирөөлөр аркылуу Аны билүүдөн эмес, Кудай менен болгон жеке мамиледен улам гана ал унөөкөр табият эрип жок болот.

Элчи Пабыл айткандай, ар дайым эле күнөө менен жүрө берген адам Машайак менен жеке жакын мамиледе эмес. Ошондуктан, никеге коркунуч туудурган күнөөнүн үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн Кудай менен жакындыктагы мамиледе өсүп отуруу зарыл.

Эгерде жашооңорду күнөө контролдоп жаткан болсо, Кудайга чуркагыла. Бир гана Машайактын ырайымын жана сүйүүсүн дайыма таанып билүүнүн натыйжасында гана күнөөдөн эркиндик алууга болот. Качан силер момундукта Кудайга келген кезиңерде Ал силердин акылыңарды жаңыртат да, Машайактагы эркиндикти таанып билүүнү тосуп турган көшөгөнү алып салат.

> "Бирок Теңирге кайрылышканда, ал жабуу алынат. Теңир – Рух, Теңирдин Руху болгон жерде – эркиндик. Биз баарыбыз жабуусуз жүзүбүз менен Теңирдин даңкын чагылдырып турабыз. Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат" (2 Кор. 3:16-18).

Силер сексуалдык же башка кунөөлөр менен өз алдыңарча күрөшкөнүңөрдү Кудай каалабайт. Ал силерди коопсуз жана аман-эсен жүрүшүңөрдү каалайт. Качан Анын сүйүүсүнө жооп катары Кудайга болгон сүйүүңөр өсө баштаганда, силердин жашооңор жаңылануугa жана Ага карата моюн сунууга толот. Анын жолдоруна жана эркине баш ийүү

аркылуу, Ыйса жашагандай жашап калууга карата болгон күчтү сезесиңер. Биз силерге Пабыл Филипптиктерге сыйынгандай сыйынабыз:

> "Силердин сүйүүңөр таанып билүү жана ар кандай сезимталдык жагынан өсө бериши үчүн сыйынам. Эң жакшысын ажырата билип, Машайактын күнүндө таза жана кемчиликсиз болушуңар үчүн, Кудай даңкталышы жана макталышы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу адилдиктин жемишине артыгы менен ээ болушуңар үчүн сыйынам" (Флп. 1:9-11).

Эгерде сексте да Ыйсага жагууга болгон чаңкаган каалоодо болсок, анда биз жубайыбыз менен болгон жакындыктан жашоонун ар кайсы сезонунда да ырахат алууга жетише алабыз.

## 5-күн

## Секстин мезгилдери

> "Бардык нерсенин өз убагы бар, асман астындагы ар бир нерсенин өз убагы бар" (Насаатчы 3:1).

Жашоонун көптөгөн жактарында эле убакыт жөн гана аз эмес, убакыт бул – баары. Эгерде жашоодогу бардык эле нерсе мезгилдик мүнөздү алып жүрсө жана ар кандай эле максаттын өз мезгили болсо, анда албетте секстин да мындан сыртта калышы мүмкүн эмес. Ар бир жыл – бул төрт мезгилдин жыйындысынан турат, жана биздин оюбузча ар бир никеге бул тиешелүү. Ошондуктан, келгиле сексти ушул контекстен карап көрөлү.

### Жаз: биринчи декада

Иллюстрация үчүн сексуалдык жашоонун ар бир сезонун никедеги он жылга окшотолу. Мисал катары болжол менен бир жыйырма сегиз жаштардагы күйөөсү менен аялын карап көрөлү. Жубайлык жашоонун алгачкы он жылы (28ден 38жашка чейин) – баёолук мезгилди, жаңы мезгилдин башталышын – жаз деп атап коёлу. Алек-

сандр Поупанын сөзү менен айтканда – бул “дайыма үмүт ачкыч менен ургулап турган кез” Жаз мүмкүнчүлүктөргө толтура.

Алгачкы он жыл – бул күтүүнүн жана ачылыштардын жылы, ал кезде силер жаңы сексуалдык перспективалар менен жашоону баштайсыңар. Абдан күтүп жүргөн кезде жыйылган нерселердин бүт бардыгы никеңердин жаз мезгилинде ойгонот. Силер бул мезгилде ким экениңерди жана биргеликтеги жашоо деген эмне экендигин дагы эле ачып жаткан мезгилиңер болот. Сексуалдык жашоонун ар бир аспекти жаңы жана биринчи болот.

Эгерде силер балалуу болууну каалап жаткан болсоңор, так ушул мезгилде бойго көтөрүүнүн кубанычын жана кыйынчылыгын сезесиңер. Үйдө балдар пайда болгондон кийин сексуалдык жашоо өзгөрүлө баштайт. Силер эми бири-бириңерди сүйгөн адамдар гана эмес, ата жана энесиңер. Балдар силердин бейпилдигиңерди бузуп, силер уктаган бөлмөгө укташы мүмкүн.

Бул мезгил кызыктырган тапшырмалардын учуру. Мага (Лиза) жаш эне болгон, балдарга тамак берген жакчу. Мен өз уулдарымды бир, ал тургай эки жашка чейин эмчек эмизип баккам. Мына ушул жактан көйгөйлөр башталат: балдар үчүн кам көрүүгө болгон умтулуу күйөөңдү оңой эле унуттуруп коёт. Жаш энеге күйөөсүн же баласын тандаганга болбойт. Колуңда кармап турган балаң күйөөңдү сүрүп чыгарбашы керектигин унутпагын.

Мен балдарымды алдейлеп жатканымда, алар үчүн кам көрүп жатканымда ушунчалык ырахаттанар элем, ошондуктан күйөөмө жетишээрлик көңүл бура алчу эмесмин. Биздин уулдарыбызга карата анын сүйүүсү күч болгондугуна карабастан, атасы алар менен менчелик жакын мамиледе эмес эле. Ал мага муктаж эле. Бирок, биздин сүйүүбүздөн жаралган балдардын муктаждыгы мага ачыгыраак көрүнүп турчу. Же тескерисинен кээ бир күйөөлөр өз кыздарына ушунчалык байланып калгандыктарынан улам аялдарына эркелеткен мамилени ыйгарууну унутуп коюшат.

Балдар үчүн кам көргүлө, бирок ошол эле мезгилде бири-бириңерди да көңүл буруудан куру койбогула. Бири-бириңерди камсыздагыла, толуктагыла. Экөөңөр гана жалгыз бирге болуш үчүн балдарды эртерээк уктаткыла. Төшөктөгү уйкуңарды эле тең бөлүшпөй, бир-бириңердин жүгүңөрдү да тең бөлүшкүлө. Кээде жөнөкөй гана: “Мен сени менен интимдик мамиледе болгонду сагынып жатам. Аны кайрадан сезүү үчүн кандай кылсак болот?” деген сөздөр көңүл калып ачуулануудан сактайт.

Ушул алгачкы он жыл ичинде бири-бириңердин интимдик керектөөңөрдү билүүгө аракеттенгиле. Кийин экөөңөрдүн бирөөңөргө бири-бириңден салкындап кала тургандай мамиле кылбагыла. Бири-бириңер менен сүйлөшкүлө. Ушул алгачкы он жыл ичинде өзүңөрдүн жакындыгыңарды отургузулган бактай деп ойлогула, ал бактын түшүмүнөн жайында жана күзүндө ырахаттанышыңар керек.

## Жай: экинчи декада

*Жай - бул дайыма боло турган нерселердин эн жакшысы.*

— Чарльз Боуден

Эгерде жаз үмүткө айланса, анда жай – көрүнүштөрдүн жанданып жана көкүрөк толо дем алган кези болот. Бул мезгилде жашоо гүлдөйт. Бул мезгилдин башталышында жубайлар карьераларын аныктап, ата-эне болуп калган кездери да болушу мүмкүн. Эгерде балдар төрөлгөн болсо, алар чоңоюп, эң сонун куракка жетип калган кез болот; Балдар чоңойгончо ата-энелер бул ролдо өзүлөрүн такшалтып калган болушат.

Силер жайдын бир дагы алтынга тете болгон көз ирмемин өткөрүп жибербешиңер керек! Силер мектеп учурунда, балдардын кружокторунун учурунда жана өзүңөрдүн жеке карьераңар учурунда интимдик жакындыкка убакыт табышыңар керек. Эгерде жаз мезгили силердин багыңар үчүн жемиштүү болгон болсо, анда жай мезгилинде андан ого бетер ырахат алышыңар керек. Эгерде жубайлык жашооңордун

алгачкы он жылында өз багыңарга анча карай албаган болсоңор, дагы деле көчөттөрдү отургузуу үчүн өтө кеч болуп кала элек мезгил.

Жай мезгили – бул бардыгы, ал тургай, отоо чөптөр да өтө тез өсө турган мезгил. Жөөктөрүңөр жакшы чабылган болушу үчүн кам көргүлө, отоо чөптөр борпоң топуракта өзүлөрүн таптакыр эле эркин сезип кетпесин. Интимдик жашооңордун өсүп бара жаткан бөлүгүн сугарганды унутпагыла, ошондо ал ого бетер тез өсө баштайт. Анткени силерде никени азыктандырып туруучу он жылдык ишенүү бар, ал топурактын семирткичи сыяктуу.

Жай – бул күндүн узактыгы, күлкү, пикниктер жана чак түштөгү чагылгандар. Биздин жай мезгилиндеги декадада секс көбүнчө күндүзгү мезгилде ыңгайлуу болорун көрдүк. Түн ичинде биз ушунчалык чарчап калчубуз, ошондуктан, балдар мектепте кеткенде, күндүз мүмкүнчүлүктү коё берип, кечке чейин күткүбүз келчү эмес.

## Күз: үчүнчү декада

Кийинки он жылды күз мезгили деп коёлу. Ал азырынча биздин абдан сүйүктүү мезгилибиз. Биз күн абдан ысыган күндөрдү жана суук түндөрдү жакшы көрөбүз. Биздин денебиз сыяктуу эле өзүбүз да бир аз бошошо түшкөндөйбүз.

*Күз – бул экинчи жаз, андагы ар бир жалбырак гүл сыяктуу.*

— Альбер Каью

Ал бизге жагат! Жаштыгымды кайрысам деп аракеттенгендин ордуна күздү майрамдап жашагыла. Көрүнүп тургандай, интимдик жакындык жашообузда кайрадан көбүрөөк орунду ээлей баштайт. Эми элүүдөн ашкандан кийин биздин жашообуздун ритми өзгөрө баштайт. Эми балдар менен чогуу үй тапшырмасын даярдабайбыз, алар менен чогуу мектептеги же спорттук иш-чараларга да барбайбыз. Бизде бири-бирибиз үчүн көп убактыбыз бар мезгил.

Биз ал тургай, кышта капысынан болгон нерселер шаштырып калбасын деп күз мезгилинде эмне кыларыбызды жазып да алабыз.

Баарынын ичинде жүрүп эле, биз өзүбүздүн сексуалдык саламаттыгыбыз үчүн да кам көрөбүз. Ал үчүн ар бирибиз өз денебизге кам көрүп, туура тамактанып, таза абада болуп, спорт менен алектене баштайбыз. Биз жаңы жолугуп жүргөн кезде сейилдөөнү сүйчүбүз, эми атайын эле экөөбүз чогуу сейилдейбиз.

Көптөгөн жубайлар күзүндө жашоону токтотуп коюшат. Балдар ата-энесинин үйүн таштап кетишкенде жубайлар бөтөн бир киши менен жашап жаткандыгын көрүшөт. Биздин баарыбызда бул мезгил үчүн тандоо бар. Бул мезгилде жоготкон нерсебизди эстеп ыйлап отурсак да болот же болор нерсени эстеп кубансак да болот. Биз бул сезонго өз никеңерди калыбына келтирүүчү мүмкүнчүлүк сыяктуу карашыңарды суранаар элек. Силер бул кезде кайра эле жаңы үйлөнгөндөй боло аласыңар, болгону бул кезде экөөңөр тең улуураак жана акылдуураак болуп калган болосуңар.

## Кыш: калган жылдар

*Эң бир суук кышта менин ичимде жеңилбес*
*жай бар экенин сездим.*

— Альбер Камю

Калп айтпай эле коёлу, карылык деген оор жана адилетсиздей көрүнөт. Джондун ата-энеси бул жагын жакшы эптештирип жатышат. Ден соолуктарындагы ар кандай көйгөйлөргө карабастан, алар суктанарлыктай болуп чогуу сейилдешет, спорт залдарга барышат, достору менен чогуу түштөнүшөт, ошондуктан, дайыма кубанычтуу жүрүшөт. Бул эки көгүчкөн дагы эле эки кишилик керебетте чогуу жатышат. Чогуу картайган кандай жакшы, секс ар бир мезгилде ушунчалык керемет.

Биз төрт бөлүмдөгү бөлүмдөр үчүн тандап алган Ыйык Жазуудагы автор Насаатчы минтип айткан: “... Ал бардык нерсени өз убагында сонун кылып жасады...” (3:11). Ар бир иш өз учурунда эң сонун. Биз чогуу картайгыбыз жана өз мезгилибиздин ыргагы менен бийлегибиз келет.

Ойлонуу үчүн акыркы мисал. Speedo фирмасынын сууга түшчү костюмдары Олимпиадалык оюндар үчүн өтө сонун, бирок мен

(Лиза) аны кийип алган улуу курактагы адамдарды көргөндө карагым келбей кетет. Бир кезде тез сүзүү үчүн ылайыкташтырылган нерсе, эми шашпай, жай сүзө турган мезгил үчүн керексиз нерсеге айланган же болбосо – бул токтоп калуу. Негизгиси, сүзгөндү токтотпош керек. Биз бикиниде анча жакшы көрүнбөй атканыбыз үчүн эле сүзгөндү жакшы көрбөй калбайбыз да. Сүзүү жана секс ар бир сезондо бирдей эле жакшы, болгону убакыт өткөн сайын ар кандай көрүнүп калат.

Биздин никенин жазында мен бикиниде *(сууга түшкөндө кийиле турган кийимдин түрү)* сүзүп жана күйгөм, анан жай мезгили болгондо апам сыяктуу жабык купалникте жүрүп калдым. Эми күз мезгили келгенде мен шорты жана топик (үстүгө кие турган киндикке чейинки, ысык аба-ырайына ылайыкташкан кыска кийим) кийип калдым. Ким билет, эмки кыш мезгилинде мен юбка менен купальник кийип калармын. Бирок мен сүзгөндү токтотпойм.

Балким биз жаздагыдай көп сүзбөй, жай мезгилиндегидей балдар жаныбызда деп сактанып калаттырбыз. Бирок биз күздө да, жашообуздун кыш мезгилинде да сүзөбүз. Кандай болгон күндө да, секс – бул биздин түбөлүктүү жайыбыз.

## Практикалык сунуштар

Силер азыр жашоонун кайсыл мезгилинде болгонуңарга карабай, ал тууралуу айткыла. Эгерде силер жалгыз болсоңор, өз каалооңор жана эңсөөңөр тууралуу Кудайга айткыла. Бирдей көз караштагы курбуңарга-теңтушуңарга айткыла жана бири-бириңерди шыктандыргыла. Эгерде силер жубайыңар менен жашап жаткан болсоңор өз оюңардагыны бири-бириңер менен бөлүшкүлө.

Эгерде үйрөнө турган болсо, ар бир адам сүйүүдө эң жакшы боло алат. Эркектер усулдарды караганга ыктуу келет. Алар: “Эгерде акыркы он жолкуда ушундай абалда баары эң сонун болгон болсо, эмне үчүн жакшы нерсени өзгөртүүнүн кереги бар?” деп ойлошот. Аялдар, эгерде силер андан кандайдыр бир өзгөрүүнү каалап жатсаңар,

күйөөңөргө айткыла. Мисалы: “Мага сенин мойнумдан өпкөнүң жагат” дегиле. Күйөөңөрдү силердин каалооңорду өзү билип алсын деп мажбурлабагыла, ага ачык эле айткыла.

Секс менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк болбой жаткан мезгилде ал мүмкүнчүлүк болгон учурда өзүңөрдү ыңгайлуу-жайлуу сезүү үчүн, күн бою бири-бириңерди колдоп тургула. Бири-бириңерге аяр мамиле жасагыла. Секс тууралуу сүйлөшкүңөр келгенде бириңер да өзүңөрдү туура эмес кылып атамбы деп сезбешиңер үчүн, сейилдөөгө чыккыла. Журналдарга жазылгандарга ишенбегиле. Силер никеңердин башка жактары сыяктуу эле сексуалдык жашооңорду да каалагандай жүргүзүүгө акыңар бар. Эгерде силере жардам керек болсо, аны тапкыла. Бул жашырылган бөлүктү көңүл буруусуз калтырбагыла. Бул китептин аягында биз сунуш кылган булактардын тизмесин беребиз, дагы өз жыйыныңардан да көптү алсаңар болот.

Биз бул жаатта адис болбогондугубуздан улам, өзүбүздүн тажрыйбабыз жана билимибиз менен гана бөлүшүп жаткандыгыбыздан улам, биздин кеңештерибиз жөн гана канааттанууну эмес, интимдик жакындыкты каалагандар үчүн ылайык десек болот. Кээде жубайлардын бирөөсү экинчисине таптакыр кызыкпагандар да болот. Бул интимдик четке кагылуунун абдан жараланткан түрү экендигин билебиз. Өз жубайыңардан жүз бурбагыла, Кудайга кайрылгыла. Жүрөгүңөрдөгүнүн баарын Анын алдына төккүлө, Ал силердин союзуңарды айыктырарына ишенгиле. Эгерде силер жубайыңардан сексти талап кылсаңар, анда эч нерсеге жетишпейсиңер.

Биз билебиз, кээде кыйын мезгилдер да болот: күйөөсү же аялы ооруп аткан, чарчап турган, интимдик мамиледе боло албагандай мезгилдер болорун билебиз. Мындай учурда эмне кылуу керектигин врачка жолугуп, сүйлөшкүлө.

Биз силердин өткөндүн терең жарааттары жана каталыктарында эмес, Кудайдын ыйык ойлорунда бекемделген, өз сексуалдык мурасыңардын калыптанышын жана өмүр бою силерди таштабаган кумарданган тартылууга ээ болушуңар үчүн сыйынабыз.

# ИНТИМДИК ЖАКЫНДЫКТЫН САЛТАНАТЫ

*...маралдай сүйкүмдүү, жейрендей сулуу аялың менен кубан. Анын төшү сени ар дайым канааттандырсын, анын махабаты менен дайыма ырахаттан. Уулум, башка бирөөнүн аялына кызыгып, башка бирөөнүн аялынын төшүн кучактап эмне кыласың?*

— Накыл сөздөр 5:19,20

Кудай сексти адам күнөөгө азгырылганга чейин эле жараткан. Ал аны никенин ичинде жараткан жана бул өтө жакшы нерсе. Ал тургай, кубанарлык! Эркек менен аялдын ортосунда мындан өткөн сүйүүнүн күчтүү байланышы жок. Силердин мамилеңерде секске карата мамилеңер кандай? Силер ага Кудай тарабынан ойлоп чыгарылган позитивдүү нерсе катары карайсыңарбы? Эмне үчүн?

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

Силердин мурдагы жашооңор кандай сексуалдык сабактарды бергенине карабастан, асмандагы Атаңар толугу менен күйөөңөр (аялыңар) менен болгон сексуалдык жакындыгыңарды колдойт. Секс тууралуу бул аяттарды окуп жана алар тууралуу ой жүгүртүп көргүлө:

> Булагың баталуу болсун. Жаш кезде алган, маралдай сүйкүмдүү, жейрендей сулуу аялың менен кубан. Анын төшү сени ар дайым канааттандырсын, анын махабаты менен дайыма ырахаттан.
>
> — Накыл. 5:18,19

> Күйөөсү аялына карата, аялы күйөөсүнө карата жубайлык милдетин аткарсын.
>
> — 1 Кор. 7:3

> Никеңер адал болсун (татыктуу, баалуу, жогорку баага ээ болгон жана бардык нерседе кымбат баалуу болгон), нике төшөгүңөр булганбасын (ишенимсиздиктен тебеленбесин)...
>
> — Эвр. 13:4, анг. тилинен кеңейтилип которулган

Чынчыл болгула. Силер жубайлык жашооңорго кандай сексти берип жатасыңар? Жөн гана ага макул болуп коюп атасыңарбы же ал силерге ырахат алып келип атабы? Бул аяттар силерге сексти позитивдүү көрүүгө жардам берип жатабы?

---

---

---

*Кудай Ырдын Ырында бизге кадимки интимдик жашоонун кандай болорлугун майда-баратына чейин сүрөттөп берген. Бул мамилелердеги ырахаттанууну өзгөчө 4 жана 7-бөлүмдөрдөн изилдеп карасаңар болот жана Теңирден силер секстен күтүп жаткан нерсе Анын ойлогонуна ылайык келе тургандай кылып силердин аян-ачылыштарыңарды багыттасын деп сурангыла.*

Интимдик жашоодогу эң бир маанилүү принцип - урматтоо. Силерде жубайлык төшөгүңөргө карата кандайдыр бир сыйлабастык барбы?

---

---

---

Ыйык Жазуудагы Эврейлерге жазылган Катта жубайлар өз төшөктөрүн жөн гана таза сактасын деп айткан эмес, аны татыктуу деп санасын, баалуу, жогорку баага ылайык жана өзгөчө кымбат сезсин деп айтылган. Өз никесиндеги жакындыкты ардактасын жана коргосун үчүн, кандай иш жүзүндөгү кадамдарды жасаш керек?

---

---

---

## 2-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# КАЙГЫРГАН ЖҮРӨКТӨР ҮЧҮН АЙЫГУУ

*Ал жүрөгү жаралангандарды айыктырат, кайгысынан арылтат.*

— Забур 146:3

Көпчүлүгүбүз мурдагы туура эмес чечимдердин айынан, анын ичинде сексуалдык байланыштар да бар, жарааттарга ооруларга туш болгонбуз. Бирок, биздин Асмандагы Атабыз Өзүнүн чексиз акылмандуулугу менен жана биз менен Өзүнүн Уулу Ыйса Машайак аркылуу өз ара мамиледе болууга болгон эңсөөсү менен бизге айыгууга жана калыбыбызга келүүгө жол ачып койгон. Пабыл өзүнүн Титке жазган Катында Кудайдын сүйүүсүнүн бүткүл күчүн сүрөттөп берет:

> "Анткени биз да бир кезде акылсыз, баш ийбес, адашкан, кумарлардын жана ар кандай күнөөлүү каалоолордун кулу болгон, жамандык, көрө албастык кылып жашаган, жек көрүндү, бири-бирибизди жек көргөн адамдар элек. Бирок Куткаруучубуз Кудайдын жакшылыгы жана адамдарга болгон сүйүүсү айкын болгондо, Ал бизди адил иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн ырайымынын негизинде кайра төрөлтүү менен жуунтуу жана Ыйык Рух аркылуу жаңылантуу менен куткарып алды. Биз Кудайдын ырайымынын негизинде акталып, үмүтүбүзгө ылайык түбөлүк өмүрдүн мураскорлору болуп калышыбыз үчүн, *ал Ыйык Рухту Куткаруучубуз Ыйса Машайак аркылуу үстүбүзгө мол төктү. Кудайдын ырайымы биздин Аны менен болгон өз ара мамилебизди калыбына келтирип жана бизге өмүрдү кайтарып берди*"
>
> — Тит. 3:3-7, The Message, англ. тилинен которулду

Силердин же күйөөңөрдүн (аялыңардын) өткөн жашооңордо бириңерди татыксыз сезген же секстен канааттануу алууга ылайык эмес сезген учурларыңар болду беле? Тынчтыкта болуп, сыйынгыла жана бул тууралуу ойлонгула. Эгерде Ыйык Рух бирдеме деп айткан болсо, анда жазып койгула да, сыйынууда Ага бергиле.

*Өз ойлоруңарды бири-бириңер менен чын жүрөктөн бөлүшкүлө. Сыйынып, Ыйык Рухту чакыргыла, Ал силердин жүрөгүңөрдү айыктырып жана жоголгон нерселерди калыбына келтирет.*

Силер эмнени ачсаңар, Кудай ошону гана ыйыктаганга даяр. Чынчыл болгула. Андан өз сексуалдык жактарыңардын кээ бирин жашырып жаткан жоксуңарбы? Силердин сексуалдык жашооңордун кайсы бир жагында "Кирүүгө болбойт!" деген жазууну илип койгон жагыңар барбы? Жооп "ооба" боло турган болсо, анда кандай? Сыйынгыла да Ыйык Рухтан эмне үчүн бул жакты жаап койгонуңарды сурагыла. Ал силерге эмнени ачып берсе, ошону жазып койгула.

*Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал – жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти; жаңы нерсе өсүү берет!*
*Ага карагыла!*

— 2 Кор. 5:17, The Message, англ. тилинен которулду

Биздин жүрөктөрүбүз аны Теңирге берген кезибизде айыккан жана жаңы, бүтүн болуп калган. Мына, сыйынып, өз өткөндөрүңөрдү Кудайга бергениңерде ушундай болуп калды. Эми Ыйык Жазуудагы бул аяттарга назар салып карагыла: Мыйзамды кайталоо 6:5; Забур 118:2; Накыл сөздөр 3:5-8; Жеремия 29:11-14; Марк 12:29, 30. Ушул аяттар аркылуу Ыйык Рух силердин никеңер жана сексуалдуулугуңар тууралуу эмне деп жатат?

3-Күн. Күн сайын окуу үчүн

# ИНТИМДИК БААРЛАШУУДАГЫ ЭРКИНДИК

*Машайак менен союзда болгон ар бир адам, күнөө кетирбейт...*

— 1 Жкн.3:6, GNT, англ. тилинен которулган

Анын Ыйык Руху менен баарлашуу аркылуу алган, Машайак менен болгон интимдик байланыш, ар кандай күнөөдөн бошонуунун негизи болуп саналат. Интимдик – бул эң жакын мамиле, Давид, апостол Пабыл жана Мария издеген жалгыз нерсе. Интимдик баарлашуу, демек “Машайакта болуу”. “Машайакта болуу” деген сөз Жаңы Осуятта жүз жолудай колдонулат. Ыйса интимдүү мамилени “Анда болуу” деп айткан. Машайак менен болгон интимдик мамилеге кантип жетсе болот жана кантип аны колдосо болот? Ага туруктуулук менен убакыт бөлүү, көңүл буруу аркылуу жетсе болот.

> Жашыруун жерлер биздин календарыбызда жана күн тартибибизде негизги артыкчылыкка ээ болушу керек, анткени ал жер, интимдик мамиле жарала турган жер... Ким Теңир Ыйса менен жеке мамиледен күч алса жана чындап күйүп-жанса, Падышачылыктын чексиз күчүнө ээ боло алат.
>
> — Боб Сордж

Күнөөдөн болгон эркиндик Ыйса Машайак менен болгон интимдик мамиледе жашырылган. Анда, силер аны менен болгон мамилеңерди кантип сүрөттөөр элеңер? Силер Ага эч кандай алаксыбай канча убакыт бөлүп, көңүл бурасыңар? Аны издөөгө силерди эмне түртөт? Силердин сыйынууңардын көпчүлүк бөлүгүн эмне ээлейт: материалдык нерселерге ээ болууну каалообу же Кудайды билүүнү каалообу?

Эгерде Ыйса менен болгон интимдик мамиле силердин артыкчылыгыңар болбосо, анда өзүңөрдү айыптабагыла. Жөн гана Аны менен чынчыл болгула да, Анын ырайымын сурагыла. Мындай сөздөр менен сыйынгыла: "*Теңир, мен Сени сүйөм жана Сени билгим келет. Бирок, азыркы ушул учурда менин Сени менен болгон мамилем мен каалагандай абалда эмес. Мага Сенин жардамың керек. Менин көздөрүмдү ач, мен Сени таанып билүүнүн баа жеткистигин көрөйүн. Мага менин жүрөгүмдү көргөз. Сени биринчи орунга коюудан мени эмне кармап турат? Менин Сендеги сүйүү отуна жалындашыма эмне тоскоол болуп жатат? Мен Сенин акылмандуулугуңду жана ырайымыңды суранам, Ыйсанын ысымынан, оомийн*".

Тынчтыкта болуп, Ыйык Рух силерге эмне дээрин уккула. Муну жазып алып жана Андан Ал эмнени сураса Анын ырайымында ошону кылайын деп сурангыла.

**Кудайды биринчи орунга коюудан мени эмне кармап турат:**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

**Аны менен интимдик мамиледе болуудагы менин бөлүгүм:**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

## КУДАЙ МЕНЕН БИРИККИЛЕ

Ыйса менен интимдик байланыш түзүүнүн эң бир жакшы варианты – Анын жүрөгү менен жолугушуу жана эркиндиктин жаңы деңгээлин баштан кечирүү. Ал үчүн Аны менен баарлашууда жана сыйынууда убакыт өткөрүү үчүн Жыйындан, үйдөн башка бир жакка барып күйөөңөр менен же аялыңар менен, "Кудай менен жолу-

гушууну" уюштуруш керек. Ар кандай тиричилик түйшүктөрүнөн оолактап, бир нече күн Кудай менен бирге болуу, балким силердин жашооңор менен никеңерди биротоло жаңылайттыр.

Бир жакка кетип калып, Кудай менен гана убакыт өткөрүү үчүн убакыт тапкыла. Бул убакытты өз календарыңарга белгилеп койгула да, аны маанилүү нерсе деп эсептегиле. Башка эч нерсе пландаштырбагыла, эч нерсеге алаксыбагыла, өзүңөр менен бир гана Ыйык Китеп менен ручка, дептерди гана алгыла. Кудай силерге Өз жүрөгүнөн абдан мол ырайым төгөрүнө даярдангыла!

**"Жашыруун бөлмөнүн" керемeтин билгиле"** Буларды окугула:
Жылнаама 16:27, Забур 15:11; 26:4-6; 30:19,20; 90:1-16, Ышайа 40:31, Жакан 15:4-8, Жеремия 4:16.

# ТУУРА КААЛООЛОРДУН ЖЫЛЫТЫЛЫШЫ

*Мен болсо муну айтамын: Ыйык Рухтун жетеги менен жашагыла (дайыма), (Рухка жооп бергиле, Анын көзөмөлдүгүнө жана жол башчылыгына баш ийгиле), ошондо денеңердин (Кудайды билбеген адамдык табияттын) күнөөлүү каалоолорун аткарбайсыңар.*

— Галаттыктарга 5:16, англ. тилинен кең. котормо

Жубайлык союздун тазалыгы Машайак Өз колуктусунан көргүсү келген тазалык болушу керек. Сексуалдык каалоолордо эч качан жаман нерсе жок, аны Кудай жараткан жана аларды Ал мактап ырдап турат! Бирок биздин союзду туура эмес кылык-жоруктарыбыз, жаман таасирлерибиз уят кылган кезде алар интимдик мамилеге каршы чыгышат да, Кудай жакшы деп жараткан нерсени жаманга айландырып салат. Туура каалоолорду шыктандыруунун ачкычы өз адамдык табиятын ачка калтырып, өз рухун тоюндурганда.

> Ыйык Жазуу бизге секске карата жагымдуу жана позитивдүү көз караштарды берет (Карасаңар, мисалы Ырдын Ыры). Жазуунун авторлору сексуалдык тузакты жакшы билишкен жана Кудай берген жөндөмдүүлүктөрдү бузуп коюуга ыктуу келерибизди да түшүнүшкөн... Ошондуктан, да сексуалдык каалоолордун деңизинде жылып бара жаткан кезде нике институттары абдан маанилүү.
>
> — Гери Томас

Силер кулагыңар жана көзүңөр менен өткөрүп жаткан нерселер акырындык менен акылыңар менен жүрөгүңөргө кирерин билгиле. Силердин көзүңөр менен кулагыңар жаныңар менен рухуңардын дарбазасы. Силердин уккан – көргөндөрүңөрдүн баары адамдык табиятты же рухту тоюндурат.

Токтогула да, ойлонгула. Силер өзүңөрдүн адамдык табиятыңарды кандай жолдор менен тамактандырып жатасыңар? Силердин ыплас каалоолоруңарды канааттандыруучу фильмдерге,телешоулорго, ырларга орун барбы? Силердин акылыңарды жана жүрөгүңөрдү булгаган китеп, журналдар же сайттар менен өзүңөрдү азыктандырасыңарбы? Досторуңар жана алардын таасирлери кандай? Алардын кээ бирөөлөрү силерге туура эмес иштер же кылык-жоруктар менен таасир этеби?

*Туура эмес таасир этүүлөрдү ачып берүүсүн Ыйык Рухтан сурангыла. Ал силерге кимден же эмнеден алысыраак бол деп айтып жатат?*

Жүрүм-турумдагы жаңылануу качан биз акылыбызды Кудайдын Сөзү менен жаңыртканда гана болот. Бул аяттардын үстүнөн ой жүгүртүп көргүлө:

> Себеби Кудайдын Сөзү тирүү жана таасирдүү, кош миздүү ар кандай кылычтан курч: ал жандан рухту ажыратып, муунга чейин, сөөктүн чучугуна чейин жетет, жүрөктөгү ойлорду, ниетти соттойт...
>
> — Эврейлерге 4:12

> Ошондуктан, ар кандай ыпыластыкты жана калган жаман адаттарыңарды таштап, жүрөгүңөргө себилип (тамырлап) жаткан, жаныңарды куткара ала турган сөздү момундук (жооштук, жумшактык) менен кабыл алгыла.
>
> — Жкп. 1:21, кең. котормо

> Менин сөзүм от (сыноону көтөрө албаган баарын жалмап кетүүчү) сыяктуу эмеспи? – дейт Теңир. – Менин сөзүм асканы талкалаган (эң бекем) барскандай эмеспи?
>
> — Жер. 23:29, кең. котормо

**ОШОНДОЙ ЭЛЕ, БУЛ АЯТТАРДЫН ҮСТҮНӨН ДА ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ.** Жашыя 1:8; Забур 1:1-3; Жеремия 15:16; Римдиктерге 12:1; Колостуктарга 3:1-5; 1 Пет. 2:2.

Интимдик мамиледе, ыйыктыкта жана сексте силер Кудайдын Сөзүнүн чындыгы менен кантип өз рухуңарды азыктандырып жатасыңар? Азыктанууну кантип чындык менен көбөйтүп жатасыңар? Сыйынууда Ыйык Рухтан сурагыла, өз рухуңарды кантип азыктандырууну жана туура каалоолорду кантип жылытууну силерге көргөзүп берсин.

*Эгерде силер Ыйык Рухтан сурансаңар, Ал силердин союзуңардагы интимдик мамилени кантип тереңдетүүнү жана ыйыктыкка кантип суусоону көргөзүп берет.*

# БААРЛАШУУ ЖАНА ИНТИМДИК МАМИЛЕ

*...тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады.*

— Эфестиктерге 4:15, GW, англ. тилинен котор

Ар бир сезондогу тамшанаарлык сексуалдык мамилелердин ачкычы – бул баарлашуу. Көптөгөн жубайлардын ортосунда интимдик мамиле “билимдин жетишпестигинен” жок болууда (Ош. 4:6ны карагыла). Эгерде жубайлар ортосунда өзүлөрү күтүп жаткан нерселери жана каалоолору тууралуу туруктуу түрдөгү сүйлөшүүлөр болбосо, анда көйгөйлөр көп алыс эмес. Бири-бириңерге сүйүүдөгү сексуалдык каалоолоруңарды айтуу менен, Кудай силер үчүн белгилеп койгон никенин улуулугунда өсүп отурасыңар. Боб жана Одри деген авторлор, спикерлер минтип түшүндүрүшөт:

Бири-бириңер менен дос болгула жана бири-бириңер үчүн ачык болгула, бул силердин сексуалдык ырахатыңарды байытат. Силерден сексуалдык энергиясы менен, каалоолору жана аркеттери менен айырмаланган жубайыңар силердин артыкча баалооңорго ээ болсун. Бири-бириңердин интимдик майда-баратыңарды билүүгө бүтүндөй жашооңор кетет, ошондуктан, чыдамкай болгула.

**Бул сүйлөмдү бүтүрүп койгула:**

“Биздин ушул мезгилде сүйүү менен алектенишибиздин эң жакшы учуру бул экендигин түшүнөм

____________________________________________________________.”

Менин күйөөм ушундай учурда сүйүү аракетинде өзүн эркин сезет:

____________________________________________________________.

Биздин никенин бул сезонунда туруктуулук менен сүйүүдө алектенишибиз үчүн, бизге эң чоң тоскоолдук кылгандар булар:

____________________________________________________________.

Мен азыр жубайым менен бөлүшкүм келип турган сексуалдык жакындыктагы эң маанилүү нерсе – бул:

____________________________________________________________.

**Менин жубайым менен болгон сексте мага баарынан көп жакканы:**

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

**Менин жубайым менен болгон сексте мага баарынан көп жакпаганы:**

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

*Силер качандыр бир кезде жубайыңар менен ачык-айкын, чынчылдык менен эмне жагары жана эмне жакпасы жөнүндө сүйлөштүңөр беле? Биз бири-бирибиздин ойлорубузду окууга жөндөмдүү болбогонубуздан улам, бул маселелерди талкуулап – чечип алуу үчүн экөөңөр гана боло турган атайын жайды жана убакытты пландаштыргыла. Өз жубайыңардын керектөөлөрү менен каалоолорун билишиңер үчүн, Кудайдын ырайымы тууралуу сыйынып жана сүйүүдө чындыкты айтышыңар керек.*

Күйөө, чын эле сен аялыңа караганда балдарыңа жана жумушуңа көбүрөөк убакыт бөлөсүңбү? Анын сексуалдык талаптарына жакшылап кызмат кылуу үчүн эмнелерди кыла аласың? Аялыңдын ал-

дында өзүңдү моюн сундур жана андан өз оюн айтуусун сура, андан кийин гана биргеликте сыйынгыла.

Аял, чын эле сага күйөөң менен болгон сексуалдык мамилеге караганда үй -бүлөң менен жумушуң маанилүүрөөк болуп калдыбы? Анын сексуалдык талаптарына жакшылылап кызмат кылуу үчүн эмнелерди кыла аласың? Өзүңдү күйөөңдүн алдында моюн сундур жана андан өз оюн айтуусун сура, андан кийин гана биргеликте сыйынгыла.

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти "Messenger" кызматындагы "Никенин тарыхы жөнүндө" деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 5 - видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Башталыш китебине ылайык, Кудай эркекти жердеги топурактан жасаган да, анан аялды жасап ага алып келген. Башталыш 2:21-25ти жакшылап кунт коюп окуп чыккыла. Эң алгач өз аялын жанында көргөндө эркектин реакциясындагы эмне өзгөчө айырмалуу болду эле? Алар Кудайды укпай койгондон кийин эмнелер өзгөрдү (Башт. 3:6-8ди карагыла)?

2| Бүгүнкү күндө Кудайдын кайрымдуулугу, кечирими, ырайымы кол жете турган нерсе экенине жана ар кандай күнөөнү оңдоого жөндөмдүү экенине ишенесиңерби? Эгерде "ооба" деп жооп бере турган болсоңор, анда эмне үчүн көптөгөн адамдарга сексуалдык күнөөлөрдөн арылуу ушунчалык кыйынга турат? Эгерде силер ушул көйгөйдөн жабыркап жүргөн кишиге жолугуп калсаңар, аны өзүнүн өткөндөгү күнөөлөрүнөн бошонуп жана Кудайдын кечиримин жана ырайымын кабыл алышы үчүн кантип шыктандырар элеңер?

3| Жубайдык төшөктү урматтоо деген эмне экендигин өз сөзүңөр менен айтып көргүлөчү. Муну практика жүзүндө кандай кылуу керек? Аны кантип булгап коюуга болот?

4| Ыйык Жазууда кайгынын эки түрү тууралуу айтылат: дүйнөлүк кайгы жана Кудай үчүн болгон кайгы. Алардын ортосундагы айырмачылыкты талдап көргүлө. Эки кайгынын тең мүнөздөмөсүн жана акыркы натыйжасын атап көргүлө.

| **Дүйнөлүк кайгы** | **Кудай үчүн болгон кайгы** |
| --- | --- |
| ____________________ | ______________________________ |
| ____________________ | ______________________________ |
| ____________________ | ______________________________ |
| ____________________ | ______________________________ |

5| Кудай менен болгон интимдик мамиле – бул бардык күнөөлөрдөн, анын ичинде сексуалдык күнөөлөрдөн дагы, бошонуунун шарты. Бул силердин Кудай менен жана адамдар менен болгон мамилеңерди кантип өзгөртмөк?

Ойлонуп көргүлө. Адамдык денелик жөндөмдүүлүктөрдө кандайдыр бир баалуулуктар барбы? Буларды окуп чыккыла: Римдиктерге 7:18; Жакан 15:5; Филиптиктерге 3:3; 1 Корунттуктарга 10:2.

6| Өзүнүн көзүн, кулагын, акылын, жүрөгүн азгырыктардан жана жаман ойлордон, коом таңуулап жаткан жүрүм-турум стандарттарынын баарынан сакташ үчүн, Кудай менен болгон эң жакын, ынак мамиледен тышкары иш жүзүндөгү дагы кандай кадамдарга барса болот?

*Бул аяттардын үстүнөн ой жүгүртүп көргүлө:*
"Мен адепсиз жана уятсыз нерселерди карагандан баш тартам..." (Заб. 100:3, NLT)
"Кызды кумардануу менен карабайм деп көзүм менен келишим түзгөм" (Аюб. 31:1, NLT англ. тилинен которулду).

7| Никелик союзда болуп, сексуалдык жактан канааттанган абалда болуу - сексуалдык абалда калуунун бир сыры болуп саналат. Корунттуктарга жазылган биринчи Катты (7:2-5) кунт коюп окуп чыккыла, мында Кудай Пабылдын колу менен насааттама берген. Бул аяттардын ар биринде Ыйык Рух силерге эмнелерди ачып берип жатат? Бул үзүндү жубайыңарга кызмат кылууда жана бүтүндөй сексsurvey карата болгон көз караштарыңарды кантип өзгөртүшү мүмкүн?

**Лидерлерге:** Силердин тобуңардын мүчөлөрүнөн бул үзүндүлөрдү Ыйык Жазуунун башка котормолорунан да окуп чыгуусун сурангыла.

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Кудайдын каалоосу силердин никедеги жашоодо тамшанарлык сексуалдуу жашашыңар,- ал Анын уктоочу жайдагы тазалыкка жана урматтоого болгон чакырыгынан башталат.
- Уят менен зордуктоого силерди жубайлык интимдик жана сексуалдык жыргалдан кармап калышына жол бербегиле. Кудай силердин бардык жарааттарыңарды дарылап жана толуктукта жашашыңарды каалайт.
- Качан жубайлар бири-бирине ырахат берейин деп абдан каалаган учурда гана, сүйүүдөгү тамшанарлык айкашуу болот. Сексуалдык жакындык силерди күйөөңөр (аялыңар) менен физикалык, эмоционалдык, жандык жана руханий жактан жакындатып, силерге тазалыктагы жана ыйыктыктагы канааттанууну берет.
- Эгерде өзүмчүлдүк биздин Кудай менен болгон интимдик мамилебизге тоскоолдук кылып жана Анын кайра жаңылоочу күчүнөн бизди оолактатса, ал эми Кудайды биринчи орунга коюу болсо Аны менен болгон интимдик мамилени күчөтүп, жашообузда Анын күчүн активдештирет.
- Качан биз Кудай менен болуп жана Анын Сөзү менен убакыт өткөргөн кезибизде акылыбыз жаңыланып, жүрөгүбүз тазарат. Анын Руху менен бекемделген Кудайдын Сөзү бизге сексуалдык күнөөдөн эркиндик берет.
- Никедеги жашоонун бардык сезондору бири-биринен айырмаланат – бул демек, сексуалдык жашооңордо да силер ар кандай сезондорду башыңардан өткөрөсүңөр дегендик. Ар бир мезгилдин өз кубанычтары жана кыйынчылыктары бар. Ар бир мезгилде секс тууралуу бири-бириңер менен ачык жана туруктуулукта сүйлөшкүлө, өз жакындыгыңарды камсыздап тургула.



6-БӨЛҮМ

# Башынан баштагыла

*Бактылу болуунун жалгыз гана мүмкүнчүлүгү бар - бул күндө бактылуу болуу.*

— Маргарет Бонанно

## 1-күн

Биздин балдарыбыз кичинекей болгондо мен (Лиза) аларга алманын астында көмүлгөн кенчти таап алганды абдан кыялданган кедей тууралуу элдик жомокту окуп берчүмүн. Ал алманы кайда көмүлгөнүн так билбесе да, анын жүрөгүн бул кыял үмүт менен толтуруп турчу.

Бул адамдын чоң эски багы бар эле. Ал багы жемиш алып келбей калгандан кийин, бул үйгө жакырчылык келет. Кыялы жок болгон кезде, кедей ал бакчаны сатып салайын деп ойлогон, бирок кыялы пайда болгондо ал абдан аракеттенип эмгектене баштады. Туура бакты табуу үчүн көп мээнети кетээрин ал түшүнгөн. Тырышчаактык менен ал ишине киришип, ар бир алма бактын тегерегин каза баштады. Ал канчалык казган сайын, ошончолук кенчти таап алуу мүмкүнчүлүгү өсө берди. Бирок, акыркы алма калып жана андан да кедей кыялданган кенчин таппаганда, аны кайгы жана көңүл калуу басты.

Кийинки жазда гана кедей өз кенчин тапты. Ал гүлдөп буруксуп жаткан алманын жытына ырахаттана багын аралап басып жүрдү. Анын

эски бактарынын баары тең гүлдөн жабууну кийишкен эле. Анын ар бири атыр жыттанып, күзүндө жакшы түшүмдөн кабар берип турган.

Бул киши өзүндө дайыма бар болуп турган нерсеге кам көрө баштаганда өз кенчин тапты. Ар бир бактын айланасын казганда ал өзү байкабай жерди майдалоо менен аны кычкылтек менен байытып жаткан. Ушундан улам бактар үчүн жаңы түшүм мезгили келген. Бир кездерде түшүмсүз болгон нерсе, эми жемиш алып келе баштады. Ошол жылы жана кийинки көп жылдар бою ал киши жана анын үй бүлөсү оюна да келбегендей түшүмгө ырахаттанашты!

Бул китепке саякататыбызды баштаганда биз жубайлардын бирикмесин бакка салыштырганбыз. Жер катуу болгондо, тамырлар жетишээрлик сууну керектүү болгон заттарды бактын өрчүүсү үчүн ала алышпайт. Бул китептин биринчи беш бөлүмүн биз силерге жерди кантип борпоң кылыш керектигин көрсөтүү үчүн жаздык. Таарынычтардын, коркунучтун, өзүмчүлдүктүн кесепеттерин жок кылуу аркылуу силер тамырларга кычкылтек жана пайдалуу заттарды бересиңер. Баалуулуктарды аныктоо чечимдериңер жана кыялдарыңар, никедеги катышууңарды жана максатыңарды аныктоо аркылуу келечекте силер өз бутактарыңарда үмүттүн убадасын көрөсүңөр жана кенчти табасыңар.

Ар бир нике али көрүнө элек түшүм убадасын карманат. Өз үйүбүздү жана жүрөгүбүздү коргоо менен биз өз бөлүгүбүздү аткарсак, Кудай Өз бөлүгүн баталарды биздин үй-бүлөбүзгө келсин деген буйруктарды берүү менен аткарат. Жаш чырпык өзүнүн назик бутакчалары менен, чоң сөңгөктүү бир топ жашка толуп турган бак жана жада калса, кичинекей урук да – бардыгынын ичинде күч бар. Биздин Кудай түшүмсүздү алат жана андан молчулукту, берекени чыгарат. Эскини Ал жаңы кылат, өлүктү тирилтет.

## Бардыгын жаңылоо

*Сүйүү өткөндү өчүрбөйт, ал болочокту өзгөртөт.*

— Гэри Чапмен

Келгиле кайра акыркы жолу бардыгы башталган бакка кайтабыз.

> "Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты. Аларды эркек-аял кылып жаратты. Кудай аларга батасын берди: "Укумдап-тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле жана деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарларга бийлик кылгыла" (Башт. 1:27, 28, The Message, англисчеден которулган).

Бул дайыма биз үчүн Кудайдын максаты болчу. Биздин мурдагы жашообуз, биздин коркунучтарыбыз, бизди курчап турган чөйрөнүн абалынын начарлашы Жаратkандын баштапкы оюн уулантты. Мүмкүн силер чынында эле ал силерге тиешелүү экендигине ишенүү үчүн, Эдемден өзүңөрдү абдан эле алыс сезип, ага өзүңөрдү ылайык көрбөй тургандырсыңар. Кайраттангыла. Ар бир жашоо жана ар бир жубайлык бирикме кайрадан төрөлүп, жаңы жолду баштай алат.

> "Тактыда отурган: "Мына, мен бардыгын жаңы жаратып жатам",— деди..." (Аян 21:5).

Кудай жөн гана эски нерсени жаңылабайт. Ал бардык жаңы нерсени жаратат. Ал эдем бактарын - биздин күнөөгө баткан нерселерибизди алып, аларды кайрадан жаратты. Ал бизди түбөлүктүү шаарында – үйүндө, жалбырактары бүт элдерге айыгуу берген өмүр дарагынын алдында тосуп алуу үчүн, Өз Уулун өлүм багы аркылуу өткөрдү. Биз жоготкон нерселердин ичинде Ал кунун төлөй албаган эч нерсе жок. Анын ичинде биздин никелер да бар. Биз башынан башташыбыз үчүн да, Ал баарын жаңылантат.

Өткөн нерсе артта калды. Ал кылымдар менен басылып калды жана адамдын ага жетиши мүмкүн эмес. Бирок, убакыттан тышкары Бирөө бар жана ал эч кандай чектөөлөр менен байланган эмес. Ал "Түбөлүк жашаган, ысымы ыйык Жогорку Кудай, Улуу Даража-

луу Кудай" (Ыш.57:15ти карагыла). Кудай биздин өткөн жашообуздагы катачылыктарыбыздын бүт бардыгынын кунун төлөйт, анткени, Ал биздин келечегибиздин тарыхын жазып жатат. Кудайдын Падышачылыгында кечээки пландар эртеңки күнгө тоскоол болбойт. Күнүгө Анын ырайымы жаңыланат жана Анын убадалары силерди күтүп жатат. Ал сүйөт жана мүмкүн болбогон нерселерди ишке ашырат.

> "Ошондуктан ичибизде иш-аракет кылган күчү аркылуу биз сурагандан да же ойлогондон да алда канча көптү кыла алган Кудайга..." (Эфес 3:20).

Кудай жеке ар бириңерге жана жубайлар катары экөөңөргө бере турган жемиштүүлүктү, натыйжалуулукту жана толуктукту түшүнүп болбойт. Мурдагы жумаларда никеңер үчүн жазган кыялдарыңар, максаттарыңар жана каалоолоруңар тууралуу ойлонуп көрсөңөр. Кудай бул көрүнүштү жөн гана ишке ашыргысы келген жок. Ал андан да көбүрөөк нерсени кылгысы келет. Союзуңар Анын Асмандагы Падышачылыгын жер үстүндө орнотуш үчүн, Ал силердин ынактыгыңарды бекемдеп жана анын таасирин кеңейтүүнү каалайт. Ал силерде жана силер аркылуу радикалдуу жана мурун болуп көрбөгөндөй аракеттенгиси келет. Мүмкүн силер мурдагы бөлүмдөрдү окуп жатып бул жөнүндө кыялданганга да батынган эместирсиңер. Анда азыр кыялданып баштагыла.

Бир да иште Кудай силердин жардамыңарга муктаж эмес. Бул Кудай менен жашоонун негизги принциби болуп эсептелет. Ал биздин өнөктөштүгүбүзгө кубанат. Ага биздин чогуу аракеттенишибизди талап кылбайт, бирок андай болсо да Ал кубанат. Мүмкүн болбогон нерсеге жетүүдө биз катышуучу болуп жатабыз. Мына дал ушул нерсе жөнүндө биз азыр силерден никеде жаңы жашоо баштап жатканыңарда суранабыз: азыркы учурда мүмкүн болбогондой сезилген нерсеге умтулгула.

Мүмкүн болбогон нерсе канчалык мүмкүн - жеткиликтүү экендигин көрсөткөн бир таржымалга кайрылып көрөлү. Ал тарыхтын жетишээрлик эле жагымсыз учурунда, адамдар Кудайдын жер бетин ээлегиле деген осуятына каршы чыккан кезде болуп өткөн. Жер бе-

тине тарап, аны ээлегендин ордуна биздин ата-бабаларыбыз Эдемдеги Адам менен Обого окшоп, бир жакка топтолуп, мунара куруп асманга жеткенге умтулушкан. Кудай Бабыл мунарасынын курулуш окуясына кантип аралашканын силер билеттирсиңер.

> “...Ошондо Теңир адам уулдары куруп жаткан шаар менен мунараны көргөнү төмөн түштү. Теңир мындай деди: “Мына, *бир эл, бардыгынын тили бир; б*ул алардын ойлогон ишинин башталышы гана. *Булар кылам дегенинен кайтышпайт*; төмөн түшүп баралы да, бири-биринин тилин түшүнбөгүдөй кылып, ошол жерде булардын тилдерин аралаштырып салалы”. Ошентип, Теңир аларды ал жерден бүт жер жүзүнө таратып жиберди; ошондо алар шаар (мунара) курууну токтотушту. (Башт. 11:5-8, ESV, курсив авторлордон, англ. тилинен которулган).

Кудай бул курулуштун курулуусун пландаштырган эмес, бирок Ал алардын эмгегин талкалаган да жок. Алар каалаган иштеринин жыйынтыгына эки гана фактор аркылуу жете алышмак: “бир тил” жана “бир эл”. Эгерде ушул эки шарт ал тургай, Кудайдын эркине каршы чыгып болсо да, мүмкүн болбогон нерсени аткарганга жетиштүү болсо, анда Машайакта бир дене болгон эки адам канчалык чоң нерселерге жетиштери мүмкүн?

Кудай даярдап койгон “эбегейсиз чоң” нерселерге кайрадан ээ боло баштаганыңарда, жалпы максат жана бир тил силер үчүн эң маанилүү боло баштайт. Келгиле, эки шартты тең карайлы, тилден баштап көрөлү.

### 2-күн

## Асман тили

> “...Анткени адамдын жүрөгү эмнеге толуп-ташыса, оозу ошону сүйлөйт” (Лк. 6:45).

Кудайдын сөзүнүн силердин жүрөгүңөрдө иштешинин канчалык маанилүү экендигин китептин башынан баштап эле бир нече жолу айтып кеттик. Анын Рухуна баш ийип, өзүбүздү Анын Сөзүнө бер-

генден кийин гана өзгөрүүлөр келет. Биз айтып кеткендей эле, ички жаңылануу болмоюнча, мүнөзүбүздө өзгөрүү болбойт. Бирок, качан силер ичиңерден өзгөрө баштаганыңарда, сырткы дүйнөңөр да алмашууларга дуушар болот. Силердин сөзүңөр Кудайдын жүрөгүңөрдө иштегенинин биринчи далили болот.

Кайсы гана учур болбосун, биздин алдыбызда тандоо турат: асман тилинде же жердин тилинде сүйлөө тууралу. Жер көрүнүп турган чындыкты айтат. Асман болсо, чындыктын эң жогорку Булагына ылайык айтат.

> “Менин ойлорум силердин ойлоруңар эмес, Менин жолдорум силердин жолдоруңар эмес, – дейт Теңир. Асман жерден канчалык бийик болсо, Менин жолдорум силердин жолдоруңардан ошончолук бийик, Менин ойлорум силердин ойлоруңардан бийик. Анткени жамгыр менен кар асмандан түшөт, асманга кайтпайт, жерди сугарат, аны өндүргөнгө жана өстүргөнгө жөндөмдүү кылат, ошондо ал үрөн сепкен адамга үрөн, жей турган адамга нан берет. Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт. Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат” (Ышайа 55:8-11).

Кудайдын тилинде сүйлөш үчүн, биз Анын Сөзүн билишибиз керек. Ал биздин ачылыш-аяндарыбызды жаңылап, көрүнбөгөн нерсени көргөзүп жана боло элек нерсени айттырат. Ал биздин айткандарыбызды жөн эле позитивдүүлүк менен эмоционалдык оптимизмден алда канча тереңураак ишенимдин диалектисине которот. Ал убадаланган нерсе аткарыла тургандыгына бекем ишенүүдөн курулат.

Асман тили менен жер тилинин ортосундагы айырмачылыктардын бир нече мисалдары булар:

> Жер:” Үмүт жок” деп айтат. Асман: “Бардыгы мүмкүн” дейт.
> Жер: “Четке кагылуу” деп айтат. Асман: “Кабыл алуу” дейт.
> Жер: “Сен мага ээлик кыласың” дейт. Асман: “Мен өз ыктыярым менен өзүмдү берем” дейт.
> Жер: “Өч алуу” деп айтат. Асман: “Кечиримдүүлүк” дейт.

> Жер: “Мен сенин кулуң болбойм” дейт. Асман: “Мен сенин кызматчың болом” дейт.
> Жер: “Мен сенин алсыздыктарыңды жек көрөм” деп айтат. Асман: “Мен сенин потенциалыңды көрүп турам, менин сүйүүм болсо, алсыздыктарыңды жаап-жашырат”.
> Жер: “Сен менин муктаждыктарымды толтуруп турасың” деп айтат. Асман: “Мен сенин муктаждыктарыңды толтургум келет” дейт.

Бул сөздөрдүн өзү эле шыктандырат. Бирок, эгерде бул сөздөр Кудай Сөзүндөгү чындыкка тамырласа, анда алар биздин укуктарыбыз менен мүмкүнчүлүктөрүбүздү ого бетер кеңейтет жана орнотот. Биз силерди асман тилдерин угууга, Ыйык Китеп менен өнөктөштүккө үйрөнүп жана аны өз никеңерге кабыл алгыла жана жарыялагыла деп шыктандырабыз. Кудайдын эли катары биз билебиз: “Башыбыздан өткөрүп жаткан убактылуу, анча оор эмес кыйынчылыктарыбыз түбөлүктүү даңкты эбегейсиз көп жаратат. Анткени биз көрүнгөн нерсеге эмес, көрүнбөгөн нерсеге назар салабыз. Көрүнгөн нерсе убактылуу, көрүнбөгөн нерсе болсо түбөлүктүү” (2 Кор. 4:17,18).

Өмүр да өлүм да тилдин бийлигинин астында,

ишеним менен биз жок нерсени да бар нерсе деп атай алабыз (Накыл. 18:21 жана Рим. 4:17 карагыла). Кудайдын Сөзү силердин дүйнөңөрдү калыптандырсын.

## Чындыкты сүйлөө

> “...тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсөбүз” (Эфес. 4:15, заманбап котормодон).

Асман тилинде сүйлөө – дайыма чындыкты айтуу дегенди билдирет. Бирок, чындыкты айтуунун бардык эле түрү туура эмес. Кудайдын тилинде сүйлөө – бул чындыкты сүйүү менен айтуу.

Көбүнчө жубайлар эки чектин бирине кайрылганда катачылык кетиришет. Кээ бир күйөөлөр же аялдар Кудай Сөзүн бири-бирине каршы

чыкканга же бири-бирин басынтканга пайдаланышат. Кээ бири таарынычтан же өч алуудан улам чындыкты кыжырданып же ачууланып айтышат. Башкалары жубайын сыздаткысы же үйдө уруш чыгаргысы келбегени үчүн чындыкты басынтып (аны айтыш керек болсо да) сүйүүнү көрсөтүмүш гана болот. Убакыттын өтүшү менен бул терең көңүл калууга жана таарынычка алып келгенден кийин, сыртка атырылып чыгат. Бул жолдордун бирөөсү да биздин Машайакка көбүрөөк окшош болуубузду күткөн Кудайдын каалоосуна ылайык клбейт.

Күйөөсү же аялы катары сен башкаларга караганда өз жубайыңдын алсыздыктарын жакшыраак билесиң. Аны таарынтыш, уяткарыш же айыпташ үчүн бул уникалдуу мүмкүнчүлүктү оңой эле пайдалансаң болот. Бирок, биздин чакырылганыбыз мындан да жогору турат, туурабы? Биз өзүбүздү жубайыбыздын эң чоң кызматчысы болуп, ага эң мыкты кам көргөнгө арнаганбыз. Биздин чындык сөздөрүбүз жубайыбыздын Машайакка окшош болуп өсүүсүнө жардам берет. Бирок, биз тилибизди өлүм куралы катары пайдалансак, анда биз түбөлүктүү баалуулуктун сөздөрүн айта албай калабыз.

Эгерде биз бакубат никени кургубуз келсе, анда биз өзүбүздүн жүрүм-турумубуздагы кыйраткыч жана начар жүрүм-турумдарыбызга маани берип карашыбыз керек. Бирок, бул үчүн дайыма өз орду жана убактысы болот. Силер байкап көрдүңөр беле, кызуу урушуп жатканыңарда жубайыңардын кемчиликтерин айтсаңар, бул жакшы нерсеге алып барбагандыгын. Тескерисинче, бул заар эскертүүлөр абалды курчутат жана урушуңар көңүлдү ого бетер түшүрөт. Эгерде сүйлөшүүшүңөр керектигин сезсеңер, анда жубайыңар тынчыганча күтүп тургула. Эгерде бул уруш олуттуу нерсеге айланып баратса, анда жубайыңарды жолугушууга чакырып, жакын мамиледе оюңарды айтсаңар, ошондо ал силерди угушу мүмкүн.

Бир жолу Кудай мага (Лиза): “Лиза, сени угушун кааласаң, өзүң ушуну кантип уккуң келсе, ошентип айт” - деп так айткан. Биз жөн гана кошуп айткыбыз келет: “Муну качан өзүң уккуң келген убакта айт”. Уруштун кызып турган учурунда оңдоочу сынды айтуунун

кереги жок. Нааразычылыкты жубайыңар жакшы маанайда болуп турганда жана аны жеңил кабыл алганга даяр учурда гана айтканыңар туура. Бири-бириңерди кечирип кучакташкыла жана сүйлөшүүңөрдү кийинки күнгө жылдырууну чечкиле.

Сезимтал чындыкты сүйүүнүн деңизинде айтуу зарыл.

Адамдардын эч кимисине алардын катачылыктарын же кемчиликтерин көрсөткөндө жакпайт, бирок ким үйрөнгүсү келсе, жемелерден сабак алып, аларга өсүүнүн мүмкүнчүлүктөрү катары карайт.

Кеңеш берерден мурун өзүңөрдүн мотивиңерди (ниетиңерди) карап көргүлө. “Мен муну сүйүүмдүн ашып-ташып турганынан айтып жатамбы же өз кызыкчылыгым менен пайдамды гана ойлоп жатамбы? Мен чындап эле жубайымдын ишинин оңунан чыгышы үчүн тынчсызданып жатамбы же таарыныч үчүн андан өч алуунун ыкмасын издеп жатамбы?” - деп өзүңөрдөн сурагыла. Эгерде уруштун ортосунда силер жубайыңарга өзүн кандай алып жүрүш керектигин үйрөтүп жатсаңар анда силер өзүмчүл болууңарга чоң шарт түзүп жатасыңар. Акыр аягы жубайыңардын силерге кылган мамилесине карата өз таасирленүүңөргө өзүңөр жооп берип жаткан болосуңар.

Сүйүү жөнүндө чындыкты токтоно албай тургандай эмоцияда айтуу кыйын. Эгерде тилиңерди тартсаңар бул экөөнүн бири болот: же силер өзүңөр туура эмес кылганыңарды түшүнүп, унчукпай калганыңар үчүн ыраазы болосуңар же жубайыңар угуш керек болгон бардык нерсени жай жана так айтасыңар.

Биз майда таарынычтарга маани бербестен, аларды Кудайга ишенип тапшыруу керектигин билдик. Бирок, унутууга кыйын болгон жарааттар да бар экенин түшүнөбүз. Такай эле одоно мамиле боло берсе, тилибизди айыктырганыбыз пайдалуураак болот. Бирок, жооп кайтарса болот деген, жубайыңарды таарынтканга акыңар бар дегендик эмес. Чындыкты төмөнкү ыкмалар менен айтса болот:

• мотивдерди Кудайдын сөзүнүн негизинде изилдөө;

• урушту жубайыңарга атырылбастан, көйгөйгө карап чечүү;

• жок кылуучу сөздөрдү айтпай, өзүңөрдүн тилиңерди көзөмөлдөө;

- боорукер болуу;
- чынчыл болуу;
- жумшак жооп берүү;
- ар дайым үмүт тартуулоо;
- силерге кандай үн чыгарып кайрылуусун кааласаңар, силер да дал ошондой ыргакта сүйлөгүлө;
- Көйгөйдү акылмандуулук менен чечүү үчүн ылайыктуу болгон атайын сөздөрдү, убакытты жана жерди тандоо керек.

“Темирди темир курчуткандай, адамдар да бири-бирин жакшыртышат” (Нак. 27:17, заманбап котормодон) деп айткан Сулайман. Биздин мамилелерде сүрүлүүлөр керек болсо, келише албастыктар да кездешпей койбойт. Бирок, алар менен туура чечишип алсак, бара-бара ал сүрүлүүлөр биздин жашоодо такыбаалыкты кайрап чыгат.

Биримдүүлүктү кооптуулукка учурата турган маселелерди чечип алуу маанилүү. Убагында жана туура дарылабасак, кичинекей таарынычтар ырбап, терең жарааттарга айланып кетиши мүмкүн. Көпчүлүк учурда жубайлар бири-бирин кантип сыздатып жатышканын билбей да калышат. Эгерде биз бардык чочулоолорубузду Кудайга жана бири-бирибизге болгон сүйүү менен талкуулашып алсак, анда бул бизге биримдиктүүлүктө өсүп жана улам-улам жакшыраак болгонго жардам берет.

### 3-күн

## Сүйүүнүн тилдери

Ошентип, биз тил жөнүндө өзүбүздүн сөздөрүбүз жана аларды кантип айтканыбызга басым жасап салттуу мааниде талкууладык. Эми биз көңүлдү акырындык менен “тилдин” башка багытын талкуулоого бурсак. Төртүнчү бөлүмдө күйөөбүз (аялыбыз) биз кызмат кылгандай бизге кызмат кылбашы мүмкүн экенин түшүнө алсак, анда биздин нике күчтүрөөк болоорун билгенбиз. Так ушул сыяк-

туу эле адамдар сүйүүнү ар башка беришет жана ар кандай кабыл алышат. Сүйүүнүн ар кайсы диалектисин түшүнүп алуу үчүн биздин мамилебизди жакшыртканга кыйла жардам берген Гэри Чапмендин “Сүйүүнүн беш тили” деген китебин окууну сунуштаар элек.

Бул эмне үчүн маанилүү экендигин силерге түшүнүүгө жардам берүү үчүн биздин никелик союзубуздан мисал келтирсек. Менин (Лизанын) сүйүүмдү билдирүүмдүн башкы ыкмасы-бул сапатту убакыт жана кызматтын иштерин аткаруу. Башкача айтканда, биздин никебизде мен Джонго болгон чоң сүйүүмдү көрсөтүш үчүн, кайсы бир иштер менен (кир жуу, плитканы төшөө, тамак даярдоо, жыйнаштыруу, балдар үчүн кам көрүү, сүрөт тартуу жана бак өстүрүү) алек болчумун. Мындан тышкары, убакытты сапаттуу пайдалануу үчүн мен аны менен терең, мааниси көп сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнгө аракет кылчумун. Жалпысынан алып караганда, мен сүйүүдөн кабар берип турган нерселерди эле кылгандай болчумун.

Мен (Джон) башка камырдан жасалган сыяктуумун. Мен сүйүүмдү такыр башкача - физикалык жактан – сылап-сыйпоо жана назик сөздөрдү айтуу менен көрсөтөм. Лиза укмуштуудай тамактарды жасап, килемдерди кагып жана плиткаларды алмаштырчу, бирок мен: “Мен сени сүйөм” дегенди уккан жокмун. Ошол эле учурда мен чын жүрөктөн ага назик сөздөрдү айтып, кучактанганда да, ал дагы ушунун бардыгынан: “Мен сени сүйөм” дегенди уккан жок. Экөөбүз эки башка тилдерде сүйлөп жаткандай болдук.

Нике бакубат болушу үчүн эки адам тең өзүлөрүн бактылуу сезиш керек жана ар бири өзү түшүнгөн ыкмада сүйүүнү сезүүгө татыктуу. Ошондуктан, өз сүйүү тилдериңерди бири-бириңерге билдиргениңердин эч кандай жаман жагы жок. Жубайыңар экөөңөрдү доктор Чапмендин китебин окуганга же **5lovelanguges.com** сайтына кирүүгө шыктандыраар элек. Окуганыңарды талкуулагыла. Силердин сүйүү тилиңер дал өзүңөрдүн үй-бүлөңөрдө кандай болот? Бул тууралуу жай, айыптабаган ыргакта сүйлөшүү жакшыраак болот.

Мисалы: "Мен өзүмдү мындайда... сүйүктүү сезем" деп айткыла жана ушундай эле маанайда уланта бергиле.

Жубайыңардын эмнени артыкча бааларын билгениңерде силер максаттуу түрдө ага жаккан сөздөрдү айтып жана ага жаккан нерселерди кыла баштоо менен никеңердин сүйүү сөздүгүн мындан да кененирээк кеңейте аласыңар. Бул силердин асман тилдеринен жана чындыкты сүйүүдө айтуудан орнотулган пайдубалыңарды бекемдейт. Бул алынган факторлордун бардыгы силердин жубайлык союзуңардын бирдиктүү тилин калыптандырат.

Мындан ары биз экинчи аспектини кантип курууну мүмкүн болбогон нерсени мүмкүн кыла турган экинчи багытты – биримдиктүүлүктү карайбыз.

## Миссиянын желеги астында

Ыйса Өз кызматында башка нерселердин катарында биримдиктин маанилүүлүгүн да өзгөчө белгилеп кеткен. Мисалы, Жакандын жакшы кабарында айтылган окуя. Ыйса Аны сатып кеткен түнү бардыгы биримдикте болсун деп сыйынып жаткан эле:

> "Мен алар үчүн эле эмес, алардын сөзү аркылуу Мага ишене тургандар үчүн да суранам. Ошентип, алардын бардыгы бир болсун. Ата, Сен Мени менен, Мен Сени менен биримдикте болгондой эле, алар да экөөбүз менен биримдикте болушсун. Ушунун аркасында дүйнө Мени жибергениңе ишенсин. Андан сырткары, Экөөбүз бир болгондой эле, алар да бир болушу үчүн, Мага берген даңкыңды Мен аларга бердим. Мен алар менен биримдиктемин, Сен да Мени менен биримдиктесиң; ***алар толук биримдикте болушсун жана дүйнө Мени Сен жибергениңди, ошондой эле аларды Мени сүйгөндөй сүйөрүңдү билсин***" (Жакан 17:20-23, курсив автордон).

Биримдик Кудайдын даңкын көрсөтөт. Ал Анын Уулу нун элдештирүүчү ишинин күчү тууралуу күбөлөндүрөт. Көпчүлүгү Кудайдын дүйнөгө болгон сүйүүсүнүн негизги далили болгон Анын

элинин арасында болгон сүйүүсүн айтпастан, Жакшы Кабарды интеллектуалдык божомолдор же мажбурлоо ирээтинде айтышат.

Биримдик - бул Кудайдын Падышачылыгынан тышкары жүргөндөр үчүн гана күбөлүк эмес, бирок биздин да артыкчылыгыбыз болуп эсептелет. Дал ошол биримдик болгон жерге Кудай Өз баталарын жиберет (Забур 132ни карагыла). Ошондуктан, биримдик-бул караңгылыктын падышачылыгына каршы эки эсе коркунучтуу: ал Кудайдын элин баталайт жана ошол эле учурда күнөөкөрлөргө Кудайдын сүйүүсүн көрсөтөт.

Душман биздин никебизге түшүнбөстүктү алып келиш үчүн колунан келген нерсенин бардыгын кылаары таң калыштуу эмес. Ал эми, ар кандай коркунуч менен өзүмчүлдүк анын оюн ишке ашырууга жардам берет. Бул оор жумуш. Анткени, биримдик бизден денелик табиятыбыз жана душманыбыз менен күрөшүүбүздү талап кылат. Бул үчүн убактылуу кыйынчылыктардан да жогору турган Кудайдын Рухунун ырайымы жана так максатты түшүнүү керек. Эми жогоруда айтылгандардын негизинде Эфестиктерге жазылган Каттан (5:21) карап көрөлү:

> “Машайакты терең урматтагандыктан бири-бириңерге баш ийгиле”.

Буга чейинки бөлүмдө биз жубайлар эч кандай өз пайдаларын көздөбөстөн туруп, бири-бирине кызмат кылуу менен баш ийүүдө кандай роль ойной тургандыктарын талкууладык. Эми биз силердин баш ийүү жөнүндө түшүнүгүңөрдү кеңейтебиз жана биримдиктүү болгонго ал силерге кантип жардам берери тууралуу айтабыз.

Англисче баш ийүү – *submission,* бул жерде *sub* сөздүн алдына жалгануучу аффикси бир нерсенин астында болуу дегенди билдирсе, ал эми *mission* “тапшырма же миссия” дегенди билдирет. Экөөнү кошуп бириктирсек, анда *submission* болот- “кайсы бир тапшырманын же миссиянын астында болуу”. Силер өзүңөрдүн убакытыңардын маанилүү бөлүгүн жубайлык милдеттериңерди жана аларды

ишке ашыруучу кадамдарды ойлонууга сарптадыңар. Силердин никеңердеги ар бир маселенин үстүндө андан да жогору максат бар - бул Кудайдын сүйүүсүн жана даңкын көрсөтүү. Ошондуктан, баш ийүүгө болгон бул чакырык ушул нерсени эсиңерге салсын. Эки жубай тең Кудайдан берилген миссиянын авторитетине баш ийет. Мына дал ушул нерсе бизди биримдиктүү болгонго мажбур кылат.

Ушундай көз караш жубайларга күчтүү жана бекем нике курганга жардам берет. Баш ийүү күйөөсүнүн күчтүү болуп, аялынын алсыз болуусун же тескерисинче болууларын талап кылбайт. Анткени, никенин миссиясы ушунчалык улуу жана баарыбыздан да чоң болгондуктан, ал эки күчтүү адам күчтүү бирикмени курушун талап кылат. Сураныч, "күчтүү" деген сөздү колдонуу менен биз адамдын инсандыгын же физикалык жөндөмдүүлүктөрүн айтып жатпаганыбызды түшүнүңүлө. Биз адамдын салымы тууралуу айтып жатабыз. Никеде эң башкысы бирөөнүн үстүнөн басым жасоо эмес, бийлик кылуу маанилүү экенин эскертип кетсек. Башкача айтканда, биз өз жерибизде жөн гана бийлик жүргүзбөйбүз, биз ал аймак үчүн жоопкерчиликтүүбүз.

Биздин үй-бүлөдө мен (Джон) Лизага караганда компетенттүүрөөк (бир нерсени толук билүүчү) болгон кээ бир таасирдүү тармактар бар. Ал мага бул жагынан кубаныч менен жол берет. Лиза мага караганда компетенттүү болгон да башка тармактар бар. Ал учурда мен анын билимине жана акылмандуулугуна ишенип, кубаныч менен ага башкарууну өткөрүп берем. Биздин миссиябыз бар жана ал ар бирибизден эң мыкты нерсени талап кылат.

Каражаттын эсебин башкаруу дайыма Джондун колунан жакшы келет. Кудай биздин муктаждыктарыбызды толтурушунан жана биздин жашообузду баталашынан Джон эч качан күмөн санаган эмес.

Биз бир нече жолу көчкөнбүз жана ар биринде Джон үйдү таба алган. Акчаны башкаруу жоопкерчилигин Джон өзүнө алганда менин (Лизанын) үстүмөн оор нерсе алынгандай болду. Кайсы бир

учурда Джон кызматтан бошобой, көп ар жакка барып жүргөнүнөн мен эсепти төлөө менен белгилүү бир убактарда алек болгон болчумун. Менин капаланганымды көрүп бул жоопкерчиликти ал өзүнө алды. Мен үчүн оор болгон нерсе, ал үчүн оңой жана жеңил эле. Анын колунан үй, унаа жана башка чоң нерселерди сатып алуу эң жакшы келет. Дагы Джонго биздин эркек балдарыбыз менен жарыштарга, оюндарга жана башка иш чараларга барган да жакчу.

Мага болсо үй үчүн кам көрүү жакчу. Үйүбүз ар дайым биз үй-бүлөбүз менен дасторкон үстүндө түштөнүүгө жана кечки тамактанууга ылайык жер болушун каалачумун. Мен өз үй-бүлөмдү тамактандырганды жакшы көрөм жана балдарым досторун үйгө чакырышын да каалайм. Анан да, мен биздин үйүбүздүн Джон ар кайсы жерлерге баргандан кийин эс ала турган жана өзүн бош жан эркин сезген жер болушун каалагам.

Кайсы нерседе кимиңер компетенттүүрөөк экениңерди билип, ошол ролду алгыла. Бириңер күчтүүрөөк болгон тармакта бири-бириңерге ишенгенге үйрөнгүлө. Эгерде силер өз ыктыярыңар менен лидерликти тиги же бул тармактарда бири-бириңерге берсеңер, анда бул нерсе силердин жалпы максатка жетүүңөргө жардам берет.

### 4-күн

## Артыкчылыктар

> “Жалгыз болгонго караганда, экөө болгон жакшы, анткени алар бири-бирине ийгиликке жеткенге жардам беришет” (Нас. 4:9, англ.тилинен заманбап котормо).

Миссия менен артыкчылыктар бул бир нерсе эмес, бирок алар кол кармашып жрүшөт. Артыкчылыктарда макулдашуу жана аларды аткаруу биримдикти сактоо үчүн абдан маанилүү. Биздин артыкчылыктар бизге эң бийик максаттан: Кудайдын сүйүүсүн таануудан

жана көрсөтүүдөн айтылат. Ар бир жуптун өзүнүн мезгил мезгил менен алмашып турган стратегиясына карабастан, бул миссияны ар бир ишенүүчү бөлүшө алат. Демек, биз бирдей артыкчылыктарды кармансак болот. Биз силерге артыкчылыктарды кийинкидей иреттеп коюштурууну сунуштайбыз:

1. ***Кудай***. Чынында, Кудай да биринчи орунда эмес. Ал баарынан жогору жана Аны менен болгон мамиле жашоонун бардык тармактарында ийгилик жана ишенимдүүлүк болуу үчүн керек. Ал биздин жашообуздун бардык артыкчылыктарын толтуруп жана аларды жетектеш керек. Бирок, тактык үчүн тизмеде биз Аны биринчи коёлу. Ушуну менен Кудай баарынан мурун деп айталы. Бирок биздин Кудай менен болгон мамилебиз жана Ал үчүн кылган кызматыбыз – экөө, бир эле нерсе эмес. Кызматчылар жана жыйында иштеп жаткандар адатта үй-бүлөсүнөн кызматты жогорураак койгонго жөндөмдүү. Сураныч, силердин үй-бүлөңөр ушул жаңылышуунун курмандыгы болушуна жол бербегиле.

2. ***Күйөө (аялы).*** Бул жерде да адашуунун айынан, ачуу түшүмдөрдү оруп алуу мүмкүн. Балдар албетте маанилүү, бирок бул аларга кам көрүп жатып, жубайыңызды унутуп калыш керек дегенди билдирбейт. Бир күнү балдар да чоңоюшат, бойго жетишет жана силердин үйүңөрдөн кетишет, бирок жубайыңар менен болгон жашыруун мамиле силер менен өмүр бою калат. Балдарыңар бой жетип кеткенден кийин да экөөңөр мурдагыдай эле эң жакын достордон болуп калыш үчүн биргелишкен жашооңорду курууда колуңардан келген бардык нерсени кылгыла.

3. ***Балдар.*** Балдарды тарбиялоодо ар бир жубайдын катышуусу жана ролунун майда-чүйдө нерселери ар мезгилде ар кандай болуп алмашат. Өзгөчө, бул кийинки артыкчылыктан – кандай максатка чакырылгандыктан көз каранды. Эгерде экөөңөрдүн бирөөңөр үйдө иштебесеңер, анда силердин жоопкерчили-

гиңер бизнес же кызмат тармагында болот. Азыркы учурда балдар менен үйдө олтуруу сиздин артыкчылыгыңыз болсо, анда берилген артыкчылык менен кийинки артыкчылыктын ортосундагы бөлүнүүчүлүк колдонулбайт. Бирок, К. С. Льюис айткандай: "Үй кожойкеси – бул толук кандуу кесип".

4. ***Шык (милдет, чакырык).*** Чындыгында силердин белгиленген, арналган шыгыңар өз ичине бул тизмедеги бардык нерсени, жашоодо болгон нерсенин бардыгын камтыйт. Бирок, биз тактык үчүн кайрадан бул артыкчылыктын маанисин чектейбиз. Чынында, биз "чакырылгандык" деп атаган нерсе бул искусство тармагында, массалык маалымат каражат тармагында, бизнесте, саламаттыкты сактоодо, билим алууда, кызматта, бийликте жана башка бир жактарда Кудай силерди өз-өзүнчө чакыргандыгы. Биздин үй-бүлөдө биздин чакырылганыбыз дал келди. Бирок, көбүнчө жубайлар чогуу иштешпейт же коомдун бир тармагында кызмат кылышпайт. Силердин никеңерде да дал ушундай болгон болсо, силер баары бир бири-бириңердин иштеген тармактарыңарга кызыгып, бири-бириңерге жардам берсеңер болот. Сулайман айткандай, эки киши чогуу эмгектенгенде, алар бири-бирине ийгиликке жетүүгө жардам беришет.

5. ***Эс алуу.*** Ишемби жөнүндө осуятты адамдар эмес, Кудай орноткон. Эгерде биз эс алганга убакыт тапсак, анда биздин бардык тармактар гүлдөйт. Күч-кубатыбыз кайрадан толушу үчүн, Кудай биздин туруктуулукта эс алышыбызды каалайт. Бирок, эс алуу деген таптакыр кыймылдабай эле жата берүү дегендик эмес. Бизди руханий, эмоционалдык жана физикалык жактан калыбыбызга келтирген нерселер менен алектенген учурубузда биз эс алабыз. Никедеги адамдардын өз-өзүнчө эмес, чогуу эс алышканы туура. Биздин үй-бүлөдө экөөбүзгө тең жага тур-

ган эс алуу ыкмасын таптык. Мисалы, биз табияттын койнуна чыгып кетебиз да, анан ал жакта үй-бүлөбүз жана кызматыбыз үчүн болгон өз кыялдарыбыз жөнүндө сүйлөшөбүз. Чогуу эс алып жана күч-кубатка толууну үйрөнүү – бул эки өмүрдүн биргеликке биригиши болуп саналат.

6. *Адамдар менен баарлашуу.* Күйөөсү менен аялы бири-биринен өзүнчө бөлөк турмуш – тиричилик өткөрүп жаткан жубайлар да көп кездешет. Бирок, жакшы никеде эркек эркектер менен, аял аялдар менен убакыт өткөргөндөгү, экөөнүн тең жалпы досторунун болушу маанилүү эле нерсе. Биздин досторубуз биздин жашообузда эбегейсиз роль ойнойт. Алар бизди шыктандырып, колдоп жана бекемдешет. Биз бир дене болгондугубуздан улам, биздин экөөбүздү тең билген жана сүйгөн досторубуз болушу керек.

Биздин союзубузду баталагысы келген досторубуздун болушу канчалык маанилүү экендигин айтууга сөз жетпейт. Биздин экөөбүздүн тең ар кандай роль ойногон досторубуз бар. Менин (Джон) эс алуудагы гана, (мисалы алар менен гольф ойнойм) досторум бар, ошондой эле өз жүрөгүмдөгүнү төгүп айтып ала турган да досторум бар. Ал эми кыйынчылыктарымды жана алсыздыктарымды бөлүшө турган досторум, биздин экөөбүздү тең жакшы көрүшөт.

Менин убактым ушунчалык тар болгондуктан, гольф ойнобойм. Бирок, менин сүйүүдө тереңдешиме, өсүшүмө дем бере турган досторум бар. Бул аялдар биз жашоо-турмушта жана үй-бүлөдө дуушар боло турган өзгөчө кыйынчылыктарды түшүнгөндөр. Алардын кээ бирөөлөрү – кызматта кыйынчылыктар болуп калган учурда жардамга келе тургандар, кээ бирөөлөрү – мамилелердеги пикир келишпеген учурда кеңеш бере тургандар. Алардын баары биз үчүн алтындан да кымбат.

Кээ бир адамдар мурда биздин досторубуз болушканы менен, кийинчерээк биз алардан кол үзүүгө туура келген. Алар биздин бирибизге гана өзгөчө көңүл бурушуп, никедеги биримдигибизди эске алышпагандар эле. Эгерде силердин экөөңөргө тең жолдош боло ал-

баган адамдар менен мындан ары мамилелешпей эле койгула. Анткени андай адам никеңерге бөлүнүп-жарылуу алып келиши мүмкүн.

## Сүйүүнү тандоо менен

> “Ошондуктан, Кудайдын тандалгандары, ыйыктары жана сүйүктүүлөрү катары боорукердикти, ак көңүлдүктү, момундукту, жоошукту, чыдамдуулукту кийгиле. Көтөрүмдүү болгула, бири-бириңерди кечиргиле. Эгерде бири-бириңерге наразычылыгыңар бар болсо, Машайак силерди кечиргендей, силер да кечиргиле. Булардын бардыгынын үстүнөн сүйүүнү курчангыла, *ал – жеткилеңдиктин куру*” (Кол. 3:12-14, курсив авторлордон).

Сүйүү гармониялык түрдө бизди бириктирип турат. Ал биримдик үчүн негиз, мүмкүн эмес нерсени көрүүгө болгон ачкыч.

Эфестиктерге жазган Катында Пабыл “эркектер аялдарын сүйүүшү керек” деп айткан. “Керек” деген сөздү өтө олуттуу милдет катары баса белгилеген. Бул жерде дагы күйөөлөргө да, аялдарга да тиешелүү болгон дагы да күчтүүрөөк принцип бар – биз өз сезимдерибизге карабастан, бири-бирибизди сүйүшүбүз керек.

Азыркы маданият сүйүү деген – көзөмөлдөөгө болбой турган, болгону жооп гана бере турган сезим деп аныктап жатат. Эгерде биз сүйүүнү сезсек, анда биз да ошол сүйүп жаткан адамдай мамиле кылабыз. Сүйүү сезими дайыма эле боло бербестигин түшүнүүгө көп аракет кылуунун кереги деле жок, сүйүү – бул дайыма тандоо. Кудай бизди сүйүүнү тандады. Эгерде биз да сүйүүнү тандасак, акыр-аягында сезимдер бизди ээрчийт. Ишеним сүйүү менен кошо аракеттенгенде, сезилбей турган кезде дагы, ал тоону жылдырганга да жөндөмдүү болот. Кудай биздин аракеттерибизди баталоону каалайт. Дитрих Бонхоффер минтип айткан:

> “Никеңди сүйүү сактабайт, бирок нике суйүүнү сактайт”.

Никенин сүйүүнү колдой алуусундагы жалгыз гана жол – бул Кудайдын Руху менен болгон баарлашуудан руханий жана эмоционал-

дык ырахат алуу. Качан биз бөтөн булакка кайрылганыбызда жана өз күчүбүзгө таянганыбызда, сезимдин жоктугуна дуушар болгон сүйүү соолуп калат. Бирок, биз Кудайдын сүйүүсүнө тамырланган кезибизде, сезимдер болбогон кезде да, сүйүү аракеттерибиз бизди биримдикте сактап калат.

Каталыктарды кетирбегиле. Никеде албетте сезимдер да болушу керек. Бирок, К. С. ЛЬюис жазгандай:

> “Бардыгыбыз үчүн жөнөкөй эле бир эреже – “жубайымды сүйөмүнбү” деген суроого жооп издеп убактыңарды коротпогула. Силер аны сүйгөн сыяктуу иш-аракеттерди жасагыла. Ушуну кылаарыбыз менен биз, эң чоң бир сырды ачкан болобуз. Эгерде сен өзүңдү бир адамды сүйгөн сыяктуу алып жүрсөң, анда албетте ал адамды сүйүп каласың.

Жубайыңа өз сүйүүңдү аны сүйгөнүңдү сезбей турган учурда да көргөзсөң болот. Аны кабыл алам, ага кызмат кылам жана аны колдойм деген чечим кабыл алууга болот. Жашооң сүйүүгө толуп турса, акырындык менен эмоцияң иш жүзүндөгү нерсени бекемдей баштайт.

### 5-күн

## Эң мыктысын табуу

> “Машайактын сүйүүсү жыйынды тагы, кемчилиги жок кылат. Анын сөзү анын сулуулулугун ойготот. Анын бардык сөздөрү жана иштери андагы эң бир мыкты нерселерди көргөзөт...” (Эфестиктерге 5:26,27, The Message, англ. тилинен которулду).

Сулайман: “Акылдуу аял өз үйүн курат” деп айткан (Накыл. 14:1). Эгерде акылдуу аялдар өз үйүн куруп жатса, анда акылман эркектер өз аялын курат! Бири-бирибизди түзүү аркылуу, биз Машайакка окшош экендигибизди көргөзөбүз. Никеде Кудайдын жүрөгүн табуу деген – демек, бири-бириндеги эң жакшы нерсени таап көргөзүү.

Биздин жубайыбызга карата болгон сүйүүбүз – бул Кудайдын жактыруусуна ылайык келген өнөктөштүк. Кудай адамды анын алсыздыгына карап эмес, Өзүнүн ырайымдуулугу жана сүйүүсү менен соттойт. Кудай жубайлардын потенциалын айтат жана бизге да ошондой кылууну сунуштайт.

Биз жогоруда айтып өткөндөй, Лиза бала кезинде рак оорусунун айынан бир көзүн жоготкон. Ошондуктан ал, эл алдында көпкө чейин сүйлөгөндөн коркчу. Мен (Джон) аны билчүмүн, бирок мен Кудай аны өзгөчө акылмандуулук менен жалгагандыгын да билчүмүн.

Мен жаштардын пастору болгон кезимде Лизадан биздин жыйындагы кыздарга насаат айтышын суранар элем. “Эч качан, - дечү ал. – Мен сага тиркеме эмесмин. Жыйын сени койгон жаштардын пастору кылып, мени эмес”.

Анын минтип айтканын угуп туруп, мен мунун баарынын тамыры Кудай ага берген жөндөмдүүлүккө каршы чыгууда эмес, коркунучта жаткандыгын түшүнөөр элем. Ал эл алдында сүйлөгөндөн ушунчалык коркчу. Бирок, ал сүйлөгөндөн кийин дайыма мага элдер келип, анын айткандары аларга кандай гана терең таасир эткендиги тууралуу айтышаар эле. Андыктан, анын баш тартышына мен дайыма: “Кечинде даяр тур, мен сага кирем” деп айтчумун.

Мен (Лиза) Джон мен кыла албаган нерсени эле мажбурлап кылдырат деп ойлочумун. Ал жаштардын жыйынындагы кыздар аялдын үнүн уккулары келип жаткандыгын түшүнчү, бирок мен өзүмдү бул кызмат үчүн тап-такыр эле ылайыксыз сезер элем. Мен анын алар үчүн үлгү болорлук адамды табууга эле эмес, алар гүлдөп ачыла турган атмосфераны түзгүсү келип жаткандыгын түшүнчү эмесмин. Ал менден өзүм көрө албаган бир нерсени көрчү. Мен түнү бою уктабагандыгымды айтып, Джондон насаат айтууну суранбастыгын жалбара сурансам дагы, ал мени ошол кызматка алып баргандыгын токтотпой койду. Кудай менден Өзүнүн жакшы жактарын көргөзүшүн каалады. Ал кезде мага бул тап-такыр жакчу эмес. Бирок,

артка кылчайып туруп, ал мени коркунучтан жана чектелүүлөрдөн кандай гана сүйүү менен алып чыккандыгын түшүнөм.

Джон мага жардам берген сыяктуу эле, мен дагы өз жөндөмдүүлүктөрүм менен ага жардам бердим. Алгачкы жылдарда мен анын китептерин көп редакциялап калдым, анан да алар анын жүрөгүндөгүнү так өзүндөй кылып беришине көңүл бурчумун. Ал эми, бирге кылган эмгектерибиздин көпчүлүгү рухта өсүшүбүзгө өз ара бири-бирибизге жардамдашканыбыздын жана бири-бирибизге болгон сүйүүбүздүн натыйжасында гана жарык көргөн.

Балким силер, жубайыңар менен бири-бириңердеги эң жакшы нерсени таап көргөзүүдө, бири-бириңерге кантип жардам берүүнү биле электирсиңер. Балким тескерисинче, бири-бириңерди төмөн түшүрүү үчүн өз абалыңарды жана жакындыгыңарды пайдаланып жаткандырсыңар? Ылайым ушул күн жаңы башталыштардын башаты болуп калсын. Силер бүгүн жаңы стандартты орнотсоңор болот.

Баарын баштаганга өтө кеч болбойт. Эгерде силер бири-бириңердеги эң жакшы нерсени таап көргөзгөндү үйрөнгүңөр келсе, анда тынч жерди жана убакытты тапкыла да, чын жүрөгүңөр менен сыйынгыла. Кудайга мындай сөздөрдү айткыла:

*Асмандагы Атаке. Биздин ортобузда Сен орноткон жубайлык союзга туура эмес мамиле кылганыбыз үчүн тобо кылабыз. Биздин никебиз шедевр экен, биз болсо ага тиешелүү урмат көргөзбөптүрбүз. Бизге баарын башынан баштоого күч берип жаткан жана жашообузда жаңыланып жаткан Сенин ырайымың үчүн Сага ыраазыбыз. Ыйык Рух, биз бири-бирибизге Сенин сүйүүң аркылуу карашыбыз үчүн зарыл болгон ырайымыңды бизге беришиңди сурайбыз. Бири-бирибизди дагы да көтөрүп жана бири-бирибизге дагы да кызмат кылуу үчүн, бири-бирибизди көбүрөөк түшүнүп, көбүрөөк билели. Биздин ар бирибизде Сен күчөткүң келип жаткан артыкчылыктарыбыз менен жөндөмдүүлүктөрдү көрүүчү көз бер, Сенин бийиктиктериңе кантип жетүүнү көргөз бизге. Биз жалгыздап жүргөндөгүбүзгө караганда экөөбүз болгонубузда жакшы*

*экендигине ишенебиз. Биздин жубайлык союзубузда жана жашообузда Өз даңкың үчүн Сен эмнеге ээ болсоң, ошол толуктукта өсүүнү каалайбыз. Ыйсанын ысымынан, оомийн.*

Мындан ары биз силер бири-бириңерге тайманбастан аларды айта алышыңар үчүн, ар бирөөңөр үчүн декларация келтиребиз. Бул сөздөрдү айтып жатканда жубайыңардын көзүнө тике карагыла.

**Күйөө:**

*Мен өз күчүм менен сени басып жана кысып койгонум үчүн мени кечир. Мен сенин кең пейилдигиңе, сулуулугуңа акылдуулугуңа жана жакшылыктарыңа көңүл бурбаганым үчүн кечир. Мен сенин гүлдөп ачылышыңа шарт түзө албаганым үчүн кечир. Биздин баарлашуулардагы жана төшөктөгү, мамилелердеги өзүмчүлдүгүм үчүн мени кечир. Кудай биздин союзубузду айыктырып, калыбына келтирип жана даңктаарына ишенем. Бизди бекемдеп турган Анда, сен жана мен баарын кыла алаарыбызга ишенем. Биз тукумдап көбөйөрүбүзгө жана бийлик кылаарыбызга да ишенем. Ыйсанын ысымынан.*

**Аял:**

*Мен өзүмдүн артыкчылыктарымды сенин кемчилдиктериңди көргөзүү үчүн пайдалангандыгым үчүн мени кечир. Мен сени уят кылганым үчүн жана сага карата мамиледе өзүмчүл болгонум үчүн кечир. Мындан ары мен өз сөздөрүм менен сенин жашооңду курам. Сенин жүрөгүңдү жакшы сактоочу боло албаган кездерим үчүн үчүн кечир мени. Мен сага ишенем, мен бизге ишенем. Кудай баарын жаңылап коё алаарына ишенем. Мен сени сүйгөндү жана кечиргенди тандайм. Ушул күн ырайымдуулукка жана чындыкка толгон күн. Кел, кайра жаңыдан сүйүп жана жаңыдан кыялданып баштайбыз.*

Кымбаттуу достор, силердин эң жакшы күндөрүңөр али алдыда экендигине ишенебиз.

Кудайдын ырайымы аркылуу силердин мурасыңар, интимдик жакындыгыңар жана таасириңер ар кандай үмүтүңөр менен

күтүүңөрдөн ашып түшөт. Кудайдын Рухунун деми жана күчү менен болгон союзда Машайактын жердеги сүйүүсүн айтып берүүчү тарыхты жазасыңар жана кудуреттүү Кудайдын Асмандагы тактысына кубаныч тартуулайсыңар.

Башынан баштоо тапшырмасы – бул ишеним үчүн берилген добуш. Бул жалгыз гана мүмкүнчүлүк эмес, бирок дүйнө өтмөйүнчө бардык учурларда боло турган түбөлүктүү мүмкүнчүлүк. “Башынан баштоо” – демек, азыр жашоо, кечээки күндү коё берип, эртеңки күнгө жүрөктү даярдоо.

Биз бул жерде жазгандардын баары, никебизди баарын жасай ала Турганга ишенип бермейинче, жакшы идея бойдон гана кала берет. Жүйүттүн Катында (1:24,25) бизге боло турган нерсе тууралуу аян берилген:

> Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.

Кудай бизди сактайт. Биздин никебизди караңгылыктан сууруп чыкканга жалгыз гана Ал жөндөмдүү. Биз Аны даңкташыбыз үчүн, Ал бизге кубанычты жана даңкты тартуулайт. Биздин жашообуз – бул тирүүлүк, биздин артыбыздан карап тургандар үчүн дем берүүчү кат.

Ар бир жаз – бул жаңы башталыш.

> “Мына, кыш да өтүп кетти,
> жаан жаачу учур бүтүп, жаан басылды.
> Жер бетине гүлдөр чыга баштады,
> ырдай турган мезгил келди,
> өлкөбүздө бактек үнү угула баштады...” (Ырдын ыры 2:11,12).

# УЛУУ НЕРСЕНИ КҮТКҮЛӨ

*(Эмне, о мага эмне болмок анда) бирок мен Теңирдин кең пейилдигин тирүүлөрдүн жеринде көрөрүмө ишенем! Теңирден үмүттөн, кайраттуу бол, жүрөгүң бекем болсун, Теңирден үмүттөн.*

— Забур 26:13,14, кеңейтилген котормо

Асмандагы Атаңар силерди жана жубайыңарды абдан сүйөт. Ал силердин никеңердин гүлдөшүн каалайт. Ал чындыгында силерге ырайым кылуу үчүн (күтүп, карап жана суусап турат) (Ыш. 30:11ди карагыла).

Маселе силердин эми никеден эмнени күтүп атканыңарда турат. Кудай силердин ишенимиңердеги жана сыйынууңардагы кайсы мүмкүнчүлүктөрдү айтып шыктандырып жатат?

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Кудайдын Сөзү күтүү тууралуу эмнелерди айткандыгы тууралуу ой жүгүртүп көргүлө.

> Сен биз күтпөгөн коркунучтуу иштерди кылганыңда жана асмандан түшүп келгениңде, Сенин жүзүңдөн тоолор эриди. Анткени Теңирден үмүт кылгандар үчүн ушунчалык көп иштерди жасаган Сенден башка Кудайды кылымдардын башталышынан бери эч бир кулак уккан эмес, эч бир көз көргөн эмес.
>
> — Ыш. 64:3,4

> Сенин осуяттарың кереметтүү, ошондуктан алар менин жүрөгүмдө сакталуу. Сенин сөздөрүңдөн алган ачылыш көздү ачат, жөнөкөйлөргө акыл берет. Мен оозумду ачып акактап жатам, анткени Сенин осуяттарыңды эңсеп турам.
>
> — Забур 118:129-131

> Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы даңкталсын! Анткени Ал Ыйса Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтүү аркылуу бизге тирүү үмүт берүү үчүн, асманда сакталган чирибес, таза, соолгус мураска ээ кылуу үчүн, бизди Өзүнүн улуу ырайымы менен кайрадан төрөлттү.
>
> — 1 Пет. 1:3,4

> Ошон үчүн Теңир силерге ырайым кылуусун создуктуруп жатат, силерге боорукердик көрсөтүүсүн токтотуп жатат, анткени Теңир – акыйкат Кудай. Аны күткөндөрдүн баары бактылуу!
>
> — Ыш. 30:18

Бул китептердин бир жеринде биз ишке ашпас нерселерди күтө берүүнүн опурталдуу жактарын айтып кеттик. Ушул аяттардан билгениңерге жараша, туура нерсени күтө билүү кайсы жактары менен жакшы экен?

____________________________________________________

____________________________________________________

____________________________________________________

____________________________________________________

Улуу нерсени күтүү деген – бул Анын мүнөзү, батасы жана пландары аркылуу Кудайды таануу.

Кудай үчүн абдан кыйын жана мүмкүн болбогон эч нерсе жок. Башталыш 18:13,14; Матай 19:26; Марк 9:23,24; Лука 1:36,37; Эфестиктерге 3:20ны окуп чыккыла. Теңир Өзүнүн теңдешсиз күчү жана жөндөмдүүлүктөрү тууралуу эмне деп жатат?

____________________________________________________

____________________________________________________

____________________________________________________

____________________________________________________

Мына, мен жаңы нерселерди кылып жатам. Силердин никеңердин жаңырышын каалайсыңарбы? Силерге жаңы сүйүү, жаңы кыял,

жаңы биримдик жана жаңы интимдик жакындык керекпи? Силер Андан сураган кезиңерде Атаңар жаңы нерсени берерин күткүлө. Кайсы жактардан жаңылануу каалайсыңар, жазып койгула да анан Кудайга берип койгула.

# ӨМҮРДҮ СҮЙЛӨГҮЛӨ

*Жемиш ашказанды тоюндурган сыяктуу эле, сөз акылды толтурат; жакшы сөз дагы жакшы түшүм сыяктуу эле кубаныч берет. Сөз өлтүрөт же өмүр берет; алар уу же жемиш – тандоо өзүңөн.*

— Накыл сөздөр 18:20,21, The Message, англ. тилинен которулду

Силер көбүнчө кайсы тилде сүйлөйсүңөр, асмандын тили мененби же жердин тили мененби? Биринчиси өлүмгө алып келет, экинчиси өмүр берет. Ар бир кырдаалда биз бул тилдин бирөөсүндө сүйлөөнү тандап алабыз. Пастор Джими Эванс минтип жазат:

> “Баарлашуу деген башка адамдын акылына жана жүрөгүнө эркин жол ачуучу эки адамдын өмүрүндөгү көпүрө сыяктуу. Никедеги баарлашуу жөн эле маанилүү эмес, абдан зарыл нерсе... Сөз абдан чоң эбегейсиз күчкө ээ – жаралантып же айыктырат, талкалайт же курат. Биз өзүбүздү кура турган, бекемдей турган, шыктандыра турган жана айыктыра турган сөздөрду сүйлөгөнгө көндүрөлү”.

Биз билгендей эле баарынын өз убактысы бар- сүйлөй турган кез, унчукпай кала турган убакыт бар. Тынчтыкта туруп ойлонгула: жубайыңар менен көйгөйлөрду талкуулоо үчүн кайсы учур эң бир ыңгайсыз? Кайсы учур – абдан ыңгайлуу? Эмне үчүн?

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

Азыркы учурда жубайыңар экөөңөр дуушар болуп турган эң бир кыйын кырдаалды жазгыла. Мындай мезгилде оозуңардан “барчы, ары...” деп туруп дароо ыргып кете турган сөздөр кайсылар?

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

Пауза кылып туруп минтип сыйынгыла: Ыйык Рух, мен мындан ары туура эмес сөздөрдү сүйлөгүм келбейт. Суранам, мени коркунуч жана каардануу коштогон сөздөрдөн куткарчы. Биздин никебиз жөнүндө ишеним менен сүйлөгөнгө, өмүр бере турган жакшы – асмандын сөздөрүн берчи. Ыйсанын ысымынан, оомийн"

Кудайдын Сөзүн көбүрөөк таанып-билүү менен силер өз сөздүгүңөрдү асмандын сөздөрү менен байытсаңар болот. Кийинки үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла. Андан кийин бул аяттар аркылуу дем бере турган, өз никеңерге дайыма жарыялай турган бир же бир нече бекемдөөлөрдү жазып чыккыла. Биз үлгү үчүн биринчи аятты келтирели.

| **Ыйык** | **Жазуудагы асман тилиндеги аяттар:** |
| --- | --- |
| Накыл Сөздөр 5:18,19 | "Биз жубайым экөөбүз бири-бирибиз менен болгон сексуалдык жакындыктан ырахаттанабыз өмүр бою аны менен тоюнабыз". |
| Эфестиктерге 4:15,29 | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| Эфестиктерге 4:26,27 | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| Эфестиктерге 5:21-23 | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| | ______________________________ |
| | ______________________________ |

Филиптиктерге 2:3-5

Забур 132

1 Корунттуктарга 13:4-8

# ӨЗ ЖУБАЙЫНЫН ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨӨ

*Эгерде силердин өмүрүңөр сүйүүдөн көз каранды болсо, анда ага жеткиле, анткени ал чынында эле ошондой...*

— 1 Корунтуктарга 14:1, The Message, англ. тилинен которулду

Сүйүүнүн көп тили бар. Силердин жубайыңар бирөөндө сүйлөйт, силер башка тилинде жакшы сүйлөйсүңөр. Гери Чапмендин "Сүйүүнүн беш тили" деген китеби бар. Ал анда минтип жазат:

> "Силердин жана жубайыңардын эмоционалдык тили бири-биринен англис жана кытай тилдери сыяктуу эле айырмаланышат. Силер англис тилинде өз жубайыңарды канчалык сүйөөрүңөр тууралуу канча аракет кылсаңар деле, эгерде ал кытай тилин гана билген болсо, андан эч нерсе чыкпайт, силер бири-бириңерди канчалык күчтүү сүйөрүңөрдү эч качан билбеген бойдон кала бересиңер... Эгерде биз өз сүйүүбүздү натыйжалуу түрдө көргөзгүбүз келсе, анда өз жубайыбыздын негизги сүйүү тилин жатка билишибиз керек. Менин оюм боюнча мындай... беш эмоционалдык тил бар – адамдар анын жардамы менен эмоционалдык сүйүүсүн билдире турган беш ыкма бар".

Төмөнкү суроолорго жооп берүү аркылуу, силер никеңердин динамикасындагы сүйүү тилинин ролу тууралуу биле аласыңар. Күйөөмдүн (аялымдын) кандай кылык-жоруктары менин өзгөчө сүйүктүүлүгүмдү сезүүгө түртөт. Ал кылбаган кайсы нерселер мага өзгөчө жараат алып келет? Мен көбүнчө жубайымдан эмнени талап кылам: жакшы сөз жана комплименттерди,чогуу убакыт өткөргөндү, өзгөчө белектерди, кучактап, сылап-сыйпашын же үйдөгү иштерге жардам беришин? Адатта өз сүйүүмдү мен күйөөмө (аялы-

ма) кантип билдирем? Өз оюңарды жана сезип жаткан нерселериңерди жазып койгула.

Анан жубайыңар тууралуу ушул суроолорго кайрадан жооп бергиле. Эң бир көрүнүп турган айырмачылык эмнеде?

Силердин сүйүүңөрдүн көрүнүшүнүн ортосундагы айырмачылыкты көрдүңөрбү? "Ооба" дей турган болсоңор, анда бул билим силерге никеде кандай жардам берет? "Жок" десеңер, анда силер эми ортоңордо болгон түшүнбөстук менен көйгөйлөрдун себебин көрүп жатасыңарбы?

Өз сүйүүңөрдү көргөзө турган сүйүүнүн жардамы менен бири-бириңер менен сүйлөшүп көргүлө жана аны кабыл алгыла. Бири-бириңерден, ар бириңер жасай ала турган, өз сүйүүңөрдү башкаңардын тилинде көргөзө ала турган иш жүзүндө жасай ала турган үч кадамды атоону сурангыла. Анан ушул жерге өз жоопторуңарды жазып койгула.

*Бүгүн өз жубайыңарга кантип сүйүүңөрдү билдирүү тууралуу Ыйык Рух менен сүйлөшүүгө бир аз убакыт бөлгүлө. Силердин жубайыңарды эч ким Анчалык жакшы билбейт!*

# СИЛЕРДИН ӨМҮРҮҢӨРДӨГҮ АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫҢАР

*Бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан өтүнөм, баарыңардын сөзүңөр бир болсун. Өз ара бөлүнбөгүлө, тескерисинче, бир ой, бир пикирге келгиле.*

— 1 Корунттуктарга 1:10

Биримдикте ушунчалык көп күч бар! Биздин бири-бирибиз менен болгон биримдигибиз - бул али Аны биле электерге Анын сүйүүсүн көргөзүүчү Кудайдын ыкмасы. Биримдик үчүн никедегидей болгон чоң мүмкүнчүлүк эч жерде жок. Силер бул китептин 2-бөлүмүн окуган кезиңерде өзүңөрдүн никедеги жалпы максатыңар менен аяныңарды аныктап алдыңар. Эми биз "Никенин тарыхы жөнүндө" деген саякатыбыздын аягына чыккан кезде, силердин миссияңарды күн сайын колдоп туруучу артыкчылыктарыңар тууралуу ойлонууга чакырабыз.

Жашоодогу эң негизги жана биринчи артыкчылык, бул Кудай менен болгон мамиле. Эмне үчүн буга ушунчалык маани берилет жана баардыгында Ага урмат көргөзүү деген эмне? Кудай менен болгон жакшы мамиле силердин никеңерге, үй-бүлөңөргө, жумушуңарга жана жашооңордун башка жактарына кантип таасир тийгизип жатат?

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Силерге Кудайдан берилген миссияны жана максатты аткаруу – демек, артыкчылыктарды бул тартипте коюу: күйөө(аял), балдар, чакырылуудагы максат (милдет), эс алуу жана адамдар менен баар-

лашуу. Тынчтыкта болуп туруп, сыйынгыла: "*Теңир, менин артыкчылыктарым туура жайгаштырылдыбы? Туура эмес болсо, кайсы жерин ондоюн? Менин көңүлүмдү өтө көп ким же эмне буруп жатат? Кимди же эмнени мен барктабай коюп жатам? Мен туура тартипти орнотуп жана аны колдоп туруу үчүн, эмнелерди кылсам болот?"* Ал силерди багыттап жаткан аян-ачылыштарыңарды жана аракеттериңерди жазып койгула.

Силер өзүңөрдү калган өмүрүңөрдө бүт бойдон жубайыңарды колдоого жана баалоого арнадыңар. Балдар өсүп-чоңойгон үйүн таштап кетишет, карьера өзгөрүлөт, достор келет да кетет, бирок жубайлык союз бул жашоонун бардык мезгилдеринде кала берчү келишим.

Азыркы мамилеңерди карап туруп, картайган акыркы күнүңөргө чейин дос болуп калабыз деп айта аласыңарбы? Силер эмнеге чакырылган болсоңор, ошол максатыңарда жана карьераларыңарда бири-бириңерди колдой аласыңарбы?

Силердин биримдикти сактап жана баалашыңар тууралуу никеңер иш жүзүндө эмне деп жатат? Силер өзүңөрдүн мамилеңер жана кылык-жоругуңар менен араңардагы биримдикти бузуп койгон кезиңер болобу?

Насаатчы 4:9ду жана Колостуктарга 3:12-14тү окуп чыккыла. Андан кийин мындай сөздөр менен сыйынгыла:

***Теңирим, Сен менин күйөөм (аялым) экөөбүздү ыйык жана сүйүктүү болушубуз үчүн тандап алдың. Өзүңдүн Рухуң менен менин жубайыма ырайым, кеңдик, момундук, жоошттук жана чыдамдуулук көргөзүшүмө жардам бер. Мен өз сөздөрүм жана иштерим менен жубайымдын жашоосун жакшы кылуума жардам бер. Биздин жалгыздап жүргөнүбүзгө караганда бирге болгонубуз артык, анткени биз бири-бирибиздин ийгиликке жетишибизге жардам беребиз. Биз бири-бирибизге жакшы кызмат кылыш үчүн жана Сени жакшы билишибиз үчүн кайсыл артыкчылыктарды кандай жайгаштырышыбыз үчүн бизге акылмандуулук бер. Ыйсанын ысымынан, оомийин.***

# ЭҢ ЖАКШЫСЫН ТААП КӨРГӨЗҮҮ

*...Ар бир мүмкүнчүлүктөн максимум алып калгыла. Сүйлөгөнүңөрдө мээримдүү болгула. Максатыңар – башка адамдарды басынтпай жана алардын үстүнөн бой көтөрбөй, сүйлөшүү учурунда алардын эң жакшы жагын ачып көргөзүү.*

— Колостуктарга 4:5,6, The Message, англ. тилинен которулду

Күйөө жана аял катары – силер бир бүтүндүксүңөр. Бул демек, силерде баары чогуу дегендик. Жубайыңардын ийгилиги – силердин ийгилигиңер. Жубайыңар ыраазы жана жемиштүү болгондо, силер ого бетер ыраазы жана жемиштүүрөөк болосуңар. Жубайыңардагы жакшы нерсени таап көргөзүү менен, силер өзүңөрдөгү жакшыны көргөзгөн болосуңар. Ыйса бизди, Өз колуктусун, мындай сөздөрдү айтуу менен үйрөтүп жатат: "Ыйсанын сүйүүсү Жыйынды таксыз кылат. Анын сөздөрү анын сулуулугун ойготот. Анын сөздөрү жана иштери андагы **эң жакшы** нерселерди **жарыкка чыгарат**, ушундай жаратылган" (Эфестиктерге 5:26,27, The Message, англ. тилинен которулду).

Жубайыңардын талант, жөндөмү, абройу тууралуу, ага эмне жагаары жана ал эмнеден ырахаттанаары тууралуу ойлонгула. Башка адамдар анын эмнеси үчүн сүйүшөт жана дайыма аны макташат?

Өз жубайымда мен көргөн артыкчылыктар, таланттар жана жөндөмдөр...

Эгерде анын кызматындагы жана жумушундагы ошол артыкчылыктар адамдарды байытып жаткан болсо, анда силер анын бул жагынан өсүшү үчүн, анын ошол жакшы нерсени улантышы үчүн кантип көмөк көргөзө аласыңар? Эгерде силер күйөөңөрдө (аялыңарда) али ал көргөзө албаган талант бар экенин көрүп турсаңар, анда ошол талант кайсы жерде толугу менен ачылышы тууралуу ойлоп көрдүңөр беле?

> Бири-бирибизге көңүл бөлүп, жана туруктуулук менен бири-бирибиз үчүн кам көрөлү, байкайлы жана *үйрөнөлү*, кантип сүйүүдө, жакшы иштерибиз жана жакшы аракеттерибиз менен дем берсек (жалындатсак жана шыктандырсак) болот...
>
> — Эвр. 10:24, кеңейтилген котормо, курсив авторлордон.

> Ошондуктан убакыт барда, мүмкүнчүлүк барда, бардыгына (аларга пайдасы тийген нерседе гана эмес, алардын руханий жыргалчылыгы үчүн керектүү болгон нерселерде) жакшылык кылалы. *Бата болуш үчүн сергек болгула,* айрыкча, ишенимибиз бирлерге (Ким Кудайдын үй-бүлөсүнө тиешелүү болсо, ишенгендерге) жакшылык кылалы.
>
> — Гал. 6:10, кеңейтилген котормо, курсив авторлордон.

Эврейлерге 10:24; Галаттыктарга 6:10; Колостуктарга 4:5,6ны кунт коюп окуп чыккыла (бул аяттар бүгүн окуу үчүн бөлүмдө келтирилген). Кантип өз күйөөсүнө (аялына) иш жүзүндө дем берип жана андагы жакшы нерсени таап көргөзсө болот? Башкача айтканда, ага өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана артыкчылыктары менен колдонуусуна дем берүү үчүн эмне деп айтып жана эмне иштерди

кыла аласыңар? Силер аны кантип баталап жана кантип өсүүсүн көрө аласыңар?

*Бири-бириңерге өз жоопторуңарды бөлүшүүгө убакыт бөлгүлө. Жубайыңарга өз оюндагысын чынчылдык менен айтып берүүнү сурангыла жана ага жүрөгүндөгүсүнүн баарын төккөнгө мүмкүнчүлүк бергиле. Кайсы жерлери менен силер макулдаша аласыңар? Өзүңөр тууралуу жана жубайыңар тууралуу кандай жаңы нерсени билип жатасыңар? Тынчтанып туруп, жубайыңарга бата келсин деп сыйынгыла.*

***Өз өнөктөшүңдү үйрөн. Өзүңдү үйрөн... Сен өзүңдөгү ачылыштарга таң калышың мүмкүн. Жубайлык жашоодогу укмуш, сенин чыныгы өнөктөшүң ким экендигин билүү. Сенин өнөктөшүң ким болуп калгандыгын көргөнүңдө, абдан таң каласың.***

— Х. Норман Райт

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Эгерде силер бул китепти “Messenger” кызматындагы “Никенин тарыхы жөнүндө” деген материалдын бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда 6 - видеосабакты көргүлө деп суранабыз.*

1| Кудай Адам менен Обого жер бетин толтуруп, көбөйүүнү насааттаган. Бир нече муун өткөндөн кийин бул буйрукту аткарууну каалабаган адамдардын коому пайда болду. Башталыш китебин (11:1-6) кунт коюу менен окуп чыккыла. Бул адамдар эмнеде бирдиктүү болушкан? Эгерде тил албас адамдардын биримдиги аларга ийгилик алып келген болсо, анда Машайакта жана никеде бир бүтүнгө айланган жана Кудайга тил алчаак болууга суусап турган адамдар үчүн бул эмне дегендик?

2| Биримдик чоң күчтү бошотуп жана сыйлык берет. Ушул үзүндүлөрдү изилдеп чыгып, анан никедеги мамилеңерде жакшылап колдонгула: Забур132; Матай 18:19,20; Жакан 17:21,23; 2 Коруттуктарга 13:11. Жубайыңар менен болгон биримдиктен улам турмушуңарда кандай баталар болушу мүмкүн?

3| Адамдын акыркы сөзү өтө чоң мааниге ээ. Ал эми, Ыйсада болсо ал өтө күчтүү жана пайгамбарчылык сөз болгон. Жакан 17:9-11, 20-23тү окуп чыккыла. Бул сөздөрдү Ал айкашка кадалаарда айткан. Аны менен Анын Атасынын ортосундагы биримдикке көңүл бургула. Бул үзүндү аркылуу Ыйык Рух силерге эмнени ачып берип атат? Ал силерди жубайыңар менен биримдикте болууга кантип даярдап-багыттап атат?

4| Кудай жакшы нерселердин башталышы! Ал баарын жаңыдан жаратары тууралуу жарыялап жатат (Аян 21:5ти карагыла). Ал

биздин никеде турган бардык жылдарыбызда жаңырган акылыбыз аркылуу өз жубайыбыз менен кыялдарыбызды, сексуалдык жакындыгыбызды, ишенимибизди, үмүтүбүздү жубайыбыз менен бөлүшкөнүбүздү каалайт. Эми биз өз мамилелерибизде күйөө жана аял катары биримдикти жаратууга бири-бирибизге кантип жардам берсек болот?

5| Накыл сөздөр Китебинде (14:1) акылдуу аял өз үйүн курат деп жазылган. Бул деген демек, акылдуу эркек өз аялын курат дегендик! Аялдар, силер аял катары өз үйүңөрдү иш жүзүндө кантип кура аласыңар? Эркектер, силер эркек катары иш жүзүндө кантип өз үйүңөрдү кура аласыңар?

6| Кээ бир үйлөнгөн түгөйлөр көп жылдардан бери кызматта жана бизнесте чогуу эмгектенип келишет. Бул деген, демек алардын бири-бирине жакын болуусу, бири-бирин максаттарда, кызыкчылыктарда шыктандыруусу ого бетер керектүү нерсе дегендик. Күйөөлөр жана аялдар, силер иш жүзүндө кантип бири-бириңерди колдоп жана бири-бириңерге жакын боло аласыңар?

## БӨЛҮМДҮ КЫСКАЧА КАРАП ЧЫГУУ

- Машайакта ар бир нике жаңы боло алат! Анын Руху бизге дайыма бардык жаатта жаңы башталыш үчүн мүмкүнчүлүк сунуштап турат.
- Ар бир кырдаалда биздин алдыбызда тандоо турат: асмандын тили менен сүйлөш керекпи же жердин тилиндеби. Ишеним боюнча биз асман менен макулдашып жана Кудайдын Сөзүндөгү убадаларга ылайык сүйлөсөк болот.
- Жубайлык союздардын максаты – биримдик. Биз жашообуздун бардык тарабында биримдикте болсок болот.
- Эгерде биз өз жубайыбыз менен биримдикти ээрчий турган болсок, бир тилде сүйлөй турган болсок жана бир максатка умтула турган болсок, Кудайдын батасы бизге келет дагы, мүмкүн болбогон нерселер мүмкүн болот.
- Күйөөсү менен аялынын ортосундагы чыныгы сүйүү дүйнөгө Кудайдын сүйүүсүн жана даңкын көргөзөт. Биздин биримдигибиз башка адамдарды Ыйсага тартат.
- Акылдуу аял өз үйүн курат, акылдуу эркек өз аялын түзөт. Эгерде ар бир эркек жана ар бир аял өмүр сөзүн жарыялай турган болсо жана жубайынын артыкчылык жактарын баса белгилеп тура турган болсо, алар өз жашоолорун кеңейтишет жана жерде Кудайдын эркин ишке ашырышат.

# Тиркеме

## Кантип куткарылууга болот

*Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат.*

— Римдиктерге 10:9,10

Жубайыңарга сүйүү берүү үчүн, баарынан мурда силер өзүңөр Анын сүйүүсүн жана Анын Уулу Ыйса Машайак аркылуу куткарылуу алышыңар керек. Ыйсанын өлүп кайра тирилиши аркылуу Кудай Өзүнүн сүйүктүү уулу (кызы) катары силерге Анын Падышачылыгына жолдомо берди. Ыйсанын айкашкан жыгачтагы курмандыгы бизди түбөлүктүү жана молчулукка толгон жашоого жеткирди. Куткарылуу – бул Кудайдын белеги, ага татыктуу болуш үчүн силер эч нерсе кыла албайсыңар.

Бул кымбат баалуу белекти алуу үчүн алгач силер өз Жаратуучуңардан көз каранды болбогон жашооңордогу күнөөңөрдү (анткени бул силер качандыр бир кезде жасаган бардык күнөөңөрдүн тамыры) моюнга алышыңар керек. Тобо кылуу куткарылуу алуудагы эң бир маанилүү учур. Петр бул тууралуу Элчилердин иштеринде, 5000миң адам тобо кылган күнү ачык айткан: “Ошондуктан, күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла” (Элч. ишт. 3:19). Ыйык Жазуу биздин ар бирибиз күнөөкөр болуп төрөлгөндүгүбүз тууралуу айтып жатат. Бул кулчулуктун тамыры Адамдын өз алдынчалыгы жана тил албастыгы менен башталган күнөөгө барып такалат. Тобо кылуу деген – бул тандоо. Ал эми, мындан ары жалгыз гана өзүңө, шайтанга, калптын атасына баш ийүүнү токтотуп, өзүңдүн жаңы Мырзаңа, Ыйса Машайакка – силер үчүн Ким Өз жанын курмандыкка берген болсо, Ошого тил алчаак болосуң дегендик.

Силер Ыйсага өз жашооңорду баш ийдиришиңер керек. Ыйсаны Теңир кылуу деген, демек өзүңөрдүн жеке жашооңордун үстүнөн бийлик кылууну Ага берүү (Ага өзүңөрдүн рухуңарды, жаныңарды жана денеңерди баш ийдирүү), ким болсоңор ошонун баарын жана силерде болгон нерселердин баарын берүү. Силердин жашооңордун үстүнөн Анын бийлиги абслюттук бийлик болуп калат. Ошол тобо кылган учуруңарда Кудай силерди караңгычылыктан бошотуп, Өзүнүн Падышачылыгындагы жарыкка жана даңкка алып өтөт. Силер жөн гана өлүмдөн өмүргө өтөсүңөр - Анын баласы болуп каласыңар! Эгерде силер Ыйса аркылуу куткарылууга жеткиңер келсе, анда төмөндөгүдөй сыйынуу менен сыйынгыла:

> "Асмандагы Кудай, мен өзүмдүн күнөөкөр экенимди жана Сенин адилеттик стандартыңа туура келбестигимди моюнга алам. Мен өз күнөөлөрүм үчүн түбөлүк айыптоого татыктуу экенимди билем. Мени ушул абалда калтырып койбогонуң үчүн Сага ырахмат. Анткени, мен Сенин кыз Мариямдан төрөлгөн, Өзүңдүн жалгыз Уулуңду айкашкан жыгачта менин күнөөлөрүмдү көтөрүп, мен үчүн жаза тартууга жибергениңе ишенем. Мен Анын үчүнчү күнү өлгөндөн тирилгендигине жана эми Сенин оң жагында отурган менин Куткаруучум жана Теңирим экендигине ишенем. Ошондуктан, мен бүгүн Сенден көз каранды болбогондуктан баш тартам жана өз жашоомду толугу менен Ыйсанын бийлигине берем.

Ыйса, мен Сени өзүмдүн Куткаруучум жана Теңирим деп айтам. Менин жашоомо Өз Рухуң менен кир жана мени Кудайдын баласы кылып кой. Мен качандыр бир мезгилде өзүм жүргөн караңгычылыктын иштеринен баш тартам. Мен ушул ирмемден баштап өзүм үчүн жашабайм, бирок Сенин ырайымың менен, менин түбөлүк жашашым үчүн Өзүңдү берип койгон Сен үчүн жашайм.

Кудайдын үй-бүлөсүнө кош келгиле! Силерди өзүңөрдө азыр гана эмне болгондугун башкалар менен бөлүшүүгө чакырам. Силердин Ыйык Жазууга ишенген кандайдыр бир жергиликтүү жыйынга барууңар, силерди ишенимде шыктандырган ишенгендер менен баарлашуңар, маанилүү. Ошондой эле, биз силердин шаарыңардагы жыйынды табууга жардам беришибиз үчүн, бизге кайрылсаңар да болот (биздин MessengerInternational.org сайтыбызга киргиле). Биз силердин Кудайды таанып билүүдө жана сүйүүдө өсүшүңөр үчүн күн сайын сыйынабыз!

# ЖАКШЫЛЫК

*ЖЕ*

# КУДАЙ?




## Эгерде бул Кудайдан болсо, анда жакшы болушу керек да, туурабы?

Биздин күндөрдө «жакшылык» жана «Кудай» деген сөздөр синоним сөздөрү сыяктуу деп эсептешет. Эгерде бир нерсе бүт бойдон жакшы деп эсептелип жатса, анда ал Кудайдын эркине ылайык келиши керек. Марттык, момундук, адилеттик – бул жакшы. Өзүмчүлдүк, бой көтөрүүчүлүк, ырайымсыздык – бул жаман. Аларды чектеп коюу, оңой эледей сезилет.

Бирок кантип эле баары ушунчалык эле жөнөкөй болсун? Эгерде жакшылык ошончолук эле ачык-айкын көрүнүп турса, эмне үчүн Библия аны таанып билүү үчүн айырмалай билиш керек деп айтып жатат.

«Жакшылык же Кудай?» - бул жөн эле өзүнүн кезектеги көйгөйүн чечүү жөнүндөгү жиберилген кат эмес. Бул китеп силердин жүрүм-турумуңарды өзгөртүүнү сурануудан да көбүрөөктү кыла алат. Ал силерди Кудай менен жүргөндө жашооңордун ар бир аспектин өзгөртө тургандай деңгээлдеги күчкө толтурат.

www.MessengerInternational.org
www.CloudLibrary.org

Карап жана көчүрүп алуу үчүн көп тилдердеги кошумча каражаттар Youtube.com, Yuku.com жана башка сайттарда бар.

# Бир жолу көөп жыл мурда...

Нике дайыма бар болгон. Бул бир эркек менен бир аялды бириктирген келишим болгон. Бул байланыш аларды күчтүүрөөк, жакыныраак жана жарыгыраак кылып койгон. Алар жалгыздап өзүнчө турганга караганда чогуу турганда жакшыраак болушкан.

Үйлөнүү үлпөтү деген башталышы гана болуп калган. Ал жубайлардын узак жылдар бою бактылуу үй - бүлөлүк жашоолору үчүн дарбаза катары болгон. Ар бир тандоо жана иш - аракеттер алардын союзунун жашоо - турмушту куруудагы максатына ылайык келиши керек болчу. Күйөөсү менен аялы жүрөктөрү, колдору жана үндөрү менен бекем чырмалышкан белгисиз бир улуу нерсеге өзүлөрүнүн Жаратканынын сүйүүсүн көргөзүү үчүн киришкен.

Мына ушул жеткилең сүйүү тарыхы менен болгон байланышты кантип жоготуп койдук? Джон жана Лиза Биверлердин “Никенин тарыхы жөнүндө” китеби силерди Кудайдын бул туурасындагы эң алгачкы ойлорун ачып түшүнүүгө чакырат.Силер үйлөнгөн болсоңор да – үйлөнбөгөн болсоңор да, күйөөгө тийген болсоңор да – тийбеген болсоңор да, же сүйлөшүп жүргөн болсоңор да, силердин тарыхыңар – Анын тарыхынын бир бөлүгү.

Бул интерактивдүү китептен ошондой эле төмөнкүлөрдү колдонсоңор болот:

- Күн сайын сыйынууну;
- Топ ичинде талкуулоо үчүн суроолорду;
- Өз кыялыңардагыдай никени түзүү үчүн курал - жабдыктарды;
- Өзүңөрдүн тарыхыңарды жакшылап жазуу үчүн кадам жасоонун түшүндүрмө – көргөзмөлөрүн.

---



Джон жана Лиза Биверлер - бестселлердин авторлору жана Messenger International уюмунун учредителдеринен. Алар отуз жылдан ашык бирге өмүр кечирип келишүүдө. Алардын каалоосу - алардын никедеги жашоосунда болгон салгылашуулар жана жеңиштер башка адамдардын никелерин коргоп жана байытышы болуп саналат. Джон жана Лиза АКШда, Колорадо штатындагы, Колорадо - Спрингс шаарында турушат. Алардын төрт уулу жана үч небереси бар.

Бул жана башка материалдарды www.CloudLibrary.org сайтынан өткөрүп алгыла.

Андан да көбүрөөктү каалап жатсаңар, сканировать этип алгыла.

Messenger International
MessengerInternational.org

Бул китеп – белек катары.
Сатканга болбойт.